**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Д.ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 07. 23. 671**

Кол жазма укугунда

УДК: 396:93

**Карабаева Кипариза Нурдиновна**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН КООМДУК ТУРМУШУНДАГЫ АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ ЖАНА РОЛУ (1991-2021-ЖЫЛДАР)

Адистиги 07.00.02 – Ата мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчиси:**
Ө.Ж. Осмонов– КР УИАнын корреспондент-мүчөсү,
тарых илимдеринин доктору, профессор

**Бишкек – 2024**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ**.....................................................................................................................2

**1 - БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ**.................................................. 7

**2 - БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ, ИЗИЛДӨӨ ЫКМАЛАРЫ ЖАНА БУЛАКТЫК БАЗАСЫ**

2.1. Изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиялык негиздери жана изилдөө ыкмалары.....................................................................................31

2.2. Изилдөөнүн булактык базасы..........................................................................35

**3 - БАП. ЭКОНОМИКАНЫН ТРАНСФОРМАЦИЯ МЕЗГИЛИНДЕ АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ**

3.1. Өнөр жай кризисинин шартында аялдардын абалы жана ишкердүүлүгү.... 56

3.2. Айыл чарбанын деградациясынын аялдарга тийгизген таасири.................. 79

**4 - БАП. АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

4. 1. Жарандык коомдун калыптанышында аялдардын орду.............................. 103

4.2. Аялдар социалдык-маданий процесстердин өзгөрүү шартында................ 123

4.3. Аялдардын салттуу жашоо-турмушундагы радикалдуу өзгөрүүлөр............142

**КОРУТУНДУ**...............................................................................................................163

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ**...................................................................169

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ**.................................................................................................171

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Ааламдашуу доорунда эл аралык коомчулуктан сырт эч бир мамлекет өз алдынча саясат жүргүзүп, өз алдынча өнүгө албастыгы белгилүү. Анын ичинде Кыргызстан дагы коңшу мамлекеттер менен, кайсы бир уюмдарга мүчө-мамлекет катары эл аралык коомчулук менен тыгыз байланышта иш алып барып, Борбордук Азия республикалары менен кызматташтыкта гана ааламдашуунун геосаясий турбуленттигине туруштук бере алат. Дүйнөдөгү болуп жаткан ааламдашуу процесси Кыргызстандын саясий, социалдык жана экономикалык чөйрөлөрүндө трансформация процессин жаратты. Трансформация процесси калктын бардык катмарларына жана социалдык топторуна өзгөрүүлөрдү алып келди. Доорлор алмашкан убактагы трансформациялар аялдарды өзгөрүүгө дуушар кылды. Аялдар алгач 1917-жылы чоң трансформацияга туш болушса, экинчи ирээт 1990-жылдары жүргүзүлгөн экономикалык реформалардын негизинде оор сыноого кезиккен.

1990-жылдардагы Кыргызстанда болгон социалдык-экономикалык, саясий өзгөрүүлөр аялдардын коомдогу ордунун жана ролунун өзгөрүүсүнө алып келди. Эгемендик жылдарында аялдар экономикалык, социалдык-саясий жана руханий чөйрөдөгү жаңылануу процесстеринде жигердүүлүктөрүн көрсөтүштү. Аялдардын коомдогу статусунун өзгөрүшү менен байланышкан көйгөйлөрдү, бул топту социалдык жактан коргоо, анын рыноктук шарттарга ыңгайлашуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөө актуалдуу маселе экендиги талашсыз.

Бүткүл дүйнөлүк интеграция процессинде аялдардын коомдук турмуштагы ээлеген орду жана ролу өзгөрүүгө дуушар болду. Ааламдашуу процесси адамзат баалуулуктарын радикалдуу өзгөртүүгө алып келип, тарыхый өнүгүүнүн негизинде мурунтан калыптанган айрым бир маданий түзүлүштөр жокко чыгарылып, техногендик цивилизациянын жаңы темптери өнүгүүдө. Ар бир мамлекеттин алдында ааламдашуу процесси түзгөн катаал социалдык-маданий, саясий, экономикалык жагдайларынан чыгуу жолдорун, мында аялдардын орду менен ролун изилдөө диссертациялык иштин актуалдуулугун айгинелейт.

**Диссертациялык теманын ири долбоорлор, илимий программалар менен байланышы:** Диссертация К.И.Скрябин атындагы КУАУнин «Тарых жана философия» кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстандын 1991-2021жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролу.

**Изилдөөнүн предмети катары** Кыргызстандын 1991-2021жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын өнөр жай, айыл чарба, социалдык-маданий, жарандык коомдогу абалын жана ролун белгилөөчү шарттар, тенденциялар жана закон ченемдүүлүктөр эсептелет.

**Максаты:** Бир диссертациялык иш менен Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын ролун көрсөтүү мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу биз изилдөөнүн максатын жана милдеттерин так аныктап алууга аракеттендик. Диссертациялык иштин негизги максаты - Кыргызстандын эгемендүү жылдары (1991-2021жж) аялдардын экономикадагы, социалдык, саясий турмуштагы ээлеген абалын жана ролун талдап көрсөтүү.

Коюлган максатка ылайык төмөнкү **милдеттер** аныкталды:

- Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалы жана ролунун (1991-2021жылдар) тарыхнаамасын иликтөө;
- Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын абалын жана ролун (1991-2021жылдар) изилдөөдөгү колдонулган тарыхый булактарга, методологиялык негиздерине жана ыкмаларына мүнөздөмө берүү;
- Өнөр жай кризисинин шартында аялдардын ишкердүүлүгүн чагылдыруу;
- Айыл чарбанын деградациясынын аялдарга тийгизген таасирин талдоо;
- Жарандык коомдун калыптанышында аялдардын ордун көрсөтүү;
- Социалдык-маданий процесстердин өзгөрүү шартында аялдардын абалын изилдөө;
- Аялдардын салттуу жашоо-турмушундагы радикалдуу өзгөрүүлөрүн иликтөө;

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын орду жана ролу (1991-2021жылдардагы) заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу комплекстүү изилдөөгө аракет жасалды. Изилденип жаткан теманын тарыхнаамасы талдоого алынып, системага салынды;

- Кыргызстандын алгачкы эгемендүү жылдарда жүргүзүлгөн өнөр жайын, айыл чарбасын менчиктештирүүчү ПЕСАК жана АПЕАК программалары аркылуу трансулуттук корпорациялардын каржылоосунун негизинде экономиканын трансформациялануу процессинде аялдардын абалы изилденди.

- Экономикалык реформа жүргөн жылдары аялдар арасында ишканаларды, кооперативдерди, соода уюмдарын жана тигүү тармагын башкарууга жигердүү ишкер жана менчик ээлери жаңы катмарлары, рынок экономикасынын жаңы кесиби болгон «челнокчу» аялдардын ишмердиги талдоого алынды;

- Аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода Орто Азия өлкөлөрү үчүн салыштырмалуу жаңы көрүнүш катары талданып, Кыргыз Республикасы кулчулук, эмгек жана жыныстык эксплуатациялоо максатында адамдарды сатуунун келип чыкан, транзиттик жана бара турган өлкөсү да болуп бара жатканы көрсөтүлдү.

- Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүн аялдар түзүшкөнү, алардын түзүлүшүнө трансулуттук корпорациялар эл аралык жана донордук уюмдар аркылуу көмөкчү болушкан. Рынок экономикасынын шартына байланыштуу жумушсуздуктун, жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашы аялдардын айрым социалдык, саясий активдүүлүгүнүн өзгөрүшүн шарттаганы аныкталды;

- Коомдун трансформациялануу учурунда үй- бүлөдөгү зомбулуктун күч алышы, нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу, жашы жете элек кыздардын эрте эне болуу феномени пайда болушу, өзгөчө жашыруун латенттүү мүнөздөгү секелек кыздардын зордукталышы, кыз ала качуунун көбөйүшүнө таасир этүүчү факторлор талдоого алынды;

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси.** Изилдөөнүн негизги жоболору, жыйынтыктары, тыянактары Кыргызстандын эгемендүүлүк

жылдардагы тарыхта аялдардын коомдук турмуштагы абалын жана ролун кененирээк көрсөтүүгө, бул багыттагы көйгөйлүү маселелерди чечүүгө өбөлгө болот. Изилдөөнүн материалдарын жалпы билим берүүчү орто мектептер, орто жана жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептерин, атайы курстарды даярдоодо колдонсо болот.

**Коргоого алынып чыккан негизги жоболор:**

- Экономикалык реформа жүргөн жылдары аялдар жаңы социалдык статустарды өздөштүрүп, жигердүү ишкер жана менчик ээлери катмарлары пайда болгон. Рынок экономикасынын шартында аялдар көп эмгектенген, динамикалуу өнүккөн тигүү тармагы калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечип, КМШ өлкөлөрүнүн рыногунда чоң суроо-талапка ээ болгон;
- Аялдар чек аралардын ачылышынын негизинде жаралган мобилдүүлүктүн жогорулашын жана ааламдашуунун шарттарын колдонушуп, рынок экономикасынын «челнок бизнеси» кесибин өздөштүрүшкөн;
- Эгемендүүлүк жылдары өлкөдөгү менчиктештирүү жараткан жакырчылыктын, жумушсуздуктун, туруктуу кирешенин жоктугунан миграция күч алып, анын олуттуу бөлүгүн аялдар түзгөн. Мигрант аялдар акча которуу менен өлкөнүн экономикалык өсүшүнө, жакырчылыктын деңгээлин кыскартууга салым кошкон;
- Кыргызстандык мигрант аялдар арасында адамдын коопсуздугуна шек келтирүүчү «жөнгө салынбаган» жана «мыйзамсыз» көрүнүштөр: терроризм, экстремизм, баңги заттарды жүгүртүү, адам сатуу, уюшкан кылмыштуулук менен байланышы байкалган.
- Улуттук экономиканын өз жарандарын камсыз кыла албашы өкмөттүк эмес уюмдардын республика боюнча көбөйүшүнө түрткү болгон. Алардын көпчүлүгүн аялдар иштеткен. Бул уюмдардын дээрлик бардыгы эл аралык уюдар аркылуу каржыланган;
- Өткөөл мезгилде коомдогу деградациянын күч алышы дискриминациялык мүнөзгө ээ болгон зордоп кыз ала качуу, үй бүлөдө аялдарга зомбулук, секелек кыздардын өгөй аталары тарабынан зордукталуу учурлары, нике курагына жете

элек жаш кыздарга нике кыюу, жашы жете кыздардын эрте эне болуу феномени көбөйгөн;

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги:** 1991-2021-жылдарды камтыйт

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Диссертациялык иш – Кыргызстандын эгемен жылдары жүргүзүлгөн экономикалык реформалардын негизинде келип чыккан трансформация процессинин натыйжасында аялдардын ролунун өзгөрүшү, коомдун экономикалык, саясий, маданий турмушундагы алардын абалы жана орду иликтөөгө алынды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациянын негизги мазмуну, илимий жыйынтыктары республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана илимий жыйындарда апробацияланды. Автор 2015ж. К.И.Скрябин атындагы КУАУда өткөн «Ааламдашуу шартында салттуу билимдер», 2016ж. Эл аралык Ататүрк-Алатоо университети Кыргыз Республикасынын Кыргызстан аялдарынын конгресси менен бирге уюштурган «Кыргызстан аялдары: реалдуулук жана перспективалар», 2021ж. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин «Учурдагы билим берүү жана илим изилдөө: санариптештирүү тенденциялары жана анын инсандын руханий-адеп-ахлахтык, денелик өнүгүүсүнө таасири» аттуу илимий-практикалык конференцияларда, 2021-ж. 22-май «Коопсуз миграция жана адам сатууга каршы күрөшүү» боюнча окуу модулу боюнча талкууга катышып, илимий докладдар менен чыгып сүйлөгөн. Диссертациялык иштин материалдары окуу процессинде пайдаланууда.

**Диссертациянын негизги маани-маңызы.** Тема боюнча диссертант 29 илимий макалала, анын ичинен 7 макаласы чет элдик рецензияланган (РИНЦ) журналдарында жарыялаган.

**Диссертациянын стуктурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 4 баптан, корутундудан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын, булактардын тизмесинен турат.

# 1-БАП. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН ТАРЫХНААМАСЫ

Эмгекте илимий изилдөөнүн тарыхнаамасы 3 топко бөлүнүп каралды: биринчи топко – тарых багытындагы, экинчи топко – философиялык социологиялык, политологиялык багыттагы эмгектер, үчүнчү топко- экономикага арналган эмгектер киргизилип, аларга кыскача мүнөздөмө берилди.

Советтер союзунун тарашы, советтик системанын кулашы менен, илимий позициялардын плюрализмине жол ачылып, коомдогу өзгөрүүлөрдү ар түрдүү көз караштарда кароого шарт түзүлүп, ар түрдүү багыттагы көз караштардагы эмгектер жаралды.

1) *тарых багытындагы эмгектер:*

Кыргыз аялдары тууралу маалыматтар XIX кылымдын белгилүү казак агартуучусу Ч.Валихановдун эмгектеринде бар. Ал кыргыз аялдарынын үй-бүлөдө жана коомдогу салыштырмалуу эркин абалын баса белгилеп, жүзүн жаппай, эркектердин арасында жүрөөрүн жазган [33.61-63]. Н.И.Гродековдун китебинен XIX-кылымдагы кыргыз аялдарынын үй-бүлөдөгү орду, нике маселелери, күнүмдүк жашоолору, салт-санаалар тууралу көп маалыматтарды окууга болот. Мисалы, ал эмгегинде кыргыз аялдары мүлккө ээ болбойт [36.88], калымдын өлчөмү кыздын ата-энесинин материалдык абалына жана кыздын келбетине жараша ар түрдүү өлчөмдө болот деп белгилеген [36.76]. С.М.Абрамзондун эмгегинде кыргыздардын арасында никенин формасы катары «кайчы куда» салты кезигээрин, кыз ала качуу сейрек кездеше турганын жазган [15.245-246]. Карл Густав Эмиль Маннергейм 1906-жылы Кытайга сапарында Ош жана Алай аркылуу өтүп, 1300 ашык тартылган сүрөттөрдүн ичинде Курманжан датканын акыркы сүрөтүн тартып, анын коомдо ээлеген ордун жазган [197]. А.А.Диваевдин эмгегинде да кыргыз аялдары жөнүндө маалыматтар бар. Бул изилдөөчү уулду болгон кыргыз татыктуу үй-бүлөнүн кызына жуучу жиберээрин, кыз бойго жеткен учурда ата-энеси кызды кандайча турмушка узатары тууралу жазган [39.15-21]. А.Н.Бернштам китебинде «кыргыз» деген сөз кырк кыздан келип чыккан деген уламыш кыргыз элинде аялдардын ордунун кандай жогору тураарын көрсөтөт деп жазган [26.504]. Орус булактарында 1606-

1608-жылдары кыргыздардын Россия менен болгон байланышы тууралу бир катар маалыматтар кездешет. Бир маалыматта кыргыз элчилери Томск шаарына барганы жазылган. Ошол убактан тартып кыргыздар менен Россия баскынчыларынын ортосунда 100 жылга созулган тирешүүсү башталганы белгилүү. Узакка созулган бул согуштун башталышына россиялык көпөстөрдүн кыргыз байы Номчанын аялынын булган тонун тартып алганы шылтоо болгону жазылат [31.512]. А.Н.Бернштам Борбордук Азиядагы (БА) аялдардын коомдогу орду жогору болгондугун көрсөтүү үчүн баш ийбеген Орто Азия элдерин кылыч жана от менен багындырганга аракет кылган Александр Македонский тынчтык келишимге келиш үчүн көтөрүлүш башчысы Оксираттын кызын, бактриялык Роксананы, скиф дүйнөсүнүн эркин аялдарынын тукумун, кол башчылары Зарина жана Спаретраны аялдыкка алган деп жазган [31.525]. Мындан окумуштуунун көчмөндөрдүн, анын ичинен кыргыз аялдарынын коомдогу ордун баса белгилеп, алар элди тынчтыкка же касташууга апкелген күч катары баалаганын көрүүгө болот. Белгилүү тарыхчы В.В.Бартольд кыргыз аялдарынын эр жүрөктүүлүгүн, кыргыздар душмандар менен үй-бүлөсү менен чогуу, эркектер менен катар аялдары да согушаарын, душманды жеңген соң, анын мүлкүн баарын өрттөп, болгону курал-жарагын гана өздөрүнө алышат деп белгилеген [26.528]. Д.Б.Сапаралиевдин эмгегинде Галдан Церендин бир аялы бурут (кыргыз) болгонун, ал 1725-жылы кыргыздарга жасалган жортуулунда алса керек, андан төрөлгөн Лама Доржи 1745-жылы 19 жашка чыккан деп жазган [96.34]. Ал эми кыргыз уламыштарында Калдан Шерен (Галдан Церен, Калдан-Тентек деп да аташат) Жаныл-мырзанын синдиси Эрбешимди күч менен аялдыкка алган деп айтылат [96.34]. Д.Б.Сапаралиев дагы бир эмгегинде «Мунтахаб ат-таварих» аттуу кокон жазмасында Акбото кыргыз бийи өзбектин минг уруусунун Шахрух аталыгынын кызына үйлөнүп, андан соң өз кызын жаңы алган аялынын инисине күйөөгө берип, күчү абдан өскөнү тууралу жазган [97.13].

Совет доорунда аялдардын коомдук турмуштагы орду бир катар окумуштуулардын эмгектеринде жакшы талдоого алынган. С.Бекходжаева

китебинде аялдардын эмгеги коомдук байлыктын булактарынын бири деп белгилеп, аялдар эркектер сыяктуу эле материалдык байлыкты түзүүгө жигердүү катышат деп жазылган [28.4]. Автор эмгегинде эл чарбасынын негизги тармагы болгон өнөр жайда аял эмгегинин колдонушунун айрым маселелерин карап, жергиликтүү улуттун кадрларынын техникалык тармакта интеллигенция катарында эмгектенээрин белгилеп, 1962-жылы эл чарбасында жогорку билимдүү адистердин ичинен 11143 жергиликтүү кыргыз улутундагылар, алардын 28,9% аялдар түзгөнүн көрсөткөн [28.40]. А.Апышеванын эмгегинде Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз аялдарынын эркиндикке чыгуусунун негизги шарты болуп, алардын коомдогу жана үй бүлөдөгү абалын түп тамырынан бери өзгөрткөнүн баса белгилеген [20.4]. Бул окумуштуу 1965-жылы республиканын өнөр жай тармагында аялдардын саны 44% түзгөнүн [20.93], 70 миң аял айыл чарбасында эмгектенгенин жазган [20.120]. Кыргызстандын аялдары кыргыз адабияты менен искусствосунун бүткүл союздук аренага жана чет өлкөлөргө чыгышына чоң салым кошконун баяндаган. А.Апышева скульптура, сүрөт, балет, кино жана театр тармактарында эмгек сиңирген, эл артистиги ардак наамын алган кыргызстандыктардын арасында көптөгөн аялдар бар экенин, алар кыргыз искусствосун чет өлкөлөрдө даңазалагандыгын фактылар менен көрсөткөн [20.150]. С.Бегматова эмгегинде Советтер өлкөсүндө аялдар эркектер менен тең укукта мамлекеттик жана коомдук иштерде чогуу катышып, алардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү үчүн бардык шарттар түзүлгөнүн, кыргыз аялдары өз тагдырынын кожоюну экенин жазган [27.3]. Автор көптөгөн фактылар менен аргументтерге таянып аялга эч качан, эч жерде социалисттик коомдогудай камкордук көрүлүп, көңүл бөлүнгөн эмес деп тыянак чыгарган [27.67]. Кыргызстандын аялдарынын совет доорундагы тарыхын изилдөөгө окумуштуу Ж.С.Татыбекова чоң эмгек сиңирген. Бул окумуштуу өзүнүн фундаменталдуу монографиясында совет доорундагы аялдар коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө активдүү катышып, алардын карамагында кызмат көрсөтүүлөрдүн жана социалдык коргоонун кеңири тармагы болгонун терең изилдеген. Мисалы, автор айыл чарба

продукциясынын жалпы көлөмү 1973-жылга карата 1 миллиард 19 миллион рублди түзүп [104.119], буга айылдагы аялдардын салымы зор болгонун белгилеген. Окумуштуунун эмгегинде Кыргызстандын аялдары айыл чарбасында иштегендердин 40% көбүн түзгөнү, 1952-жылдын аягында өнөр жай, транспорт жана курулуш тармагында иштегендердин 42% көбүрөөгү аялдар болгону жазылган [104.122]. Өнөр жай багытында кыргыз улутундагы аял жумушчулардын саны көбөйгөн. Мисалы, 1949-жылы 1290, 1951-жылы 2339, 1952-жылы алардын саны 3165 чейин көбөйгөн [104.53]. Бул көрсөткүчтөр Кыргызстандын аялдарынын Совет бийлигинин соңку жылдарындагы коомдук өндүрүштөгү ээлеген ордун изилдеген окумуштуу К.А.Бектургановнанын эмгегинде Кыргызстандагы аялдар кыймылынын тарыхын изилдеп, XIX-XX-кылымдардагы бардык чөйрөлөрдөгү кыргыз аялдарынын ролу жана орду тууралу маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Өлкөдөгү жүргузүлүп жаткан реформалардын ийгилиги аялдардын социалдык ролуна, абалына көбүрөөк байланыштуу экенин жазган [30.8]. Т.Шайдуллаева эмгегинде кыска ангемелер аркылуу кыргыз аялдарынын түрдүү тагдырын чагылдырган [112].

Эгемендик башталган өткөөл мезгилде аялдар жаңы социалдык статустарды өздөштүргөн. Өлкөдөгү экономикалык, социалдык жана саясий реформалардын татаалдыгына жана кедергисине карабастан, аялдардын арасында эмансипация процесси тездик менен жүргөн. Алардын айрымдары башка бир кызматтык орундарга ээ болушуп, кээ бири жаңыдан калыптанып келе жаткан коммерция тармагына өтүп кетишкен. А.Табышалиева «челнок бизнесин» жакырчылыктан чыгуунун жолу катары карап, челнок аялдар Кыргызстанды 1990-жылдары каатчылыктан өлкөнүн экономикасын сактап калууга чоң салым кошконун белгилеген. Аялдардын көбү бул ишке жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, бул ишкердүүлүк аркылуу жакырчылыктан чыгып, а түгүл салыштырмалуу байып кеткен айрым үй-бүлөлөр да болгон. Ошондуктан окумуштуу «челнок бизнесин» аны жаңы шарттагы чакан бизнестин «пионери» деп атаган [103.98].

Ч.Койчумановнанын монографиясында эгемен Кыргызстандын

калыптануусунда жана өнүгүүсүндө элеттик аялдардын ролу чагылдырылган. Анын эмгегинде экономикадагы кризистин, жакырчылыктын, жумушсуздуктун өсүшүнүн аялдарга тийгизген таасири талдоого алынган [60]. Аялдардын социалдык жактан корголбогондугу, жумушсуздуктун айынан тышкы миграцияда аялдардын санынын өсүшү, аларга карата саламаттыкты сактоо жана билим берүү кызматтарынын, ресурстарынын чектелүүлүгү, аялдарга карата зомбулуктун ар кандай формалары, бийликтин чечим кабыл алуучу бардык деңгээлдеринде аялдардын аз санда болушу сыяктуу социалдык-экономикалык көйгөйлөр жазылган.

Үй-бүлөдө, коомчулукта, жумушта аялдын ролу өзгөрүүдө. Рынок реформалары айрым эркектердин салттуу түрдө үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыз кылуу милдетин аткара албоосуна алып келди, мындай учурда бул ролду аялдар аткара баштаган. Экономиканын жаңы шарттарына ыңгайлашуу жана өзгөрүү айрым эркектер үчүн кыйынга туруп, натыйжада, үй бүлөдөгү негизги орунду аялдарга өткөрүп берүүгө мажбур болушкан. К.Н. Карабаеванын эмгегинде өткөөл мезгилде коомдун бардык чөйрөлөрүндө аялдардын жигердүүлүгү өсүп, эмансипациясы реалдуу көрүнүшкө айланганы белгиленген [126]. Ишканаларды, кооперативдерди жана соода уюмдарын башкарууга жөндөмдүү, иш тажрыйбалуу активдүү аялдардын жаңы катмары пайда болгон. Үй-бүлөдө негизги «табарман» аялдар болушуп, алардын эмгеги менен үй-бүлө жан сактоого өткөн учурлар көбөйгөн. Автор эл аралык уюмдардын маалыматтары боюнча, республика боюнча жылына 14-16 миң кыз ала качуу фактысы аныкталган деп жазган. Аялдарга жардам борборунун маалыматы боюнча, бир жыл ичинде 12 миң кызды күч колдонуу менен ала качышып, алардын 2 миңге жакыны зордукталган. Маалыматтар боюнча, жылына 10 миңден 25 миңге жакын кыз ала качылганы аныкталган [128.195].

Аялдардын каражаттарынын аздыгынан, айыл чарбасындагы ишмердүүлүктү жүргүзүү көндүмдөрүнүн жоктугунан, жергиликтүү башкаруу органдарында алардын өкүлчүлүгүнүн аздыгынын айынан, айыл чарбасындагы реформалар, андагы ишканаларды менчиктештирүү, дыйкан чарбаларын түзүү

аялдардын катышуусуз эле жүргүзүлүп келген.

Биз карап жаткан мезгил Кыргызстандын эгемен жылдары менен байланыштуу болгондуктан, бул мезгилди изилдеген окумуштуулардын эмгектери менен таанышып, кеңири колдондук. Кыргызстандын соңку жаңы тарыхына арналган бир топ алгылыктуу илимий изилдөөлөрдүн катарында: Дж.С.Бактыгуловдун [25], Ө.Дж.Осмоновдун [84], [85], [86], [87], А.А.Асанкановдун [23], Б.Б.Калманбетованын [51], У.Чотоновдун [110],[111], Ж.Момбекованын [75], А.Табышалиеванын [103], А.Акуновдун [17], А.Жуманалиевдин [122], А.Арзыматованын [21], [22], Т.А.Абдрахмановдун [14], Н.Ж.Эсенкуловдун [115], Н.У.Курбанованын [150], З.И.Галиеванын [145], Ч.Койчуманованын [60], А.А.Асанканов жана А.Р.Жоошбекованын [117] , Б.А. Игамбердиевдин [149], Г.Жыргалбекованын [147], Ч.К.Керимбекованын [54], К.Т.Кылчыкбаевдин [151.10], К.Мусабаеванын [77.37], Сагынбай кызы Нуриланын [155.125], Н.Э. Манапбаеванын [153.17], Г. Т. Жетибаеванын [125.487], Н.С.Усупованын [107], А.А.Жунусовдун [146], Т.Асантурованын [142], Г.А.Анарбаеванын [141], Р.Ж Зулпуеванын [148.124-125] жана башка окумуштуулардын эмгектери жарык көргөн.

Аталган авторлордун 1980-жылдардан кийин жазылган эмгектеринде Кыргыз Республикасынын (КР) эгемен жылдарына чейин тарых илиминде мурунку калыптанып калган стереотиптерге каршы коомдук турмушту чагылдырууда критикалык ой жүгүртүү башталып, илимде жаңы баскыч пайда болгондугу ачык көрүнгөн. Бул мезгилде Дж.С.Бактыгуловдун [25], О.Дж.Осмоновдун [84], [85], [86], [87], А.А.Асанкановдун [23], Б.Б.Калманбетованын [51] эмгектеринде айыл-кыштактардын өнүгүшүнүнүн социалдык көйгөйлөрү изилденип, айыл тургундарынын жашоо турмушунун деңгээли объективдүү чагылдырылган.

А.А.Асанкановдун жана А.Р.Жоошбекованын эмгектеринде рынок экономикасынын эң маанилүү көрсөткүчтөрү жана кемчиликтеринин бири болуп, айыл жергесинен болуп көрбөгөндөй миграциянын көбөйүшү белгиленген [117.381]. Айыл жеринде жашоо деңгээлинин төмөндөшү,

жакырчылык жана жумушсуздук адамдардын миграциясынын негизги себептеринен экендигин көрсөткөн.

А.Жуманалиев [122], А.Арзыматова [21], [22], Т.Абдрахманов [14] сыяктуу бир катар тарыхчылар өздөрүнүн эмгектеринде Кыргызстанда так ойлонулбаган экономикалык саясат элдик толкундоолордун негизги фактору болуп калганын белгилешкен.

Совет бийлигинин соңку жылдарындагы айыл чарбасынын жана айыл калкынын социалдык турмушуна арналган бир катар эмгектер жарыяланган. Алсак, Ө.Дж.Осмонов «Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу» аттуу монографиясында, өлкөнүн айыл чарбасынын 1966-1985-жылдардагы абалы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушун комплекстүү изилдеп, совет бийлигинин соңку жылдарында жаш балдардын өлүмү боюнча Кыргызстан СССРде, ал тургай дүйнөдө алдыңкы орундарда турганы, СССР боюнча алганда ар бир жаңы төрөлгөн 1000 баланын 25 гана бир жашка жетпей чарчап калган болсо, бул көрсөткүч 1980-жылы Кыргызстанда 48,4, 1985-жылы 47,2 түзгөн деп белгилеген [85.204]. Окумуштуу эмгегинде Кыргызстанда 1991-1998-жылдары жүргүзүлгөн агрардык жер реформаларынын негизинде 515 колхоз, совхоз жана айыл чарба ишканаларын түп тамырынан бери реформалоо жүргүзүлүп, алардын негизинде 54,5 миң өз алдынча чарбалар, 367 айыл чарба кооперативдери, 318 коллективдик дыйкан чарбалары, 47 акционердик коомдор жана 8 агрофирма түзүлгөн [84.556]. Автор Кыргызстандын калкынын 60% жакырчылыкта жашап, 2021-жылы республикада 150 миңден ашык адам жумушсуз болгонун жазган. Кыргызстанда эмгекке жарамдуулардын 48,7% аялдар түзгөн. Бирок алардын көпчүлүгү жумушсуз, арасында жогорку жана атайын орто билимдүүлөрү да арбын деп белгилеген [86.192].

Ж.Момбекованын эмгегинде Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган ПЕСАК кайра уюштуруу жана жок кылуу программасы Кыргызстандагы 36 ири мамлекетке караштуу өзүн актабаган, чыгашалуу өнөр жай ишканалары деп эсептеп, 1993-1996-жылдары аларды талкалоого каражат жумшаган. Натыйжада,

Ленин, Фрунзе заводдору сыяктуу ондогон ири ишканалар, камволдук-нооту комбинаты, «Октябрдын 40 жылдыгы», ВЛКСМ атындагы жана башка фабрикалар жок болгон. Программанын ишке ашырылышы менен ишканалардын баары токтоп, миңдеген адамдар жумушсуз калып, аягында ондогон ири ишканалар талкаланып жок болгон [75.82]. Ж.Момбекова Кыргызстандын 1995-жылы башталган АПЕАК программасы колхоз-совхоздордун талкаланышына негизги түрткү болгонун, Дүйнөлүк банк бул программаны өлкөдө ишке ашыруу үчүн 41,8 миллион АКШ долларын , Азия өнүктүрүү банкы 1996-жылы 19,3 миллион АКШ доллар акча каражатын бөлгөнүн жазган. Кыргызстанда 576 колхоз-совхоз жоюлуп, алардын ордуна жеке менчикке негизделген 300 миң дыйкан жана фермердик чарбалар пайда болгон. Автор мурунку колхоз-совхоздорго таандык айыл-чарба техникаларын, шаймандарын, имараттарды ошол кездеги активдер, колунда акчасы барлар арзыбаган баага оңой эле сатып алышканын, МТСтер, асыл тукум мал заводдор кыска убакыт ичинде таланып-тонолуп, арзан баага сатылып жок болгонун, айдоо аянттарынын 25% гана мамлекеттин колунда калганын көрсөткөн [75.85].

У.Чотоновдун монографиясында Кыргызстандагы менчиктештирүү процесси жетекчилер үчүн приоритеттүү мүнөздө өткөнүн маалымдаган [110]. Окумуштуу айыл чарба Кыргызстандын экономикасынын артыкчылыктуу тармагы экендигин белгилеп, дүң продукциянын 35% өндүрүп, өлкө калкынын 60% айыл тургундары түзөөрүн белгилеген [110.118-119,122]. Окумуштуунун эмгегинде пайда болуп келаткан «үчүнчү тапты» колдоо иретинде АКШ менен Канада банктарынын катышуусу менен «Дыйкан» банкы ачылганы, Улуттук жер фонду, Агробиржа жана «Кыргызагробизнес» корпорациясы түзүлгөнү, Кыргызстан үчүн айыл чарба тармагы жалаң эле экономикалык эмес, ошондой эле саясий жана социалдык мааниге да ээ болгону жазылган. Окумуштуунун дагы бир монографиясында Кыргызстандын өнүгүшүнүн жана экономикалык саясатынын кээ бир аспектилери каралып, автор «экономикалык кризис жана ага байланыштуу массалык жумушсуздуктун өсүшү, инфляциянын жогорку темптери, реалдуу эмгек акынын тынымсыз төмөндөшү, турак-жай

проблемалары калктын материалдык абалына терс таасирин тийгизип, турмуш деңгээлинин кескин төмөндөп кетишине шарт түзгөн» деген тыянак чыгарган [111].

Кыргызстандын экономикасынын азыркы проблемалары, саясат менен экономиканын, экономикалык чөйрөдөгү кризистик кубулуштардын мүнөзү тууралу Т.А.Абдрахмановдун [14], Н.Ж.Эсенкуловдун [115] эмгектеринде чагылдырылган. Т.Абдрахманов өлкө башынан кечирген постсоветтик транзиттик «каргыш тийген күндөрү» Кыргызстанга ушунчалык экономикалык кыйроону, социалдык, маданий инфраструктуранын бузулушун жана калктын деморализациясын алып келип, аны өлкө Дүйнөлүк согуштун эң каргашалуу жылдарында да билген эмес деп белгилеген [14.80]. Н.Эсенкулов ар бир мамлекет өнүгүшүндө маданий, социалдык, экономикалык жана саясий системалардын жаңылануусуна дуушар болот деп жазып, эгемен Кыргызстандын коомдук турмушунун бардык чөйрөлөрүндөгү трансформация процессин, экономиканы ийгиликсиз реформалашынын себептерин талдаган [115].

А.Акуновдун көлөмдүү монографиясында Кыргызстандын эгемендик доорунун тарыхы ар тараптуу, калыс, так чагылдырган. Окумуштуу булактарга таянып, жаңычыл көз карашы менен айырмаланган китеби аркылуу өлкөнүн соңку жаңы тарыхын изилдөөгө өтө маанилүү салым кошту десек болот. Диссертация жазууда бул монографиянын материалдары чоң жардам болгонун белгилейбиз [17].

Б.А.Игамбердиев илимий диссертациясында экономикалык абалды оңдоо жана өнүктүрүү үчүн мамлекеттик денгээлде кабыл алынган бир катар чараларга карабастан, СССР кулагандан бери эки он жылдыктан ашык убакыт бою Кыргызстандын эли «аман калуу» режиминде жашап келгенин, мамлекеттик башкаруунун, коррупциянын, этаптуу саясаттын жоктугунан, экономиканын приоритеттүү секторлору өнүктүрүлбөгөнүн, бул калктын турмуш деңгээлинин өтө төмөндөшүн жана өлкөдө жакырчылыктын өнүгүшүн, тышкы жана ички миграциянын жогорку деңгээлин, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын

начарлашын шарттаган деген тыянак чыгарган [149].

Сагынбай кызы Нурила кандидаттык диссертациясында Кыргызстандын эгемендик мезгилиндеги айыл чарбасынын трансформацияланышын, андагы реформалардын жүргүзүлүш өзгөчөлүктөрүн жана анын натыйжаларын изилдеген. Реформанын жүрүшүндө бир катар кемчиликтерди: айыл чарбанын материалдык-техникалык базасынын кыйроого учурагандыгын, өндүрүш кескин түрдө төмөндөгөндүгүн, көпчүлүк жерлер иштетилбей калгандыгын, айыл жеринде жумушсуздук жана жакырчылык күч алгандыгын конкреттүү фактылар менен көрсөткөн [155.125].

К.Мусабаева колхоздук, совхоздук түзүлүштөрдүн жоюлушуна байланыштуу, агрардык адистиктердин саны кескин азайып, ишкердик жана чакан соода менен алектенишип, фермер, кооператор жана башка болуп иштеп кетишкенин, ошондой эле аймактарда жумушсуздуктун айынан ички миграция күч алып, анын олуттуу бөлүгүн аялдар жана жаш балдар түзөөрү белгилүү болгонун жазган [77.37].

К.Т.Кылчыкбаев каралган мезгилде Кыргызстандын айылдарынын социалдык жашоосун талдап, айыл тургундарынын социалдык турмушунун абалы жана өзгөрүү тенденцияларын, айыл жерлеринин социалдык инфраструктурасынын кризисинин себептерин изилдеген. Автор социалдык жана демографиялык процесстердин экономика менен байланышын, айылдардын социалдык-экономикалык өнүгүшү аркылуу социалдык жашоону көтөрүүгө багытталган жолдорду көрсөтүүгө аракет жасаган [151.10].

Г.Т.Жетибаева жакырчылык жана адамдардын жашоо деңгээлинин төмөндүгү, материалдык абалын жакшыртуу максатында калктын басымдуу бөлүгүн жумуш издеп, миграцияга кетүүгө мажбур кылгандыгын бир катар фактылар жана аргументтер аркылуу баяндаган [125.487].

Н.С.Усупованын монографиясында экономикалык саясаттын жана анын социалдык өнүгүүгө тийгизген таасиринин маселелери каралган. Автор Кыргызстанда жүргүзүлгөн бир катар реформалар коомдогу мүлктүк дифференциацияга жана жакырчылыктын кеңири жайылышына алып келип,

калктын бир бөлүгү жаңы экономикалык шарттарга ыңгайлаша албай калганын, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан бери жакырчылыкты кыскартуу стратегиясын аныктоо боюнча чаралар көрүлгөнүнө карабастан, тилекке каршы, иш жүзүндө алар негизинен аткарылбай келгенин, өлкөдөгү коомдук-саясий трансформация шартында жакырчылыкты жоюу маселесин изилдеген [107].

А.А.Жунусовдун илимий изилдөөсүндө Кыргызстандагы жарандык коомдун калыптануусу жана абалы баяндалып, келечекте мамлекет тарабынан башкарылып жана көзөмөлдөнүп, улуттук мүнөздү эволюциялык жол менен орнотуу сунушталган [146].

Т.Асантурова өлкөдөгү саясий партиялардын жана башка коомдук уюмдардын өнүгүү тарыхын изилдеп, Кыргызстан элдеринин Ассамблеясынын алкагындагы улуттук-маданий борборлордун жарандык коомдун калыптанышында ээлеген ордун талдоого алган [142].

З.И.Галиеванын пикири боюнча 1990-1995-жылдарда жалпы улуттук саясий кыймылдар, анын ичинде КДК өлкөдө жарандык коомдун түптөлүшүнө таасир эткен. Окумуштуу ушул жылдардан баштап Кыргызстанда саясий плюралисттик ой-пикир жаралып, саясий партиялар калыптана баштаганын жазган [145]. Г.А.Анарбаева саясий партиялардын тарыхнаамасын изилдеп, өлкөнүн өнүгүшүндөгү ордун баса белгилеген [141].

Р.Ж.Зулпуева жарандык коомдун теориялык негиздерине байланыштуу кеңири тарыхнаамалык жана булакнаамалык сереп берип, учурдагы бир катар көйгөйлүү маселелерди белгилеген. Мамлекет менен жарандык коомдун өз ара алакаларында мыйзам иштеп чыгуудан баштап, укук коргоо, улуттук коопсуздук маселелерине чейин активдеше турган зарылдыктар көп экендигин көрсөткөн [148.124-125].

Н.Э.Манапбаева биринчилерден болуп «Сорос-Кыргызстан» Фондунун калыптануу жана өнүгүү процессин, анын Кыргызстандагы ишмердигин изилдеген [153.17]. Э.Т.Шишкараева 1985-2005-жылдарда Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын калыптанышын жана өнүгүш тарыхын изилдеп, мамлекеттик жана социалдык программаларды ишке ашырууда жана

өнүктүрүүдө донордук уюмдар менен кызматташууну жана консультация процессин институционализация, контролдоо жана сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүү зарылдыгын белгилеген [157]. Автор бейөкмөт уюмдар тарабынан колдоого өтө муктаж калктын аялуу катмарына: кароосуз калган балдарга, жалгыз бой аялдарга, жетим балдарга, ВИЧ-инфекциясы бар адамдарга, карыларга ж.б. сервистик социалдык кызматтар көрсөтүлгөнүн баяндаган. Автор эмгегинде бейөкмөт уюмдар Кыргызстанды демократиялаштыруу, адамдын негизги укуктарын сактоо менен өлкөнү өнүктүрүү ишине салым кошуп жатканын чагылдырган.

Бир катар тарыхчы окумуштуулар коомдун социалдык турмушунун негизги көрсөткүчү болгон мектепке чейинки жана атайын-техникалык билим берүүнү изилдөөгө аракет жасаган. Алсак, Кыргызстанда билим берүүнүн интеграциялоо проблемаларын Н.У.Курбанова өзүнүн кандидаттык диссертациясында изилдеген [150]. Г.Жыргалбекованын изилдөөлөрүндө рынок мамилелерине өтүү шартында бул тармактагы жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында келип чыккан баштапкы атайын билим берүүнүн проблемалары чагылдырылган [147]. Ч.К.Керимбекова эмгегинде мектеп имараттарынын физикалык начар абалы, жылуулуктун толук берилбеши, мугалимдердин жетишсиздиги, окуу материалдарынын начар сапаты, транспорттун жоктугу мектепте окубай коюунун көптөгөн факторлорунун бири болуп калганын белгилеген [54.7].

Бул маселе боюнча изилдөөчү катары бир катар макалаларды жарыяладым. Аларда каралып жаткан жылдары шаардык айрым гана жакшы каржыланган мектептерден тышкары, аймактардагы бардык мектептерде окутуунун сапаты начарлап кеткени аныкталды. Биз карап жаткан 30 жылда мектеп окуучулары арасында сабаттуулук деңгээли түшүп кеткен. Билимдин жетишсиздиги же төмөн деңгээли, жакырчылык балдар эмгегин колдонуунун себептери болуп саналат. Биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй, Бишкек шаарынын «Ош», «Мадина», «Дордой» базарларында пилоттук социологиялык сурамжылоодо 50 жакын 6-15 жашка чейинки иштеген балдар катышкан [127.93]. Изилдөөлөрдө аялдар

негизинен маалымат, иш кагаздарын жүргүзүү, эсеп жана тейлөө менен алектенген кызматтарда (64,4%), жогорку (64,1%) жана орто (67,2%) квалификациялуу адистиктер, тейлөө чөйрөсү, турак жай-коммуналдык чарбасы жана соода (60%) тармактарында эмгектенээри аныкталган [52]. Билим берүүдө реинтеграцияны жеңилдетүү үчүн мындай балдар өзгөчө колдоого жана жетектөөгө муктаж, себеби алардын билим алууда үй бүлөлүк тажрыйбасы жетишсиз болушу ыктымал.

Илимий изилдөөдө, Кыргызстандык окумуштуулардан тышкары чет элдик окумуштуулардын эмгектерине да кайрылдык. Ааламдашуу процессинин, дүйнөлүк экономиканын, саясаттын Кыргызстанга тийгизген таасирин аныктоодо чет өлкөлүк жана Россиялык окумуштуулардын эмгектери да колдонулду. Алсак, Америкалык изилдөөчү Г.Киссинджер азык-түлүктүн баасынын жогорулашы дүйнөдөгү мунайдын баасы менен түздөн-түз байланышта экенин жазып, COVID-19 пандемиясынын кесепетинен дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө азык-түлүккө болгон баа кесин түрдө көтөрүлдү деп жазган. Ал: «Мунайды көзөмөлдөсөң – мамлекеттерди көзөмөлдөйсүң, тамак-ашты көзөмөлдөсөң – адамдарды көзөмөлдөйсүң», деген [213]. Г.Киссинджер ааламдашуу жана демократия эртели-кечпи баары бир Советтер Союзунун кулашына алып келип, өзүнчө улуттук мамлекеттердин тобун жаратаарын, натыйжада АКШ «жаңы дүйнөлүк тартип» идеясын ишке ашыраарын белгилеген [213]. Белгилүү дипломат Европа өлкөлөрү бири-бирин коопсуздуктун потенциалдуу булагы катары эсептебей, АКШ менен бирдиктүү фронт катары аракеттенүүгө даяр экенин, ал эми эбегейсиз зор ресурстары бар, чоң масштабга ээ болгон көп улуттуу, эң көп калктуу Азиянын негизги өлкөлөрү (Кытай, Индия, Индонезия) Европадан айырмаланаарын белгилеген [200]. Ал геосаясий коопсуздук системасы европалык системадан олуттуу өзгөчөлөнгөн Азия мамлекеттеринде потенциалдуу альянстарды куруу татаал иш болгондуктан, «АКШнын бул аймакта болушу милдеттүү», деп жазган [55.113]. Бул айтылгандар ааламдашуунун жүрүшүн жана келечегин алдын-ала божомолдоп тургансыйт. Белгилүү публицист Д.Коулман улуттук институттардын

экономикасын либералдык ааламдаштыруу аркылуу эл аралык капиталдын кызыкчылыгына баш ийдирип, дүйнөнүн жаңы экономикалык түрүн түзүп, анын структурасындагы ири каржы холдингдерди, күч структураларын, атайын кызматтарды, массалык маалымат каражаттарын, саясий партияларды америкалык-европалык үй-бүлөлүк кландар көзөмөлдөйт деп белгилеген [63].

Көпчүлүк постсоветтик өлкөлөрдө, анын арасында Кыргызстанда да мажбурлап сойкулук кылуу, аялдарды сатуу, зордуктоо учурлары кездешет. «Жабык эшиктер артындагы» зомбулук күчөгөн, тактап айтканда аялдардын укуктары кагаз жүзүндө гана убада кылынып, коомго угулуу мүмкүнчүлүгү жокко эсе болгондугу менен шартталган. Кыргызстанда дискриминациялык мүнөзгө ээ болгон зордоп кыз ала качуу салты, аялдарга каршы үй бүлөлүк зомбулуктун өзгөчө формасы катары эсептелет. Ала качуу негативдүү салтка айланып, жашоонун көндүмүнө айланганы өкүнүчтүү көрүнүш экендиги талашсыз. Албетте, бул коомдун деградация болушунан кабар берет.

А.Ломакин эгерде эрте мезгилди карай турган болсок, анда кыргыздар менен түркмөндөрдүн салтындагы айрым окшоштуктарды байкоого болот, бул балким маданият жана климаттык шарттардын окшоштугуна байланыштуу болушу ыктымал деп белгилеген. 1897-жылдагы түркмөн адатынын жазууларында кыздын макулдугу менен гана ала качып үйлөнүүгө укук берилет деп жазылган [70]. Ал эми Ш.Инал-Ипа 1954-жылы Кавказ боюнча изилдөө жүргүзүп, абхазиялыктардын кыз ала качуусун баяндаган. Ала качуу салттуу түрдө кабыл алынган нике формаларынан четтөө деп белгилеген. Ал өзүнүн китебинде ала качуунун кесепетинен көптөгөн жаштар өлтүрүлүп, мыкаачылык менен өч алуу салтынын жаралышына түрткү бергендигин жазган [48].

*2)философия, социология, политология, демография, педагогика жана юридикалык багыттагы эмгектер:*

Көпчүлүк өлкөлөрдөгү жакырчылык, жумушсуздук, конфликттер, жаратылыш катаклизмдери адамдарды аярлуу абалга туш кылды. Натыйжада, ар түрлүү криминал топтор адамдардын жакыр абалынан пайдаланганы такталган. Адам сатуучулук жабык мүнөздөгү кылмыш болгондуктан, укук коргоо

органдары кылмыштын бул түрүнүн бетин ачууда кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Орто Азия өлкөлөрүнүн лидерлери азыркыга чейин бул көйгөйгө тийиштүү көңүл буруп келишкен эмес. Адам сатуу боюнча расмий статистика болгон эмес. Орто Азия өлкөлөрү бул көйгөйгө СССР кулагандан кийин туш болушкан.

К.Т.Иязалиева Кыргызстанда адам сатуу боюнча расмий маалыматтар жок, болгону эксперттик гана баа берилип, Эл аралык Миграция Уюмунун (ЭМУ) серепчилеринин эсеби боюнча, Кыргызстандын 5 миңден 15 миңге чейинки жараны чет өлкөлөрдө адам сатуунун курмандыгы болушканын жазган. 2008-2013-жылдар аралыгында мамлекеттик органдардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү ЭМУнун миссиясынын эсебинен 900дөн ашык адам сатуунун курмандыктарына жардам көрсөтүшкөн деп белгилеген [193].

К.Исаев эгемендиктин алгачкы жылдарындагы кыргыз мамлекетинин абалы – жээксиз океанда командасыз калган кораблди элестетет деп белгилеген [49.152]. Автор дагы бир эмгегинде айылдардагы, өзгөчө тоолуу аймактардагы өтө оор турмуш Орусиянын, Казакстандын базарларында жүз миңден ашык кыргызстандыктарды тентүүгө аргасыз кылды, алардын дээрлик көпчүлүгү кыргыз аялдары деп жазган [50.128]. Б.Сарыгулов, Н.Мкртчян негизинен эмгек мигранттарынын чоң агымы Россияга – 82,9% жана Казакстанга – 15,4% багытталганын жазышкан [235]. А.Солтоева башка өлкөлөргө иштөө сейрек кездешүүчү көрүнүш болсо да, кийинки учурларда Кореяга туруктуу миграциялык каналдар түзүлгөнүн жазган [134.3]. А.Б.Элебаева барган сайын кыргызстандыктар Түркиянын, Бириккен Араб Эмираттанын (БАЭ), Сириянын, Ливандын, Кувейттин жана башка өлкөлөрдүн эмгек рыногун өздөштүрүүдө деп жазган [138.398].

В.М.Карельскийдин [53], Ж.К.Урманбетова жана С.М.Абдрасуловдун [105] эмгектеринде, демократия конструктивдүү, жаратмандык мүнөзгө ээ болгондо гана, ал коом үчүн пайда келтирип, реалдуу баалуулукка ээ болот деп аныктама берилген. Демократия – бул адамзаттын кадыр баркын көтөрүү, укуктарын жана эркиндигин, ар намысын жана кол тийбестигин сыйлоо экендигин дүйнөлүк

тажрыйба көрсөткөн.

1990-жылдардын башында эмгекке жарамдуу болгон калктын көпчүлүгүн өлкөдөгү өнөр жай ишканаларынын токтоп калышы, баалардын өсүшү, эмгек акыларынын, пенсиялардын, балдарга жөлөкпулдардын төмөндөшү жана үзгүлтүккө учурагандыгы, аргасыздан жаңы шарттарда жашоонун жолдорун издөөгө мажбурлаган. Өткөөл мезгилде коомдун бардык чөйрөлөрүндө аялдардын активдүүлүгүнүн өсүүсү байкалган.

Р.Осмоналиева өткөөл мезгилде аялдар жаңы социалдык статустарды өздөштүрүшүп, өлкөдөгү экономикалык, социалдык жана саясий реформалардын татаалдыгына карабастан, аялдардын арасында эмансипация процесси өткөнүн белгилеп, аларды үч топко бөлгөн: 1)реформалар башталаар алдында жетекчилик орундарды ээлеген мурунку партиялык, советтик жана мамлекеттик кызматтагы аялдар; 2)жогорку квалификациялуу жана билимдүү аялдар; 3)билими, квалификациясы жок, басымдуу болгон квалификациясыз кара жумуш менен алектенген аялдар (колхозчулар, совхоздордун, фабрикалардын ж.б. жумушчулары) [83.27]. Изилдөөчү зомбулукка кабылгандардын 60% күйөөсү, туугандары тарабынан, 10% жумушчу орунда, Жогорку Окуу Жайларынын (ЖОЖ) ичинде, 30% бизнес өнөктөшү тарабынан жабыр тартаарын аныктаган [83.76].

М.М.Эдилова [113.124], А.Б.Элебаева [138] эмгектеринде аялдардын басымдуу бөлүгү жакырчылыкта жашагандарын аныкташкан. М.М.Эдилованын монографиясында аялдардын ишкердиги жумушсуздукту жоюуга жардам берген. Челноктордун 80% аялдар деп жазылган [114.169].

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы менчиктештирүү процессин Ж.К.Урманбетова жана С.М.Абдрасулов илимий эмгегинде философиялык талдоо жүргүзүшүп, үч этапка бөлүп: 1)1993-1994-жылдар; 2)1995-1997-жылдар; 3)үчүнчүсү электроэнергия, алтын жана телекоммуникация инфраструктура бөлүгүн менчиктештирүү менен байланыштырып, азыркы тапта аягына чыга электигин белгилешкен [105.120].

Кыргызстандагы аялдар кыймылынын тарыхында [196] 1999-жылы

өлкөнүн жарандык секторунун олуттуу бөлүгүн түзгөн 150 жакын бейөкмөт уюмдарынын 80% жакынын аялдар жетектешип, эл аралык кыймылдарга жана уюмдарга интеграциялоону ишке ашырып келишкен. А.К.Бектанова диссертациясында XX кылымдын 90-жылдарындагы Кыргызстандын саясий өнүгүшүнүн айдыңында бир катар коомдук уюмдардын уюштурулушун иликтеп, жалпысынан жарандык коомдун расмий калыптануу процессин изилдеген [143]. А.К.Бектанова монографиясында жарандык коомду демократиянын синоними жана тоталитаризм менен авторитаризмдин антиподу катары көрсөткөн [29].

Э.Ж.Мамбеталиева Кыргызстандын өткөөл мезгилиндеги жарандык коом менен мамлекеттин карым-катнашын изилдеген илимий ишинде жарандык коомдун калыптануусунда өлкөдө өкмөттүк эмес уюмдардын мүчөлөрүнүн эсебинен жаңы социалдык катмар пайда боло баштаганын белгилеген өзгөчө жаңы тыянакка келген [152]. С.К.Матикеева жарандык коомдун калыптаныш процессинде аялдардын өкмөттүк эмес уюмдарынын ролун изилдеген [154].

Коомдун трансформацияланууу учурунда кыз ала качуу көрүнүшү күч алууда. С.А.Абдрасулов ааламдашуу доорунда кыргыз кызы «руханий баалулуктан» материалдык нерсеге айланып, кыргыздардын маданиятында ала качуу аялдарга кордук көрсөтүүнүн бир түрү болуп эсептелип, салттуу кыргыз коомунда үй бүлө мамилелеринин бардык нормалары кадимки адат-укуктун көзөмөлүндө болгонун белгилеген. Кыздын ата энеси макулдук бербесе, анда кызды алууга мүмкүн эмес болгон деп жазган [116.13-18].

Г.Т. Ботоканова кыз ала качуу Совет дооруна чейин эле жат көрүнүш катары эсептелгенин, мисалы мартабалуу «жакшы» кыргыздын кудаланбаган кызын ала качуусу үчүн айыпкер 50 баш бодо мал (төөдөн баштап), ал эми кедей (бечара) адамдын кызы үчүн 9 баш бодо мал төлөгөн деп белгилеген [32.166]. Ал эми А.Джумагулов эмгегинде мурдагы доордо күйөө баланын туугандары таасирдүү адамдардан болуп жана аны колдоп турушса, же колуктусунун ата энеси каршы чыгып, жуучу түшкөндөр ийгиликтүү сүйлөшө алышпаган кезде гана, кызды ала качууга баргандыгын жазган [38.142-143].

Ж.Ч.Тегизбекова илимий изилдөөлөрү аркылуу XIX кылымда

кыргыздардын нике жана үй-бүлө мамилелери адат жана шарият нормалары менен жөнгө салынганын жазган [239]. «Кыргызстанда кыз ала качуу же анын макулдугусуз ала качуу эмнеге салт эмес. Рассел Кляйнбах менен болгон маекте» профессор Р.Кляйнбах жана жергиликтүү социологдор тарабынан 1999, 2001 жана 2004-жылдары социологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүп, кыз ала качуу талданган. Совет дооруна чейин кыз ала качуу бүткүл Орто Азия республикаларында болгон. Ал эми этнографиялык адабияттарда кызды макулдугусуз ала качуу илгертен эле аялга карата зордук-зомбулук катары каралган [205].

Л.Илебезов 2012-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) калкты жайгаштыруу Фонду тарабынан жүргүзүлгөн ыкчам изилдөөсүнө ылайык, Кыргызстанда эрте никеге туруу көйгөйү жакшы изилдене элек маселе болуп, бул көйгөйдүн жабык эшиктер артында калышы жана бул боюнча статистиканын жетишсиздигин санаган [47]. Ал изилдөөлөрүндө өзгөчө Ош жана Жалал-Абад облустарында 2010-жылдагы июнь окуясынан кийин эрте турмуш кургандардын саны өзгөчө өскөндүгүн байкаган [46]. Изилдөөчүлөр Н.Робин жана Дж.Хаар республика боюнча эрте никеге туруунун себептерин жана кесепеттерин аныктоочу атайын кеңири масштабдуу улуттук деңгээлде изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес деп белгилеген [93].

Республиканын соңку мезгилиндеги аялдардын ден соолугуна таасир этүүчү факторлорду изилдөөдө, Н.У.Курманалиеванын эмгеги пайдаланып, анда калктын тамактануусу 1990-жылы орто эсеп менен медициналык нормага жакындаса, 1993-жылдан тарта аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү чала тоют күн өткөрүшкөнүн белгилеген [129].

Билим берүү тармагын изилдөөдө И.С.Болджурованын диссертациялык иши колдонулду. Автор КРдагы жогорку окуу жайлардын ар тараптуу иш аракеттерин талдап, эгемен Кыргызстандын биринчи он жылдыгында мамлекет тарабынан каржылоо саясатынын өзгөчөлүктөрү жана жогорку билим берүү тармагынын калыптанышы менен өнүгүшүн чагылдырган [144].

Илимий изилдөөдө чет элдик жана Россиялык философ, социолог

окумуштуулардын эмгектери да пайдаланды. D. Kerwin 1980-жылдардан бери изилдөөлөрүндө миграциянын коопсуздук маселесин көтөргөн. «Жөнгө салынбаган», «мыйзамсыз» миграциянын терроризм, экстремизм, баңги заттардын жүгүртүлүшү, адам сатуу, уюшулган кылмыштуулук, ар кандай оорулар жана башка терс көрүнүштөр менен байланышы каралган. Ошондой эле, миграцияны мамлекеттин коопсуздугуна байланыштырып гана карабастан, адамдын коопсуздугу менен да байланыштырып кароо ылайык деп белгилеген [256]. С.Элдер сурамжылоонун негизинде Армения, Югославия, Македония Республикасы, Молдова Республикасы, Россия Федерациясы (РФ) жана Украина мамлекеттеринин ичинен Кыргызстанда жаш жумушчулардын эмгек акысы орточо көрсөткүчтөн төмөн 71,3% болгонун белгилеген [252]. Е.Ю.Садовская 2004-жылы КРнын Ички Иштер Министрлигинин (ИИМ) органдары Кыргызстандан 500 миңге жакын эмгек мигранттарынын санын каттаган, анын ичинен: 350 миңи Россияга, 120 миңи Казакстанга кеткенин, расмий түрдө Казакстандын ИИМнин органдарында 56,8 миң гана адам катталганын белгилеген [133.281]. И.В.Хренников көпчүлүк учурларда, аялдар рынок экономикасынын «челнок бизнесинин» жаңы кесибин өздөштүрүшүп, эркектерге караганда кыйла ыкчам жана демилгелүү болуп чыгышканын белгилеген. Анын эмгегинде өткөөл мезгилдеги аялдардын активдүүлүгү жана «челнок» феномени изилденген [245.415]. С.Г.Климова, И.В.Щербаков постсоветтик мамлекеттердеги челнокторду 3 топко бөлгөн [201]. Ф.Флоринская жогорку билимдүү, билим берүү чөйрөсүндө, илим менен алектенген, өндүрүштө иштеген аялдар челнок болууга бел байлашкан деп белгилеген. Изилдөөлөрдө аялдар чек аралардын ачылышынын негизинде жаралган мүмкүнчүлүктөрдү, мобилдүүлүктүн жогорулашын жана ааламдашууну колдонушканы тууралу баяндалган [243].

Германияда Макс Планка атындагы социологиялык антропология институтунун изилдөөчүсү Р.Тураеванын пикири боюнча ааламдашуу бардык гендердик эрежелерди жана каада-салттарды өзгөртпөйт. Ал экономикалык жана социалдык мамилелердин трансулутташтырылышын, саясий өзгөрүүлөрдү,

ааламдашуунун таасири тууралу, базарда товар саткан аялдардын саны мамлекеттик секторду таштап кетүүгө аргасыз болгон мугалимдер жана билимдүү аялдардын эсебинен кескин өскөн деп белгилеген. Аялдар ишкердүүлүк жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүшүп, жашоонун жакшы шарттары үчүн жигердүү күрөшө биле тургандыгын далилдешти деген тыянакка келген [189].

«Адамдар жана ролдор: Гендердик формат «Постсоветтик мейкиндиктеги гендердик саясат жана ММК» программасынын материалдары» эмгегинде постсоветтик мезгилде социалдык стратификация процессинин тереңдешине байланыштуу билим алуу коомдун бардык катмарлары үчүн жеткиликтүү болбой, бюджеттик финансылоонун чектелишинен улам мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин саны кескин түрдө 70% кыскарылган. Эгерде 1992-жылы бала бакчалардын саны 1380 болсо, 2000-жылы ал 420га төмөндөгөн. Мектепке чейинки мекемелерге, мектептерге барбаган 17 жашка чейинки балдардын категориясы пайда болуп, алардын саны көбөйгөн. Республиканын алыскы айыл аймактарында бул жагынан өзгөчө оор кырдаал түзүлгөн. Коомдо эмгектин «эркектики» жана «аялдыкы» деп бөлүү принциби аялдардын адистикти тандоосуна таасир тийгизген. Мисалы, 2000-2001-окуу жылынын башында мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептердеги мугалимдердин саны 71352 адам болсо, анын 75,6% аялдар түзгөн [71.51-52].

Ошентип, биз биринчи топко бөлгөн окумуштуулардын эмгектеринен диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин аткарууда пайдалуу методологиялык жана булактык маалыматтарды алдык.

**2)экономикалык багыттагы эмгектер:**

Бул эмгектер да биз койгон максатка жетүүдө чоң көмөк көрсөттү. Экономист-окумуштуулардын изилдөөлөрүндө коомдун экономикалык чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр ар тараптуу изилденген. Алсак, У. Ж. Эргешбаеванын маалыматы боюнча айыл жеринен тышкы эмгек миграциясына кеткендердин саны, серепчилердин эсеби боюнча 300 миңден жарым миллион адамды түзүп, Кыргызстандын экономикалык активдүү калкынын 10-18 пайызын түзгөн

[140.79]. К. Алмакучуков «демографиялык чөлгө айлануу» тенденциясы бийик тоолуу, чек арага жакын айыл аймактарда, өзгөчө Баткен облусунда байкалууда, бул Кыргызстандын чек араларына көзөмөлдүн төмөндөшүнө алып келип, улуттук коопсуздук менен аймактык бүтүндүккө терс таасирин тийгизиши мүмкүн деп жазган [18].

А.Сарыбаев 1990-жылдардын башында мамлекеттик ишканалар бардыгы менчиктештирип, жаңылыштык кеткенин белгилеген. Менчиктештирүү туура эмес багытта жүргүзүлүп, өлкөгө керектүү болгон көптөгөн ишканалар жабылып, 1990-жылдары туура эмес агрардык реформа жүргүзүүнүн натыйжасында айыл чарба өндүрүшү талкаланып калганын жазган [234]. Изилдөөчүлөр Т.К.Сарыков жана К.К.Кимсанов менчиктештирүүнүн негизги ыкмасы катары мамлекеттик мүлктү, конкурстук тандоого Кыргызстандагы юридикалык жактар менен катар эле элдик фирмалардын да катышууга мүмкүнчүлүгү түзүлгөндүгүн чагылдырган [98.43-44].

Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы реформалардын жүргүзүлүшүнө А.Зулпкаров да кайрылган. Автор өзүнүн «Кыргызстандагы агрардык реформанын социалдык-экономикалык көйгөйлөрү» аттуу эмгегинде реформанын биринчи этабында 1991-1995-жылдары айылда жеке менчиктин жана ишмердүүлүктүн иштеп кетишине кеңири укуктук база түзүлгөндүгүн белгилеген [45.65]. Республиканын экономикасын модернизациялоонун жана реформалоонун контекстинде социалдык сектордун калыптануу жана өнүгүү проблемаларын изилдеген окумуштуулардын катарына К.Абдымаликов [12], [13], П.К.Купуев жана Ш.Токтоматов [65], Т.Койчуев [56], [57], [58], [59]. З.И.Кудабаев [64], А.Орузбаев [80], [81], [82] кирет. Диссертация жазууда аталган белгилүү илимпоздордун эмгектерин колдондук.

Диссертацияда чет элдик жана Россиялык экономика тармагындагы илимий эмгектер да пайдаланды. Экономика илимдеринин доктору, профессор С.Ю.Глазьевдин монографиясында АКШ башкаруучу олигархиясы дүйнөлүк үстөмдүктү сактап калуу үчүн пандемияны когнитивдик курал катары колдонуп, вирустук пандемия аркылуу глобалдык дестабилдештирүүнүн модели

көрсөтүлгөнүн жазган. Анын пикири боюнча, пандемиянын негизинде жүргүзүлгөн чектөөлөр экономиканын кескин төмөндөшүн жаратты. Дүйнөлүк акчанын эмиссиясына монополия кылган Федералдык Резервдер Системасы (ФРС) менен бирдикте АКШ олигархтык кландары каржылык жардам жана вирустан сактоочу вакцинаны сунуштап, контролго ала албаган өлкөлөрдүн баары менен каржылык, маалыматтык, когнитивдик, ошондой эле аларды дестабилизация жана хаос кылуу үчүн биологиялык технологиялар колдонулган гибриддик согуш жүргүзүүдө. АКШ гибриддик согуш жүргүзүп жаткан Кытай, Россия, Иран жана башка өлкөлөр долларга болгон көз карандылыкты азайтуу үчүн бир катар иш чараларды көргөн. Алар SWIFT алмаштыруучу банктар аралык маалымат алмашуу үчүн өз системаларын куруп, улуттук валюталарды эсептешүүлөргө өтүшүп, валюталык резервдерди диверсификациялашкан, валюталык жана кредиттик SWAP алмашуу жүргүзүшкөн. Дүйнө жүзү боюнча таралган америкалык жашыруун биолабораторияларда биоинженердик куралдар жасалып жаткандыгы талашсыз. Аны иштеп чыгуу жана колдонуу медициналык изилдөөлөргө жана аппараттарга, жаңы вакциналарга жана дарыларга суроо-талапты жаратып, өнүккөн биоинженердик индустриянын өнүгүшүнө түрткү берет деген тыянагын жазган [179].

Ф.Смирнов 2008-жылдагы дүйнөлүк каржылык кризистин терс кесепеттерин токтотуу үчүн системаны түзүүчү маанилүү банктарды куткаруу боюнча АКШнын ФРС тарабынан Конгресстин комиссиясынын айтымында 16 триллион АКШ доллары 20 америкалык жана европалык банктарга берилген деп жазган [100]. С.Ю.Глазьев болсо Европа өлкөлөрүнүн банкрот болушуна жол бербөө үчүн, кризиске каршы программаны каржылоо үчүн Эл аралык Валюта Фонду (ЭВФ) G20 өлкөлөрүнө 430 миллиард АКШ доллар которушканын белгилеген [179].

В.Ю.Катасонов илимий эмгегинде ОПЕК дүйнөлүк мунай соодасынын жарымына жакынын көзөмөлдөп, дүйнөдөгү баалардын деңгээлине таасир тийгизгенин жазып, ОПЕКтин артында трансулуттук корпорациялар тураарын белгилеген. ОПЕК- бул мунай экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму катары дүйнөлүк

мунай соодасынын жарымына жакынын көзөмөлдөй турганын аныктаган [199].

Диссертацияны жазууда эл аралык абройлуу уюмдардын материалдарын да кеңири пайдаланууга аракет жасадык. Аларда да экономикалык багыттагы изилдөөлөрдө аялдардын COVID-19 байланыштуу социалдык-экономикалык жактан көп кыйынчылыктарга учураганы, пандемиянын шартында аялдар үй бүлөлүк зомбулуктун өсүшүнүн, аялдар көп иштеген ишканалар (текстиль, мейманкана жана коомдук тамактануу жайлары) кризистен өзгөчө жабыркашканы, аялдар арасында жумуштан кыскаруу көбөйгөнү, жумушчу орундарынын үчтөн экисин тейлөө тармагы түзгөн Кыргызстан сыяктуу өлкөдө изоляциялоо чаралары жана чекене товарларды керектөөнүн кыскарышы эмгек рыногунда олуттуу кесепеттерди жараткан (ILO, 2020) [101]. Кризис аялдарга, мигранттарга, формалдуу эмес сектордо жана айыл чарбасында эмгектенген адамдарга терс таасирин тийгизип, социалдык теңсиздик күч ала баштаган. COVID-19 пандемиясынын негизинде дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө азык-түлүккө болгон баанын кескин түрдө көтөрүлүшү дүйнөдөгү мунайдын баасы менен түздөн-түз байланышта. Акыркы божомолдорго ылайык, 2021-жылы аймактагы мамлекеттердин экономикасы орто эсеп менен 1,7% кыскарган. Бирок, Орто Азия мамлекеттеринин ортосунда чоң айырмачылыктар бар экенин эсепке алсак, анда, Кыргызстандын экономикасы 12,6% кыскарган. Дүйнөлүк Ички Дүң Продукция (ИДП) 2020-жылы 4,5% төмөндөп, айрым жабыр тарткан өлкөлөрдө ИДПнын кыскарышы 10% жетээри болжолдонгон [101]. Мисалы, Кыргызстандын ИДПнын дээрлик үчтөн бир бөлүгү акча которуулардан турат. Апрель айында РФ катуу изоляция чараларын колдоно баштаганда, акча которуулардын көлөмү 62% кыскарган (Кыргызстандын Улуттук банкы, 2020).

Жыйынтыктап айтканда, илимий изилдөөнүн тарыхнаамасы көрсөткөндөй Кыргызстандын коомдук турмушундагы аялдардын ордун жана ролун изилдөө үчүн жетиштүү методологиялык жана булактык база бар экендиги белгилүү болду. Тарыхый салыштыруу ыкмасын пайдалануу аркылуу максатка жетүү үчүн тарых адистиги боюнча жазылган эмгектер менен катар гуманитардык илимдердин тармактары боюнча изилдөөлөргө таяндык. Ааламдашуу

процессинин жүрүшүндөгү өлкөдөгү өзгөрүүлөрдү салыштыруу үчүн чет элдик окумуштуулардын, эл аралык уюмдардын эмгектерин да пайдаландык.

# 2-БАП.ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ, ИЗИЛДӨӨ ЫКМАЛАРЫ ЖАНА БУЛАКТЫК БАЗАСЫ

## 2.1 Теманын объектиси, предмети, методологиялык негиздери жана изилдөө ыкмалары

XX кылымдын аягы – XXI кылымдын башында Дүйнө тарыхынын жана Кыргызстан тарыхынын илим катары өнүгүшүндө ири өзгөрүүлөр башталды. Айрыкча, тарых илиминин методологиясынын ролу жогорулады. Кыргызстан тарыхын жана дүйнө тарыхын изилдөөнүн ортосундагы айырмачылыктар жана окшоштуктар аныкталып, кыргыз тарыхчы окумуштуулардын арасында тарых илиминин теориясын жана методологиясын жаңыдан изилдөө аракеттери жолго коюлду.

Бүгүнкү күндөгү тарых илиминдеги жетишкендиктин бири катары, дүйнөлүк тенденция көрсөтүп тургандай, монодоктриналык мамиледен баш тартып, методологиялык плюрализмди калыптандыруу Кыргызстан тарыхын өнүктүрүүдөгү шарттарды түзөөрү белгилүү болду. Постсоветтик мамлекеттерде тарых илимин изилдөөнүн илимий ыкмаларын: хронологиялык, синхрондук, тарыхый моделдөө, салыштыруу, гениологиялык, статистикалык, нарративдик жана башка ыкмаларды колдонууга, тарыхты объективдүү изилдөөгө, ар бир өлкөнүн өзгөчөлүгүн аныктоого жол ачылган.

Изилденип жаткан проблема Кыргызстандын тарых илиминдеги методологиялык бир катар олуттуу маселелерге жаңыча көз караш жаратаары бышык. XXI кылымдагы аз сандуу калкы бар өлкөдөгү аялдардын абалын жана ролун анализдөөдө, дүйнөдөгү ири мамлекеттердин саясаты жана мамилеси да зор роль ойнорун турмуш көрсөттү.

Диссертациялык деңгээлде изилденип жаткан илимий изилдөөнүн методологиясы катары тарыхыйлуулук жана Кыргызстан тарыхы менен

дүйнөлүк тарыхтын бири бирине таасирин байланыштуулук принциптерине негизделип иликтөөгө аракеттендик.

Изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхый изилдөөнүн жана илимий талдоонун жалпы илимий ыкмалары түздү. Ошол эле учурда, системалык-структуралык талдоонун чоң мааниси бар, бул бизге өнүгүп келе жаткан ар кандай кубулушту тиешелүү түзүлүшү жана функционалдык мааниси бар белгилүү бир система катары кароого мүмкүндүк берди. Эң маанилүү жоболор менен катар тарыхый талдоонун критерийлери методологиялык негизде колдонулду. Бул аркылуу изилденип жаткан проблеманын тарыхый объективдүүлүгү жана анын чыныгы тарыхый билимге дал келүүсүнө көңүл бурдук.

Өнүгүүнүн ар бир алкагында коомдун өнүгүшүнүн жалпы багыттарын аныктаган дүйнөлүк тарыхый процесстин биримдиги принциптерин диссертацияда колдонулушу алдыда коюлган максатка жетүүгө өбөлгө болду.

Диссертациянын методологиялык негизин түзгөн тарыхый-объективдүүлүк, тарыхый-логикалык жана таанып билүү принциби, социалдык, системалык-статистикалык, тарыхый-салыштырмалуу тандоо жүргүзүү жана визуалдык маанилүү ыкмаларды пайдалануу изилдөөнүн максатына ылайык аныкталган милдеттерди ийгиликтүү аткарууга шарт түздү деген ойдобуз.

**Изилдөөнүн объектиси**: Кыргызстандын 1991-2021жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын абалын жана ролун изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети -** Кыргызстандын 1991-2021жылдардагы коомдук турмушундагы аялдардын өнөр жай, айыл чарба, социалдык-маданий, жарандык коомдогу орду жана ролун белгилөөчү шарттарды, тенденцияларды жана закон ченемдүүлүктөрдү аныктоо.

**Изилдөөнүн хронологиялык рамкасы** 1991-2021-жылдарды камтыйт.

**Диссертациянын методологиялык негизин *тарыхый, илимий объективдүүлүк, системалуулук*** принциптери түздү.

Изилдөөдө негизги ***жалпы илимий*** жана ***жалпы тарыхый*** ыкмалар колдонулду. Жалпы илимий ыкмалардан индукция, дедукция, анализ, синтез,

абстракция, салыштыруу, критикалык талдоо аттуу *ыкмаларды* колдондук. Булардын колдонулушу көптөгөн жеке фактылардын негизинде изилденип жаткан илимий проблеманын жалпы абалын аныктоого мүмкүндүк берди.

Тарыхый ыкмалар тарыхый фактыларды тандоо жана классификациялоо процессинде колдонулган атайын тарыхый ыкмаларды колдонууну камтыры белгилүү. Алсак, *тарыхый-аналитикалык салыштырма ыкмалар* айыл чарбасындагы, өнөр жайындагы, саясий, социалдык чөйрөлөрдөгү аялдардын абалын анализдөөдө колдонулду.

*Хронологиялык-проблемалык, тарыхый-системалык, структуралык-функционалдык талдоо, тарыхый-институционалдык мамиле, тарыхый-салыштыруу, микросоциалдык мамилелер* өзгөчө тарыхый ыкмалардын түзүмүнө кирет. Бул ыкмалар эгемендик жылдарындагы өлкөдөгү аялдардын коомдогу ордун, абалын, шарттарын, трансформацияланышын изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Изилдөөдө ***хронологиялык-проблемалык ыкма*** колдонулуп, диссертациянын структурасын аныктаган жана аялдардын коомдогу ордунун сапаттык өзгөрүүлөрүн аныктоо менен убакыт ырааттуулугу боюнча коюлган маселелерди изилдөөгө салым кошту. Хронологияны эске алуу менен хронологиялык-проблемалык ыкманы колдонуп, жалпы проблемалардан айрым маселелери бөлүнүп каралып, аныкталды.

***Тарыхый-системалык ыкма***. Тарыхый-системалык ыкманын негизинде Кыргызстандын аялдарынын абалы жалпы дүйнөлүк системанын составдык элементи катары анализ жүргүзүлдү. Материалдар маалыматтарды хронологиясы жана системалык принцип боюнча бир нече этаптар боюнча системага келтирүүгө мүмкүндүк берди. Бул ыкма аркылуу аялдарга карата мамлекеттик саясаттын ишке ашыруу баскычтарын аныктадык.

***Статистикалык ыкма*** аркылуу сандык көрсөткүчтөрдүн динамикасы талдоого алынды. Системалык ыкманын негизинде ***структуралык-функционалдык*** анализ колдонулду. ***Мезгилдештирүү ыкмасы*** аркылуу

социалдык кубулуштардын, түрдүү коомдук кубулуштардын өнүгүшүнүн этаптарын изилдедик.

***Системалуу мамиле*** ыкмасы аркылуу өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ жана коомдун социалдык институттарынын өз ара байланышын изилдедик. Ал эми ***институционалдык мамилени*** колдонуу менен аялдардын коомдо белгилүү бир функцияларды аткарган жана коомдук мамилелердин кеңири системасында ээлеген ордун изилдедик.

***Тарыхый-салыштырма ыкмасы аркылуу*** Кыргызстандагы эгемендик жылдарындагы аялдардын коомдогу ролунун негизги тенденцияларын, өнүгүшүнүн деңгээлин, өзгөчөлүктөрүн салыштыруу аркылуу аныктоого аракет жасадык.

Изилдөөдө ***сандык жана математикалык ыкмалардын*** алкагында корреляциялык анализ, убакытты катарлар түрүндөгү тарыхый маалыматтарды системалаштыруу колдонулду. Бул ыкма статистикалык көрсөткүчтөрдүн динамикасынын анализин визуалдаштырууга мүмкүндүк берди.

Изилдөө объектисинин көп багыттуулугу гуманитардык багыттагы дисциплиналар аралык мамилени колдонууга алып келди, ал тектеш гуманитардык илимдердин, социологиянын, философиянын методологиялык куралдарын тарыхый изилдөөдө кеңири колдонууну камтыды. Дисциплиналар аралык ыкмалардын интеграциясы социалдык-экономикалык жана саясий мамилелердин эволюциясын маданияттын жана социалдык мамилелердин призмасы аркылуу социалдык ролдорду, жүрүм-турум үлгүлөрүн талдоо контексинде карадык.

Республикадагы изилденип жаткан мезгилдеги маданий кайра түзүүлөрдүн жалпы жана өзгөчөлүгүн бир кыйла толук талдоо үчүн *тарыхый-маданий микросоциалдык мамилелер* ыкмалары да колдонулду.

Илимий иштин теориялык негиздерин иштеп чыгуу менен, коомдогу аялдардын орду менен ролунун өзгөрүүлөрү тарыхый белгилүү бир коомдук муктаждыктарга жана кызыкчылыктарга байланыштуу болорун аныктоого аракет жасадык.

Жыйынтыктап айтканда, илимий изилдөөнүн методологиялык негиздеринде, изилдөөнүн объектиси, изилдөөнүн предмети, хронологиялык чеги, мейкиндик чектери, методологиялык принциптери жана изилдөө ыкмалары каралды. Каралган темада талдоонун тарыхый процесстери, өнүгүү этаптары, мезгил доорунда өзгөрүп турган системасы изилденип, тарыхый, диалектикалык биримдик жана системалык-структуралык принциптерден түзүлдү.

Изилдөөнүн методологиялык негизин изилдөөдө анын булактык базасы, объектиси, предмети жана ыкмалары каралып, төмөндөгүдөй ойлордун жыйынтыктары болду:

- диссертациянын ичинде камтылган ар кыл процесстерге анализдөөлөр жүргүзүлүп, фактологиялык материалдардын негизинде тереңирээк байкоо ыкмалары көрсөтүлдү;
- тарыхый маалыматтарды салыштырууда мазмуну жагынан тажырыйбалык жана фактылык эмгектерге илимий жактан анализ жүргүзүлүп, тарыхый окуялардын концептуалдуу жана конкреттүү аныктоонун өнүгүшүн баамдоого жардам берди;
- тарыхыйлык, диалектикалык биримдик жана системалык-структуралар принциптеринде салыштырылып каралды;
- негизги, концептуалдык ойлорду айтууда субъективдүүлүктөн алыс болуп, калыс кароого аракет жасалды.

## 2.2. Изилдөөнүн булактык базасы

Изилдөөнүн илимий чөйрөсүнө кирген тарыхый булактар маалыматты сактоо, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрү жана каныктыруу өзгөчөлүктөрү боюнча жети топко бөлүндү.

**Биринчи топтогу** булактарга биринчи кезекте КРнын Конституциясы, мыйзам актылары жана нормативдик-укуктук документтер, жогорку мыйзам чыгаруу органдарынын жарыяланган документтери– жарлыктары, мыйзамдар, стратегиялар, конвенциялар, эл аралык платформалар, нормативдик-укуктук база катары саналган жоболор кирди. Бул топтогу булактар диссертациялык иштин методологиялык негизин, ошондой эле булактык да базасын тузду. Мисалы,

КРнын Конституциясында (36-берене) жана КРнын Үй бүлө кодексинде (13-берене) никеге туруу курагына жеткен эркектер жана аялдар баш кошууга жана үй бүлө курууга укугу бар деп белгиленген; никеге тургандардын өз эрки жана өз ара макулдугусуз эч кандай нике курууга болбойт. Үй бүлө кодексине ылайык, бирөөсү башка адам менен никеси катталган болсо, ал никеге туруп жаткан адамдардын ортосунда никеге турууга жол берилбейт. КРнын Кылмыш-жаза кодексинде эки жана көп аял алуу үчүн жоопкерчилик каралган [5]. Азыркы учурда КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 174-беренесинин биринчи бөлүгүндө 17 жашка чыга элек адам менен иш жүзүндө нике мамилесине мажбурлоо үчүн жоопкерчиликке тартылып, жүздөн беш жүзгө чейинки эсептик көрсөткүч, же 2 жылга чейин түзөтүү жумуштары, же 5 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган. Берененин экинчи бөлүгү боюнча, 17 жашка чыга элек адамды иш жүзүндө нике мамилелери үчүн уурдагандыгы үчүн 5 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратуу түрүндө катаал жаза каралган [6]. Ушул өңдүү документалдуу материалдар изилдөөнүн булагы катары да пайдаланылды.

«Билим берүүнүн өнүгүү стратегиясында» 2012-2020-жылдарга өлкөнүн багыттарына жана өнүгүү максаттарына негизделген билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (андан ары – СРО2020) кабыл алынып, «Миң жылдыкты өнүктүрүү» жана «Бардыгына билим берүү» глобалдык программаларынын максаттарына жетүүгө багытталган [238]. «Пекин+25 Сереп: Гендердик теңчилик жана СПЕКА өлкөлөрүндөгү аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү Сентябрь 2020-ж. «аялдык» аттуу документте Кыргызстанда 30% квотага карабастан, улуттук деңгээлде мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгү 19,2% азайган. Мамлекеттик кызматтын жогорку кызматтарынын 29% аялдар ээлешкен [219].

«Аялдарга карата дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу жөнүндө конвенция» деген документте аялдар өлкөнүн калкынын жарымынан көбүн түзүп, жашоонун бардык сфералары «аялдык» аспектиге ээ деп белгиленген [61]. «КР «Баланын укуктары жөнүндө» жана «Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө» аттуу мыйзам документтеринде

конвенциялар ратификацияланган [2], [3]. Ошондой эле, «Никеге туруугa макулдук, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө» конвенцияга кошулган [4]. **Экинчи топтогу булактарга** министрликтердин, агенттиктердин, эл аралык уюмдардын отчеттору, маалыматтары кирди. Бул топтогу булактардан биздин тема боюнча көптөгөн кызыктуу маалыматтарды алууга мүмкүнчүлүк болду. Алсак, «2000-2005-жылдары КРдагы аялдардын абалы тууралу отчетто» аттуу макалада КРнын эмгек, социалдык камсыздоо министрлиги аз камсыз болгон жарандар үчүн кредиттик ресурстардын механизмдерин иштеп чыгып, натыйжада 56,4% аялдар микрокредиттерди алышкан. 2003-жылы КРнын Өкмөтүнө караштуу Ишкердикти өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик комиссия 76,3 миң сом суммадагы 595 долбоорду каржылаган. Анын ичинен 256 ишкер аялдар 24,3 миң сом суммасында каражат алганы жазылган [89].

Мындан тышкары «Кыргыз диаспораларын, мекендештерди жана чет өлкөдөгү мигранттарды картага түшүрүү отчету» деген документте миграциялык каттоого алынган КРнын жарандарынын саны боюнча Россияда 640 миң, Казахстанда 35 миң, Турцияда 30 миң, АКШда 15 миң, Италияда 5500, Түштүк Кореяда 5 миң, БАЭде 3 миң, Улуу Британияда 2 миң адам жашаары көрсөтүлгөн [220]. Жогорудагы жана «Карылар үчүн ресурстук борбордун, КРдагы, Тажикстан Республикасындагы жана РФдагы миграция боюнча биргелешкен отчетунда» документтерде COVI-D19 пандемия убагында мигранттар каражат чогултууларга, кайрымдуулук иш чараларына активдүү катышкан. Учурда дүйнөнүн 42 мамлекетинде жашаган кыргызстандыктардын диаспоралары калыптанганын да бул топтогу документтерден билебиз [40].

«2000-2005-жылдары КРдагы аялдардын абалы тууралу отчетто» 2002-жылы паспорт-визалык кызматы эркектерге 2 миң, аялдарга 4 миң, алардын ичинен 3 миңи 18-25 жашка чейинки кыздарга берилип, 1997-1998-жылдардагы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу эки эсе көп болгон. Федеративдик Германия Республикасы (ФГР) элчилиги тарабынан жыл сайын Кыргызстандык 14 миң жаранга виза ачылып, алардын 30% аялдар түзүшкөн [89].

Улуттук банктын маалыматы боюнча, республикада 2016-жылы акча которуулардын суммасы 1,991 миллиард, 2017-жылы 8 ай аралыгында 1,552 миллиард АКШ долларын түзгөн [220]. «Кыргызстанда азыркы миграциялык абал жана тенденция» документинде Евразиялык Экономикалык Биримдиги (ЕАЭБ) өлкөлөрүнө кеткен кыргыз жарандарынын 2018-жылы акча которуулары Кыргызстандын ИДПнын 35% чейин түзүп, республиканы дүйнөдөгү ИДПга акча которуулардын эң көп салым кошкон экинчи өлкөсүнө айланткан. Мындай көлөмдөгү акча которуулар акыркы 10-15 жылдан бери байкалган өлкөдөгү жакырчылыкты кыскартуунун маанилүү фактору болуп саналганы жазылган [240].«Миграция жана өнүгүү боюнча Дүйнөлүк банктын тобунун кыскача маалыматында» 2017-жылы өнүгүп жаткан өлкөлөргө 450 миллиард АКШ доллары акча каражаты түшкөнү белгиленген [181].

«2000-2005-жылдары КРдагы аялдардын абалы тууралу отчетто» Кыргызстандагы билим берүү тармагындагы кырдаалды жакшыртуу максатында 2001-жылдан 2010-жылга чейин CDF, NPRS, «Аракет» Улуттук программасы, «Жаңы муун-новое поколение», «Жеткинчек - Билим алууга жеткиликтүүлүк», «Кенже балдарды өнүктүрүү», «Айылдык мектеп», «Баарына билим берүү боюнча иш-аракеттер планы» аттуу «Миң жылдыктын өнүгүү стратегиялык максаттарын» түзгөн бир катар долбоордук документтер жана программалар кабыл алынган [89.21]. Бирок, бүгүнкү күндө көптөгөн постсоветтик мамлекеттердегидей эле, Кыргызстандагы билим берүү тармагындагы көптөгөн көйгөйлөр чечилбеген бойдон калган.

«2000-2005-жылдары КРдагы аялдардын абалы жөнүндө отчеттун» мазмунунда биздин өлкөдөгү жогорку билим берүү чөйрөсүндө да гендердик дисбаланс байкалган. 2003-жылы өлкөнүн ЖОЖдо 199124 студент окуп, анын 107480 кыздар, 91644 эркек балдар болгон. Кыздардын жогорку, сапаттуу билим алууга умтулуусу албетте жакшы көрүнүш, бирок ошол эле учурда эркек балдардын пайызынын төмөндөгөнү белгиленген [89.22].

«Кыргызстан эл аралык транзиттин пунктуна айланууда...» документинде Кыргызстандын эл аралык транзиттик өлкөгө айланганы жөнүндө маалыматтар

бар. ЭМУнун кыргыз бюросунун 2006-жылкы маалыматтарында убагында кулчулукка сатылып кеткен 350 ашуун адамды Кыргызстанга кайтарууга мүмкүнчүлүк болгон. Бул кулчулукка чыгарылып кеткен 4 миңге жакын адамдын 10% гана түзөт. Сатылгандардын арасында аялдар басымдуулук кылган [207].

«2000-2005-жылдары КРдагы аялдардын абалы жөнүндө отчетто» Кыргызстандагы зомбулуктун көбөйгөнү жазылган. Биз изилдеген мезгилде жыл сайын кризистик борборлорго 16 жаштан 25 жашка чейинки кыз-келиндер зомбулук болгон учурда жардам сурап кайрылышкан. Отчетто жыныстык мүнөздөгү зордуктоодон жабыр чеккендердин 50%-80% чейинкилери 16-17 жаштагы секелек кыздар болгон [89.33]. 2004-жылдагы изилдөө 374 ала качылган кыздардын окуяларына негизделип, алардын көпчүлүгү орто билимге гана ээ болгондор болушкан [89.52]. «Аялдарга карата зомбулук» документи боюнча 1994-1996-жылдары укук коргоо органдары тарабынан 64 «кыз ала качуу» катталып, этникалык кыргыздын ар бешинчиси ала качуунун натыйжасында никеге турганы аныкталган [216].

«Россиядагы 2016-жылдагы жек көрүүнүн негизинде пайда болгон ксенофобия, радикализм жана кылмыштуулук боюнча РФнын коомдук палатасынын билдирүүсүндө» РФнын коомдук палатасынын ксенофобия, радикализм жана жек көрүүчүлүк кылмыштары боюнча отчетунда мигрантофия орус коомчулугунун олуттуу көйгөйү бойдон калууда. Бирок 2014-жылы 76%, 2015-жылы 68%, 2016-жылы 66% төмөндөгөнү жазылган [79].

«ЭМУнун институционалдык-укуктук базаны талдоо жана «Батыш Еропа менен БАда адамдарды сатууга каршы аракеттенүү» чөйрөсүндөгү кызматташтыкты карап чыгуу аналитикалык отчетунда» Кыргызстандагы адам сатуу кылмышы биринчи жолу 1996-1997-жылдары ЭМУ менен Европалык Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ) тарабынан катталган [19]. «ЭМУнун» БАдагы адамдарды сатуу масштабы» аттуу документте адам сатуунун курмандыктарынын көпчүлүгү Баткен, Ош, Жалал Абад жана Ысык Көл областарынын тургундары экендиги белгиленген [73]. «Адамдарды сатууну алдын алуу жана ага каршы күрөшүү жөнүндө КРнын Мыйзамынын

аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө отчетто» КРнын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарына адам сатууга каршы күрөшүү боюнча иш-чараларды ишке ашырууга БУУнун ЭМУ, БУУнун наркотиктер жана кылмыштуулук боюнча бөлүмү (БКБ), Эл аралык Эмгек Уюму (ЭЭУ), БУУнун балдар фонду (ЮНИСЕФ), БУУ аялдар, ЕККУ, АКШнын эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) эл аралык уюмдары жардам көрсөтүшкөнү жазылган [91].

**Үчүнчү топтогу** булактарга Улуттук стратегиялык изилдөө институтунун (УСИИ) маалыматтары, социологиялык сурамжылоолордун жыйынтыктары кирди. Бул багытта да маанилүү аргументтер менен фактыларды таптык. Мисалга алсак, «Пандемиядан улам кайтып келген мигранттардын эсебинен жумушсуздук кескин өсүү» аттуу 2020-жылы COVID-19 пандемия учурунда жүргүзүлгөн сурамжылоо аркылуу 22% жакын үй-бүлөлөрдө жок дегенде бир үй бүлө мүчөсү жумушсуз калганы белгилүү болгон [1095].

КРнын УСИИнун «Кыргызстандын 2015-2018-жылдардагы кеңейтилген миграциялык профили» аттуу маалыматында 2018-жылы Кыргызстан калкынын 12-17% чейинкиси чет өлкөдө жашап калган [217]. Ушул жылы Россиядагы кыргыз мигранттарынын дээрлик 40% аялдар түзгөн. Мигрант аялдар өзгөчө тейлөө, коомдук тамактануу, кийим тигүү тармактарында жана жеке үйлөрдө үй кызматкери болуп иштешкен. GSM PP KP маалыматы боюнча, 2016-жылы Кыргызстанда 175 адам кулчулуктан бошотулуп, алардын жарымы аялдар болгон. Сирия менен Ирактагы согуш жүргөн 2010-2016-жылдары терроризм менен күрөш жүргүзгөн улуттук органдар ислам мамлекетинин террордук уюмуна Кыргызстандан 863 адам кошулуп, алардын 188 аялдар болгонун аныктаган. Дүйнө жүзүндө адам сатуунун жалпы санынын 70% аялдар жана кыздар, алардын 96% жыныстык эксплуатациянын курмандыгы катары саналганын көрсөткөн булактар бар [217].

«Эмгек, миграция жана жаштар Министерствосунун өкүлдөрү менен болгон эксперттик маек» булагында кыргызстандыктар өкмөттүк эмес уюмдар жана эл аралык уюмдар гана адам сатуулардын курмандыктарына иш жүзүндө

жардам көрсөткөнүн белгилеген [89]. «БАдагы адамдарды сатуунун масштабы» ЭМУ БА мамлекеттериндеги адам сатуу масштабын аныктоо үчүн «БАдагы адамдарды сатуунун масштабы» аттуу изилдөөдө эмгек эксплутациясы 91,3%, ал эми жыныстык эксплатация 8,7% түзгөн [72]. «Адамдарды сатуунун курмандыктары болгон эркектерди реабилитациялоо жана реинтеграциялоо муктаждыктарын аныктоо» SIAR Research and Consulting изилдөөчү жана консультация борборунун маалыматы боюнча, 2002-2013-жылдары КРнын ИИМ тарабынан 220 адам сатуу фактысы катталып, адам сатуунун 10 ашык каналдары аныкталган. Эмгек миграциясынын курмандыктарынын арасынан болжол менен 70% жакынын эркектер, 30% аялдар түзүшкөн [177].

Жогорудагыдай негативдүү маалыматтар менен катар мигранттардын ишмердүүлүктөрүн, алардын жетишкен ийгиликтерин чагылдырган булактар да арбын. Алардан мигранттардын которгон акчалары тамак-аш сатып алууга (35%) жана турак жай шарттарын жакшыртууга (21%), балдардын билим алуусуна (18%), бизнеске инвестиция (3%), үнөмдөөгө (9%) жумшалаары аныкталган. Мурун ата-энелер кыздарынан эч качан жардам күтүшпөсө, 2000-жылдары мигрант кыздардын 30% ата-энелерине материалдык жардам көрсөтүшкөн [217.80]. «Кыргызстанда эмгек миграциясында жүрүшкөндөрдүн 61 миңден ашык балдары ата-энесиз чоңоюуда» аттуу КРнын УСИИ менен ЮНИСЕФ биргеликте 2018-жылы ишке ашырган M-report44 долбоорунун алкагында «мигранттардын балдары» тууралу жаштардын арасында социологиялык сурамжылоо жүргүзүлүп, миграция агымынын феминизациясы менен өлкөдө мигранттар таштап кеткен балдардын саны да көбөйгөнү аныкталган [162], [217.50].

«НПО сектору фактылар жана цифралар менен. «Кыргызстандын өкмөттүк эмес уюмдары: кечээ, бүгүн, эртең!» маалымат-аналитикалык компаниясы «Сорос-Кыргызстан» Фонду, Жарандык коом жана жарандык коом борборунун ассоциациясы, «Аллавида» аттуу КРдагы бейөкмөт уюмдардын лидерлери арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча» Сорос-Кыргызстан Фонду бардык өкмөттүк эмес уюмдардын 87% коомдук бирикме же

коомдук фонд экендигин белгилеген [99]. «Бейөкмөттүк сектору цифралар жана фактылар менен», «Кыргызстандагы бейөкмөт уюмдар: кечээ, бүгүн, эртең» баяндамасы: «Сорос-Кыргызстан» Фонду, Жарандык Коом Борборунун Ассоциациясы, «Аллавида» деген аталыштагы Сорос-Кыргызстан Фондунун изилдөөлөрү өкмөттүк эмес уюмдардын 42% адам укуктарын коргоо, 25% саламаттыкты сактоо, 22% жарандык билим берүү, 17% гендер жана 15% экология багытында иш жүргүзөөрүн ырастаган [92].

«МАБ «Кабар». Кыргызстанда эрте турмушка чыгуунун себептери жана кесепеттери» аттуу изилдөөдө 14 жаштан 17 жашка чейинки кыздардын турмушка чыгаары аныкталып, калктын көпчүлүк бөлүгүндө нике популярдуулугу байкалганын билдирген [194]. «Балдардын жана аялдардын абалына мониторинг жүргүзүү. Аялдардын жана балдардын абалы боюнча мониторинг. Көп көрсөткүчтүү кластердик изилдөө, КР УСК жана ЮНИСЕФ» аттуу балдардын, аялдардын абалы боюнча мониторинг маалыматтары боюнча, айылдарда 18 жашка чейин турмушка чыккан аялдар 14,4%, шаарларда 9,7% түзүп, эң жогорку көрсөткүчтөрү Чүй (18,2%), Талас (17,7%), Ысык-Көл менен Ош (13,4%) аймактарында, ал эми Бишкекте 7,7% түзгөнү аныкталган [76.131].

**Төртүнчү топтогу** булактарга эл аралык уюмдардын, чет элдик басылмалардын маалаыматтары кирди. Бул топтогу булактардан да көп маалыматтар алынды. Мисалы, «БУУнун @UN Women» билдирүүсүндө, дүйнөдөгү 193 өлкөнүн 22 өлкөсүндө гана аялдар мамлекетке жетекчилик кылаары аныкталган [223].

«Калкка жана бизнеске короновирус кризисинен чыгууга көмөк көрсөтүү», «COVID-19 in Central Asia: Economic Recovery and Challenges Ahead» эмгектеринде COVID-19 пандемиясы керектөө жана инвестициялардын деңгээлин кескин төмөндөтүп, аялдарга, мигранттарга, айыл чарбасында, формалдуу эмес сектордо иштегендерге орчундуу таасир эткени, Кыргызстан дүйнөдөгү өзгөчө жабыр тарткан өлкөлөрдүн бирине кирип, экономикасы 12,6% кыскарганы жазылган [101]. «БУУнун» билдирүүсүндө, 2020-жылы пандемиянын кесепетинен улам келип чыккан өтө жакырлардын санынын өсүшү дүйнөдө 88 -115 миллионго чейин жеткени жазылган [223]. «Бул иш-чаралардын

айрымдары 2020-жылдын 8-апрелинде Евразиялык экономикалык комиссиянын Кеңешинин «COVID-19 коронавирустук пандемиясынын өнүгүү контекстинде экономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталган Евразия экономикалык биримдигинин (ЕАЭБ) алкагында көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө» токтому менен бекитилген» аттуу Евразиялык экономикалык комиссиянын кеңешинин токтому көрсөткөндөй, карантин жана обочолонуу режими дүйнө калкынын 50% таасирин тийгизген (болжол менен 3,9 миллиард адам) [165]. «COVID-19 in Central Asia: Economic Recovery and Challenges Ahead» аталыштагы чет элдик басылмаларда 2020-жылы дүйнөлүк ИДП 4,5% төмөндөп, дүйнө жүзү боюнча 90 миллионго жакын адам жакырчылыкка кабылышы мүмкүн деген божомол жазылган [101]. «Scenarios for the Future of Technology and International Development. The Rockfeller Foundation, Global Business Network» эмгегинде 2010-жылы Рокфеллер фонду вирустук пандемиянын сценарийин иштеп чыкканы белгиленген [257]. «Nature Medicine» журналы 2015-жылы америкалык микробиологдордун адамдарга жуктуруучу жарганаттардын коронавирусунун гибриддик формасын түзүү боюнча лабораториялык эксперимент ийгиликтүү өткөнүн билдирген [254].

«БУУнун» булактарында COVID-19 пандемиясына байланыштуу аялдар көп иштеген ишканалар (текстиль, мейманкана жана коомдук тамактануу жайлары) кризистен өзгөчө жабыркаганы, аялдардын 88% акча которуулардын азайганын, үй-бүлөлүк зомбулуктун өскөнү жазылган [223].

«БАдагы аялдар» БУУнун бөлүмүнүн маалыматы боюнча, күн сайын 137 аял үй-бүлө мүчөсүнүн колунан набыт болгон [223]. «Аялдарга карата зомбулук» аттуу 1996-жылы БУУнун аймактар аралык илимий изилдөө институту тарабынан дүйнөнүн 34 мамлекетинде кылмыштуулук жана адилеттүүлүк боюнча (ЮНИКРИ) Борбордук жана Чыгыш Европа, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) өлкөлөрүндө жумуш ордунда зомбулуктан жабыркагандар тууралу маалымат алуу үчүн масштабдуу изилдөө жүргүзгөн [216]. «БУУнун кыз ала качуу жана жаш балдардын никеси боюнча билдирүүсү» аталган ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча Кыргызстанда 24 жашка чейинки

аялдардын 13,8% мажбурлап турмушка чыкканы аныкталган [192]. «БУУнун» маалыматтарында, дүйнө жүзү боюнча болжол менен 15 миллион өспүрүм кыздар жашоосунун кайсы бир мезгилинде зордук-зомбулукка дуушар болушканы, Европа Биримдигинде (ЕБ) аялдардын 45%-55% 15 жаштан бери ыдык көрсөтүүгө кабылганы, күнүнө 33 миң жашы жете элек балдарга нике кыйылаары, болжол менен бүгүнкү күндө 650 миллион жашы жете элек кыздар турмушка чыгаары, 2030-жылга карата БА чөлкөмүндө дагы 150 миллион 18 жашка чейинки кыздар турмушка чыгат деп болжолдонгон [223]. «БУУнун» маалыматында «Көмүскө пандемияны изилдөө: COVID-19 учурунда аялдарга карата зомбулук» WomenCount аттуу жаңы отчетто Кыргызстанда медициналык-демографиялык изилдөөлөргө ылайык, 15 жаштан 49 жашка чейин никеге турган аялдардын 25% жубайы же өнөктөшү тарабынан жыныстык зомбулукка кабылганы аныкталган [223].

«Кыргызстандагы эрте никеге туруу жана эрте эне болуу көйгөйүн талдоо «Укук коргоо кыймылы: Бир Дүйнө – Кыргызстан» UNFPA» аттуу изилдөөдө Дүйнөлүк Саламаттык сактоо Уюму (ДСУ) жыл сайын 16 миллион кыз 15-19 жашында эне болуп, 2 миллиону 15 жашка чейин көз жарат деп белгиленген. Ош шаарындагы гендердик ресурстар борборунун жүргүзгөн сурамжылоосуна ылайык, жашы жете электердин арасында никеге тургандардын 77% расмий мамлекеттик каттодон өткөн эмес. Азыркы тапта мусулман дин кызматкерлери биринчи жана экинчи аял катары нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу ырымдарын жүргүзүшүп, үй бүлө жана кылмыш мыйзамдары бузулган учурлар кездешкен [159]. Изилдөөлөрдүн негизинде секелек кыздардын өгөй аталары тарабынан зордукталганы, кош бойлуу болушу өзгөчө жашыруун латенттүү мүнөздө экендиги белгиленген. Зордуктоонун натыйжасында төрөгөндөрдүн жана бойдон алдыруулардын саны боюнча эч кандай расмий маалыматтардын жоктугуна күбө болдук.

«БУУнун” маалыматына ылайык, 2021-жылы эл аралык мигранттар болжол менен 281 миллион адамды, же дүйнө калкынын 3,6% түзгөн. Дүйнөдө 70 миллион үй кызматчыларынын 80,1% аялдар түзүшкөн. Алардын 11 миллиону

мигранттар болгон [223]. «БУУнун» маалыматында, Европада адам сатуу жашыруун бизнестеги кылмыштуу топторго жыл сайын болжол менен 3 миллиард АКШ доллар киреше алып келет. Адам сатуунун эң белгилүү түрлөрү болуп жыныстык эксплуатация, мажбурлап иштетүү, адам организминен органдарды алып сатуу саналат. Кулчулукка дуушар болгондордун 60% аялдар, 27% жаш балдар, 13% эркектер [223]. «IOM «Trafficking of men – a trend less considered The case of Belarus and Ukrain», IOM migration research series» миграция боюнча изилдөөлөр сериясында изилдөө маалыматтарынын көбү адам сатууну аялдарды (жыныстык эксплатация) жана балдарды (жыныстык жана эмгек эксплуатация) эксплуатациялоо менен байланыштырат [258]. «Аялдарды сатуу» боюнча адам укугун коргоочулар» аттуу маалыматта Борбордук жана Чыгыш Европадагы, жана КМШнын Адвокат Аялдар Ассоциациясынын өкүлдөрүнүн ою боюнча, аялдар адамдарды сатуунун негизги тобокел тобу болуп саналат [191].«Адам сатуунун курмандыктарынын социалдык кызматтарга муктаждыктарын аныктоо жана чечүү» куткаруу армиясы» деген маалыматында «Куткаруу Армиясы» Уюмунун изилдөөлөрүндө, 91% аялдарга жана 9% эркектерге жардам көрсөтүлгөн [160]. «АКШнын Мамлекттик департаментинин «2013-жылкы адамдарды сатуу отчету» аттуу маалыматта адам сатуунун курмандыгы болгон эркектер феномени толук изилденген эместиги жазылган [180]. «АКШнын Эл аралык өнүгүү Агентствосунун (USAID) 2010-жылы «Европадагы жана Евразия аймагындагы эркектерди сатуу боюнча» отчетунда адамдарды сатуучулардын курмандыгы болгон эркектерге көрсөтүлүүчү кызматтардын түрлөрүнүн жетишсиздиги баяндалган [90]. «2015-жылы SIAR Research & Consulting изилдөө уюму тарабынан миграция боюнча Эл аралык уюм үчүн даярдалган «Адам сатуунун курмандыктары болгон эркектерди реабилитациялоо жана реинтеграциялоо муктаждыктарын аныктоо жөнүндө» отчетто 2012-жылдан бери эркектер тобокел топко кирген [88]. 2014-жылы АКШнын Мамлекеттик Депатаментинин «Адам сатуу боюнча отчетунда»: «5,8 миллиондон ашык калкы бар Кыргызстан көбүнчө адам сатуунун курмандыктары чыккан өлкө катары эсептелинет» деп жазылган [226].

“«АКШнын Мамлекеттик департаментинин адамдарды сатуу боюнча докладында» кыргызстандык мигранттар РФда, Казахстанда көпчүлүк учурда мажбурлоо менен айыл чарбасында, курулушта, тестиль жана тигүү өнөр жайында, үй кызматында иштешип, баңгизат таркатууга, кайыр суроого тартылышкан. Аялдар жана кыздар БАЭда, Индияда, Түштүк Кореяда, Турцияда, өлкөнүн ичинде дагы жыныстык эксплуатацияга дуушар болушкан. Сириядагы экстремисттик топторго кошулууга мажбур болгон жана ал жерде эрксиз жашаган кыргызстандыктар тууралу маалыматтар бар деп жазылган [185]. «Адам сатууга каршылык көрсөтүү жана БАгы мигранттарга жардам» аттуу булагында 2000-жылдары серепчилердин маалыматы боюнча, жыл сайын 15 миң кыргызстандык жаран адам сатуучулардын курмандыгы болушкан [229]. «Giobal Slavery Index» басылмасында 24 миң кыргызстандык кийинки убакта кулчулуктун шартында жашагандыгы маалымдалган [255]. «Адвокат: Россияда 600 миңге жакын легалдык эмес мигранттар – кулдар» маалымат агенттигинин билдирүүсүндө серепчилер 2012-жылдагы маалыматтарында РФда жүргөн эмгек мигранттарынын ичинен болжолдуу түрдө 20% кулчулукта, саны боюнча 600 миңди түзөөрү жазылган [173]. «Обзор: Кыргызстандын коопсуздугуна коркунучтар – терроризм жана экстремизм» БА порталында» АКШнын Мамлекеттик Департаментинин 2015-жылкы билдирүүсүндө, КРсы кулчулук, эмгек жана жыныстык эксплуатациялоо максатында адамдарды сатуунун келип чыккан, транзиттик жана бара турган өлкөсү да болуп саналган [241].

«ЮНЕСКОнун» маалыматы боюнча, дүйнөдө 758 миллион адам окуй жана жаза албайт. Аялдар жалпы сабатсыз чоңдордун үчтөн экисинен ашыгын түзөт [223]. «БУУнун» маалыматтарында 263 миллион бала мектепке барбайт, алардын көпчүлүгү кыздар деп эсептелет [223].«Билим берүү жана гендердик теңдик» аттуу БУУнун билим берүү, илим жана маданият боюнча программасынын (ЮНЕСКО) Статистика институтунун маалыматы боюнча, 16 миллион кыздар эч качан мектеп босогосун атташпайт [221]. «ЮНИСЕФ орус тилинде - UNICEF in Russian» аталыштагы эл аралык уюмдун маалымат булагында COVID-19 пандемиясынын убагында 635 миллиондон ашык окуучулардын билим алуусу

үзгүлтүккө учурап, өзгөчө төмөнкү жана орточо кирешелүү өлкөлөрдөгү 10 жашка чейинки балдардын 70% жөнөкөй аңгемелерди окуп жана түшүнө алышпайт деген жыйынтык чыгарылган [253].

«UNFPA 2008 жылдык отчетунда» жыл сайын кош бойлуу жана төрөт мезгилинде дүйнө жүзүндө 500 миңден ашык аял каза болот. Энелердин өлүмүнүн 99% өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө туура келет [34.2]. «БУУнун» маалыматы боюнча азыркы учурда онкологиялык оорулар менен ооругандардын саны кескин өсүүдө. 2020-жылы дүйнөдө болжол менен 685 миң аял сүт безинин онкологиясынан көз жумушкан. Дүйнө жүзү боюнча ар бир 12-чи аял өмүрүнүн аягына чейин сүт безинин рагы менен ооруша, ар жума сайын 15-24 жашка чейинки 6 миң, күнүгө 860 жаш аялдар ВИЧ инфекциясын жуктурушат. Зомбулукка дуушар болгон аялдар арасында ВИЧ инфекциясын жуктуруп алуу 50% жогору болгон. СПИД 15 жаштан 44 жашка чейинки аялдардын өлүмүнүн негизги себеби бойдон калууда [223].

**Бешинчи топтогу** булактарга статистикалык, энциклопедиялык маалыматтар кирди. Статистикалык материалдардагы экономикалык көрсөткүчтөр, жашоо-тиричиликтин, жакырчылыктын, зордук-зомбулуктун деңгээли, билим берүү жаатындагы көйгөйлөр жөнүндөгү маалыматтар талдоо, салыштыруу үчүн өзгөчө мааниге ээ. Диссертацияны жазууда СССРдин, Кыргыз ССРинин жана суверендүү Кыргызстандын эл чарбасын, социалдык-маданий турмушун чагылдырган статистикалык маалыматтар пайдаланылды.

«Иш менен камсыз болуу жана жумушсуздук, үй чарбаларынын бюджетин жана жумушчу күчүн комплекстүү тандап изилдөөнүн натыйжалары» аттуу УСКнин маалыматында 199,4 миңдин ичинен 4 миң жумушсуз адам гана мамлекеттик иш менен камсыз кылуу кызматына кайрылышкан [44]. «2021-жылдын 1 сентябрына карата КРнын эмгек рыногу» деген маалыматта 2021-жылдын 1сентябрына карата ишке орноштуруу кызматына 106, 5 миң адам гана кайрылган [233]. Демек, жумушсуздардын баары эле камсыз болуу үчүн мамлекетке кайрылып, үмүт кылбайт.

«Кыргызстандын калкы КРнын УСК» аттуу статистикалык маалыматы

2012-жылдын август айында жүргүзүлгөн салттуу каттоонун жүрүшүндө 12 миң баланын мектепке барууга мүмкүнчүлүгү жок экендигин аныктаган. 2009-жылы 29 миңге жакын мектеп жашындагы балдар мектепке барышкан эмес [78]. Бирок ЮНЕСКОнун статистика институту 66 миңден ашуун балдар мектепке барбай тургандыгын тастыктайт. Мындан Кыргызстандын УСКнин маалыматтары тактоолорго муктаж экендигин билебиз. «Чоңдордун сабатсыздыгы - Ranking, 2020» аталыштагы маалыматта 2016-жылдын статистикалык маалыматтары боюнча, Кыргызстандагы бойго жеткен сабатсыз калктын саны 20,3 миң адамды [218], Кыргыз УСКнин маалыматы боюнча сабатсыз аялдардын саны 2010-жылдагы статистикага ылайык, 20 миң адамды түзгөн [78].

«КРнын аялдары жана эркектери КР УСК» аттуу статистикалык жыйнакта КМШ мамлекеттеринин ичинен Кыргызстан энелердин өлүмү боюнча биринчи орунда турарын аныкталган. 2019-жылы кош бойлуу мезгилинде оорудан, төрөттөн жана төрөттөн кийинки мезгилде 43 аял каза болгон, 100 миң төрөлгөн балага 25 өлгөн аял туура келген. Жалпысынан, энелердин өлүмүнүн 55,8% айыл жергесинде катталган [42]. «КРнын УСК (КРнын статистикалык жылдыгы 2015-2019)» деген статистикалык жыйнакта биринчи жолу сүт безинин онкологиясы боюнча 2015-жылы 557, ал эми 2019-жылы 625 аныкталган учур катталып, бул илдеттин саны жогорулаганын көрсөткөн. ДСУнун Европа аймагындагы аялдардын эң кеңири тараган рактарынын бири жатын моюнчасынын рагы боюнча 2018-жылы 69 миң учур катталып, анын 30 миң өлүм менен аяктаган. Кыргызстан боюнча 2015-жылы 22,9 жатын жана жатын моюнчасынын рагы катталса, 2019-жылы 17,2 учурга бир аз азайганын аныктаган. 2015-жылга карата өлкө боюнча ВИЧ инфекциясы менен катталаган пациенттердин саны 10,8 болсо, 2019-жылы 13,2 чейин өскөндүгү көрсөтүлгөн [66]. «Ден соолук» медициналык энциклопедиясында туура тамактануу адамдын ден соолугуна, өмүрүнүн узактыгына жана иш жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү физиологиялык зарылчылыктардын эң негизгиси деп жазылган [37.357]. Жетишерлик, сапаттуу тамактанбагандык организмде зарыл заттардын тартыштыгына алып келген.

Аялдардын, өзгөчө кош бойлуу аялдардын тамактануу проблемасы социалдык-экономикалык кыйынчылык учурунда өтө актуалдуу болуп эсептелет.

«Кыргызстанда эрте турмушка чыккандар. Салтты жамынган кылмыш» аттуу УСКтин, ЮНИСЕФтин маалыматтары боюнча эрте турмушка чыккандардын саны жылдан жылга өскөнү байкалып, республика боюнча 6 миң кыз 15 жашка чейин, ал эми 160 миңден ашыгы 18 жашка чейин турмушка чыккан. БУУнун калк Фонду 2015-жылы жашы 18 чыга элек 3,5 миллион бала, алардын ичинен көпчүлүгү кыздар турмушка чыкандыгын билдирген. Ал эми 4,4 миллиону 15 жашка чейин үйлөнүшкөндөр болушкан. Демек, күн сайын 37 миң жашы жете элек балдар никеге турушат. Постсоветтик мейкиндикте Кыргызстан 15-19 жаштагы аялдардын арасында төрөттүн саны боюнча лидерлердин катарында саналат [232].

«Россиянын тышкы соодасы» сайтынын маалыматтары боюнча 2019-жылы «кийим-кече жана ага керектүү трикотаж, машина менен, колго токулган буюмдар» тобундагы Россиянын импортунун түзүмүндө Кыргызстандын 0,8% үлүшү менен 15-орунду ээлеген [175].

«КРнын УСКнин» маалыматы боюнча Кыргызстан үчүн эмгек миграциясы өзгөчө роль ойнойт [182]. «ЭЭУнун Статистика бюросу» статистикалык жыйнакта ЭЭУнун эсеби боюнча, дүйнөдө 5 жаштан 14 жашка чейинки 215 миллион бала эмгектенээри жазылган [106]. Алардын жарымынан көбү балдар эмгегинин эң начар түрлөрүнө тартылган. Жогорудагы маалыматтар бешинчи топтогу булактар да изилдөөнүн милдеттерин аткарууга маанилүү өбөлгө болгонун көрсөтөт.

**Алтынчы топтогу** булактарга айрым бир изилдөөчүлөрдүн мезгилдүү басма сөздө жана сериялык тематикалык басылмалардагы аялдардын көйгөйлүү маселелери тууралу байма-бай чыгарылып турган маалыматтарды топтодук.

Кыргызстандагы «Дордой» соода дүң комплексинин түптөлүшү жана челнокчу аялдардын эмгеги тууралу бир катар эмгектерде баяндалган [186], [178], [187]. Аларда рынок экономикасы тигүү тармагын жаратып, чоң суроо-талапка ээ болуп, 15 жыл ичинде150 миңге жакын адамды жумуш менен камсыз

кылып, рынок бизнес менен алектенген жана активдүү аялдарды жараткан [210], [249]. Өлкөнүн тигүү тармагынын продукциясы жеңил өнөр жайынын 80% түзүп, алтындан кийинки эле Кыргызстандын 100% экспорттоочу сектору болуп эсептелген. Тигүү тармагында 200 миңге жакын адам эмгектенген. COVID-19 пандемиясынын учурунда Бишкек шаарындагы 1000 жакын тигүү ишканаларынын ичинен болгону 15-17 гана цех иштеген [211], [250].

Бул топтомдогу булактардан Кыргызстандагы массалык менчиктештирүү тууралу маалыматтарды алууга болот. Алсак, 1994-жылдын аягында экономиканын мамлекеттик эмес сектору чарба субъектилеринин 90% түзгөн [120], [131], [137]. 1992-жылы 122 чарба чыгашалуу деп таанылып, 1995-жылдын 1-январына карата республикада 21,1 миң дыйкан чарбалары түзүлгөн. АПЕАК аркылуу айыл чарба секторун менчиктештирүүдөгү баалардын дисбалансын чечүү үчүн 1996-жылдан баштап 75 миллион, кой чарбасына 15-20 миллион АКШ доллары, донор мамлекеттер тарабынан фермерлерге 50 миллион АКШ доллары (Германия) бөлүнүп, иштей баштаган [118], [119], [136], [121].

2020-жылы УСКнин эсебине ылайык, жакыр калктын 73,7% элетте жашагандар түзүп, жалпы жакыр калктын 58% Ош, Жалал Абад жана Чүй областарында жашаган [209], [171]. «Серепчилер: Кыргызстанда жакырчылыктын деңгээли 2021-жылы дагы өсөт» аттуу макалада эл аралык серепчилер 2020-жылы 2019-жылга караганда Кыргызстандагы жакырчылык 5-6%, ал тургай 17,5% чейин өскөнүн жазышкан [251]. «Кыргызстанда жакырчылык кескин өстү» деген макалада УСКнин маалыматы боюнча өлкөдө 2019-жылы жакырчылык 20,1% түзсө, ал эми 2020-жылы анын деңгээли 25,3% өскөнү белгиленген [167]. «КРдагы кедейлер кирешесинин 70% азык-түлүккө жумшайт» макаласында БУУнун аймактык директору Андреа Баньолинин айтымында Кыргызстанда 2 миллион адам жакыр жашайт деп белгилеген [171]. «2020-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын калкынын дээрлик үчтөн бири жакыр болгон» аттуу макалада Дуйнөлүк Банктын маалыматына ылайык, элдин 60% катмары жакырчылыктын чегинде жашап, 2019-жылы жакырчылыктын деңгээли 20% түзсө, 2020-жылы 31% жеткенин жазышкан

[227]. «2,2 миллиондон ашык кыргызстандык жакырчылыктын чегинен төмөн түшүп калат - болжолдоо» деген макалада Кыргызстандагы Дүйнөлүк банктын аналитиктери Кыргызстанда ортоңку катмардын жоктугуна байланыштуу, 60% өлкөнүн калкы аярлуу категорияга кирген деп жазылган [163].

«Калктын миграциялык активдүүлүгүнүн жыйынтыгы чыгарылды» аттуу макалада 2019-жылы өлкөдө миграциялык агым 14,3% жогорулап, мигранттардын ичинде аялдардын санынын өсүшү байкалганы жазылган [228]. «Мигранттын табияты: Россияга азыр ким иштегени барат» деген макалада да эмгек мигранттарынын арасында аялдардын саны өсүп жаткандыгы белгиленген [212]. «Кыргызстандан миграцияга тартылган аялдар жана балдар» аттуу макалада мигрант аялдар өзгөчө тейлөө, коомдук тамактануу, ошондой эле жеке үйлөрдө үй кызматкери болуп иштешкени жазылган [188]. «Эмгек мигранттары 2020-жылы Россиядан Кыргызстанга канча акча каражат которушкан» макаласында Улуттук банктын маалыматы боюнча 2020-жылы мигранттар тарабынан РФнан Кыргызстанга 2 миллиард 377 миллион АКШ доллары которулуп, которулган каражаттардын 98% РФнан болгон [237].

«Адам сатуунун курмандыктарынын көпчүлүгү – мигранттар» аттуу макалада кулчулукка туш болгон кыргызстандыктардын 70% мигранттар болгон [164]. Фергана маалымат агенттигинин «Кыргызстан: кулдар барган сайын көбөйүүдө» аналитикалык макаласында кыргызстандыктар Россияда жана Казахстанда, бир канчасы Турцияда мажбурлап иштетүүгө дуушар болгону жазылган [67]. «Сойкулук жана аялдарды сатуу» макаласында БУУнун калк боюнча адиси Р.Кумарасвили жасаган докладда: «Жыл сайын аялдар кулчулукка сатуунун курмандыгы болуп калышууда» деп белгилеген [130].

«Ювеналдык технологиялар. Тобокел тобундагы чоң кишилер үчүн реабилитациялык мейкиндиктин аймактык моделин ишке ашыруу боюнча практикалык колдонмо» аттуу макаласында акыркы жылдары Кыргызстанда мектепке барбаган кароосуз калган балдардын саны боюнча так маалымат жок, болжол менен Ош облусунда эле 1500 жакын бала «көчөдө жашап, иштегендер» категориясына кирген деп жазылган [230.31]. «Дүйнө жүзү боюнча 750 миллион

адам окуганды жана жазганды билишпейт» макаласында адистер акыркы 50 жылда дүйнө жүзү боюнча жаштардын сабаттуулугу жогорулагандыгын, ал эми сабатсыздардын 59% жаш аялдар болгонун жазган [172]. «Кыргызстанда 29 миң бала мектепке барбайт» макаласында 2009-жылы Кыргызстанда 7 жаштан 15 жашка чейинки 29 миң бала мектепке барган эмес. ЮНЕСКОнун статистика институтутун 2012-жылкы маалыматы боюнча, 2009-жылы республика боюнча 66 миңден ашык бала мектепке барган эмес деп белгиленген [183].

Кыргызстанда 1990-жылдардын башында өкмөттүк эмес уюмдардын түзүлүшүнө эл аралык жана донордук уюмдар көмөкчү болушкан. «КРдагы жарандык коомду кыскача карап чыгуу» макаласында өкмөттүк эмес уюмдар 90%-100% чейин эл аралык уюмдар аркылуу каржыланышкан. КР 1994-жылы Азия Өнүгүү Банкынын (АӨБ) мүчөлүгүнө киргенден тартып, Азиялык өнүгүү фондунан 985,3 миллион АКШ доллары менен 31 насыя жана 14 грант, ошондой эле 42,7 миллион АКШ доллары өлчөмүндө гранттарды алган. Өлкө Японияныын жакырчылыкты кыскартуу фондунан 7 миллион АКШ доллар алган деп жазылган [203]. «Кыргызстан. Өкмөттүк эмес уюм деген эмне жана алар кимдин колунан жеп жатышат» аттуу макалада көпчүлүк эл аралык уюмдар келечекте мамлекеттин бардык региондоруна таасир этүү максатында өздөрүнүн филиалдарын, түрдүү өкмөттүк эмес уюмдарды ачууга умтулушкан деп жазылган [208]. «Кыргызстанда бейөкмөт уюмдар эмне иш кылышат» деген макалада «Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция» шайлоо системасынын адилеттүү өнүгүшүн көзөмөлдөп, «Биздин үн» коомдук фонду балдар үйүнүн 600 бүтүрүүчүсүнө, «Адилет» укуктук клиникасынын юристтери 2013-жылы 8 миңден ашык адамга акысыз юридикалык кызмат көрсөтүшкөнү, «Сезим» уюму үй бүлөлүк зомбулукка дуушар болгон 1 миң 89 чоң адамга жана 726 жаш балдарга, 260 адам сатуунун курмандыктарына көмөктөшкөнү да жазылган [247]. «Кыргызстандагы батыш бейөкмөт уюмдары: болушу керекпи же жокпу?» деген макалада өкмөттүк эмес уюмдарды каржылоочу ЕККУ, демократияны өнүктүрүү Улуттук фонду, «Сорос-Кыргызстан» Фонду», Кыргызстандагы «Фридом Хаус» өкүлчүлүгү, Кыргызстандагы Швейцария

элчилиги, «Жарандык коомду өнүктүрүү ассоциациясы» (АРГО), голландиялык «Хивос Фонду», Кыргызстандагы Улуу Британия элчилиги, «Орто Азиядагы Евразия Фонду», немецтик «Ачык коом институту» жана USAID Кыргызстанда иш жүргүзгөнү баяндалган [190].

Кыргызстанда рынок экономикасынын шартында аялдардын айрым социалдык, саясий активдүүлүктөрүнүн маңызы өзгөрүүдө. «Атайын багыттагы аялдар отряддары» (ОБОН) - Кыргызстандагы митинг технологиялар боюнча ноу-хау» аттуу макалада КР ИИМнин маалыматы боюнча 2012-жылдын биринчи жарымында өлкөдө 646 митинг өткөнүн, 2005-жылдан бери митигдерди уюштуруучулар «ОБОН» аттуу аялдардын отрядын колдонгону тууралу 13-ноябрда эл аралык «Фергана» агенттиги билдирген [225]. «ОБОН аялдары кимдер?» деген макалада оппозиция, айрым күч органдары «ОБОН» аялдар тобун торпедо катары бийликке каршы колдонгону белгиленген [204].

«Баарынын көзүнчө. Кыргызстанда аялдар кантип үй-бүлөлүк зомбулукка кабылышат жана эмне үчүн күнөөлүүлөр камалбайт» аттуу макалада зомбулукка күнөөлүүлөрдүн 96 аялдарын урган эркектер болору белгиленген [209]. «Баары жөнөкөй чапкандан башталат». Кыргызстан БАдагы аялдар үчүн эң кооптуу өлкө деп табылды» макаласында Кыргызстан WPS Index аялдар үчүн коопсуздук индекси боюнча 170 мамлекеттин ичинен 97-орунду ээлеген [176]. «Үй коопсуз жер болбой калганда» деген макалада дүйнөлүк статистика боюнча күн сайын дүйнө жүзүндө зомбулуктан улам 137 аял каза болот деп жазылган [202]. «Аялдарга карата зомбулук» макаласында дүйнө жүзү боюнча 60 миллион аял «дайынсыз жоголгондордун» тизмесине киргизилген деп белгиленген [216]. «Үй-бүлөлүк зомбулук» - «Сезим» кризистик психиатриялык борбору аттуу Республикалык конференциясынын материалдарында ай сайын зомбулукка кабылган 40-50 аял Бишкектеги ооруканаларга, 20-25 аял реанимацияга кайрылып, алардын 40% күйөөсү же өнөктөшү тарабынан сабалаары, ал эми жылына болгону 170 учур гана соттук-медициналык экспертиза бюросунда тастыктаганы жазылган [123].

«Кыргызстанда жыл башынан бери ала качуу боюнча 82 учур катталды» аттуу макалада өлкөдө 2021-жылдын 4 ай ичинде 200 үй бүлөлүк маселелер боюнча жашы жете электерге карата жасалган кылмыш иши козголгондугу тууралу жазылган [168]. «Кыргызстанда ала качууга каршы берене иш жүзүндө иштебейт. Маалыматтар аркылуу сөз кылабыз» макаласында 2019-жылы адам уурдоо боюнча 233 иштин 6% гана, ал эми 2020-жылы 210 иштин 5% гана сотко өткөнү маалымдалган [169]. «Эрте никеге туруу, үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жана аткарылбаган кыялдар» деген макалада Кыргызстанда жалпы никеге тургандардын ичинен 13% жашы жете элек жарандар менен никеге туруп, шаарларга салыштырмалуу айыл жерлеринде бул көрүнүш 2,5 эсе көп кездешээри жазылган [231]. «Билим берүү эрте никеге каршы күрөштүн каражаты катары» деген макалада статистика боюнча Кыргызстанда кыздардын 12% жакыны 18 жашка чейин турмушка чыгат деп жазылган [222].

«ДСУ: Кыргызстан ВИЧ инфекциясын жуктургандардын саны өскөн өлкөлөрдүн катарына кирди, KNews маалымат агенттиги» аттуу макалада ДСУнун жана БУУнун СПИД (ЮНЭЙДС) боюнча биргелешкен программасында Кыргызстан СПИД оорусунун көп катталганы боюнча дүйнөдөгү жети өлкөнүн бири болуп саналат. 2005-жылы бул ооруну жуктурган 826 бейтап катталса, 2016-жылы 6 миң 730 учур белгиленип, 10 жыл ичинде 8 эсе өскөнү белгиленген [206]. Ушул өңдүү негативдүү материалдарды да диссертация жасууда пайдаландык.

**Жетинчи топтогу** булактарга жалпы билим берүүчү окуу жайлардын окуу программасына киргизилип жаткан окуу модулу кирди. «Коопсуз миграция маселелери боюнча жалпы билим берүүчү окуу жайлардын 9-11 класстарынын окуучулары үчүн түзүлгөн окуу модулу» боюнча, РФда - 700 миң, Корея Республикасында - 6550, Турция Республикасында – 30 миң, Казахстан Республикасында – 35 миң, БАЭда – 5500, ФРГда – 8575, Европанын башка мамлекеттеринде – 10 минден ашык кыргызстандык жарандар эмгектенишкен [108]. Ушул өңдүү фактылар менен аргументтерге да көңүл бурдук.

Жыйынтыктап айтканда, биз колдонгон ар бир булактын топтомдоруна бир катар артыкчылыктар жана кемчиликтер мүнөздүү. Ушуга байланыштуу

жогоруда көрсөтүлгөн булактардагы маалыматтарды бири-бирине салыштырып, объективдүү көрүнүштөрдү так көрсөтүүгө аракет кылдык.

# 3-БАП. ЭКОНОМИКАНЫН ТРАНСФОРМАЦИЯ МЕЗГИЛИНДЕ АЯЛДАРДЫН АБАЛЫ

## 3.1.Өнөр жай кризисинин шартында аялдардын абалы жана ишкердүүлүгү

Эгемендүүлүк жылдарынын башында, саясий көз карандысыздыкка жетишкендикке карабастан, Кыргызстан экономикалык жактан башка мамлекеттерден көз каранды бойдон кала берген. Эл чарбасынын жалпы союздук комплекс ичинде республиканын өнөр жайы негизинен чийки зат жана жарым фабрикаттарды камсыз кылуу менен адистештирилген. Даяр продукция өлкөнүн башка региондорунда чыгарылып, аларды сатуудан түшкөн киреше союздук бюджетке чогултулган. СССР кулагандан кийин көп жылдар боюу калыптанган экономикалык байланыштар бузулуп, республика материалдык жана финансылык оор абалда калган.

1991-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн орточо өсүшү кескин төмөндөп, курулуш жана агрардык комплекстерге багытталган каражаттар пайда алып келген эмес. Энергетикалык, көмүр казуучу, машина куруучу, азык түлүк жана жеңил өнөр жай тармактарында белгиленген пландар жүзөгө ашпай калган. 1992-жылдын январында РФсы отун-энергетика комплексинин, металлургия жана машина куруу тармактарынын продукцияларына эркин курсун белгилөө менен бааларды радикалдуу либералдаштырууну жүргүзгөн. Натыйжада, КМШ өлкөлөрүнүн баарында, Кыргызстанда дагы экономикалык кризистин дагы бир баскычы башталган. 1992-жылы республиканын өндүрүшү 27% төмөндөгөн. Экономикалык байланыштар кыйрап, эл чарбасы депрессияга түшкөн [84.551]. К.Исаев эгемендиктин алгачкы жылдарындагы кыргыз мамлекетинин абалы – жээксиз океанда командасыз калган кораблди элестетет деп белгилеген [49.152].

Ушундай шартта өкмөт тарабынан иштеп чыгарылган 1992-1995-жылдарга карата экономикалык реформалардын Программасын 1992-жылдын июлунда КРнын ЖКнин IX сессиясында талкуулап, кабыл алышкан [84.552]. Анда 1990-

жылы башталган экономикалык реформалар республиканын жалпы стратегиялык курсуна жараша менчиктештирүү, жер реформалары, калкты социалдык жактан коргоо, мамлекеттик инвестициялар ж.б. боюнча конкреттүү чаралар каралган.

1991-жылдын 7-августунда КРнын Президентинин КРда улутташтыруу жана менчиктештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар тууралу Указы чыккан [8.47-63]. 1991-жылы 20-декабрда өлкөдө «КРда менчиктештирүү, ишкердүүлүк жана атаандаштыктын жалпы башталышы» тууралу мыйзам кабыл алынган. Мыйзамга ылайык менчиктештирүү элдин, эмгек коллективинин кызыкчылыгын эске алып, алардын чечимине жана даярдыгына ылайык өтүшү абзел эле. Бирок иш жүзүндө анын принциптери бурмаланган. Мамлекеттик чиновниктер элдик мүлктү арзан баада сатып башташкан. Өткөөл мезгилде өзүнө капитал топтоого үлгүргөн айрым бир чакан топторго, жетекчилерге приоритет берилип, менчиктештирүү процесси ачык-айкын өткөрүлгөн эмес. Ал эми менчиктештирүүгө каражаты жок калктын негизги катмарына иш жүзүндө наркы төмөн жана инфляциядан корголбогон, атайын төлөө каражаттары аркылуу мамлекеттик мүлккө ээ болуу иллюзиясы ынандырылган [110.118].

Акционерлештирүүдөн кийинки ишканалардын эффективдүүлүгү орто эсеп менен 40-55% түшкөнүн, ал эми жетекчилердин жогорку айлык акысы жана акцияларга ээ болуусу менен, жашоо турмуш деңгээлинин жогорулашы ачык байкалган [120]. Ар бир үчүнчү объект эмгек жамааттарынын укуктарын басынтуу менен, айрым бир адамдардын же коммерциялык түзүлүштөрдүн пайдасына ылайык объектилердин баасы караманча төмөндөтүлүп, негизги фонддорду кайрадан баалап чыкпастан, аукцион өткөрбөстөн эле менчиктештирилген [109.119]. Кыргызстандын ошол мезгилдеги экономикалык абалы оор болгон. Алсак, 1992-жылы 1990-жылга салыштырмалуу ички дүң продукция – 20%, азык-түлүк товарларын керектөө – 22%, айыл чарба өндүрүшү жалпысынан 75% төмөндөп кеткен [102.11]. Күндөлүк керектелүүчү зарыл товарлардын баасы 5 эседен ашык көтөрүлсө, айлык акылардын реалдуу деңгээли 3 эсеге төмөндөгөн [13.56].

1993-жылы Кыргызстанда расмий маалыматтар боюнча коомдук мүлктүн 32,6% менчиктештирилген. Өнөр жайдын 17,5% акционерлештирилген. Турмуш-тиричилик кызматында 98,7%, соода жана коомдук тамактанууда 80,7%, курулуш тармагында 67,5%, өнөр жайда 39% 600 дөн ашык объектилер менчиктештирилген [131]. 1995-жылдын аягында экономиканын мамлекеттик эмес сектору 50-55% көбөйгөн [110.121]. 1994-жылдын аягында экономиканын мамлекеттик эмес сектору чарба субъектилеринин 90% түзгөн. Анда 900 миңден ашык адам эмгектенип, жумушчулардын жалпы санынын 47% түзүшкөн. Жеке менчиктеги ишканалардын товар жүгүртүүсү 89% түзгөн [137]. 1994-жылдын ортосунан баштап массалык түрдө «элдик» менчиктештирүү программасы ишке ашырылган. Бул программаны Кыргызстандын өкмөтү республиканын мамлекеттик мүлк Фонду менен, ошондой эле АКШ өкмөтү менен биргеликте иштеп чыгарган. АКШ өкмөтү тарабынан каржыланган менчиктештирүү саясаты өлкөнүн экономикасын талкалоого жана АКШ долларынын улуттук экономикадагы таасирин жогорулатууга багытталган. АКШ долларынын жылдан жылга өсүшү буга күбө. Мисалы, 1993-1994-жылдары 1 АКШ доллары 4 сом болсо, 1995-жылдын ичинде 10,8 сом, 2000-жылы 47,7 сомго, 2016-жылы 68 сомго көтөрүлүп кеткен [17.183]. АКШ долларынын кунунун өсүшү менен азык-түлүккө болгон баалар кескин көтөрүлүп, калктын аярлуу катмарына социалдык колдоо көрсөтүүнүн кошумча чаралары жөнүндө КРнын Президентинин 2008-жылдын 4-июнунда ПЖ №191 Жарлыгы чыккан [7.30]. Дүйнөлүк валюта болгон АКШ доллары АКШнын ФРС тарабынан чыгарылат. Өзүнө шериктеш өлкөлөргө эбегейсиз суммадагы акча каражаттарын бөлүп келген. Мисалы, 2008-жылы 20 америкалык жана европалык банктарга дүйнөлүк каржы кризисине каршы АКШнын ФРС тарабынан 16 триллион АКШ доллар берилген [100]. Европа өлкөлөрүн кризистен куткаруучу программаны каржылоо үчүн ЭВФга G20 өлкөлөрү 430 миллиард АКШ доллар которушкан. Кризиске учураган алдыңкы европалык, америкалык жана япониялык банктарга АКШнын ФРС банк системасына колдоо көрсөтүү үчүн 2,5-3 триллион, ал эми АКШ өкмөтү 2,2 триллион долларын инвестициялоону чечкен [179]. КРсы Азиялык өнүгүү

фондунан 985,3 миллион АКШ доллары менен 31 насыя жана 14 грант, ошондой эле 42,7 миллион АКШ доллары өлчөмүндө техникалык жардам алкагында гранттарды алган. Өлкө Япониянын жакырчылыкты кыскартуу фондунан жети грантты 7 миллион АКШ долларын алган. Кыргызстан 20-ири карыз алуучу болуп саналган [203]. Кыргыз мамлекетинин өнүгүү мүмкүнчүлүгү ЭВФдан жана банкынан карыз алынган акча менен тыгыз байланышта болгон [49.150]. Демек, эгемендүүлүк жылдары өлкө трансулуттук банктардан карыз алуу менен көз карандысыздыкка доо келтире турган абалга кириптер болгон. Ал эми Кыргызстанга Дүйнөлүк банк аркылуу ПЕСАК программасын ишке ашыруу үчүн ошол учурда бөлүнгөн 200 миң АКШ доллары суммасындагы каражат 31 ишкана эмес, бир ишкананы бутуна тургузууга мүмкүн эмес болгон [75.82]. Программага киргизилген 36 ишкананын ичинен айрым завод-фабрикалар чыгып кетип, айрымдары сакталып, айрымдары бир аз көбүрөөк убакыт жашоого мүмкүнчүлүк алышкан. Мисалы, Канттагы цемент-шифер комбинаты, Майлы-Суу электр лампа заводу жана «Илбирс» фабрикасы ишин уланткан [75.82]. Эл аралык Прайс Уотерхаус консалтинг фирмасынын директору, Кыргызстандагы массалык менчиктештирүү программасынын координатору Джон Р.Джонсон: «Менчиктештирүү СССРдин мурдагы республикаларына салыштырмалуу, Кыргызстанда массалык менчиктештирүү өтө тез жана абдан ийгиликтүү аяктады. Бул жагынан Кыргызстанды Орто Азия өлкөлөрү үчүн «үлгү жана модель» катары кароого болот,»- деп жазган [110.122].

Кыргызстанда чыгашалуу деп эсептелген, мамлекетке караштуу ири ишканаларды кайра уюштуруу жана жок кылуучу, Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган ПЕСАК программасы 1993-1996-жылдары ишке ашырылган. Бул программа боюнча 1993-1996-жылдары Кыргызстандагы 36 ири ишкана өзүн актабаган, чыгашалуу өнөр жай ишканалары деп табылган. Алардын башында Ленин атындагы, Фрунзе атындагы заводдору сыяктуу ири ишканалар, камволдук-нооту комбинаты, «Октябрдын 40 жылдыгы», ВЛКСМ атындагы жана башка фабрикалар турган. Программанын ишке ашырылышы менен

ишканалардын баары токтоп, миңдеген адамдар жумушсуз калып, аягында талкаланып жок болгон [75.82].

Мыйзамга ылайык, элдин кызыкчылыгын эске алып, эмгек коллективдин жана өзүнчө субъектилердин даярдыгына жараша менчиктештирүү ишке ашырылышы керек эле. Тилекке каршы, бул принциптер башынан баштап одоно бузулган. Мамлекеттик чиновниктер, өнөр жай жана чарба жетекчилери менчиктештирүүгө ыңгайлуу мүлктү өз билемдик менен арзан баада туш келди сата башташкан [84.552].

Республика боюнча 1991-жылдан 1993-жылга дейре коомдук чарбанын 32,6% объектиси менчиктештирилип, 17,5% ишкана акционердик коомго өткөрүлгөн. 1993-жылдын аягында өнөр жайдын объектисинин 39%, курулуштун 67%, үй чарба тармагын тейлөөнүн 98,7%, соода жана коомдук тамактануу чөйрөсүнүн 80,7% менчиктештирүү аяктаган. 1991-жылдан бери республика боюнча 10 миң ишкананын жарымынан көбү менчиктештирилген. Массалык менчиктештирүү 1996-жылга чейин созулуп, мамлекеттик эмес сектор өнөр жай продукциясынын 50% чыгара баштаган [84.553].

Баарына маалым болгондой, советтик мезгилде ири завод-фабрикалардын өздөрү камсыздаган бала бакчалары, Ысык-Көлдүн жээгинде эс алуучу жайлары, бир катар социалдык объектилери иштеп турган. ПЕСАК программасы аркылуу карыздан арылуу үчүн карызга баткан ишканаларга өздөрүнүн социалдык объектилерин сатып, менчикке чыгаруу сунушталган. Албетте, канча деген бала бакчалар, эс алуучу жайлар жана да башка социалдык объектилер өтө арзан баада сатылган. Акча каражаттын жоктугунан айрым ишканалар ишин токтотууга аргасыз болушкан. Рынок экономикасынын шартында, чек аралар ачылып, Кытайдан, Турциядан жана башка мамлекеттерден арзан баада товарлар кирип баштаган. Натыйжада, жергиликтүү өндүрүүчүлөр чыгарган продукция өтпөй туруп калып, сапатын жоготкон товарлар металлоломго кеткен учурлар да кездешкен. Эң өкүнүчтүүсү, ошол завод-фабрикалардагы жабдуулардын көпчүлүгү Россияга, Иранга, Туркияга жана башка өлкөлөргө арзан баага өткөрүлгөн. Ал эми темир, чоюн, аллюминий, жез ж.б. чийки заттар Кытайга,

Иранга, Туркияга ж.б. өлкөлөргө арзан баага сатылып кеткен. Самолет, вертолет, машинанын ар кандай түрлөрү да ал өлкөлөргө жөнөтүлгөн [50.127].

Менчиктештирүүнүн биринчи баскычы 1993-1994-жылдары, экинчи баскычы 1995-1997-жылдары, үчүнчү баскыч электроэнергия, алтын жана телекоммуникациялык инфраструктура бөлүгүн менчиктештирүү менен байланыштуу болгон. Экономикалык өнүгүү секторуна терс таасирин тийгизген бийликтин бат-бат алмашып турушу да мезгил-мезгили менен пайда болуп жаткан кайра менчиктештирүүнүн «толкундары» улантылган [105.120]. 2001-жылдын 5-февралына карата жалпы менчиктештирилген обьектилердин саны 6854 болуп, жалпы наркы 14,2 миллиард сомду түзгөн. Бул 1991-жылга салыштырганда 68,5% барабар болгон, анын ичинен: өнөр жайында – 88,8%, соода менен коомдук тамак-ашта – 97,0%, курулушта – 58,8%, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө – 99,8%, транспортто – 56,9%, өндүрүштүк эмес чөйрөдө – 42,6% түзгөн [17.177]. Демек, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында башталган экономикалык реформалар жаратмандык эмес, талап тоноодон, башкача айтканда, совет мезгилинде курулган имараттарды жана өндүрүш каражаттарын кайрадан бөлүштүрүүдөн башталган [17.164]. Ошондуктан, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында массалык менчиктештирүү «прихватташтыруу» («ээлеп алуу») деген ат менен калды [17.177]. Рынок экономикасы оң натыйжаларды берээрин дүйнөлүк тажрыйба тастыктаган. Маселе ал канча убакытка созулуп, рынок экономикасынын кандай ыкмаларын колдонуу керек экендигинде [59.118].

Өткөөл мезгилде мектепке чейинки балдар мекемелеринин кыскарышы, медициналык тейлөөнүн начарлашы, көп балалуу үй бүлөлөрдүн мамлекет тарабынан колдоого алынбашы аялдарга, өзгөчө айылдык аялдарга кыйынчылык жараткан. Жашы улгайган адамдар, көп балалуу үй бүлөлөр жана аялдар калктын өзгөчө аяр катмарларына айланышкан. Эгемендик жылдары аялдар жаңы социалдык статустарды өздөштүрүшкөн. Өлкөдөгү экономикалык, социалдык жана саясий реформалардын татаалдыгына жана кедергисине карабастан, аялдардын арасында эмансипация процесси жүргөн. Кыргызстандын өткөөл

мезгилиндеги өзгөрүүлөргө карата аялдарды үч топко бөлсө болот:1) реформалар башталаар алдында жетекчилик орундарды ээлеген мурунку партиялык, советтик жана мамлекеттик кызматтагы аялдар; 2) жогорку квалификациялуу жана билимдүү аялдар; 3) билими жок, квалификациясы жок, басымдуу болгон квалификациясыз кара жумуш менен алектенген аялдар (колхозчулар, совхоздордун, фабрикалардын ж.б. жумушчулары) [83.27]

Өткөөл мезгилде мурунтан советтик партиялык-чарбалык номенклатурага кирген же аларга жакын болгон аялдар бир далай жагымдуу жагдайга ээ болушкан. Аялдар бул мезгилдеги менчиктештирүү саясатында, өндүрүш каражаттарына ээ болушуп, коомдогу көйгөйлөргө дуушар болушкан эмес. Алардын айрымдары башка бир кызматтык орундарга ээ болушуп, кээ бири жаңыдан калыптанып келе жаткан коммерция тармагына өтүп кетишкен. Көпчулук учурда бул аялдар өздөрүнүн материалдык абалдарын чыңдай алышкан. Алардын арасынан «жаңы кыргыз аялдар», «жаңы орус аялдары» ж.б. пайда болгон. Бийлик бутактарында байланышы бар аялдар кыска мөөнөттүн ичинде көлөмдүү алгачкы капиталдарын топтоп, өз бизнестерин түптөгөн. Ошентип, менчиктештирүү процесси номенклатуралуу мүнөздө болгондуктан, бул аялдардын тобу ыңгайлуу жакшы орундарды ээлеп алганга үлгүрүшкөн.

1992-жылдын 25 августунда натыйжалуу ишкердик үчүн шарттарды колдоо максатында КРда «экономиканы монополиядан чыгаруу жана ишкердикти колдоо» боюнча чаралар жөнүндө КРнын Өкмөтүнүн №421 токтому чыккан [10.41]. Менчиктин мамлекеттик эмес формаларын эркин өнүктүрүү жана ишкердикти колдоо үчүн кыйла жагымдуу шарттарды түзүү максатында КРнын Өкмөтүнүн 1992 -жылдын 10 июлунда «Кыргызстандын ишкерлеринин өкүлчүлүктүү органдарынын иши жөнүндө» №319 токтому кабыл алынган. [11.229]. Экономикалык реформа жүргөн жылдары аялдар арасында ишкер жана менчик ээлери катмарлары пайда болгон. Бул катмардагылар өз капиталдарын «номенклатуралык менчиктештирүү» аркылуу эмес, өз күч эмгеги менен түзгөн. Аларга врачтар, мугалимдер, окумуштуулар, инженердик-техникалык кызматкерлер, башкача айтканда жогорку билимдүү жана квалификациялуу

аялдар кирген. Мамлекетте өндүрүш кризиске учурагандыктан, акырындык менен илимди, маданиятты, билим берүү тармактарын каржылоо иши жылдан-жылга төмөндөгөн. Өздөрүнүн жогорку билимдери, квалификациясы, ишкердүүлүк сапаттары менен көпчүлүгү рынок экономикасынын шарттарына туруштук беришип, жаңы адаттан тыш тармакта ийгиликке жетише алышкан. Бул топтогу аялдардын көпчүлүгү үчүн бизнесте өзүн сынап көрүү мүмкүнчүлүгү ачылган. Албетте, жаңы кесип оор жана опурталдуу ишке айланып, көпчүлүгү мындай шартта бизнестерин алдыга жылдыра алышпай, карызга батышып, совет мезгилинде жыйнаган каражаттарынан да айрылышкан учурлар болгон. Бирок айрым аялдар салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде өзүн толугу менен калыбына келтирип, психологиялык жактан өзгөрүп, «комплекстерин» жеңип, бизнесин ийгиликтүү жүргүзүшкөн.

Совет доорунда адат катары аталган «жумушчу табына» кирген завод менен фабрикаларда эмгектенишкен жумушчулар, колхоз жана совхоздорго иштегендер эң ыңгайсыз шарттарда калышкан. Калктын бул чоң катмары өтө татаал абалга дуушар болушуп, ишканалардын жабылышы, колхоздордун жана совхоздордун жоюлушу, баалардын көтөрүлүшү жана аманаттардын арзандашы жакырчылыктын өсүшүнө алып келген. Бул жагдайда өзгөчө аялдар жабыр тартышкан. Салыштыра кетсек, жумушчу жана кызматчы аялдардын саны СССРде 1960-жылдан бери жыл сайын жарым миллионго жакын өсүп отурган. Кыргызстандын эл чарбасында 1960-жылы 159,8 миң аял эмгектенген, бул 1933-жылга салыштырмалуу 8,2 эсе көп болгон [104.67].

Кыргызстандын аймактарында совет бийлигинин алгачкы жылдарынан баштап эле, 1932-жылдан 1937-жылга чейин 61 ири ишканалар курулганы белгилүү. Натыйжада, республика аймагында өнөр жай тармагы тез өнүгө баштаган. Кыргыз улутундагы аялдар көп иштеген өнөр жай тармактары болгон жибек токуучу, кездеме токуучу, тигүүчү, тамак аш өнөр жайлары ачылган. Ушул убакта өнөр жай тармагындагы аялдардын саны салыштырмалуу 31,5% өсүп, тигүүчү, бут кийим жана текстиль жаатында 70% чейин жогорулаган [104.41]. Өлкөдө өнөр жайдын ар түрдүү тармагында аял эмгеги чоң ийгилик менен

коштолгон. Жада калса эркектер иштеген көмүр казуучу шахталарында 1932-жылы 7,9% аялдар иштесе, 1941-жылы 19,3% жеткен [104.41].

Эгемендүүлүк жылдары өлкөдөгү жумушчу аялдардын чоң катмары ири ишканаларды менчиктештирүүнүн негизинде мурдагы иштеринен ажырап, жумушсуз калышкан. Жакырлар жана өтө жакырлар арасында басымдуу көпчүлүктү аялдар түзүшкөн [113.124]. Ошондуктан окумуштуулар Кыргызстанда «жакырчылык феминизацияланып калды» деп объективүү аныктама беришкен [138.5]. 1996-жылы кабыл алынган «Улуттук Аялзат программасында» жаңы жакырлардын негизги бөлүгүн аялдар түзүп, жакырчылык бардык катмардагы, бардык курактагы аялдарды, өзгөчө жергиликтүү улуттагы аялдарды камтып жатканы белгиленген [24.21]. Ал эми региондор боюнча алганда айылдык аялдар, балдардын саны боюнча алганда көп балалуу аялдар, социалдык абалы боюнча алганда жалгыз бой аялдар, жаш курагы боюнча – улгайган аялдар жана ошондой эле майып, качкын аялдар жакырчылыкка көбүрөөк дуушар болушкан [113.125].

УСКнин маалыматы боюнча 1996-жылы Кыргызстандын калкынын 60% ашыгы жакыр делип эсептелген [86.192]. Дүйнөлүк Банктын маалыматына ылайык, 2019-жылы жакырчылыктын деңгээли 20% түзсө, ал эми 2020-жылы 31% жеткен. Белгилей кетчү нерсе, өлкөдөгү 60% элдин катмары жакырчылыктын чегинде турганы аныкталган. 2021-жылы Кыргызстандагы жакырчылыктын деңгээли дагы 4%-35% чейин жетээрин болжолдошкон [227]. 2020-жылы УСКнин эсебине ылайык, ар бир төртүнчү кыргызстандык жакырчылыкта жашашкан [209].

1990-жылдардын башында өлкөдөгу өнөр жай ишканаларынын токтоп калышы, баалардын өсүшү, эмгек акыларынын, пенсиялардын, балдарга жөлөкпулдардын төмөндөшү жана үзгүлтүккө учурагандыгы, эмгекке жарамдуу болгон калктын көпчүлүгүн аргасыздан жаңы шарттарда жашоонун жолдорун издөөгө мажбурлаган. 1990-жылдардын башындагы экономикалык реформалардын кесепети постсоветтик республикалар сыяктуу эле, Кыргызстандагы экономикалык абалдын начарлашына алып келген. Ошону

менен бирге эле, калк легалдуу өз алдынча ишкердүүлүк кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушуп, чет мамлекеттерге бөгөтсүз барып келе башташкан. Турмуш шарттын төмөнкү деңгээли, товарлардын дефицити СССР кулагандан кийинки мезгилде элдин массалык түрдө кеңири колдонуучу товарларды сатып соода кылуусуна шарт түзгөн.

Өткөөл мезгилде коомдун бардык чөйрөлөрүндө аялдардын жигердүүлүгүнүн өсүүсү байкалган. Орто Азия өлкөлөрү сыяктуу эле, Кыргызстанда да аялдардын эмансипациясы реалдуу көрүнүшкө айланган. Ишканаларды, кооперативдерди жана соода уюмдарын башкарууга жөндөмдүү, иш тажрыйбалуу жигердүү аялдардын жаңы катмары пайда болуп, ишкердүүлүк менен алектенүүгө өткөн [126.193]. Мисалы, Банур Абдиева негиздеген Ысык Көлдүн түштүгүндөгү «Абрикос» конок үйү жашыл технологияларды колдонуу менен, 54 ашык өлкөдөн туристтерди тейлеп, жергиликтүү кооз жерлерге турларды уюштурат. Туризм тармагында англис тилин окутуучу Айнура Сапарбаева Алайда конок үйү болгон «Alay Yurt Camp».брендин негиздеп, ийгиликтүү өнүктүрүүдө. Жаңылсынзат Турганбаева кыргыздын улуттук дөөлөттөрүн жандандыруу максатында «супара талкан» экологиялык нукура азыкты чыгарууда. Иш чараларды уюштуруу кызматы боюнча Назгүл Джаныбаева түзгөн «Event M» компаниясы эл аралык уюмдар менен кызматташып, мамлекеттик жана бизнес чөйрөсүндөгү жолугушууларды, ай сайын 20 кем эмес конференцияларды уюштуруп турат. Кыргызстандын мода жана дизайн тармагында ишкер аял Татьяна Воротникова заманбап тенденцияларга ылайыктап этникалык стилде кийим-кече тигип, кыргыз маданиятын алыскы жана жакынкы чет өлкөлөргө даңазалоодо. Жигердүү айым Жамиля Сабитакунова айына 20 тонна жүгөрү таякчасын чыгаруучу 30 чукул кызматкери бар цех ачып, инвестиция тартууга жетишкен. Келечекте жүгөрү таякчаларын Казакстанга экспорттоп, европалык стандарттарга ылайык балдар үчүн тамак-аш чыгаруучу ири өндүрүштүк объектти курууну пландаштырууда. Кыргызстанда белгилүү «Baira» брендин негиздөөчүсү Толгонай Байра цех жана эки дүкөн ачып, 20 адамды жумуш менен камсыздап, миңдеген ишкер аялдардай

эле өлкөнүн экономикасына өз салымын кошууда. Айнура Сагынбаева Кыргызстанда жана БАдагы эл аралык уюмдар менен кызматташкан белгилүү «SIAR» консалтингдик компаниясын негиздеп, социалдык изилдөө тармагын бизнеске айландырган. Ишкер аялдардын активдүүлүгү коомго пайда алып келет деп эсептеп, кыздарга билим берүүгө өзгөчө көңүл бурууда. Анын изилдөөлөрү боюнча аялдар кирешесинин 90% балдарынын билимине жана ден соолугуна жумшайт [184].

Германиядагы Макс Планка атындагы социалдык антропология институтунун изилдөөчүсү доктор Рано Тураева эмгектеринде БАдагы гендердик өзгөрүүлөр, аялдардын ишкердиги негизги кыймылдаткыч күч болгон эмгек рыногу, үй бүлөнүн, гендердик институттардын трансформациясы тууралу жазган. Ал «Ислам дини жана салттуу коомдук түзүлүш БАдагы аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн жаңы ишмердүүлүктөрдү өздөштүрүүдө тоскоолдук жаратпайт, ошол эле учурда ааламдашуу бардык гендердик эрежелерди жана каада-салттарды өзгөртпөйт», - деп билгилеген. Р.Тураева 2017-жылы жарыяланган «Азия аялдары: ааламдашуу, өнүгүү жана социалдык өзгөрүүлөр» Routledge аттуу китебинде «Аялдар өзгөрүүнүн агенттери катары: постсоветтик БАдагы гендер» аттуу изилдөөсүндө Советтер Союзу тарагандан кийинки мезгил инфраструктуранын начарлашынан, өнөр жай өндүрүшүнүн төмөндөшүнөн, жумуш оруңдарынын кыскарышынан жана товарлардын тартыштыгынан жапа чеккени тууралу жазган [189].

Постсоветтик мезгил өзү менен чогуу кыйынчылыктарды апкелген. Бирок, ошол эле учурда БАнын калкы үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жараткан. Аялдар чек аралардын ачылышынын негизинде жаралган мүмкүнчүлүктөрдү, мобилдүүлүктүн жогорулашын жана ааламдашууну колдонушканы тууралу изилдөөдө белгиленген. Белгилей кетчү нерсе, ортоңку таптын төмөнкү катмарынан чыккан «карапайым калк» тууралу сөз болууда. 2005-жылдан берки чогултулган маалыматтардын негизинде, бул аймакта барган сайын көбүрөөк аялдар экономикалык турмушта алдыңкы ролду аткара баштаганын көрсөткөн.

Постсоветтик БАда аялдардын базарларда санынын өсүшү ачык көрүнгөн. Базарда товар саткан аялдардын саны «чыныгы акча» табуу үчүн мамлекеттик секторду таштап кетүүгө аргасыз болгон мугалимдер жана билимдүү аялдардын эсебинен өскөн. Аялдар ишкердүүлүк жөндөмдүүлүктөрүн өркүндөтүшүп, жашоонун жакшы шарттары үчүн жигердүү күрөшө биле тургандыгын далилдешти. Аймакта экономикалык жана социалдык мамилелер трансулутташтырылып, ошондой эле саясий өзгөрүүлөр жүрүп, ааламдашуунун таасири күчөгөн. Аялдардын жаңычылдыгы диний чектөөлөргө же социалдык стереотиптерге карабастан жогорулагандыгы өзгөчө көрүнүшкө айланган [189].

Көпчүлүк учурларда, аялдар рынок экономикасынын «челнок бизнесинин» жаңы кесибин өздөштүрүшүп, айрым эркектерге караганда кыйла ыкчам жана демилгелүү болуп чыгышкан. XX кылымдын 1990-жылдары көптөгөн постсоветтик республикаларында «челнок бизнеси» феномени массалык мүнөзгө ээ болгон [245.415]. Жакырчылыктан чыгуунун айласын издеген аялдар өмүрүн тобокелге салып, бизнеске эч кандай даярдыгы жок туруп, челнок болууга аргасыз болушкан. Завод-фабрикалар иштебей токтоп калганына байланыштуу, анда иштеген адамдар бир нече айлап айлык маянасыз калышып, көчөгө ашык буюмдарын сатып, ага азык-түлүк алууну көздөшкөн. Ушундай шартта «Дордой» базары аргасыздан соода менен алектенген адамдарга соода кылууга мүмкүнчүлүк түзгөн. Талдоолор көрсөткөндөй, биз карап жаткан жылдары челнок болууга салыштырмалуу жогорку билимдүү, мурунку жашоосунда билим берүү жаатында, өндүрүштө иштеген, илим менен алектеген адамдар аттанышкан [243]. Бул процесстин тескери жагы болуп, соода-сатык иштерин жогорку билимдүү аялдар жүргүзүшкөн. Аялдардын бул жаңы ишмердүүлүккө тартылышы коомдо калыптанган «кийим-аялдардын иши» деген түшүнүккө байланыштуу болгон. Үй-бүлөнү сактоо, балдардын келечегине кам көрүү сыяктуу аялзатына мүнөздүү кулк мүнөз рыноктун бардык кыйынчылыктарына туруштук берүүгө жардам берген [60.16]. Кыргызстандык челнок аялдар өздөрүнүн демилгеси менен 1990-жылдардагы каатчылыктан өлкөнүн экономикасын сактап калууга чоң салым кошту десек болот.

«Челнок» ишкердиги калкты товар менен гана камсыздап турбастан, жумушсуздукту жоюуга да жардам берген. Аны менен бирге бул бизнеске түз жана кыйыр аралашкан адамдар киреше таап, үй-бүлөсүнүн материалдык маселелерин чечкен. Статистикалык, социологиялык материалдар жана жөнөкөй эле эмпирикалык байкоолор көрсөткөндөй, самолет, автобус, троллейбус, поезддерде, көчөлөрдө, базарларда оор-оор жүктөрдү, сумкаларды көтөрүп коммерция кылып жүргөндөрдүн дээрлик бардыгы аялдар болгон [114.169]. Социологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча респондент аялдар челнок ишмердигин жакырчылыктан чыгуунун бир жолу катары эсептешкен. Аялдардын көбү өз ишинин оор экендигин билдиришкен. Мындай ишкердүүлүк аркылуу жакырчылыктан чыгып жаткан, а түгүл байып кеткен айрым үй бүлөлөр болгон. Ошондуктан «челнок бизнесин» аны жаңы шарттагы чакан бизнестин пионери деп атоого болот [103.98]. Челнок аялдар Кытайдын, Польшанын, Турциянын дүң базарларынан товарларды сатып алышып, жергиликтүү базарларда чекене баада сатышкан. Челноктор өз алдынча товарларды транспорттун бардык түрлөрү (темир жол, автомобиль, суу жолу, авиа жолдору) аркылуу жүктөп жеткиришкен. Көпчүлүк учурда товар катары жеңил өнөр жай өнүмдөрү, идиш аяк, үйгө керектелүүчү техникалар ж.б. эсептелген.

«Аялдарга жардам борбору» мамлекеттик эмес уюмдун президенти Р.Т.Айтматовага Екатеринбургга каттаган «челнокчу» аялдар «бул шаарда жайында 10 миңдей кыргызстандыктар бизнес кылышарын, анын 80% – аялдар түзүп, рэкет, бажы, жергиликтүү милиция каалаган убагында базарга келип, аялдарды машиналарга түртүп салып, тепкилеп урган, штраф салып же КПЗга камашкан учурлары көп болоорун айтышкан. Алар өздөрүн мигрант же качкын экендигин, өз укуктарын билбегендигин да ачык айтышкан. Челнок аялдардын ичинен банкрот болгон жапжаш келиндер өзүн-өзү өлтүрүп да жатышат, же катуу оорудан да кайтыш болуп кетишет, себеби ал жерде катталбаган соң, врачтар да карабайт. Биз чарчадык, жардам бергиле. Бул ишти таштайлы дейбиз, бирок үй бүлөнү кантип багабыз?» -деп даттанышкан [114.162].

Рынок экономикасынын шарттарында үй-бүлөдө, коомчулукта, жумушта аялдардын ролу өзгөрдү. Рынок реформалары эркектердин салттуу түрдө үй-бүлөсүн материалдык жактан камсыз кылуу милдетин аткара албай калышына алып келип, айрым үй-бүлөлөрдө бул ролду аялдар аткара баштаган. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө негизги «табарман» аялдар болушуп, алардын эмгеги менен үй-бүлө жан сактоого өткөн [126.193]. Экономиканын жаңы шарттарына ыңгайлашуу жана өзгөрүү эркектер үчүн кыйынга туруп, натыйжада, үй-бүлөдөгү негизги орунду аялдарга өткөрүп берүүгө мажбур болушкан.

Челноктор республиканын жана жалпы эле аймактын өнүгүшү үчүн чоң салым кошушкан. Алардын эмгегинин аркасында Кыргызстанда «Дордой» соода дүң комплекси түзүлүп, кыска мөөнөт ичинде соода жана лингвистикалык хабга айланып, Кытайдан КМШ өлкөлөрүнө, Азия менен Европага товарларды экспорттоо жана ташып келүү борборуна айланган. «Дордой» 1991-жылы Орто Азия өлкөлөрүнө (негизинен Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан) жана Россиянын азиялык бөлүгүнө (Сибирь жана Ыраакы Чыгыш) Кытайдан келген товарларды кайра жүктөөнүн негизги базасы катары түзүлгөн. «Дордой» 100 га жакын аянтты ээлеп, ичинде 40 миң соода орундары иштейт. Алгач ачылган күндөрүнөн тарта «Дордой» базары СССР тарагандан кийинки актуалдуу болгон калкты жумуш менен камсыз кылуу маселесин чечүүчү борборлордун бирине айланган. Бул соода борборунда 55 миң чукул адам эмгектенип, ага кошумча 100 -150 миңдей киши кыйыр жумуш менен алектенген [186].

Дүйнөлүк Банктын 2009-жылдагы маалыматтары боюнча, «Дордой» базары 30 миң контейнерлерден туруп, 130 миңден ашык адам түздөн-түз жана кыйыр иштеген. Болжолдуу жылдык жүгүртүүсү 3 миллиард АКШ долларын түзгөн «Дордой» бул жөн гана базар эмес, өлкөнүн экономикасындагы маанилүү тамыр болуп калган [178]. 2008-жылы Дүйнөлүк Банк «Дордой» базарын, жылдык акча жүгүртүлүшүн, кирешесин, чыгашаларын изилдеп чыккан. Изилдөөнүн натыйжасында, бул базар дүйнөдөгү ТОП-10 ири базарлардын катарына киргизилген [187]. 2013-жылы мамлекеттин казынасына «Дордой» базарындагы патент менен жылына төлөнгөн 360 миллион сом, Кытайдан бул

базарга алынып келинген товардын бажы салыгынан тушкөн 3 миллиард 900 миллион сом, бардыгы 4,5 миллиард сомго чукул каражат түшкөн. «Дордой» базары аркылуу жумуш менен камсыз болгондордун саны 1 миллион адамга жакын [124.6]. 2014-жылы Forbes журналы дагы Орто Азиядагы ири «Дордой» соода-рынок комплексин дүйнөдөгү 10 чоң базарлардын катарына киргизген [244]. Ошондой эле, «Дордой» республиканын ички дүң продукциясынын 30% жакынын түзгөн жеңил өнөр жайдын калыптанышына жана өнүгүшүнө негизги пайдубал түзүп берген [60.20]. «Дордой» базары – бизнестин устаканасы, мектеби, баюунун булагы жана базар мамилелерин калыптандыруунун лабораториясы болуп калган [17.174]. «Дордой» базарына түшүүчү товарларды бажы аркылуу өткөрүү менен 4 миллиард сом, ал эми ишкерлер мамлекеттик казынага 700 миллион сом салык төгүү менен бюджетке киреше киргизген. Жалпысынан Кыргызстан үчүн «Дордойдон» түшкөн киреше 5 миллиард сомго жакын сумманы түзгөн. Кумтөр кенин иштетүү боюнча «Кумтөр оперейтинг компани» ЖАК жана «Кумтөр голд компани» өлкөнүн ири ишканаларынан түшкөн каражаттар 6 миллиард сомдон бир аз азыраак түшөрү белгиленген [14].

Жогорудагы фактыларга таянып, бүгүнкү күндөгү ийгиликтүү фирмалардын жана компаниялардын көпчүлүгүн БАдагы эң ири соода дүң базар комплексинен чыккан «челнок соодагерлери» түптөшкөн десек болот [187]. «Дордой» базарынын калыптанып, өнүгүсүүндө аялдар чоң салым кошкон, себеби базар жаңы ачылганда анда иштегендердин 99% аялдар түзгөн. Ал эми азыркы учурда «Дордой» базарында иштегендердин 85% ар кайсы аймактардан келген аялдар түзөт [60.18].

Экономисттер челнокторду үч топко бөлүшөт: 1) чакан майда челноктор адатта 2 миңден 4 миң доллары менен чет өлкөгө чыгат. Негизи ал өзү базарда туруп, товарларын сатышкандар. 2) орто челноктор чет өлкөгө ири сумма (10миң долларга чейин) менен чыккандар. Булар жүктүн бир бөлүгүн гана өзү менен чогуу ташып, калган негизги жүктү ташуучу компания (жүк ташуучу) менен жөнөтүшкөн. Алардын адатта базарларда товар саткан жана сатуунун пайызы менен иштеген кызматкерлери болуп, дүкөндөргө сатуу үчүн товарларын

тапшыра алат. 3) ири челноктор чет өлкөлүк товар жеткирүүчүлөр менен туруктуу байланышта иштешип, үлгүлөргө ылайык товарларга буйрутма беришип, төлөмдөрдү банктар аркылуу жүргүзгөндүктөн, жанына ири суммадагы накталай акча алып жүргөн эмес. Бардык буюртулган товарлар жүк ташуучу компаниялар менен жөнөтүлгөн. Бул челноктор эреже катары өздөрү соода жүргүзүшпөй, өздөрү бир нече жеке соода түйүндөрүн түзүшкөн [201.393].

Рынок экономикасынын шартында Кыргызстанда жеңил өнөр жайы да өзгөрүүлөргө дуушар болду. Совет мезгилинде Кыргызстандын тигүү өнөр жайы, жалпысынан эле жеңил өнөр жай тармагы Советтер союзу боюнча эң мыкты тармактардын бири болгону белгилүү. Алсак, Кыргызстандын жеңил өнөр жай министрлиги өзүнчө болуп, аны менен бирге агроөнөр жай комплекси чогуу жылына 40 миң тоннадан ашык пахта продукциясын өндүрүп турган. Республиканын түштүк аймактарында пахта эгилип, мол түшүм жыйналып келген. Андан соң сырьену Камволдук-кездеме комбинаты, Ош-Касиет, ВЛКСМ, Октябрдын 40-жылдыгы, 1-Май фабрикалары сыяктуу кайра иштетүүчү фабрикалар жана заводдор кайра иштетип чыгарышкан. Ошентип, өлкөдө жогорку сапаттагы продукциялар: жиптер, материалдар, кийим-кечелер чыгарылып турган. Тилекке каршы, СССР кулаган соң бул тармак да кыйроого учураган. Мурунку завод менен фабрикалар жабылган, анда эмгектенгендердин басымдуу көпчүлүгүн түзгөн жумушчу аялдар ишсиз калышкан.

Рынок экономикасы республиканын тигүү тармагынын кайрадан жаралышына, анын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзгөн. Эгемендүүлүктүн жылдарында Кыргызстандын тигүү тармагы динамикалуу өнүгүп, КМШ өлкөлөрүнүн рыногунда чоң суроо-талапка ээ болгон. Кыргыз тигүү тармагы Россиянын өндүрүүчүлөрүнүн түз атаандашы болууга жетишкен. Каралып жаткан мезгилде Кыргызстандын тигүү тармагы Туркия, Кытай, Италия, Германия сыяктуу өлкөлөрдөн кийинки бешинчи орунга чыккан [210].

Текстиль өндүрүшү Кыргызстандын аймагы боюнча салыштырмалуу бирдей бөлүштүрүлгөн. Бишкек шаарында 29%, Жалал-Абад облусунда 28,5%, Чүй облусунда 23%, Ош облусунда 17% топтолуп, жалпы продукциянын 97%

түзүшкөн [211]. 1990-жылдардын аягы жана 2000-жылдардын башында өлкөнүн тигүүчүлөрү акырындык менен бул тармакты калыбына келтирип, тигүү машиналарын Казахстандан, Өзбекстандан сатып алышып, иштей башташкан. 2014-жылкы маалымат боюнча, Кыргызстандын текстиль өнөр жайы 5% - 15% чейин өлкөнүн ИДПсына болжолдуу салымын кошуп, көмүскө сектордун үлүшү жогору экендиги белгиленген [88].

2.1-таблица -ИДПнын орточо жылдык өсүшүнө өнөр жайдын салымы (%) менен

| | 2001-2004 | 2005-2009 | 2010-2014 |
|---|---|---|---|
| айыл чарба, мергенчилик жана токой чарба, балык чарба | 1,5 | 0,3 | 0,1 |
| өнөр жай | 0,5 | 0,6 | 0,8 |
| курулуш | 0,1 | 0,7 | 0,6 |
| соода, мейманканалар, ресторандар | 1,8 | 1,9 | 1,1 |
| транспорт жана байланыш | 0,3 | 1,4 | 0,7 |
| кызматтар | 0,3 | 0,3 | 0,2 |
| азык-түлүккө салыктар | 0,4 | 0,6 | 0,5 |
| жалпы ИДП | 4,8 | 4,6 | 4,0 |

Көрсөтүлгөн таблица боюнча, 2001-жылдан 2014-жылдын аралыгында Кыргызстандын ИДПнын орточо жылдык өсүшүнө өнөр жай тармагы алгылыктуу салым кошкону көрүнүп турат. Өнөр жайдын кызмат көрсөтүү көлөмүн көбөйтүүнүн негизинде 2010, 2011 жана 2013-жылдары улуттук байлыкка көп салым кошулган. Кыргызстандын экспортунун үчтөн биринен ашыгы Кумтөрдө казылып алынган алтынга туура келип, өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмүнүн жарымына жакынын түзгөн.

2005-жылы Кыргызстандын жеңил өнөр жай ишканаларынын ассоциациясы пайда болуп, башкы милдети республиканын бардык ишканаларын жана тигүүчүлөрүн бириктирүү, көмүскө экономикадан чыгуу жана экспортко көңүл буруу болгон [249]. Жеңил өнөр жайы көлөмү, мультипликативдик эффектиси, ошондой эле социалдык маселелерди чечүүдө мааниси боюнча Кыргызстандын экономикасынын алдыңкы тармактарынын бири болуп калды. Өлкөнүн жеңил өнөр жайында «текстиль өндүрүшү», «кийим жана булгаары, булгаары буюмдарын өндүрүү», ошондой эле «бут кийим өндүрүшү» менен өнүккөн. Изилдөөлөр жеңил өнөр жайдын 80% тигүү тармагы түзөөрүн көрсөткөн. Тактап айтканда, 2019-жылы жеңил өнөр жайы боюнча өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүнүн 1491,9 миллион сомун (18% ) текстиль өндүрүшү, 6502,6 миллион сомду (79%) кийим, булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдарды иштетүү, 264,7 миллион сомду (3%) бут кийим өндүрүшү түзгөн [211].

Тигүү тармагы азыркы убакта өлкөнүн экономикасын түзүүчү жана иш жүзүндө алтындан кийинки эле Кыргызстандын 100% экспорттоочу сектору болуп саналат. Ошондой эле бул тармак маанилүү социалдык мааниге ээ болуп, жумушчу орундарын түзүп, калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечип келген. Тигүү тармагында 200 миңге жакын адам иштеп, жума сайын айлык акы алышат [250]. Бул тармакта эмгектенгендердин дээрлик бардыгы кыздар менен аялдардан турат.

2019-жылы «Россиянын тышкы соодасы» сайтынын маалыматы боюнча, «кийим-кече жана ага керектүү трикотаж, машина менен же колго токулган буюмдар» тобундагы Россиянын импортунун түзүмүндө Кыргызстан 0,8% үлүшү менен 15-орунда турган. Кытай 32% үлүшү менен негизги соода өнөктөшү болгон. Анын артынан эле 13% үлүшү менен Бангладеш турган. Өзбекстан 7% үлүш менен бешинчи орунду ээлесе, Беларусь 4% үлүш менен алтынчы орунду, Армения 1% үлүшү менен 14-орунду ээлеген [175]. 2019-жылы «кийим-кеченин трикотаждан тышкары буюмдары» тобундагы Россияга импорттоо түзүмүндө Кыргызстан 0,5% үлүшү менен 21-орунду ээлеген. Ушул эле жылы Кытай 39%

үлүшү менен ири өнөктөшү болуп, андан соң Бангладеш 4% үлүшү менен 6-орунда, Армения 1% үлүш менен 15-орунда жана Узбекстан 0,4% үлүш менен 23-орунда турган [175]. 2019-жылы «даяр текстиль буюмдары, топтомдору» боюнча Россиянын импорт түзүмүндө Кыргызстан 0,07% бир аз үлүштү ээлеген. Бул категориядагы товарларды берүүчүлөрдүн арасынан Кытай 40% үлүшү менен биринчи сапты салттуу түрдө ээлеген. Экинчи орунда Беларусь 8% үлүшү менен, Өзбекстан 4% үлүшү менен 4-орунда, Армения 0,2% үлүшү менен 35-орунда турган [175].

2020-жылга карата жеңил өнөр жай ишканаларынын ассоциациянын 7 миңден ашуун ишканалары бар. УСКнин маалыматы боюнча, акыркы 15 жыл ичинде тигүү тармагы 150 миңге жакын адамды, негизинен аялдарды жумуш менен камсыз кылган. 2012-жылга чейин тигүү тармагынын өнүгүшү жыл сайын 160% өсүп, андан түшкөн каражат жылына болжол менен 8 миллиард сомду түзгөн [249].

Ошентип, рыноктун конъюктурасы бизнес менен алектенген аялдардын көбөйүшүн шарттаган. Рынок экономикасы аялдардын жигердүүлүгүнө түрткү боло турган шарттарды жаратты. Ишкер аялдар өз бизнесин ачууга жана жүргүзүүгө, чет элдик уюмдар менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Рынок экономикасы аялдардын чыгармачыл потенциалын жүзөгө ашырууга ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Кыйынчылыктар аларды чыйралтып, чыдамдуу жана кайраттуу кылган.

2018-жылы Кыргызстандын тигүү жана текстиль буюмдарына тиешелүү товарлардын экспорту 150 миллион АКШ долларынан бир аз ашкан. COVID-19 пандемиясы учурунда товарларды экспорттоо дээрлик бир жарым эсеге кыскарганы байкалган [211]. COVID-19 пандемиясы тигүү тармагы үчүн эң оор тоскоолдук түзгөн. Карантин учурунда Бишкек шаарында 1000 жакын тигүү ишканаларынын ичинен болгону 15-17 гана цех иштеген [250]. Негизинен ишканалар ЕАЭБнин рыногу үчүн иштеп, ал эми чийки зат Кытайдан келгендиктен, бул өлкөлөрдөгү пандемия кырдаалы жана валюталардын

девальвациясы өлкөнүн экономикасынын приоритеттүү тармактарынын бирин иш жүзүндө кризиске учураткан.

Биз жогоруда белгилегендей, COVID-19 пандемиясы Кыргызстандын социалдык-экономикалык турмушуна тескери таасирин тийгизди. 2020-жылдын башында экономикалык өсүү чукул токтогон. Суроо-талап жана сунуштун төмөндөшүнөн улам, соода басаңдаган. Керектөө менен инвестициялардын деңгээли кескин төмөндөгөн. Кризис аялдарга, мигранттарга, формалдуу эмес сектордо жана айыл чарбасында эмгектенген адамдарга потенциалдуу таасирин тийгизип, социалдык теңсиздик күч ала баштаган.

COVID-19 пандемиясынын негизинде дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда да азык-түлүккө болгон баа кескин түрдө көтөрүлгөн. 2020-жылы карантин убагында көпчүлүк өлкөлөр чек араларын жаап, жүргүнчүлөрдү жана жүк ташуу токтотулган. Кыргызстан импортко көз каранды өлкө болгондуктан, керектүү азык-түлүктөрдүн тартыштыгы жаралып, баалардын өсүшүнө алып келген. Республикада 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча, азык-түлүк жана суусундуктарга болгон баанын өсүшү 18%, ал эми 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча 13% түзгөн [246]. Албетте, азык-түлүктүн баасынын жогорулашы дүйнөдөгү мунайдын баасы менен түздүн-түз байланышта экени баарына маалым. «The Daily Squib» газетасына АКШнын мурдагы мамлекеттик катчысы, АКШнын улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси Генри Киссинджер:«Мунайды көзөмөлдөсөң - мамлекеттерди көзөмөлдүйсүң; тамак-ашты көзөмөлдөсөң - адамдарды көзөмөлдөйсүң» деп билдирүү жасаган [158]. Дүйнө жүзүндө мунайдын баасынын өзгөрүшү Кыргызстандагы бул стратегиялык маанидеги продуктыга болгон баанын өсүшүнө алып келген. 2021-жылы АИ-92 1 литри 39,35 сомдон 56,84 сомго, ал эми ДТ 36,76 сомдон 51,42 сомго чейин көтөрүлгөн [198]. Азыркы учурда мунай экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму эсептелген ОПЕК дүйнөлүк мунай соодасынын жарымына жакынын көзөмөлдөп, дүйнөлүк баалардын деңгээлине олуттуу таасир этет [199]. 2020-жылдын мартына карата ОПЕКтин курамына 13 мамлекет кирген: Алжир, Ангола, Венесуела, Габон, Ирак, Иран, Конго, Кувейт, Ливия, БАЭ, Сауд

Аравиясы, Экватордук Гвинея. ОПЕКке мүчө өлкөлөр дүйнөдөгү мунай запастарынын 2/3 бөлүгүн көзөмөлдөйт. ОПЕКке кирген өлкөлөрдүн мунай запастары соңку учурда 1199,71 миллиард баррелди түзгөн [224]. ОПЕК өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн артында туруп, жашыруун иш алып баруучу мамлекет аралык трансулуттук компания болгондуктан, өлкөдөгү мунай баасына да олуттуу таасирин тийгизип келет. Мунай мамлекеттин экономикасында чечүүчү факторлордун бири болуп саналат. Мисалы, 2008-жылы дүйнөлүк кризистин фонунда 1 литр бензин 17-18 сомго түшүп, кыргыз ишкерлери, жалпы эле жеке сектор бир топ киреше көрүшкөн. Бирок, тилекке каршы бул ондой берди кырдаалды кыргыз мамлекети улуттук кызыкчылыктын багытында пайдалана алган эмес [17.189].

Товар баасынын жогорулашына АКШ долларынын курсунун өсүшү да түздөн-түз таасир эткен. Мисалы, 2020-жылдын 1-январында АКШ долларынын расмий курсу 69,5 сомду түзсө, ушул эле жылдын апрелинде 84 сомго көтөрүлгөн [246]. Ошону менен бирге, элдин кирешеси жогорулаган эмес. 2020-жылдын декабрында орточо айлык акы 13,5%, ал эми 2021-жылдын декабрында 9,7% көтөрүлгөн [246].

2021-жылы COVID-19 пандемиясында калктын миллион кишисине туура келген өлүмдүн саны боюнча, аймак боюнча Кыргызстан гана (42-орун) өзгөчө жабыр тарткан дүйнөнүн 50 өлкөсүнүн ичине кирген; андан кийин Казахстан (61-орун), Ооганстан (86-орун) жана Өзбекстан (109-орун) (ECDC, 2020) [101]. 2021-жылы ДСУнун башкы директорунун орун басары Самира Асма Женевадагы брифингде консервативдик эсептөөлөр боюнча, COVID-19 тумоосунан каза болгондордун саны 6 миллиондон 8 миллионго чейин жеткен деп билдирүү жасаган [248]. Статистика боюнча БА өлкөлөрүндө коронавирустан каза болгондордун саны 2 жыл арасында 53 миңге жеткен. Кыргызстан боюнча 2020-жылы коронавирустан каза болгондордун саны 941 болсо, 2021-жылдын декабрына карата 2192 жетип, Орто Азия республикаларынын ичинен экинчи орунга чыккан [174]. Негизинен COVID-19 пандемиясынын хронологиясы Рокфеллер Фондунун жана бизнестин Глобалдык тармактарынын 2010-жылы

«Келечектеги технологиялар жана эл аралык өнүгүүлөрдүн сценарийи» аттуу жарыкка чыккан докладында жазылганы белгилүү [257]. 2015-жылы эле Nature Medicine журналы Американын Чапел-Хиллдеги Түндүк Каролина Университетинде иштеген 13 микробиологдун жана Ухань вирусология институтунун атайын патогендер жана биокоопсуздук боюнча алдыңкы лабораториясынын 2 кызматкери тарабынан адамдарга жуктурууга жөндөмдүү жарганаттардын коронавирусунун гибриддик формасын түзүү боюнча лабораториялык эксперименти ийгиликтүү аятаганы тууралу жазган [254]. Демек, COVID-19 вирусун алдын ала түзүлгөн биологиялык курал деп эсептөөгө болот.

Карантин жана обочолонуу режими дүйнө калкынын дээрлик 50% таасирин тийгизген (болжол менен 3,9 млрд адам). Коомдук чектөө чараларынын катуу сакталышы ай сайын ИДПнын 2% төмөндөткөн. 2020-жылы дүйнөлүк экономика 2% төмөндөгөн. Экономиканын аярлуу тармактарында өндүрүштүн төмөндөшү 40%-90% чейин жеткен [165]. Орто Азия өлкөлөрү тышкы соодадан көз каранды болгондуктан, алардын жакынкы келечеги дүйнөлүк тенденцияларга байланыштуу. Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү боюнча уюм (ЭКӨУ) дүйнөлүк ИДП 2020-жылы 4,5% төмөндөйт деп болжолдогон. Кытайды кошпогондо, «G20» тобуна кирген бардык өлкөлөрдүн экономикасы кыскарган. Кээ бир жабыр тарткан өлкөлөрдө ИДПнын кыскарышы 10% жеткен. Дүйнө жүзү боюнча 90 млн жакын адам жакыр жашап, жылдык өсүү темпинин 14% түзгөн. Ал эми 2021-жылдын аягында, дүйнөлүк ИДП болжолдуу түрдө 2019-жылдын аягындагы деңгээлге жакындайт деп болжолдонгон. Кыргызстандын ИДПнын дээрлик үчтөн бир бөлүгү акча которуулардан турат. 2020-жылдын апрель айында РФ катуу изоляция чараларын колдоно баштаганда, акча которуулардын көлөмү 62% кыскарган (Кыргызстандын Улуттук банкы, 2020) [101]. Дүйнөлүк банктын божомолуна ылайык, 2020-жылы Европа жана Орто Азияда жашаган 2,4 миллион адамдын ичинен 58% жакырчылыктын чегинен төмөн түшөөрү белгиленген. Алардын теңинен көбү, болжол менен 1,4 миллион адам Орто Азияда жашайт (Дүйнөлүк банк, 2020). Жумушчу

орундарынын үчтөн экисин тейлөө тармагы түзгөн Кыргызстан сыяктуу өлкөдө изоляциялоо чаралары жана чекене товарларды керектөөнүн кыскарышы эмгек рыногуна олуттуу кесепеттерге алып келген (ILO, 2020) [101].

Аялдар COVID-19 байланыштуу социалдык-экономикалык жактан көп кыйынчылыктарга учураган. Аялдар көп иштеген ишканалар (текстиль, мейманкана жана коомдук тамактануу жайлары) кризистен өзгөчө жабыркашкан. Бала бакчалардын көбү жабылган. Пандемия шартында, аялдар арасында жумуштан кыскаруу көбөйгөн. Мисалы, Казакстанда аялдардын 26% жана эркектердин 22% жумушсуз калышкан. Аялдар жетектеген ишканалар кризистен көбүрөөк жабыр тарта тургандыгын бир нече улуттук изилдөөлөр аныкташкан. Мисалы, Ооганстанда бизнести токтоткон ишкерлердин ичинде эркектерге карганда, аялдар көп болгон. Ал эми Кыргызстанда эркектер жетектеген ишканаларга (61%) караганда, аялдар жетектеген ишканалар (72%) кредит төлөй албай кыйналышкан. Кыргызстанда жана Казахстанда үй жумуштарынын көлөмүнүн өсүшүн аялдардын 80% жана эркектердин 5% гана белгилеген. Ошондой эле акча которуулардын азайышы өзгөчө аялдарга көбүрөөк таасирин тийгизген. Кыргызстанда акча которуулардын азайганын аялдардын 88% жана эркектердин 47% гана билдиришкен. Булактар: (Джулиано, 2020 [209]; БУУ, 2020 [171]; ЮНИДО, 2020 [89]; АӨБ жана ПРООН, 2020) [101].

Карантиндик чаралар электрондук сооданы, дистанттык билим берүүнү, үйдөн иштөө үчүн жабдууларга суроо-талаптын кескин өсүшүн жараткан. Натыйжада, чоң маалыматтар менен иштеген суперкомпьютер жана жасалма интеллект системаларды, энергияны үнөмдөөчү нанотехнологияларды өнүктүрүүгө шарт түзгөн.

**Аталган параграфта төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот:**

- Массалык менчиктештирүү процесси Кыргызстанда өтө тез жүрүп, көпчүлүк социалдык объектилер, жергиликтүү завод-фабрикалардын жабдууларынын көпчүлүгү башка өлкөлөргө арзан баада сатылып кеткен. Натыйжада, ири завод фабрикаларда иштешкен жумушчулар, алардын ичинде аялдар да жумушсуз

калышкан. Ошондой эле массалык менчиктештирүүнүн натыйжасында «жаңы социалдык статусту» жакшы өздөштүргөн «номенклатуралык менчик ээси» деп эсептелинген жаңы аялдар тобу пайда болгон;

- Жаңы рыноктук түзүлүштү ыкчам өздөштүргөн жигердүү иш жүргүзгөн «ишкер аялдардын» жаңы катмары түзүлгөн. Рынок экономикасынын шарты катары мамлекеттер ортосундагы чек аралар ачылып, чет мамлекетке бөгөтсүз каттоо мүмкүнчүлүгү пайда болуп, арзан баадагы товарлар «челноктор» тарабынан ташылып келе баштаган. «Челноктор» өткөөл мезгилде өлкөнүн экономикасын сактап калууга зор салымын кошкон. Жергиликтүү калкты товар менен камсыздап, жумушсуздукту жоюуга көмөктөшкөн;
- Өнөр жайдын кризиси цехтерди жана тигүү тармагын жараткан. Тигүү тармагы аялдарды жумушчу орун менен камсыз кылып, тигүүчүлүк каражат табуунун булагына айланган. Рынок экономикасы активдүү «жигердүү ишкер», «менчик ээлери», «тигүүчүлөр же цех ээлери» аялдар топторун жараткан.

### 3.2. Айыл чарбанын деградациясынын аялдарга тийгизген таасири

1980-жылдардын аягында колхоз, совхоздук түзүлүштүн мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болуп, көпчүлүгү өзүн сактап калуу шартында күн көрүп калышкан деп эсептеле баштаган. Мамлекетке алардын карызы жыл сайын өсүп турган. Бул мезгилге карата республиканын 122 чарбасы чыгашалуу, мамлекетке карыз деп саналган [110.123]. Айыл чарбанын өнүгүүсүн рынок экономикасынын шартына ыңгайлаштыруу үчүн Кыргызстанда 1991-жылы агрардык жер реформасы жүргүзүлө баштаган. КРнын Жогорку Советинин 1992- жылдын 27-мартындагы №106 токтомуна ылайык, 1992-жылы КРнын экономика жана финансы министрлиги КРнын Өкмөтүнүн «айыл чарба экономикасын турукташтыруу боюнча кечиктирилгис чаралары жөнүндө» токтомунун долбоорун иштеп чыккан. Токтомдун долбооруна ылайык КРнын айыл чарба министрлиги мамлекеттик мүлк фонду менен бирдикте кайра иштетүүчү ишканаларды акционерлештирүү жолу аркылуу колхоздордун, совхозовдордун, дыйкан, фермердик чарбалардын жана өндүрүштүк кооперативдердин каражаттарын

кеңири тартуу менен менчиктештирүүнү жүргүзүү [9.47-56]. Жаңы агрардык саясат боюнча, биринчи кезекте колхоздордун, совхоздордун, фермердик жана арендалык чарбалардын, айыл чарба кооперативдик бирикмелердин бир эле мезгилде бирдей иштөө мүмкүнчүлүгүн түзүү, өткөөл мезгилдеги мамлекеттин тамекиге, пахтага, этке, жүнгө, жашылча жемиштерге болгон монополиясын сактоо, айыл жергесинде майда бизнестин жана ишкердиктин түрлөрүн ар тараптуу колдоп жана бардык жерде өнүктүрүү каралган.

Эгемендиктин шартында республиканын экономикасынын негизин түзгөн айыл чарбасын өнүктүрмөйүн, өлкө эффективдүү өнүгө албайт. Себеби, Кыргызстандын калкынын 60% айыл жергесинде жашашат. Ошондуктан, Кыргызстандын келечеги айыл чарбасынын өнүгүшүнөн көз каранды. Айыл чарба Кыргызстандын экономикасынын артыкчылыктуу тармагы болуп саналып, ички дүң продукциянын 35% өндүрүлгөн. Өлкө калкынын 60% айыл тургундары түзүшөт [110.122]. Кыргызстан үчүн айыл чарба тармагы жалаң эле экономикалык эмес, ошондой эле саясий жана социалдык мааниге да ээ.

Эгемен Кыргызстандын жалпы жер аянты 19,6 миллион гектарды түзүп, анын ичинен 10,6 миллион гектарга же 55,8% дыйканчылыкка ылайыктуу, 44,2% ылайыксыз жерлер. Ылайыктуу жерлердин ичинен 12,3% айдоо аянттарына пайдаланылат, 0,1% дың жерлерге туура келет, 0,4% көп жылдык өсүмдүктөр үчүн, 1,7% чөп чабындылар үчүн, табигый жайыттар 85,6% түзүшөт [84.554]. Айыл чарбасынын дыйканчылык тармагы оор абалда калган. Дан жана тоют өсүмдүктөрүн себүү 21-23% төмөндөгөн. 1993-жылга караганда 1994-жылы эгин жыйноо 35%, жалпы айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң жыйымы 20% төмөн түшкөн [84.556].

1993-жылдын аягында 172 колхоздор жана совхоздор кайра уюшулуп, алардын ордуна 17,5 миң дыйкан чарбалары, 197 кооперативдер, 120 кичи ишканалар, 119 ассоциациялар жана 9 акционердик коомдор айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмүнүн 52% өндүрүшкөн [110.126]. 1995-жылдын 1-январына карата республикада 21,1 миң дыйкан чарбалары болгон [118]. Жакынкы эле 1990-жылы кой жана жүн өндүрүүнүн саны боюнча республика

СССРде РСФСР жана Казакстандан кийин эле үчүнчү орунду ээлесе, ал эми жүндү кыркуу боюнча биринчи орунда турган.

Кыргызстанда 1991-1998-жылдары жүргүзүлгөн агрардык жер реформаларынын негизинде 515 колхоз, совхоз түзүлүштөрүн түп тамырынан бери реформалоо жүргүзүлүп, алардын негизинде 54,5 миң өз алдынча чарбалар, 367 айыл чарба кооперативдери, 318 коллективдик дыйкан чарбалары, 47 акционердик коомдор жана 8 агрофирма түзүлгөн [84.556]. Айрым чарбалар кыска мөөнөттө рынок экономикасынын шарттарына ыңгайлашып, өндүрүштү ыкка салып, киреше таба башташкан. Бирок жерге ээ болгон дыйкандардын көпчүлүгү аны иштете турган техникасынын, үрөөнүнүн жоктугуна байланыштуу, агротехникалык эрежелерди сактоо ыкмаларын билбегендиктен, билимдин жетишсиздигинен, оор экономикалык жагдайга туш болушкан.

Пайда болуп келаткан «үчүнчү тапты» колдоо иретинде АКШ жана Канада банктарынын катышуусу менен Дыйкан банкы ачылган. Улуттук жер фонду, Агробиржа жана «Кыргызагробизнес» корпорациясы түзүлгөн [110.126]. Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүүгө багытталган программа болгон АПЕАК иш жүзүндө колхоз-совхоздордун талкаланышына себеп болгон. АПЕАК программасы 1995-жылы ишке кирген. Дүйнөлүк банк бул программаны өлкөдө ишке ашыруу үчүн 41,8 миллион АКШ долларын, АӨБ 1996-жылы 19,3 миллион АКШ доллар акча каражатын бөлгөн. АПЕАК программасынын ишке кириши менен Кыргызстанда 576 колхоз-совхоз жоюлуп, алардын ордуна жеке менчикке негизделген 300 миң фермердик чарбалар пайда болгон. Мурда мамлекетке таандык болгон мал жандыктардан тартып, айдоо аянттарына чейин менчикке чыгарылган. Мурунку колхоз-совхоздорго таандык айыл чарба техникаларын, шаймандарын, имараттарды ошол кездеги активдер, колунда акчасы барлар арзыбаган баага оңой эле сатып алып коюшкан. Канчалаган МТСтер, асыл тукум мал заводдору, үрөнчүлүк заводдору да кыска убакыттын ичинде таланып-тонолуп, арзан баага сатылып жок болгон. Ал эми айдоо аянттарынын болгону 25% гана мамлекеттин колунда калган [75.85].

Айыл жергесинде чарба жүргүзүүнүн фермерчилик, кооперативдер, арендалык мамилелер өңдөнгөн түрлөрү тездик менен өздөштүрүлө баштаган. 1991-жылы статистика боюнча, жеке секторуна республиканын айдоо аянттарынын 4,5% гана туура келсе дагы, жүндүн 25%, сүттүн, картофелдин, жумуртканын, жашылчанын 35%, эттин 40% жана жемиштердин 75% берген [110.123].

Менчиктештирүүнүн натыйжасында, 1992-жылдан баштап Кыргызстанда койдун саны кескин кыскара баштаган. Мисалы, УСКнин маалыматы боюнча 1994-жылдын 1-январына карата ар түрдүү менчик чарбаларында 7,5 миллион, ал эми 1995-жылдын 1-январына карата 4,0-4,5 миллион гана кой калган [136]. Салыштыруу катары совет доорун карасак, 1915-жылы 2,5 миллион, 1950-жылы 4,5 миллион, 1960-жылы 6 миллион, ал эми 1975-жылдан бери 10 миллиондон ашканы белгилүү [119]. АПЕАК аркылуу айыл чарба секторун менчиктештирүүдөгү баалардын дисбалансын чечүү үчүн 75 миллион, кой чарбасына 15-20 миллион АКШ доллары каралган. Мындан тышкары, донор-мамлекеттер тарабынан өз алдынча фермерлер үчүн 5 миллион, ар бир адамга 5 миң (Азия банкы) жана 10 миллион – ар бир фермерге 50 миң АКШ доллары (Германия) бөлүнгөн. Бул кредиттик линиялар 1996-жылдан баштап иштей баштаган [121].

Кыргызстандын айыл чарбасындагы, анын ичинен мал чарбасындагы кризис элдин турмуш деңгээлине терс таасир берип, республикада жакырчылык күч алып отурган. 2020-жылы УСКнин эсебине ылайык, ар бир төртүнчү кыргызстандык жакырчылыкта жашаган. Жакырчылыктын жеткен чегинин суммасы 19744 сом деп аныкталган. Кедейликтин жеткен чегинде жашаган калктын саны 1 миллион 678 миң болгон. Алардын 73,7% элетте жашаган [209]. БУУнун Азык-түлүк жана Айыл чарба Программасынын (ААП) аймактык директору Андреа Баньоли Кыргызстанда жакырчылыкта жашаган эл кирешесинин 70% ашыгын тамак-аш сатып алууга жумшайт деп билдирген. Анын айтымында, өлкөдө 2 миллион адам жакырчылыкта жашайт [171].

Мурдагы жылдарга салыштырмалуу 2020-жылы жакырчылыктын деңгээли Ош облусунда 6%, Таласта 0,8% азайган. Калган аймактарда кедейлик күчөп, Жалал Абадда 10,3%, Нарында 8,7%, Чүйдө 6,3%, Ысык Көлдө 3,5%, Баткенде 2,1% өскөн. Бишкекте бул көрсөткүч 4,9% жогорулаган. Жалпы жакыр калктын 58% Ош, Жалал Абад жана Чүй областарында турушкан [209]. Кыргызстанда 2020-жылы 1 миллион 678 миң адам жакырчылыктын чегинде жашаса, анын 73,7% айыл жергесинин тургундары болгон [171].

Кыргызстанда жакырчылык калктын бардык негизги социалдык-демографиялык топторун камтып, өзгөчө аяр катмарлар болгон аялдар, жаш жеткинчектер, жашы улгайгандар жана майып адамдар олуттуу жабыр тарткан. Кризистин шартында шаар калкына караганда айыл жергесинде жакырчылык кеңири тараган. Себеби бул айылдын жашоо-тиричилигинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу болгон. Элетте жумушсуздук өскөн. Айыл калкына кредит, маалымат, жаңы технологиялар жетишкен эмес. Натыйжада, айыл калкынын саламатчылыгы начарлаган, аракечтик кеңири тараган. Элеттиктер мурдагыдай айлык албай, негизинен жөлөк пул, пенсия сымал төлөмөлөр, анан дыйканчылык менен малчылыктын эсебинен күн көрүүгө өткөн.

Өлкөдөгү жакырчылыктын өзгөчөлүгүнө байланыштуу, Кыргызстандын экономикалык саясаты айыл чарбасын, майда жана орто бизнести өнүктүрүүгө, ар тараптуу колдоого багытталган. КРнын эмгек, социалдык камсыздоо министрлиги тарабынан микрокредиттөө жана микрофинансылоонун укуктук негиздерине таянып, аз камсыз болгон жарандар үчүн кредиттик ресурстарга жеткиликтүүлүктүн жөнөкөйлөтүлгөн механизмдерин иштеп чыгуу боюнча чараларды көргөн. Эмгек, социалдык камсыздоо министрлиги тарабынан жалпы жарандардын ичинен 56,4% аялдар микрокредиттерди алышкан. 2003-жылы КРнын Өкмөтүнө караштуу Ишмердикти өнүктүрүү боюнча Мамлекеттик комиссия 76 305,2 миң сом суммасындагы 595 долбоорду каржылаган, анын ичинен 256 ишкер аялдар 24 298 миң сом суммасында каражат алган [89.31].

Ааламдашууну улуттук экономиканын өнүгүшүнө каршы койбой, аны өнүктүрүүнүн өзгөчө фактору катары кароо керек [59.139]. Өткөөл мезгилдеги

рынок экономикасынын айыл чарбасына тийгизген кедергисине карабастан, жаңы шартка ыйгайлашкан жигердүү аялдардын тобу жаралган. Алардын катарында Жамиля Иманкулова аналитика, хед-хантинг менен алектенген жана экологиялык жактан пайдалуу таза продукцияны өндүрүү менен кирешелүү бизнести айкалыштырган «EcoFarm» компанияларын түзгөн. Кыргызстандын түштүгүндө органикалык айыл чарбаны өнүктүрүү зарылдыгын түшүнгөн Азиза Юлдашева рынок муктаждыктарына ылайык «Жер азыгы» агробизнес ассоциациясын түптөп, Ош облусунда ишкерлер менен дыйкандардын ортосунда ийгиликтүү бизнесин жүргүзүүдө. Сонунгүл Жылтырова көптөн бери валериана жана башка дары чөптөрдү өстүрүүдөн киреше таап, ал боюнча мастер-класстарды өткөрүп келет. Өлкөдө өскөн сейрек кездешүүчү түрдүү өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча ишкердик чет өлкөлөрдөн экспорттолуучу дары чөптөрдү азайтууга мүмкүнчүлүк берет [184].

Мурунку колхоздук жана совхоздук түзүлүштөрдүн жоюлушуна байланыштуу, айылдык өндүрүштүк-техникалык интеллигенцияны түзгөн агрардык адистиктер – инженер-механиктер, ветеринарлар, зооинженерлер жана башкалардын саны кескин азайып кеткен. Алардын көпчүлүгү квалификациясын өзгөртүшүп, ишкердик жана чакан соода менен алектенишип, фермер, кооператор ж.б. болуп иштеп кетишкен [77.37]. Айыл жергесиндеги аялдар үй-бүлөсүн багуу үчүн айыл чарба тармагында көп эмгектенишкен. Алар азык түлүктөрдү базарга сатууга, аларды өндүрүүгө, ташууга жана баалары жөнүндө көбүрөөк аракеттенишкен. Негизинен банктар күчтүү дыйкан чарбасы бар ишкерлерге жана көбүнчө эркектерге насыя берген. Аялдардын каражаттарынын азынан, айыл чарбадагы ишмердүүлүктү жүргүзүү билиминин жоктугунан, жергиликтүү башкаруу органдарында алардын өкүлчүлүгүнүн аздыгынан улам, айыл чарбасындагы реформалар, андагы ишканаларды менчиктештирүү, дыйкан чарбаларын түзүү аялдардын катышуусуз эле жүргүзүлгөн.

Тилекке каршы, эгемендик жылдары Кыргызстандын экономикасына айылдык аялдардын кошкон салымы бааланбай калууда. Себеби, айылдык аялдар көп учурда жерге болгон укугун коргой алышпайт, медициналык тейлөө,

кошумча билим алуу, жеңилдетилген кредиттер сыяктуу жашоодо маанилүү жеңилдиктерди пайдалана алышпайт, туруктуу иши жок, баласын бакчага берейин десе, же бала бакча жок, же орун жок. Ошол эле учурда айылдын аялдары шаардын аялдарына караганда кара жумушту көп жасашат, көбүнчөсү турмуш-тиричилиги шарты жок үйдө жашашат [60.61].

2002-жылы калктын экономикалык активдүү бөлүгүн талдоо көрсөткөндөй, жумуш менен камсыз болуу аялдардын арасында 47,4%, эркектердин арасында 65,7% түзүп, аялдар арасында жумушсуздук 3,1% жогору болгон [89.27]. Өткөөл мезгилдин көрүнүштөру катары массалык жумушсуздук, кирешенин төмөндөшү, социалдык камсыздоонун начардыгы аялдардын абалына негативдүү таасирин тийгизген. Социалдык төлөмдөрдүн чыныгы наркынын төмөндөшү, мектепке чейинки мекемелердин жетишсиздиги, көп балалуу жана жалгыз бой аялдардын ылайыктуу жумуш табуудагы кыйынчылыктары аялдардын абалын татаалданткан. Аялдар жумушсуздардын жалпы санынын болжол менен үчтөн экисин түзгөн, ал эми иш менен камсыз болгондор негизинен эмгек акысы аз төлөнгөн жумуштарда эмгектенишкен. Аялдардын айыл чарбасында жана формалдуу эмес сектордо жумушка орношуусунда да чоң көйгөйлөр болгон. Анткени мамлекет тарабынан бир аз гана корголгон, ошондуктан алардын эмгегин эксплуатациялоо үчүн шарттар тузүлгөн.

Жумушсуз калк жумуш менен камсыз кылуу үчүн мамлекетке кайрылып, үмүттөнбөй калганы ачык байкалган. Алсак, жумушсуз калган 199,2 миң адамдын ичинен 4 миң жумушсуз адам гана мамлекеттик иш менен камсыз кылуу кызматына кайрылышкан. Жумуш издеп 69,9 миң адам тааныштарына кайрылышса, 78,3 миңи жумуш таппай, сезондун башталышын күтөөрүн билдиришкен [44].

Өлкөдөгү жумуш менен камсыз болгондордун негизги үлүшүн 20-29 жаш курактык топ түзгөн. ЭЭУнун «Чыгыш Европа жана БА өлкөлөрүндөгү жаш аялдардын жана эркектердин эмгек рыногуна өтүүсү» отчетуна ылайык, Кыргызстандагы жаштардын көпчүлүгү «кооптуу жумуш» категориясын түзгөн.

Сурамжылоонун негизинде, эмгек акынын теңсиздик көйгөйү Кыргызстанда эң курч экендигин көрсөткөн (тандалган 6 мамлекеттин ичинен: Армения, мурунку Югославия, Македония Республикасы, Молдова Республикасы, РФ жана Украина), анда 71,3% эмгек акы алган жаш жумушчулардын орточо көрсөткүчүнөн төмөн болгон [252].

Аймактарда жумушсуздуктун айынан ички миграция күч алып, анын олуттуу бөлүгүн аялдар жана жаш балдар түзгөн. Ички мигранттардын негизги бөлүгү айыл кыштактардан ири шаарларга багытталган. 1990-жылдары инженердик адистердин айлык акыларынын аздыгы, жер иштетүүчү кесиптердин маанилүүлүгүнүн төмөндөшү, өндүрүштү механизациялоо деңгээлинин жетишсиздиги, эмгек жана жашоо шарттарынын канааттандырарлык деңгээлде болбошу айыл жерлериндеги тажрыйбалуу адистердин шаарларга кетишин шарттаган [77.37]. Натыйжада, республиканын шаарларында каттоого алынбаган жумушсуздардын саны өскөн, мигранттардын медициналык кызматтарга, билим алууга, инфраструктураларга муктаждыктары канааттандырылган эмес. Калктын маргиналдашуусу күчөп, кылмыштуулуктун саны өскөн.

2019-жылы республика боюнча миграциянын терс сальдосу белгиленген, башкача айтканда, өлкөгө келгендердин санынан, кеткендердин саны кыйла жогорулаган. Мисалы, 2019-жылы республикага туруктуу жашоо үчүн 1,4 миң адам келсе (2018-жылы 1,7 миң адам келген), 7,6 миң адам кеткен (2018-жылы 7,1 миң адам кеткен), калктын миграциялык агымы 6,2 миң адамды түзгөн (2018-жылы 5,4 миң адам). Натыйжада, калктын миграциялык агымы 14,3%, ал эми миграция агымынын интенсивдүүлүгү (1000 адамга миграция балансы) 2018-жылы 0,9 адамдан 2019-жылы 1,0 адамга чейин жогорулаган [228]. Айылдардагы, өзгөчө тоолуу аймактардагы өтө оор турмуш Россиянын, Казакстандын базарларында жүз миңден ашык кыргызстандыктарды тентүүгө аргасыз кылып, алардын дээрлик көпчүлүгүн кыргыз аялдары түзгөн [50.128]. КРнын Мамлекеттик Миграция Комитетинин (ММК) сайтынан 2021-жылдын март айында алынган маалыматтар боюнча, 2018-жылы кабыл алынуучу өлкөлөр

тарабынан миграциялык каттоого алынган КРнын жарандарынын расмий саны: РФда – 640 миң, Казахстанда – 35 миң, Турцияда – 30 миң, АКШда – 15 миңге жакын, Италияда – 5500, Түштүк Кореяда – 5 миң, Германияда – 5 миң, БАЭда – 3 миң, Улуу Британияда – 2 миң адамды түзгөн [220]. КРнын чет өлкөлүк өкүлчүлүктөрүнөн алынган жеткиликтүү маалыматтар боюнча, РФда – 700 миң, Корея Республикасында – 6550, Турция Республикасында – 30 миң, Казахстан Республикасында – 35 миң, БАЭда – 5500, ФГРда – 8575, Европанын башка мамлекеттеринде – 10 миңден ашык кыргызстандык жарандар эмгектенишкен [108.29]. 2015-жылы КРнын ЕАЭБга кошулуусу, Россияга көчүп барган жумушчулардын санынын өсүшүнө алып келген. 2014-жылы мигранттардын саны 526 миң адамдан 2017-жылы болжол менен 665 миң адамга көбөйгөн [240]. Ар кандай маалыматтар боюнча, 2018-жылга карата Кыргызстандын калкынын 12-17% чейинкиси чет өлкөлөрдө жашашкан [217.125]. Ар бир төртүнчү кыргыз үй-бүлөсүндө бир же бир нече мүчөсү мигрант болуп кетишкени аныкталган. КРнын Өкмөтүнө караштуу ММКнын отчетуна ылайык, 2017-жылы 700 миңден ашуун кыргыз жараны эмгек мигранты болуп, алардын көпчүлүгү РФда эмгектенишкен [240]. 2019-жылы Кыргызстандан башка мамлекетке туруктуу жашоо жерин өзгөртүү үчүн чыгып кеткен жарандардын санынын өсүшү байкалып, көпчүлүгү Россияга (70,6%) жана Казахстанга (18,1%) барышкан [228]. Россиянын жумуш берүүчүлөрү Кыргызстандан келген жумушчуларга орус тилин жетиштүү деңгээлде билип, ишке жоопкерчиликтүү мамиле кылгандыктары үчүн артыкчылык беришкен.

Биз карап жаткан жылдары эмгек миграциясы Кыргызстан үчүн өзгөчө роль ойногон. Миграция эгемендүү мезгилинде эң мүнөздүү жана маанилүү көрүнүштөрдүн бири болуп, жумуш табуунун туруктуу негизине айланган. Өлкөнүн социалдык-экономикалык абалы, жакырчылыктын жогорку деңгээли, жумушсуздуктун өсүшү, айлык акынын төмөндүгү, калктын жыш отурукташкан түштүк региондорунда айдоо үчүн жердин жетишсиздигинен келип чыккан оор экономикалык кырдаал, Кыргызстандын жарандарын жогорку киреше издөөгө, өлкөдөн чыгып кетүүгө түрткү берген. РФ, Казахстан, Турция жана башка

өнүккөн мамлекеттер салттуу түрдө айлык акыларынын жогору болушу менен эмгек мигранттарын өздөрүнө тартышкан [182]. Эмгек миграциясында жүргөн КРнын жарандары көпчүлүк учурда жумушсуздук деңгээли жогору болгон айыл жерлеринен келгендер экендиги аныкталган. 2015-жылкы маалымат боюнча жалпы жумушсуздардын ичинен 53,4% үй-бүлөлүүлөр, алардын 50,2% эркектер болгон [217.96]. РФдагы чет өлкөлүк жумушчулардын орточо эмгек акысынын Россиянын жарандарынын орточо эмгек акысына болгон катышы 2011-жылдан бери 72,8%-84% чейин кыйла жогорулаган. Мисалы, 2011-жылы мигранттар орто эсеп менен 17,7 миң рубь алышса, 2017-жылы 30,1 миң рубль алган. Ал эми Россиянын жарандары 2011-жылы 24,3 миң рубль алышса, 2017-жылы 35,8 миң рублга жогорулаган. Бирок эмгек жүгү мигранттар үчүн пропорционалдуу эмес жогору бойдон калган. Сурамжылоолорго ылайык, чет элдик жумушчулар жумасына 59 саат иштешсе, Россиянын жарандары 39,6 саат эмгектенишкен [217.57]. Демография институтунун директорунун орун басары М.Денисенко, Россиядагы эмгек мигранттарынын арасында аялдардын саны өсүп жаткандыгын белгилеген [212]. Мигрант аялдар өзгөчө тейлөө, коомдук тамактануу, кийим тигүү тармактарында, ошондой эле жеке үйлөрдө үй кызматкери болуп иштешкен [188]. 2018-жылга карата Россиядагы кыргыз мигранттарынын дээрлик 40% аялдар түзүшкөн [217.125]. Аялдарды кыйла ишенимдүү жана көп акча которгон деп эсептесе болот.

Мигранттардын көпчүлүгү жаш эркектерден тургандыгына карабастан, мигрант аялдардын саны да көбөйгөн. 2020-жылы Россиядагы кыргыз мигранттардын дээрлик 40% аялдар түзгөн, ал эми тажик жана өзбек аялдары бул өлкөлөрдүн ар биринен келген мигранттардын жалпы санынын 20% жеткен эмес. Кээ бир учурларда аял миграцияга кетип, күйөөсү үйдө отурушу керек деген чечим кабыл алынган, себеби, аялдар ишенимдүү жана көбүрөөк акча которушат деп эсептелинген. Мурун ата-энелер кыздарынан эч качан жардам күтүшпөсө, 2000-жылдары кыздардын 30% ата энелерине материалдык жардам көрсөтүшкөн [217.50]. БУУнун билдирүүлөрүндө, дүйнөдө 70 миллион үй кызматчыларынын 80,1% аялдар түзүп, олуттуу бөлүгү (11 миллион) мигранттар болгон. 2019-жылы

эмгек мигранттарынын 44,3% аялдар болуп, алардын 73,4% үй кызматындагы аял мигранттар түзгөн [223]. Аялдар басымдуулук кылган үй кызматчылары эмгек мигранттарынын эң аярлуу топторунун бири болуп саналат. Жакырчылыктан улам көптөгөн аялдар өздөрүнүн негизги укуктары бузулган эмгек жана жашоо шарттарын кабыл алууга аргасыз болушкан.

Миграция агымынын феминизациясы менен, өлкөдө мигранттар таштап кеткен балдардын саны дагы көбөйгөн. 2018-жылы КРнын Социалдык өнүктүрүү министрлигинин өкүлдөрү 316 миңден ашык үйлөрдү кыдырып, 61 миңден ашуун баланын ата-энелери эмгек миграциясында чет өлкөлөрдө жүргөнүн аныкташкан [162],[240]. Мындай көрүнүштүн албетте балдар үчүн да, мигранттар үчүн да олуттуу терс кесепеттери болгон. Бул балдардын «көрүнбөгөн» деп аталган категорияга түшүп калуу коркунучу менен бирге эле, ден соолукка кам көрүү жана билим алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албай, жыныстык зомбулукка жана катаал мамилеге дуушар болуусун шарттаган [217.50]. 2018-жылы Кыргыз Республикасынын стратегиялык изилдөөлөр Улуттук институту ЮНИСЕФ менен биргеликте ишке ашырган M-report44 долбоорунун алкагында “мигранттардын балдары” тууралу жаштардын арасында социологиялык сурамжылоо жүргүзүшкөн [162], [217.50]. Сурамжылоого катышкан 65% респонденттер мигранттардын балдары ата-эненин жылуу мамилесин алышпайт, 33% аларга бардык балдардай эле мамиле жасалат, 18% мындай балдар кемсинтүүгө дуушар болушат, 57% респонденттер ата-эне балдарын таштабай, өздөрү менен чогуу ала кетиш керек, 19% респонденттер балдар өз жеринде жүргөнү коопсуз дешкен [162].

КРсы ЕАЭБне кошулгандан бери, бул өлкөлөргө кеткен кыргыз жарандарынын саны кыйла көбөйгөн, бул өз кезегинде Кыргызстанга акча которуулар деңгээлинин өсүшүнө алып келген. 2015-жылдан 2017-жылга чейин Кыргызстандык тышкы мигранттардын саны өскөнүнө байланыштуу, өлкөгө мигранттардын акча которууларынын көлөмү жогорулаган. Улуттук банктын маалыматы боюнча, КРда 2016-жылы акча которуулардын суммасы 1,991 миллиард АКШ долларын түзгөн. Ал эми 2017-жылдын 8 ай аралыгында эле

мигранттар Кыргызстанга 1,552 миллиард АКШ долларын жөнөтүшкөн. РФнын ИИМнин маалыматы боюнча, 2017-жылдын 1-июнуна карата Россиянын аймагында Кыргызстандын жарандары менен 110677 эмгек келишими түзүлгөн [40]. Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча, акыркы 2017-2021-жылдардын ичинде Кыргызстандын эмгек мигранттарынын акча которуулары акырындык менен көбөйгөн. 2018-жылы алар Кыргызстандын ИДПнын 35% чейин түзүп, республиканы дүйнөдөгү ИДПга акча которуулардын эң көп салым кошкон экинчи өлкөсү болгон [240]. Дүйнө жүзү боюнча акча которуулардын агымы жогору экендигин, 2017-жылы өнүгүп жаткан өлкөлөргө 450 миллиард АКШ доллар акча каражатынын туруктуу түшүшү далил болгон [181]. КРнын Улуттук банкы 2020-жылдын 8 ай аралыгында эле Кыргызстанга акча которуулардын көлөмү 1 миллиард 462,5 миллион АКШ долларын түзгөнүн маалымдаган. Акыркы 10 жылдын ичинде 2018-жыл Кыргызстан үчүн акча которуулар боюнча эң ийгиликтүү жыл болуп, өлкөдөгү жакырчылыкты кыскартуунун маанилүү фактору болуп саналган. Бул жылы республикага рекорддук 2,6 миллиард доллар которулган [108.29].

Эмгек мигранттары күнүмдүк тиричиликке гана эмес, Кыргызстандагы туугандарына акча которуу менен өлкөнүн экономикалык өсүшүнө салым кошкон. Бирок, жумушчу күчүнүн башка жакка кетиши квалификациялуу адистердин жетишсиздигине, региондордун бирдей эмес экономикалык өнүгүшүнө жана депрессияланган аймактардын санынын көбөйүшүнө алып келген [40]. Миграция мигранттардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн жакырчылык деңгээлин кыскартуучу курал катары кызмат аткарган. Которулган акчалар тамак аш сатып алууга (35%) жана турак жай шарттарын жакшыртууга (21%) пайдаланып, балдардын билим алуусуна болгону (8%), бизнеске инвестиция (3%), үнөмдөөгө (9%) жумшалары аныкталган [217.80].

КРнын Улуттук банкынын маалыматы боюнча, 2020-жылы мигранттар тарабынан РФнан Кыргызстанга 2 миллиард 377 миллион доллар которулуп, чет өлкөдөн которгон каражаттарынын 98% түзгөн. Бул 2019-жылга караганда 34 миллион долларга аздык кылган. Коронавируска байланыштуу 2020-жылы акча

которуулар иш жүзүндө 2019-жылдын деңгээлинде калган. 2020-жылы Россияда 700 миңден ашуун Кыргызстандык эмгек мигранттары катталып, бул 2019-жылга салыштырмалуу 1 миллиондон ашуун мигранттан 300 миң адамга азайгандыгын билдирет [237].

Левада борборунун 2017-жылдагы изилдөөлөрүнө ылайык, сурамжылоого катышкан орусиялык жарандардын 54% (1600 респондентинин ичинен) мигранттар орус жарандарынын жумуш орундарын алып жатышат деп жооп беришкен [69]. INFOX маалымат булагы 2008-жылы РФда 10 Кыргызстандын жараны ксенофобиянын негизинде (скинхеддер тарабынан) өлтүрүлгөн деп белгиленип, Россиянын шаарларында эмгек мигранттары жергиликтүү укук коргоо органдары гана эмес, кылмыштуу топтор тарабынан да зордук-зомбулукка дуушар болушарын жазган [151.89]. Россия үчүн этникалык азчылыктарга карата фобиялар мүнөздүү бойдон калууда: «Биринчи кезекте кавказ фобиясы (Түндүк Кавказдан келгендерди жек көрүү), кандайдыр бир деңгээлде БА өлкөлөрүнөн келгендерди да жек көрүү көйгөйүн жаратууда. Анын деңгээли 29% түзгөн». Мындан тышкары, сурамжылоого катышкан Россиянын жарандарынын 44% мигранттар РФда террордук аракеттерди жасоосу ыктымал деп эсептешкен [79]. РФ жыл сайын бир миллион жумушчусун жоготот, адамдар каза болот жана пенсияга чыгат. Алардын ордун мигранттардын жардамы менен гана толуктоого болот. Эгер миграттар Россиянын экономикасынан толугу менен четтетилсе, анда ИДП автоматтык түрдө 10% төмөндөйт [161].

КРнын УСК «COVID-19 пандемиясынын үй чарбаларына таасири» деген темада сурамжылоону 2020-жылы 15-октябрынан 15-ноябрына чейин жүргүзүшүп, үй-бүлөлөрдүн 22% жакыны жок дегенде бир үй-бүлө мүчөсү жумушсуз калып, чет өлкөдөн кайтып келүүгө аргасыз болгонун көрсөткөн. Сурамжыланган 20% жакын үй-бүлөлөр Кыргызстандын аймагында жумушсуз калышкан. Мындай чарбалардын эң көп саны Ош шаарында 98,1%, Ош облустунда 88,2%, Жалал Абад облусту боюнча 80,5% жана Талас облустунда 77,7%, Бишкек шаарында 77,2% түзгөн. Расмий маалыматтар боюнча, COVID-19 пандемиясы башталгандан бери дүйнөнүн 60 жакын ар кайсы өлкөлөрүнөн 60

миңге жакын Кыргызстандык жаран өз мекенине сырттан кайтып келген. Алардын көпчүлүгүн РФнын шаарларынан келгендер түзгөн [195].

Азыркы учурда дүйнөнүн 42 мамлекетинде жашаган кыргызстандыктар диаспора катары калыптанып, трансулуттук көрүнүш катары таанууга жана изилдөөгө муктаж. 2015-жылы кыргыз диаспорасы дүйнөнүн ар кайсы мамлекеттеринде жашаган кыргызстандыктар жараткан конструкт, реалдуу жашоосу катары изилденген [220]. Белгилей турган жагдай, мигранттар Кыргызстанда болгон өзгөчө кырдаалдар учурунда, COVID-19 пандемиясынын убагында каражат чогултууларга, кайрымдуулук иш чараларына активдүү катышкан. 2021-жылдын башында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, кыргыз мигранттары мекендештерине ар түрдүү финансылык, гуманитардык жана эксперттик түрдө интенсивдүү жардам берип келишкен [220].

Миграциянын өсүшү Кыргызстанга гана мүнөздүү көрүнүш эмес, азыркы мезгилде миграция эл аралык мүнөзгө ээ болууда. Алсак, азыркы мезгилде дүйнөдө миллиарддан ашуун адам мигранттар, бул дүйнө калкынын 1/7 бөлүгүн түзөөрү жана бул сан жыл сайын өсүп жатканы аныкталган. Миллиард мигранттын ичинен 258 миллиону эл аралык мигранттар. Дүйнөдөгү эл аралык мигранттардын жарымына жакынын аялдар түзөт. Глобалдык деңгээлде, эл аралык мигранттардын арасында аялдардын үлүшү 2000-жылы 49,3% жеткен. Жалпы дүйнө жүзү боюнча мигранттардын саны дүйнө калкына караганда ылдам өсүп, 2000-жылы 2,8%-3,4% чейин жеткен [217.24]. Дүйнө жүзү боюнча мигранттардын саны ушу темпте өсүп отурса, анда 2030-жылы шаарларда болжол менен 5 миллиард адам жашап калат деген пикирлер бар [34.24].

Албетте, эл аралык миграция демографиялык тенденцияларга олуттуу таасирин тийгизет. Мигранттардын санынын өсүү темпи ар кайсы региондордо ар башка. 2000-2017-жылдар аралыгында эл аралык мигранттардын саны боюнча эң көп аймак болуп Азия (40,7 миллион), андан кийин Африка (14,7 миллион), Латын Америка жана Кариб деңизинде (12,9 миллион), Европа (11,6 миллион), Түндүк Америка (1,2 миллион) жана Океания (0,7миллион) эсептелген. 2017-жылы бардык эл аралык мигранттардын үчтөн экиси (67%) дүйнөнүн 20 гана

өлкөсүндө жашаган [217.24]. БУУнун маалыматына ылайык, бүгүнкү күндө эл аралык мигранттар болжол менен 281 миллион адамды, же дүйнө калкынын 3,6% түзөт. Алардын дээрлик 50 миллиону же 19% АКШда жашайт [223].

Антрополог Насритдиновдун баамында, кыргыздарга мүнөздүү болгон салттуу клaverдык жашоо образына ылайык топтук ой жүгүртүүнүн логикасы иштеп, иштегенге башка өлкөгө кетип баштаган [217.48]. Мигранттар адатта жакыр үй-бүлөлөрдөн чыгып, алардын акча которууларынын натыйжасында үй-бүлөлөрдүн жашоо шарты жогорулап, кирешеси өскөн. Натыйжада, күнүмдүк керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн альтернативалуу каражаттарды табуу миграциянын негизги максатына айланган. Сурамжыланган мигранттардын көбү акчага муктаждыктан (55%), же өз өлкөсүндө жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан (16%) кеткендигин көрсөтүшкөн [217.80]. Кыргызстандан барган мигранттардын көпчүлүгү барган өлкөсүндө төмөнкү квалификациялуу курулуш, соода жана мейманканаларда эмгектенишкен.

1980-жылдардан бери изилдөөлөрдө миграция коопсуздуктун маселеси катары каралган. Мамлекеттик чек араларды мыйзамсыз өтүү маселеси глобалдык деңгээлге көтөрүлүүдө. «Жөнгө салынбаган» жана «мыйзамсыз» миграция сыяктуу түшүнүктөр колдонулуп, миграциянын терроризм, экстремизм, баңги заттардын жүгүртүлүшү, адам сатуу, уюшкан кылмыштуулук, ар кандай оорулар жана башка терс көрүнүштөр менен байланышта карашкан [256]. Көпчүлүк учурда кыргызстандыктар РФда, Казахстанда, ошондой эле өлкөнүн ичинде да мажбурлоо менен айыл чарбасында, курулушта, текстиль жана тигүү өнөр жайында, үй кызматында иштетилип, баңгизат таркатууга, кайыр суроого тартылышкан. Аялдар жана кыздар жогоруда белгиленген өлкөлөрдөн тышкары дагы БАЭда, Индияда, Түштүк Кореяда, Турцияда, өлкөнүн ичинде дагы жыныстык эксплуатацияга дуушар болушкан. Сириядагы экстремисттик топторго кошулууга мажбур болгон жана ал жерде өз эркисиз жашаган кыргызстандыктар тууралу маалыматтар бар [185]. Серепчилердин маалыматы боюнча, 2000-жылдары жыл сайын 15 миң Кыргызстандык жаран адам сатуучулардын курмандыгы болушса [229], 24 миң кыргызстандык

кулчулуктун шартында жашаган [255]. ЭМУнун кыргыз бюросунун 2006-жылкы маалыматтары боюнча, убагында кулчулукка сатылып кеткен 350дөн ашуун адамды Кыргызстанга кайтарууга мүмкүнчүлүк болгон. Серепчилердин баамында, бул адамдар Кыргызстандан кулчулукка чыгарылып кеткендердин болгону 10% гана түзгөн. Расмий эмес маалыматтар боюнча 4000 чукул адам кул сатуучулардын курмандыктары болгон [207]. КМШнын жакыр өлкөлөрү сыяктуу эле, Кыргызстанда кул сатуучулуктун деңгээли өскөн.

Эксперттердин айтымында, кулчулукка туш болгон кыргызстандыктардын 70% мигранттар [164]. Алар барган өлкөдө өз укуктарын билбегендиктен өзгөчө аярлуу болушкан. 2016-2017-жылдары КРнын соттору адамдарды сатуу беренеси менен Кыргызстандын 12 жаранын кылмыш жоопкерчилигине тарткан. Эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар 2016-жылы 86 жабырлануучуга жардам көрсөтүшкөн, алардын алтымыш сегизи мажбурлап иштетүүгө, он бири жыныстык эксплуатацияга, ал эми жетөө бир эле мезгилде жыныстык жана эмгек эксплуатациясына кабылгандыктарын билдиришкен. Мыйзамсыз миграцияны уюштургандыгы үчүн 2016-жылы – 9, 2017-жылы – 15 жаран жоопко тартылган. GSM PPKR маалыматы боюнча, 2016-жылы Кыргызстанда кулчулуктан бошотулган 175 адамдын жарымы аялдар болгон. Кыргызстанда мигрант болгон 60 миң жаран адам сатуунун курмандыгы болуп калуу коркунучунда турган. Адам сатуу кылмышы негизинен жазасыз калууда. Кыргызстанда соттор бул боюнча жылына болгону 10-15 гана ишти карашкан [217.106-107].

Эгемендик жылдарында адам сатуучулардын курмандыктарынын көпчүлүгү Баткен, Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл областарынын тургундары экендиги аныкталган [73]. Баткен облусунда адамдарды кулчулукка саткандар көбөйө баштаган. Алсак, Лейлек районунан бир жума ичинде Россияга иштөөгө жөнөтүлүп, Красноярскиге кулчулукка сатылып кеткен 36 адам Кызыл кресттин кийлигишүүсү менен мекенине кайтарылган. Айрым бир маалыматтар боюнча Красноярскиде дагы 150 Кыргызстандын жараны кулчулукта жүргөнү жазылган. ЭМУнун кыргызстандык бюросунун билдирүүлөрү боюнча, республикага жыл сайын чет өлкөлөрдөн кулчулукка сатылган 800 жакын адам кайтарылган.

Серепчилердин айтымында, бул өлкөдөн чыгарылгандардын 10% жакынын гана түзгөн [194].

Сирия менен Иракта согуш башталгандан бери 2010-2016-жылдар аралыгында терроризм менен күрөш жүргүзгөн улуттук органдар Ислам мамлекети террордук уюмуна 863 кыргыз жарандары кошулуп, алардын 188 аялдар экендигин белгилешкен. Эксперт Петр Казмеркевич мигранттарды күч менен радикалдаштыруу процесси адатта БАда эмес, Россияда болуп жаткандыгын ырастап, аялдар, жаштар жана балдар аярлуу топко кирээрин жазган [217.103]. 2015-жылы массалык маалымат каражаттарында КРнын жарандарын согушчан катары Сирияга мажбурлап алып кеткендиги тууралу маалыматтар бир нече жолу жарыяланган. Негизинен Сирияга кеткен жарандардын көбү Турцияга жумушка орношуу же никеге туруу максатында барышып, алданып, кулчулукка кабылышкан [241].

Азыркы мезгилде дүйнөдө адам сатууга каршы күрөшүү маселеси эң курч көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелет. Адамдарды сатуу адам укугун бузуучу, «товар» деңгээлине түшүрүүчү өтө оор кылмыш экендиги белгилүү. Дүйнө жүзүндө адам сатуунун жалпы санынын 70% аялдар жана кыздар түзүп, алардын 96% жыныстык эксплуатациянын курмандыгы болгон [217.106]. Бүгүнкү күндө адам сатуу жана ага каршы көйгөйлөрүн изилдеген маалыматтардын көбү адам сатууну аялдарды (жыныстык эксплуатация) жана балдарды (жыныстык жана эмгек эксплуатациясы) эксплатациялоо менен байланыштырышкан [258.12]. БУУнун маалыматтарында, Европада адам сатуу жашыруун бизнестин эң кирешелүү түрлөрүнүн бири болуп саналып, ал кылмыштуу топторго жыл сайын 3 миллиард доллар чамасында киреше алып келээри айтылган. Кулчулукка дуушар болгондордун 60% аялдар, 27% жаш балдар, 13% эркектер экендиги аныкталган [223]. КМШ өлкөлөрүнөн чыккан аялдарды сатуунун эл аралык индустриясынын күчөшүнүн негизинде, дүйнөлүк коомчулук тынчсызданyy иретинде БУУда бул маселе боюнча жыйын өткөргөн. Жыйында калк боюнча адис Р.Кумарасвили жасаган докладында: «Жыл сайын аялдар кулчулукка сатуунун курмандыгы болуп калышууда. Аларды азгырышат, мажбурлашат,

уурдашат, сатышат жана көп учурларда сойкулук кылууга, үй кызматтарын аткарууга, плантацияларда кул катары жашоого жана иштөөгө мажбуралашат», - деп баса белгилеген [130].

Жыныстык эксплуатация максатында сатылган Орто Азиялык аялдардын санын так айтуу өтө кыйын. Бул адам сатуунун жашыруун мүнөзүндө болгону менен түшүндүрүлөт. БУУнун кылмыштуулук менен күрөшүү Борборунун жетекчиси С.Стокер: «Кирешеси өтө жогору, чыгымы абдан төмөн. Сизге машина же курал-жарак сатып алуунун кажети жок. Наркотикти бир жолу гана сатасыз, ал колдонулат. Аялдар болсо көп убакыт бою акча табышат»- деп аялдарды сатуунун негизги себебин көрсөткөн [135].

Аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода Орто Азия өлкөлөрү үчүн салыштырмалуу жаңы көрүнүш. Бул иш Советтер Союзунда алгач эл аралык саякаттарга чектөөлөр алынган кайра куруу мезгилинде башталган. СССРдин кулашы саякаттарга, миграция жана жеке соодага чек араны ачып, ал өз учурунда кылмыштуу уюмдардын ишмердүүлүгүнө шарт түзгөн. Аялдарды алдоо жолу менен жумушчу күч катары пайдалануу, ошондой эле сойкулукка мажбурлоо, мыйзамсыз эксплуатациялоо максатында аларды сатуунун күч алышы кооптонуу көрүнүшкө айланган. АКШнын Мамлекеттик департаментинин эл аралык маалыматтар программаларынын адамдарды сатуу боюнча жыл сайын жасаган докладындагы маалыматтарда, дүйнө жүзү боюнча жыл сайын 600-800 миңге чейин адамдар адам сатуучулардан жабыр тартышып, алардын ичинен 80% аялдар жана кыздар, 50% жашы жетелек балдар болгон. Докладда: «Кыргызстан мажбурлап иштетүү жана жыныстык эксплуатациялоо үчүн Өзбекстандан, Таджикистандан, Түркменстандан, Түштүк Азиядан жана республиканын өзүнөн эркектерди, аялдарды жана эркек балдарды ташуучу булак-өлкө, транзиттик өлкө, жана транзит үчүн чектелген өлкө катары эсептелээри жазылган». Бул докладда кыргыз аялдары Кыргызстандан БАЭга, Сирияга, Турцияга, Кипрге, Грецияга, Кытайга, Түштүк Кореяга, Таиландга жана Германияга жыныстык эксплуатациялоо үчүн чыгарылып кетээри жазылган [52.53]. АКШнын Мамлекеттик Департаментинин 2014-жылдагы «Адам сатуу

боюнча отчетунда»: «5,8 миллиондон ашык калкы бар Кыргызстан көбүнчө адам сатуунун курмандыктары чыккан өлкө катары эсептелинет» деп жазылган [226]. АКШнын Мамлекеттик Департаментинин 2015-жылкы билдирүүсүндө, КРсы кулчулук, эмгек жана жыныстык эксплуатациялоо максатында адамдарды сатуунун келип чыкан, транзиттик жана бара турган өлкөсү да болуп саналат [241]. «Фергана» маалымат агенттигинин маалыматы боюнча дагы Кыргызстандык аялдар Турцияда, БАЭда, жана өлкөнүн ичинде да жыныстык эксплуатацияга кабылышкан [67]. БАЭдагы КРнын Генералдык консулдугунун маалыматы боюнча, 2001-жылы бул өлкөдө Кыргызстандан келген 1000 аял жасалма документи менен же документсиз болушкан. Жарандардын мындай мыйзамсыз чет мамлекетте жүрүшү маселени курчутуп, КР БАЭдагы Генералдык консулдугу тарабынан коргоо көрсөтүүгө терс таасирин тийгизген. 2002-жылы республикада өткөрүлгөн «Адамдарды мыйзамсыз эксплуатациялоого каршы күрөшүүнүн актуалдуу көйгөйлөрү» аттуу семинарда паспорт-визалык кызматы өлкө боюнча акыркы бир жарым жыл ичинде эркектерге 2 миң, аялдарга 4 миң, алардын ичинен 3 миңи 18-25 жашка чейинки кыздарга берилгендигин маалымдаган. Бул сандык маалыматтар 1997-1998-жылдардагы көрсөткүчтөргө салыштырмалуу эки эсе жогору болгон. ФГРнын элчилиги тарабынан жыл сайын Кыргызстандык 14 миң жаранга виза ачылып, алардын 30% аялдар түзүшкөн [89.34]. Этникалык жактан чет өлкөгө чыгып жаткан аялдардын ичинен славян улутундагылар көпчүлүктү 49%, кыргыздар 23%, башка улуттагылар 28% түзгөн. Кыргызстандан көпчүлүк учурда 30 жашка чейинки, орто билимдүү, турмуш курган, экономикалык жана социалдык статусу төмөн жаш аялдарды жумушка орноштурабыз деп алдоо жолу менен жыныстык эксплуатация максатта алып чыгышканы аныкталган [52.54].

Аялдар жумуш табуу үчүн чет мамлекетте жакшы эмгек акы төлөнүүчү ар түрдүү сунуштарга макул болушуп, жыйынтыгында, адам сатуучулардын торуна да кабылышат. «Куткаруу Армиясы» Уюмунун изилдөөлөрүндө, 91% аялдарга жана 9% эркектерге көрсөтүлгөн жардамдын негизинде адам сатуучулардын курмандыктарынын керектөөлөрү жана көйгөйлөрү изилденген [160]. Борбордук

жана Чыгыш Европадагы, жана КМШнын Адвокат Аялдар Ассоциациясынын өкүлдөрүнүн ою боюнча, «аялдар негизги тобокел тобу болуп саналат, себеби, алар эркектерге салыштырмалуу гендердик дискриминациядан көбүрөөк жапа чегишет, бул алардын ишке орношууга жана билим алууга мүмкүнчүлүгүн чектейт» [191]. 2010-жылы ЭМУ БА мамлекеттериндеги адам сатуу масштабын жана тобокелдиктерин аныктоо үчүн «БАда адамдарды сатуу масштабы» аттуу изилдөөнү жүргүзүшкөн. Изилдөөнүн жүрүшүндө, БАдан адам сатуунун курмандыктары Россия жана Казахстанга жөнөтүлөөрү аныкталып, эмгек эксплуатациясы 91,3% жана жыныстык эксплатация 8,7% түзгөн. Мындан тышкары, изилдөөнүн жүрүшүндө, эмгек эксплуатациясына кабылгандардын болжолдуу 70% эркектер, 30% аялдар түзөөрү аныкталган [72.50-51]. Адамдарды сатуучулардын курмандыгы болгон эркектер феномени толук изилденген эмес. 2010-жылы USAID отчетунда адамдарды сатуучулардын курмандыгы болгон эркектерге көрсөтүлүүчү кызматтардын түрлөрү жетишсиз болгондуктан, аларга жардам көрсөтүүдө кыйынчылыктарды жараткан [180], [90].

Бүгүнкү күндө БА аймагында ЭМУнун билдирүүсү боюнча, акыркы жылдары бул кылмыштын курмандыгы болгон эркектердин санынын өсүүсү белгиленген. 2010-жылдан бери адам сатуучулардын курмандыгы болгон аялдардын саны төмөндөп, эркектердин саны көбөйгөндүгү белгиленген. Ал эми 2012-жылдан бери эркектер негизги тобокел топко киришкен [88].

3.2-таблица-Адам сатуунун курмандыгы деп аталган эркектердин саны

| Өлкө | Казакстан | | Кыргызстан | | Таджикстан | | Түркменстан | | Өзбекстан | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жыл | эркек | аял | эркек | аял | эркек | аял | эркек | аял | эркек | аял |
| 2002 | | | 1 | 4 | | | | | | |
| 2003 | | | 46 | 88 | | | | | | |
| 2004 | 7 | 59 | 48 | 73 | | | | | 23 | 255 |
| 2005 | 21 | 34 | 25 | 95 | 1 | 48 | 1 | | 47 | 475 |
| 2006 | 30 | 77 | 26 | 78 | 8 | 35 | 1 | | 63 | 423 |
| 2007 | 45 | 42 | 84 | 67 | 11 | 39 | 6 | 4 | 152 | 325 |
| 2008 | 39 | 25 | 82 | 35 | 23 | 17 | 5 | 1 | 77 | 256 |
| 2009 | 20 | 77 | 63 | 49 | 16 | 27 | 15 | | 99 | 302 |
| 2010 | 41 | 93 | 154 | 112 | 48 | 42 | 28 | 29 | 59 | 189 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2011 | 59 | 82 | 84 | 119 | 55 | 25 | 31 | 20 | 51 | 15 |
| 2012 | 59 | 94 | 194 | 84 | 49 | 25 | 51 | 40 | 112 | 117 |
| 2013 | 46 | 54 | 25 | 27 | 48 | 19 | 28 | 33 | 360 | 91 |
| 2014 | 107 | 54 | 127 | 51 | 42 | 36 | 24 | 38 | 757 | 91 |
| Бардыгы | 474 | 691 | 559 | 882 | 301 | 313 | 190 | 165 | 1794 | 2677 |

Таблицадагы маалыматтар адам сатуучулардын курмандыгы болгон эркектердин саны аялдар менен катар эле өсүп жаткандыгын көрсөтүп, Орто Азия республикаларынын ичинен Кыргызстан жана Өзбекстан өлкөлөрүнүн көрсөткүчтөрү алдыңкы орундарда экендигин далилдеген.

Миграциялык процесстердин күчөшү жана укук коргоо органдарынын көзөмөлүнүн жетишсиздиги стихиялуу миграциянын олуттуу өсүшүнө алып келип, адамдарды сатуу үчүн өбөлгөлөрдү түзгөн. Миграциялык активдүү болгон айыл тургундары, аялдар, жаштар миграциялык процесстерде өз укуктарынын сакталышы жагынан калктын өзгөчө аярлуу болгон социалдык-экономикалык топторуна айланды. Серепчилердин 2012-жылдагы маалыматтарында, РФда болжолдуу түрдө кулчулукта жүргөн эмгек мигранттарынын саны 600 миңге жакын, башкача айтканда бардык эмгек мигранттардын 20% түзөөрү жазылган. Россиянын «Адам укуктары үчүн» адвокаттар ассоциациясынын төрагасы Е.Архипов БА өлкөлөрүнүн жаранынын баасы кылмыш рыногунда 300-500 АКШ долларга чейин жетип, кулду кылмыш түзүмдөрү же эмгек мигранттарынын бригадирлери аркылуу «буйрутма кылуу» аркылуу алдыруу мүмкүн экендигин билдирген [173].

Мыйзамсыз миграцияны анализдөө, курмандыктарынын санын тактоо татаал маселе. Себеби бул процесс кылдаттык менен кылмышкерлер тарабынан, ал тургай жабыркагандар тарабынан да жашыруун жүргүзүлгөндүктөн, масштабын аныктоо өтө кыйын. Кыргызстанда адам сатуу боюнча расмий маалыматтар жок, болгону эксперттик гана баа берилет. ЭМУнун серепчилеринин эсеби боюнча, Кыргызстандын 5 миңден 15 миңге чейинки жараны чет өлкөлөрдө адам сатуунун курмандыгы. 2008-2013-жылдар аралыгында мамлекеттик органдардын жана өкмөттүк эмес уюмдардын

өкүлдөрү ЭМУнун миссиясынын эсебинен 900 ашык адам сатуунун курмандыктарына жардам көрсөтүшкөн [193].

Кыргызстандагы адам сатуу кылмышы биринчи жолу 1996-1997-жылдары ЭМУ жана ЕККУ тарабынан катталган. Ушундан улам, 2000-жылы Кыргызстандагы адам сатуу көйгөйү тууралу биринчи изилдөө башталып, анын жыйынтыктары «КРдагы аялдарды жана балдарды сатуу» отчетунда жарыяланган [19]. 2002-2013-жылдары КРнын ИИМ тарабынан 220 адам сатуу фактысы катталып, ар бири боюнча кылмыш иши козголгон. 2008-2013-жылдар аралыгында Улуттук Коопсуздук Мамлекеттик Комитетинин (УКМК) тергөө бөлүмү тарабынан адам сатуунун 10 ашык каналдары аныкталып, алар боюнча кылмыш иштери козголгон. 2010-жылы «БАдагы адам сатуунун масштабы» боюнча жүргүзүлгөн изилдөө БАдан келген адамдар Россия менен Казахстанга кулчулукка сатыларын аныктаган. Эмгек миграциясынын курмандыктарынын арасынан болжол менен 70% эркектер, 30% аялдар түзүшүп, алардын 91,3% эмгек, ал эми 8,7% жыныстык эксплуатациясына кабылышкан [177].

Изилдөөлөрдө Кыргызстандык респонденттер өкмөттүк эмес уюмдар жана эл аралык уюмдар гана адам сатуучулардын курмандыктарына иш жүзүндө жардам көрсөткөндүктөрүн белгилешип, бир дагы мамлекеттик орган тууралу сөз болгон эмес [89.43]. Мамлекет тарабынан адам сатуунун курмандыктарына жардам көрсөтүүгө багытталган каржылоонун жоктугунан улам, мамлекеттик органдар курмандыктарды аныктап, керектүү жардам алуу үчүн аларды тиешелүү өкмөттүк эмес уюмдарга жана эл аралык уюмдарга жөнөтүшкөн. БУУнун ЭМУ, БУУнун НКБ, ЭЭУ, ЮНИСЕФ, БУУ аялдар, ЕККУ, АКШнын USAID сыяктуу агенттиктери жана эл аралык уюмдары тарабынан өздөрүнүн миссиясынын, ыйгарым укуктары жана мандаттарынын чегинде жүзөгө ашырылган [91.25]. Эл аралык донорлор мигранттарга жана алардын үй бүлөлөрүнө маалыматтык, консультативдик жана башка кызматтарды көрсөтүшкөн.

БУУнун НКБ бөлүмү адамдарды сатууга каршы күрөшүүдө мүчө болгон мамлекеттер маалымат алмашууну, стратегиялык пландоону, жоопкерчилик

тарта турган чөйрөлөрдү камсыз кылуучу ведомстволор аралык координация жана кызматташтык механизмин түзүүсү керек деп эсептейт [74]. КРнын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 4-мартында кабыл алынган №101 токтому аркылуу КРнын мыйзамынын 8-беренесинде «адамдарды сатууну алдын алуу жана ага каршы күрөшүү» боюнча адамдарды сатууну алдын алуучу, ага каршы күрөшүүчү ыйгарым укуктуу органын аныктоо маселеси чечилген [109.5]. Адам сатуучулардын курмандыгы болгон адамдын укуктары тууралу маселе бул кылмышты алдын алууга жана ага каршы күрөшүүгө, курмандыктарды коргоого, жардам көрсөтүүгө жана компенсация берүүгө багытталган бардык мамлекеттик жана коомдук уюмдардын аракеттеринин борборунда болушу зарыл [95.13].

Адамзат коому көптөгөн жылдардан бери адамдарды кулчулукка сатууга каршы күрөшүп келүүдө. Бирок, жүргүзүлгөн иш-чараларга карабастан, адам сатуу көйгөйү өсүүдө. Себеби, дүйнө мамлекеттеринин арасында адам сатуу көйгөйү керектүү резонанска ээ болгон жок. 2000-жылы трансулуттук уюшулган кылмыштуулукка каршы Генералдык Ассамблея тарабынан БУУнун Конвенциясы кабыл алынган. Бул конвенция үч протоколдон туруп, алардын бири болуп адам сатууну, өзгөчө аялдарды жана балдарды сатууну алдын алуу, ал үчүн жазага тартуу каралып, 2003-жылдын 25-декабрында күчүнө кирген [62.46].

Орто Азия өлкөлөрүнүн лидерлери азыркыга чейин бул көйгөйгө тийиштүү көңүл бурбайт. Адам сатуу боюнча расмий статистика болгон эмес. Себеби, КРнын ИИМнин статистика боюнча отчетторунда «адам сатуу» деген графа жок, ал эми КРнын Кылмыш-жаза Кодексинде бул кылмыштын негизги квалификациялык белгилерин камтыган белгилери 1998-жылга чейин эле аныкталган.

Орто Азия өлкөлөрү бул көйгөйгө СССР кулагандан кийин туш болушкан. Ал эми мезгилдүү басылмалардагы жарыяланган маалыматтарга караганда, адам сатуунун көлөмү биз карап жаткан мезгилде өсүп турган. Коомчулук бул көйгөй менен жаш кыздардын чет өлкөгө кетиши тууралу массалык маалымат каражаттарына чыккан кабарлар аркылуу гана билген. Эл аралык уюмдардын,

өкмөттүк эмес уюмдардын жүргүзгөн изилдөөлөрүнөн тышкары, бул көйгөй тууралу кандайдыр бир башка изилдөөлөр болгон эмес.

Адам сатуу – бул мамлекеттердин жана юрисдикциянын чек араларын кесип өтүүнү камтыган эл аралык оор кылмыш экендиги белгилүү. Биз карап жаткан мезгилде Кыргызстандын да айрым аялдары бул кылмыштын курмандыгы болгон. Бул жабык мүнөздөгү кылмыш болгондуктан, укук коргоо органдары кылмыштын бул түрүнүн бетин ачууда кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Уюшулган кылмыш топтору көбүнчө курал-жарак аткезчилиги, маңзат трафиги же башка кирешелүү товарлардын аткезчилиги сыяктуу башка кылмыш иштерине кошумча, адамдарды сатууну да улантышкан.

Кылмыштын бул түрүн оолдуктоо үчүн оперативдүү маалыматты чогултуу, миграция жана чек ара кызматтарынын, мыйзам чыгаруу, соттук укук иштеринде, социалдык, медициналык кызматтарда жана коомдук маалымат маселелеринде эл аралык координация жана кызматташтыкты жакшыртуу керек. Адамдарды сатууга каршы күрөштө, курмандыктарды коргогон, аларды калыбына келтирүүдө, коомго кайра интеграциялоодо маанилүү роль ойногон, жабыркагандарга кызмат көрсөтүүчү жана жардам берүүчү уюмдар менен эффективдүү кызматташтыкты өнүктүрүү өзгөчө зарыл болгон.

**Жыйынтыктап айтканда**

- Айыл жергесинде жумушсуздуктун жана жакырчылыктын өсүшүнөн улам ички эмгек миграция өсүп, олуттуу бөлүгүн аялдар түзгөн. Эмгек миграциясы жумуш менен камсыз кылуунун туруктуу негизи болуп, мигрант аялдардын акча которуулары үй-бүлөнү камсыздоо булагына айланган. Мигранттардын акча которуулары республиканын аймактарын жана ар түрдүү секторлорун инвестициялоого багытталган;
- Өткөөл мезгилдеги рынок экономикасынын айыл чарбасына тийгизген кедергисине карабастан, айыл чарба продукцияларын өндүрүп, экспорттоо менен алектенген, жаңы шартка ыйгайлашкан жигердүү аялдардын тобу жаралган;
- Көптөгөн мигрант аялдар жакырчылыктын айынан, укуктары бузулган эмгек жана жашоо шарттарын кабыл алууга аргасыз болушкан. Эмгек мигранттары

адам сатуу коркунучуна көбүрөөк кабылышкан. Адам сатуунун жалпы санынын 70% аялдар жана кыздар түзгөн. Алардын 96% жыныстык эксплуатациянын курмандыктары болгон;

- Кыргызстан аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода өлкөлөрдүн катарына кирген. Жыл сайын 15 миң жаран адам сатуунун курмандыгы болуп, 24 миң адам кулчулуктун шартында жашаган.

# 4-БАП. АЯЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ АКТИВДҮҮЛҮГҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 4.1. Жарандык коомдун калыптанышында аялдардын орду

Экономикалык кризис учурунда көпчүлүк ишканалар жабылып, ири шаарларда да жумушчулар жумушсуз калган. Каралып жаткан мезгилде Кыргызстанда жумушсуздук жылдан жылга өскөн. Эгерде 1991-жылы республикада 94 адам жумушсуз деп расмий каттоодон өткөн болсо, 1998-жылы 63,1миңден ашык адам жумушсуз деп катталган. Бул расмий каттоодон өткөнү, чындыгында 2021-жылы республикада 150 миңден ашык адам жумушсуз болгон. Алардын 70% 30 жашка чейинки жаштар түзгөн [86.192]. 2021-жылдын 1-сентябрына карата ишке орноштуруу кызматына 106540 адам кайрылышкан. 207 жумушсуз адам жумушсуздук боюнча жөлөк пул алган [233].

Кыргызстанда эмгекке жарамдуулардын 48,7% аялдар түзөт. Бирок алардын көпчүлүгү жумушсуз, арасында жогорку жана атайын орто билимдүүлөрү да арбын болгон [86.192]. 2018-жылы аялдардын арасында жумушсуздук деңгээли 8,9% жана эркектердин арасында 5,6% түзгөн [219].

УСКнин маалыматы боюнча 1996-жылы Кыргызстандын калкынын 60% ашыгы жакыр делип эсептелген [84.192]. Дуйнөлүк Банктын маалыматына ылайык, 2019-жылы жакырчылыктын деңгээли 20% түзсө, 2020-жылы 31% жетип, 60% элдин катмары жакырчылыктын чегинде турган. Натыйжада, жакырчылыктын деңгээли 11% көтөрүлгөн. Ал эми 2021-жылы Кыргызстандагы жакырчылыктын деңгээли дагы 4%-35% чейин жетээрин болжолдошкон [227].

Жакырчылыктын өсүшү бир гана Кыргызстанга тийиштүү эмес. Бул эл аралык көрүнүшкө айланууда. БУУнун билдирүүсүндө, дүйнө жүзүндө жакырчылыктын өсүшү туруктуу мүнөзгө айланган. Айрым эсептөөлөр боюнча, 2020-жылы пандемиянын кесепетинен улам өтө жакырлардын саны 88 - 115 миллионго чейин жеткен. Ал эми климаттын өзгөрүшү 2030-жылы 132 миллионго жакын адамды жакырчылыкка учуратышы мүмкүн деген божомол айтылууда [223].

БУУнун маалыматы боюнча, 2000-жылдан 2003-жылдарга чейин жашоо узактыгы боюнча, билим алууга, саламаттыкты чыңдоого, социалдык жактан корголгон индикаторлорду камтыган «адамдык өлчөм» боюнча дүйнөдөгү мыкты көрсөткүчтөргө Скандинавия өлкөлөрү ээ болуп, Норвегия дүйнөдө биринчи орунга чыккан. Кыргызстан болсо 2003-жылы 117 өлкөнүн ичинен 110 орунду ээлеген [52.48]. Жашоо сапаты жана аялдардын чечим кабыл алууга жогорку деңгээлде катышуусунун ортосундагы байланыштын болушу Скандинавиялык өлкөлөрдүн тажрыйбалары аркылуу көрүнгөн. Парламентте аялдардын саны 20% өткөндө, мыйзам чыгаруучулар балдардын кызыкчылыгы үчүн олуттуу түрдө мыйзам долбоорлорун иштеп чыга башташы байкалган. Качан гана аялдардын үлүшү 30% жакындаганда, алардын кызыкчылыгына туура келүүчү мамлекеттик программалар жана мыйзамдар кабыл алынганы аныкталган [52.48]. Баарына маалым болгондой, депутат айымдар аз камсыз болгон, көп балалуу үй-бүлөлөрдү, аялдардын, жаш балдардын, турак жайды жакшыртуу жана башка ушу сыяктуу социалдык маселелерди чечишкен. Бул көйгөйлөр стратегиялык жактан маанилүү эмес, бирок дал ушул маселелер жашоонун сапатына таасирин тийгизерин тажрыйба көрсөткөн.

Дагы бир белгилей кетчү факт, бийликтеги коррупциянын деңгээли аялдардын парламенттеги өкүлчүлүгүнөн да көз каранды экендиги көрүнөт. Бийликтин жаңыланып турушу аялдардын канчалык деңгээлде саясий процесске, чечим кабыл алуу процессине интеграцияланышына байланыштуу экени далилденген [52.48].

Шайлоо кодексине аялдар үчүн милдеттүү 30% квота киргизилгенден кийинки 2007-жылдагы биринчи шайлоодо аялдар парламенттеги депутаттардын 25,5% түзүшкөн. Бирок 2020-жылы бул көрсөткүч 19,2% төмөндөгөн. Албетте, парламентте аялдардын өсүшүн колдоо үчүн бир гана квота жетишсиз экенин убакыт көрсөттү. Ошондой эле, жергиликтүү мыйзам чыгаруу органдарында да аялдардын үлүшү 2016-жылы 19% 2018-жылы 11% чейин төмөндөп кеткен [219].

4.1-таблица - Аялдардын мыйзам чыгаруучу органдардагы өкүлчүлүгү (%) менен

| Мамлекеттер | Коррупциянын деңгээли (Transparency International маалыматы боюнча, 2004-ж) | Аялдардын жогорку мыйзам чыгаруучу органдардагы өкүлчүлүгү |
|---|---|---|
| Бангладеш -1,5<br>Нигерия – 1,6<br>Пакистан, Кения – 2,1<br>Кыргызстан -2,2 | коррупциянын эң жогорку деңгээли ( 3 баллдан төмөн) | 3-9% |
| Финляндия,<br>Жаңы Зеландия,<br>Дания, Исландия,<br>Швеция, Швейцария –9,7 | коррупциянын эң төмөнкү деңгээли (9 баллдан жогору) | 30-45,3% |

Таблицадан көрүнгөндөй аялдардын парламенттеги өкүлчүлүгү менен мамлекеттеги коррупциянын деңгээлинин түз байланышы көрүнөт. Коррупция абдан өнүккөн деп табылган Кыргызстан баш болгон өлкөлөрдө, аялдардын жогорку мыйзам чыгаруу органдардагы өкүлчүлүгү төмөнкү деңгээлде экендиги көрүнгөн.

2020-жылдын 1-январына карата улуттук парламеттеринде аялдардын өкүлчүлүгү боюнча Өзбекстан 32%, Азербайджан 16,8%, Түркменстанда өкүлчүлүктүн деңгээли 25% түзгөн. Бирок бул өлкөдө Президенттин авторитардык бийлиги бардык маселелерди чечкен. Казахстанда квота системасы 2020-жылдын май айында киргизилген. Кыргызстанда болсо 30% квота болгонуна карабастан, улуттук деңгээлде мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгү азайган [219].

4.2-таблица - 2020-жылдын 1-январына карата мамлекеттик саясаттагы аялдар (%) менен

| СПЕКАнын мүчө-өлкөсү (Орто Азия | Парламенттик квоталар | Өкмөттүн министрлери | Парламент мүчөлөрү | Парламент мүчөлөрү |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| экономикалары үчүн атайын программа) | | | (төмөнкү палата) | (жогорку палата) |
| Афганистан Ислам Республикасы | Төмөнкү палатадагы (Волеси Джирга) орундардын 27% аялдар үчүн сакталган, демек, ар бир 34 провинциядан 2 кем эмес аялга берилет | 9,5%<br>3 министр<br>151-орунда | 27%<br>67-орунда | 27,9% |
| Азербайджан Республикасы | учурда убактылуу атайын чаралар жок | 3%<br>1 министр<br>181-орунда | 16,8<br>126-орунда | |
| Казахстан Республикасы | аялдар жана жаштар үчүн шайлануучу партиялык тизмеде 30% квота (2020-жылдын 25-майынан баштап киргизилген) | 5%<br>1 министр<br>174-орунда | 27,1<br>66-орунда | 10,6% |
| Кыргыз Республикасы | Жогорку Кеңеште аялдар үчүн 30% квота | 9,5%<br>2 министр<br>152-орунда | 19,2%<br>114-орунда | |
| Таджикистан Республикасы | 2011-2020-жылдары | 5,9%<br>1 министр | 19,0%<br>116-орунда | 21,9% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Таджикистан Республикасында аялдардын ролун жогорулатуу боюнча гендердик квоталар Улуттук стратегияда каралган | 173-орунда | | |
| Туркменистан | учурда убактылуу атайын чаралар жок | 3,7%<br>1 министр<br>179-орунда | 25%<br>73-орунда | |
| Өзбекстан Республикасы | Олий Мажлисте/ Жогорку чогулушта 30% квота; Сенатта 25% квота | 8,0%<br>2 министр<br>158 орунда | 32%<br>44-орунда | 17% |

Таблицадан көрүнгөндөй Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аялдардын өкүлчүлүгүнүн деңгээли төмөндөгөн. Кыргызстанда аялдар саясатка кызыгышат, бирок алардын 8-10% гана өз укуктарын саясий жол менен коргоону туура көрүшөт. Ал эми өкмөттүк эмес уюмдардын лидерлеринин арасында бул 35% жогору экендигин белгилей кетсе болот [60.28]. 2017-жылдын 1-январына карата Кыргызстанда мамлекеттик кызматта аялдар 40,1% түзүшкөн. Мамлекеттик кызматтын жогорку кызматтарынын 29% аялдар ээлешкен [219].

2020-жылы “БУУ-аялдар” структурасы тарабынан Кыргызстанда жүргүзүлгөн «Коомдун гендерди кабыл алуусу» (GSPS) аттуу изилдөөсү эл дагы деле добушун эркектерге берерин аныктаган. Себеби, коомчулукта аялдар коомдук турмушка катышуудан мурда «маанилүү» деп эсептелинген үй кожойкеси жана эне катары ролду аткарышы зарыл, ошондой эле, аял-саясатчылар «лидер» эмес, өздөрүнүн эркек коллегаларынын саясий амбицияларын «аткаруучу» жана

«жардамчысы» деген коомдук аң сезим үстөмдүк кылат. Изилдөөнүн жүрүшүндө аялдар мамлекеттик кызматтагы эркектер менен тең болуш үчүн төмөндөгү үч негизги тоскоолдук аныкталган: биринчиси, үй-бүлөдө, коомчулукта колдоонун жоктугу (50/24%), экинчиси, саясаттагы иш тажрыйбанын аздыгы (46%) жана үчүнчүсү, каржылык колдоонун жетишсиздиги (42%). 450 муниципалитеттин 60 жергиликтүү кеңештеринде аялдар жокко эсе. Шаардык кеңештердин, райондордун жана шаардык администрациялардын башчыларынын ичинде аялдар болгон эмес [219].

Аялдар өлкөнүн калкынын жарымынан көбүн түзгөндүктөн, жашоонун бардык сфераларында «аялдык» аспектиге ээ. Коомдун экономикалык өнүгүүсүнүн, коопсуздугунун, эң башкысы стабилдүүлүгүнүн жана тынчтыктын бекемделишинин, бийликтин демократиялык, ачык өнүгүшүнүн шарты болуп, аялдардын тең укуктуулугу жана коомдун сайсий, социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн чечүүгө толук катышуусу эсептелет. Бирок эзелтен эле дүйнөнүн саясий жана экономикалык мейкиндигинин көпчүлүгү эркектерге таандык экендиги маалым. Аялдар өз өлкөсүнүн парламентинде 6% түзүшүп, дүйнө жүзү боюнча парламенттердеги орундардын болгону 10% гана ээлешет [61]. Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү глобалдык (GlobalGoais) максаттарга жетүү жана бардыгы үчүн келечекти түзүү үчүн зарыл шарт болуп кала берүүдө. БУУнун @UN Women билдирүүсүндө, 2021-жылы 193 өлкөнүн 22 өлкөсүндө гана аялдар мамлекетке жетекчилик кылган. [223]. Ал эми Орто Азия өлкөлөрү боюнча жалгыз Р.Отунбаева 2010-жылдын апрелинде КРнын өткөөл мезгилдеги президенти болуп шайланган [16.7].

Постсоветтик өлкөлөрдөгү социализмдин кулашы, СССРдин таркашы менен байланышкан радикалдык социалдык-саясий трансформациялар коомдук өнүгүүнүн жаңы идеологиялык негиздердин зарылчылыгын пайда кылган. Мындай социалдык ориентир катары жарандык коом эсептелип, анын концепциясы Чыгыш Европада, мурдагы союздук өлкөлөрдө кайрадан жанданган. Жарандык коом демократиянын синоними жана тоталитаризм менен авторитаризмдин антиподу катары түшүндүрүлөт [29.79]. Эгерде батыш

өлкөлөрүндөгү жарандык коом турмуш-тиричиликтин бардык чөйрөсүндө жетекчиликке негизделген болсо, көп кылымдарга созулган көчмөнчүлүк турмушта калыптанган жамаатчылык кыргыздардын жашоосунун чордонун түзгөн [50.11]. Демократия жарандык коом менен саясий лидерлердин тынымсыз диалогуна негизделээрин мезгил көрсөткөн. Анын маанилүү элементтери болуп эркиндик идеалдары, адам укуктарын сыйлоо, шайлоону бурмалабай өткөрүү эсептелери аксиома катары аныкталган [223]. Ал конструктивдүү, жаратмандык мүнөзгө ээ болгондо гана, коом үчүн пайда келтирип, реалдуу баалуулукка ээ болот. Демократия – бул адамзаттын кадыр баркын көтөрүү, укуктарын жана эркиндигин, ар намысын жана кол тийбестигин сыйлоо экендигин дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөн [53. 109-110]. Жарандар канчалык билимдүү жана активдүү болсо, ошончолук саясий демократиялык система натыйжалуу иштерин турмуш далилдеген.

КР 1995-жылы он өлкөнүн ичинен биринчилерден болуп гендердик теңчиликти андан ары өнүктүрүү үчүн эң маанилүү эл аралык документтердин бири болгон Пекин декларациясын ийгиликтүү аткарган [41]. КРнын Президентинин Жарлыгына ылайык, IV Эл аралык Пекин конференциясынан кийин дароо эле КРнын Өкмөтүнө караштуу үй-бүлө, аялдар жана жаштар иштери боюнча мамлекеттик комиссия түзүлгөн. 1996-2000-жылдары аялдардын абалы тууралу парламенттик угуулар өткөрүлгөн. Аялдарды басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу, алардын саясий укуктары, никеге туруу макулдугу, никеге туруу курагы жана каттоо боюнча бир катар эл аралык Конвенциялар ратификацияланган. Аялдардын абалын жакшыртуу механизми катары эсептелинген Аялзат Улуттук программасы иштелип чыгып, бекитилген. 1996-жылы Кыргызстан адам укуктары боюнча 30 ашык конвенцияларды жана протоколдорду, анын ичинде аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция ратификациялаган. «Аялзат» Улуттук программасын ишке ашыруу боюнча комплекстүү план кабыл алынган. 1998-жылы гендердик саясатты жайылтуу, ошондой эле «Аялзат» Улуттук программасынын аткарылышын көзөмөлдөө максатында, КРнын Президентинин Жарлыгы менен

КРнын Президентинин алдында Гендердик саясат боюнча Улуттук Кеңеш түзүлгөн [242]. Бирок гендердик көйгөйлөр дагы эле чечилбестен калып, мыйзам менен реалдуулуктун ортосунда чоң ажырымдар орун алган.

1997-жылы 28-майда Кыргызстан элдеринин улуттук форумунда БУУнун өнүгүү Программасы тарабынан колдонгон 2015-жылга чейинки аралыктагы адамзаттын туруктуу өнүгүүсүнүн стратегиясы жарыяланган [242]. Мындан тышкары, Кыргызстан гендердик теңчиликти өнүктүрүү жана аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү көздөгөн «Миң жылдыктын максаттары» программасына кол койгон өлкөлөрдүн бири болуп калган. Эң башкысы, 2005-жылга чейин башталгыч жана орто билим берүүдө, 2015-жылдан кечиктирилбестен билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде гендердик теңсиздикти жоюуга аракет башталып, өлкөдө аялдардын абалын жакшыртуу үчүн комплекстүү ыкма колдонулуп, Улуттук программалар иштелип чыккан. Улуттук «Билим» программасында билим берүүнү реформалоо, ата мекендик жогорку билимди эл аралык университеттик мейкиндикте интеграциялоо, эффективдүү интеллектуалдык байланышты жайылтуу, саламаттыкты сактоонун негиздери, тамактануу, экономикалык жана укуктук билимдер боюнча ар тараптуу билимдерди берүү атайын программаларды түзүү аркылуу аялдардын сабаттуулугун жогорулатуу каралган.

«XXI кылымдын кадрлары» улуттук программасына ылайык, 1995-жылдан бери 2000 ашуун студент чет өлкөлүк билим берүү окуу жайларында окуп, кайра даярдыктан өтүшкөн, алардын жарымынан көбүн кыздар түзгөн [242]. «Маданият» улуттук программасына ылайык, кыздарды жана аялдарды маданий өнүктүрүү, коомдо аялдарга карата басмырлоочу терс пикирлерди жоюу жана алардын абалын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү руханий улуттук салттарды колдоону маселеси каралган. «Манас» улуттук программасында төрөт курагындагы аялдардын жана кыздардын ден соолугуна артыкчылык берген саламаттыкты сактоо чөйрөсүнүн өнүгүүсүн координациялоо милдети коюлган. «Аракет» улуттук программасында аялдардын ишкердигин өнүктүрүү жана мамлекеттик эмес ишке орноштуруу кызматтары аркылуу аларды иш менен

камсыздоону камтыган, жакырчылыкты жоюунун стратегиясы аныкталган. Ал эми «Эмгек» программасында аялдардын жумушсуздугун кыскартуу, экономикадагы структуралык өзгөрүүлөрдү эске алуу менен аялдарды кайра даярдоо аркылуу жумуш орундарын түзүүнү караган, калктын иш менен камсыз болушун жогорулатуу стратегиясы такталган эмес.

Пекин конференциясы Кыргызстанда аялдардын активдүүлүгүнүн өсүшүнө, аялдардын күчтүү кыймылынын түзүлүшүнө түрткү болгон. Кыргызстанда жарандык сектордун негизин түзгөн коомдук бирикмелердин жана уюмдардын ишмердүүлүгүнө катышуу аркылуу аялдарды өлкөнүн коомдук жашоосуна тартуу боюнча уникалдуу тажрыйба топтолгон. Өкмөттүк эмес уюмдар мамлекеттик башкаруу органдары жана жергиликтүү бийлик менен өнөктөштүк түзүү мүмкүнчүлүктөрү аркылуу чечим кабыл алууга таасир этүүчү күчтүү курал экендигин тажрыйба көрсөттү. 1999-жылы Кыргызстанда жарандык сектордун олуттуу бөлүгүн түзгөн 150 жакын бейөкмөт аялдар уюмдары түзүлгөн. Алардын 80% жакынын аялдар жетектешкен [196]. Бул уюмдарды максаттарына жана ишмердүүлүгүнө ылайык төмөнкү топторго бөлүп кароого болот:

- белгилүү бир максаттуу аудитория менен иштеген өкмөттүк эмес уюмдар (Кыргызстандын ишкер аялдарын колдоо ассоциациясы ж.б.);
- аялдардын лидерлиги жаатында иштеген өкмөттүк эмес уюмдар (коммерциялык эмес уюмдар (КЭУ) ассоциациясы, социалдык технологиялар Агенттиги ж.б.);
- илимий-аналитикалык борборлор («Диамонд» ассоциациясы, аялдарга жардам берүү Борбору ж.б.);
- аялдардын жакырчылыгы менен күрөшүүгө багытталган өкмөттүк эмес уюмдар («Ак-Марал», «Соопкер», «Ак-Шоола» ж.б. микрокредиттик уюмдары).

Совет мезгилинде коомдук сектор менен мамлекеттин ортосундагы мамиле активдүү болуп, ошол эле учурда жарандык уюмдар мамлекеттин колдоосунда болуп, өз алдынча иш жүргүзүшкөн [203]. СССРдин убагында эле Кыргызстанда профсоюз, илимий жамааттар, жазуучулар союзу, журналисттер, композиторлор союзу, спорт сүйүүчүлөр жамааты, табигатты коргоочулар жамааты ж.б. ушуга

окшогон түрдүү коомдук уюмдар болгону белгилүү. Советтик коомдук уюмдардын азыркы кездеги уюмдардан негизги айырмасы, алар саясий активдүү эмес болгондугунда, б.а. алар саясий процесстерге катышпай, кесиптик кызыкчылыктарды гана көздөшкөн.

Кыргызстанда эгемендиктин алгачкы жылдары тактап айтканда 1990-жылдардын башында өкмөттүк эмес уюмдардын түзүлүшүнө эл аралык жана донордук уюмдар көмөкчү болгон. Өлкөдөгү кыйынчылыктардан колдонушуп, көпчүлүк эл аралык уюмдар келечекте мамлекеттин бардык региондоруна таасир этүү максатында өкмөттүк эмес уюмдарды ачып, жыл сайын өкмөттүк эмес уюмдарды каржылоого олуттуу суммадагы акчаны сарпташкан. Айрым бир маалыматтар боюнча, донорлор жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдарга бөлгөн каражаттардын көлөмү мамлекеттик мекемелердин же өлкөнүн айрым областарынын бюджетинен көп болгон [208]. Серепчилердин баамында, өкмөттүк эмес уюмдар 90%- 100% чейин эл аралык уюдар аркылуу каржыланган. Негизги донорлордун катарына ПРООН, Сорос Фонду, Улуттук Демократиялык институт (NDI), ЮСАИД, Глобалдык экологиялык фонд ж.б. кирген [203]. Активдүү донорлор болуп «Демократияны колдоо Улуттук фонду» (АКШ), Америкалык улуттук эл аралык мамилелер демократиялык институту, ЮСАИД, «Сорос» Фонду ж.б. эсептелген. Алардын каржылоосун Бишкектеги ЕККУнун өкүлчүлүгү көзөмөлгө алган [208]. Албетте, өкмөттүк эмес сектор алган донордук каржы агымдары тууралу так статистика жок. Көз карандысыз серепчилердин айтымында, өкмөттүк эмес уюмдарды каржылоонун 40% жакыны укук коргоого, 25% жакыны ден соолукту чыңдоого, 29% билим берүүгө багытталган. Калган каржылоонун 5% гендердик көйгөйлөр, экологияны сактоо жана социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн [203]. Натыйжада, эл аралык уюмдар Кыргызстандагы жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар аркылуу социалдык-саясий процесстерди контролго алууга аракеттенишкен. Республикада көп сандаган өкмөттүк эмес уюмдардын болушу демократиянын белгилери, жарандык коомдун негизги институттарынын өнүгүшү катары таанылган. Бирок ар убакта өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аркасында трансулуттук корпорациялар жашынып турганын эстен чыгарбоо керек [199]. Бул

маселени талдоодо бир нече тарыхый булактар далил боло алды. Мисалы, АКШнын белгилүү дипломаты Г.Киссинджер өз эмгектеринде «АКШнын бул аймакта болушу милдеттүү», деп жазган. Себеби, Азия коопсуздук системасы европалык системадан олуттуу айырмаланып, геосаясаттык коркунуч туудурат. Азия өлкөлөрүнүн ролунун тынымсыз өзгөрүүсү потенциалдуу альянстарды түзүүнү татаалдаштырат [55.113]. Азия эбегейсиз зор ресурстарга жана эң көп калкка ээ болгон дүйнөнүн бир бөлүгү. Азиянын негизги өлкөлөрү (Кытай, Индия, Индонезия) көп улуттуу, ошондой эле зор масштабга ээ. Катастрофалуу дүйнөлүк согуштар алсыраткан Европа өлкөлөрү бири-бири менен касташпайт жана АКШ менен бирдиктүү фронт катары аракеттенүүгө даяр [200]. Бүгүнкү күндө бири-бири менен карама-каршы «батыштын принциптерин таркатуучу тартип» жана «радикалдык исламды актоочу тартип» күчтөрү бир баланста турат. Жаңы тартип түзүүдө АКШ лидер болуп, эл аралык кеңири колдоого ээ болот деп эсептеп келишкен [213]. Трансулуттук корпорациялар жана трансулуттук банктар «күчүнө жараша» бөлүп, «ааламдашуу» деп аталган доор жаралды. Учурдагы Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштагы окуялар мунун ачык-айкын ырасталышы болуп саналат [199]. Ааламдашуу жана демократия эртели кечпи баары бир Советтер Союзунун кулашына алып келип, өз алдынча мамлекеттерди пайда кылды. СССР кулагандан кийин АКШ «жаңы дүйнөлүк тартип» идеясын жүзөгө ашырууда [213]. Ааламдашуу- дүйнөнү өз ара көбүрөөк байланыштырган жана көз каранды кылып жаткан табигый процесс [17.823]. Дүйнөлүк валютаны, трансулуттук банктарды жана корпорацияларды, глобалдык каржы рыногун контролго алган америкалык бийлик элитасы жетектеген дүйнөнүн жаңы үчүнчү экономикалык түрү деп болжолдонууда. Улуттук суверинитеттен ажыратылган өлкөлөрдүн калкын авторитардык технологиялар аркылуу контролдоо либералдык ааламдашуу тенденциясынын уландысы болуп саналат [179]. Дүйнөнүн жаңы үчүнчү экономикалык түрү улуттук институттардын өз экономикасын башкаруусун жок кылып, эл аралык каржы олигархиясынын кызыкчылыгына баш ийдирүүдөн турган либералдык ааламдаштыруудан турат. Анын структурасында ири каржы холдингдерди, күч структураларды, атайын кызматтарды, массалык маалымат

каражаттарды, саясий партияларды көзөмөлдөгөн бир нече ондогон америкалык-европалык үй-бүлөлүк кландар үстөмдүк кылышат [63]. АКШнын бийлик жүргүзүүчү элитасы контролго ала албаган өлкөлөрдүн баары менен каржылык, маалыматтык, когнитивдик, ошондой эле аларды дестабилизация жана хаос кылуу үчүн биологиялык технологиялар колдонулган гибриддик согуш жүргүзүүдө. Бул аркылуу АКШ дүйнөлүк экономиканын гана эмес, ошондой эле жалпы адамзаттын да заманбап маалыматтык, каржылык жана биоинженердик технологиялардын жардамы менен өндүрүүсүн контролго алуучу институттардын дүйнөлүк системасын түзүү максатын көздөйт [179].

Республика боюнча 2020-жылга карата коммерциялык эмес уюмдардын саны 8 миңден 12 миңге чейин жеткен. 2010-жылы 24.kg өлкө боюнча юстиция Министрлигинин шилтемесине таянып, 1500 жаңы коомдук бирикмелер, мамлекеттик эмес уюмдар, ошондой эле саясий партиялар, 142 массалык маалымат каражаттары катталаганын билдирген. Мамлекеттик салык инспекциясынын маалыматы боюнча, 600 жакын коммерциялык эмес уюмдар гана ай сайын отчет тапшырышып, алардын 400 Бишкек шаарында иш жүргүзүшкөн [203]. Сорос-Кыргызстан Фондунун изилдөөлөрүнүн маалыматы боюнча, өлкөнүн аймагында ишмердүүлүк жүргүзүп жатышкан коомдук уюмдар өкмөттүк эмес уюмдардын 87% түзгөн [99.13]. Сорос-Кыргызстан Фондунун изилдөөлөрү боюнча өкмөттүк эмес уюмдар төмөндөгүдөй иш-чараларды жүргүзүшкөн: ар бир экинчи активдүү өкмөттүк эмес уюм калктын социалдык аяр катмарларына жардам (43%) берүүгө аракеттенген, адам укуктарын коргоо (42%), саламаттыкты сактоо (25%), жарандык билим берүү (22%), гендер (17%) жана экология (15%) багытында болгон [92.36].

2000-жылдардын башында өкмөттүк эмес уюмдар өлкөнүн коомдук-саясий жана экономикалык өнүгүүсүндөгү маселелерди талкууга катышып, саясий аренага чыга башташкан. Бийлик өкмөттүк эмес уюмдардын саясий чөйрөдөгү таасиринин күчөшүнүн негизинен, бир нече ирет өкмөттүк эмес уюмдар секторун көзөмөлгө алууга аракет жасашкан. Мисалы, Кыргызстандын өкмөтү «чөнтөк» өкмөттүк эмес уюмдарды түзүү жана колдоо саясатын

жүргүзүп, алар өкмөттүн бардык чечимдерин колдоп, башка өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан айтылган сын пикирлерге каршы чыгышкан. 2009-жылы жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүктөрүн көзөмөлгө алуучу, саясий иштерге катышуусуна тыюу салуу максатында бир катар чараларды аныктаган «Коммерциялык эмес уюмдар тууралу» мыйзамга толуктоолор киргизилген. Бийлик тарабынан өкмөттүк эмес уюмдар белгилүү гана топтун кызыкчылыгын көздөп, иш аракеттерин бизнеске айландырып жатышкандары белгиленип, сынга алуу күч алган.

2019-жылдын декабрында Кыргызстандын Парламентинде өкмөттүк эмес уюмдарга көзөмөлдү жөнгө салуу боюнча мыйзамдык өзгөртүүлөрдүн пакети киргизилген. 2020-жылдын январында Вашингтон жарандарга иммиграциялык визаларды берүү чектелген өлкөлөрдүн тизмесине Кыргызстанды кошкон. Өкмөттүк эмес уюмдар болсо мыйзамды терс кабыл алышып, анын кабыл алынышы мүмкүн эместигин билгизишкен [190].

Социалдык-экономикалык көйгөлөрдүн жылдан жылга топтолгонуна карабастан, бийлик эл сыяктуу эле эл аралык уюмдардын каржылык жардамына муктаж жана көз каранды болгондуктан, аргасыздан ушундай өкмөттүк эмес уюмдардын жетегинде болууга аргасыз болушкан. Муну менен бийлик өлкөнүн экономикасынын эффективдүү өнүгүү жолун табууга жөндөмсүздүгүн кандайдыр бир деңгээлде көрсөткөн. Натыйжада, коомдо парадокс жагдайларын жараткан «жапайы демократия» түзүлүп, бардыгын сындоо же баарын жамандоо адаты пайда болгон. Бирок мындан көйгөйлөр азайып калган эмес.

Аялдардын өкмөттүк эмес уюмдары бир жагынан эл менен түздөн-түз иштешкен уюмдар болсо, экинчи жагынан мамлекеттик башкаруу органдары жана жергиликтүү бийлик менен өнөктөш иш жүргүзүү тайрыйбасы аркылуу жакырчылыкты жеңүү, калкты социалдык мобилизациялоо чөйрөсүндө өз потенциалын активдүү колдонушкан.

Кыргызстанда рынок экономикасынын шартында аялдардын айрым социалдык, саясий активдүүлүктөрүнүн маңызы өзгөргөрүүдө. Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында аялдардын жаңы «ОБОН» саясий тобу коомчулукта

убагында белгилүү болгон уюмга айланган. Айрым журналисттердин баамында, төмөндөгүдөй мүнөздөмө беришкен: «Кыргыз айымдарынын кулк мүнөзүнө туура келбеген өзгөчө адепсиз, тартипсиз жүрүм турумдары, тарбиясыздыктары менен өзгөчөлөнгөн саналуу аялдарды «ОБОН» деп атоого болот» [204]. «ОБОН» аялдар топторунун пайда болушу өлкөдөгү саясий кырдаалдын курчуган мезгилине туура келген. 2000-жылдардын башында акыйкаттыкты издеген аялдардын феминисттик кыймылынын белгилери билине баштаган. Анын алгачкы толкуну батышта XVIII кылымга туура келген. Экинчи толкуну 1960-жылдарга, үчүнчүсү 1990-жылга тиешелүү. Серепчилердин айтымында, Кыргызстанда 2000-жылдары жаралган аялдардын тобу алгач бул багытка окшошуп, бирок бара-бара саясий топтордун таасиринен чыга албай калган. Натыйжада, мыйзам чегинен чыккан ишмердүүлүгү боюнча акчага жалданган атайын үйрөтүлгөн топко айланышкан. Бул кыймылдын ишмердигин жалпы эл жактырган эмес.

«ОБОН» аялдар топторун оппозиция бийликке каршы 2005-жылы аксы окуялары боюнча, Каркыра жайлоосу, Ысык Көлдөгү пансионаттар, Үзөңгү-Кууш маселелери боюнча колдонушкан. Белгилүү болгондой, республиканын ар кайсы региондорунда наразычылык акцияларында жана митингдерге каршы кыймылдарда эки тарап тең аялдар аркылуу психологиялык чабуул жасашкан. Айрым күч органдары «ОБОН» аялдар тобун торпедо катары колдонушуп, мамлекеттик саясаттын денгээлине чыгарышкан [204]. Кыргызстандагы каршылык акцияларын уюштуруучулар «ОБОНдун» кызматтарынан 2000-жылдардын башынан тартып эле пайдалана башташкан, ал эми бул топ 2010-жылдын апрель айындагы революция убагында өзүнүн күчөгөн мезгилине жеткен [225]. КР ИИМнин  2012-жылдын биринчи жарымында билдирүүсү боюнча, өлкөдө 646 митинг өткөрүлгөн. 2005-жылдан бери митингдерди уюштуруучулар «ОБОНду» колдонгону тууралу 13-ноябрда эл аралык «Фергана» агенттиги билдирген [225]. Натыйжада, саясатта бийлик менен кылмыш дүйнөнүн чегинде «ОБОН» аялдар тобу ишмердүүлүк жүргүзгөнү көрүнгөн.

Жакырчылык шартында, өзгөчө Кыргызстандын айыл жерлеринде аялдардын «ОБОНдун» катарына тартылышы акча табуунун булагы катары эсептелген. Аялдар ар бири митингге катышканы үчүн 300-500 сомго чейин табышып, активдүү мүчөлөрү өздөрүнүн материалдык абалдарын бир топ оңдоого жетишишкен. Митингдерге баягы эле жүзү тааныш аялдар барганы маалым болгон. «ОБОНдун» айрым бир жөндөмдүү аялдары бара-бара республиканын райондорундагы социалдык лифт болуп саналган жергиликтүү башкаруунун органдарына өтүп кетишкендиги тууралу отчеттун авторлору белгилешкен [225].

Эмне себептен кыргыз аялдары мындай кадамдарга барышат? - деген суроого ар кандай ой жүгүртүүлөр айтылган. Көпчүлүк учурда аялдар жакырчылыктын, жетишпегендиктин айынан акчага жалданып иштешкен деген пикирди айтышкан. Башкача айтканда, балдарын жана үй-бүлөсүн багуу максатында, «ОБОНдун» аялдары төлөп берген тараптын акчасына алардын талабын аткарышкан. Жакырчылык, жетишпеген турмуш-шарттары менен катар эле тарбиянын, билимдин, маданияттын, руханий сапаттардын кемчилиги жана саясий жактан сабатсыздыктарды да белгилеген пикирлер айтылган. Бирок айрым учурларда алардын катарында билимдүү аялдар да кездешкен [204].

Кыргызстандын совет доорунан айырмаланып, эгемендик мезгилинде аялдардын саясий, социалдык активдүүлүгүндө чоң өзгөрүүлөр келип чыккан. Жумушсуздуктун өсүшүнөн, жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашынын эсебинен жалданып иштеген аялдардын саясий топтору пайда болгон десек болот. Өкмөттүк эмес уюмдар кылмышкерлерге болушуп, укук коргоо органдарынын ишине одоно кийлигишкен. Кылмышка шектелген өз адамдарын эркиндикке чыгаруу максатында, өздөрү башкарган массалык маалымат каражаттарынын жардамы менен керектүү коомдук пикир жаратышып, пикеттерди уюштурушкан.

Баса белгилөөчү нерсе, батыш тараптан кенен каржыланган өкмөттүк эмес уюмдар көпчүлүк учурда саясий маселелер менен алектенишип, ал эми социалдык-экономикалык көйгөйлөр чечилбестен кала берген. Ошол эле убакта

алар, калктын жакыр катмарынын саясий активдүүлүгү ар дайым социалдык-саясий толкундоолорго алып келээрине көңүл бурушкан эмес.

Кийинки мезгилдерде атайын кызматтар тарабынан ар түрдүү батышчыл өкмөттүк эмес уюмдар, Кыргызстандын түштүгүндө этностор аралык кагылышуулар болгон июнь окуяларынын алдында активдешкендери тууралу такталган. «Сорос-Кыргызстан» фонду каржылаган «Соломон нуру» жана «Адилеттүүлүк» өкмөттүк эмес уюмдары маалыматтарды чогултушуп, Бишкектеги ЕККУнун башкы офисине жөнөтүшкөн. Апрель төңкөрүшүнөн кийин «Жарандар коррупцияга каршы» жана «Кылым шамы» укук коргоочу борборлору эң активдүү өкмөттүк эмес уюмдар катары эсептелген [208]. Кыргызстандын түштүк аймагындагы июнь окуяларына чейинки абал Францияны да кызыктырган. Ал дипломатиялык каналдар аркылуу Орто Азия республикаларында улуттар аралык чөйрөдө негативдүү тенденциялардын пайда болуусун жана өнүгүүсүн изилдөө үчүн «Маданият плюс» атайын проектисине грант бөлгөн [208]. Түштүк областтарда чет элдик өкмөттүк эмес уюмдардын концентрациясы жана алардын ишмердүүлүгү аркылуу Орто Азия мамлекеттеринде «ар тараптуу демократия» идеяларын жана батыш баалуулуктарын алдыга жылдыруу максатында өкмөттүк эмес уюмдар менен массалык маалымат каражаттары чек аралык түйүнүн түзүүгө далалат кылышкан.

Өлкөдөгү көйгөйлөрдүн көп түрдүүлүгүнө байланыштуу, республикадагы өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүктөрү да ар түрдүү. Мисалы, «Инсан-Лейлек» бейөкмөт уюму Дербишева Гүлнаранын жетекчилиги менен мигрант аялдардын көйгөйлөрүн чечүүдө көптөгөн иштерди жүргүзгөн [16.40]. Калктын бардык эле катмарынын жеке адвокаттардын кызматынан колдонууга мүмкүнчүлүгү жок. Ошондуктан, көпчүлүк жарандарга юридикалык колдоо көрсөткөн уюмдар да аз эмес. Мисалы, Кыргызстанда Чолпон Джакупова жетектеген «Адилет» укуктук уюмдун юристтери 2013-жылы 8 миңден ашуун адамга акысыз юридикалык кызмат көрсөтүшкөн [247].

Өлкөдө жетим балдарга жардам көрсөткөн уюмдардын иштерин да белгилөө зарыл. Мамлекеттин жана ата-энелердин колдоосуна ээ болбой, интернаттан соң билимсиз жана жумушсуз көчөдө калган балдарга колдоо көрсөтүү маанилүү маселе. Бул багытта «Биздин үн» коомдук фонду Ормонова Айнуранын жетекчилиги менен жетим балдардын балдар үйүнөн кийинки жашоосун коомго интеграциялоосуна жардам беришип, алардын турмушун жеңилдетүүгө аракет кылган. Фонддун кызматкерлери юридикалык, психологиялык, медициналык, кесип тандоо, орто жана жогорку билим алуу, жумушка орношуу, үй менен камсыз болуу маселелери боюнча консультацияларды беришип, балдар үйлөрүнүн жана интернаттардын 600 бүтүрүүчүсүнө жардам берип, айрымдарынын документтерин калыбына келтирип, ЖОЖдорго тапшырууга, айлык жөлөк пулдарды алууга, айрымдарынын жумушка орношуусуна көмөктөшкөн [247].

Кыргызстандын шайлоо системасын жакшыртуу маселеси мамлекеттик эмес уюмдардын арасында актуалдуу болуп саналат. «Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция» коомдук бирикмесинин жардамы менен жарандар шайлоо учурундагы жада калса майда мыйзам бузуулар тууралу да тез арада билип, коомчулукка жарыялашкан. Ошондой эле уюмдун байкоочулары сот отурумдарына катыша алышып, эгерде соттук бузуулар болсо, аларды көзөмөлгө алышкан [247].

Республикада Бубүсара Рыскулова жетектеген «Сезим» кризиске каршы бейөкмөт уюму 22 жылдан бери оор жагдайларга кабылган аялдарга жардам берүү менен маанилүү иштерди аркалап, зомбулуктан жапа чеккен аялдарга жана балдарга кызмат көрсөтүүлөрдүн толук спектри көрсөтүлүүчү көп эмес борборлордун бири болгон. Көп жылкы ишмердүүлүгүнүн негизинде баш калкалоочу жайда үй бүлөлүк зомбулукка дуушар болгон 1 миң 89 чоң адамдар жана 726 жаш балдар, 260 адам сатуунун курмандыктары жашашкан. Мамлекеттин колдоосуна карабастан, борборго каражаттар баары бир жетишсиз абалда болгон [247].

1994-жылы «Өнүгүүдөгү аял» аттуу көз карандысыз изилдөө борбору түзүлүп, ага окумуштуу аялдар кирген. Бул борбордун максаты аялдардын жана балдардын билим деңгээлин жогорулатуу, өлкөдөгү демографиялык факторлорду иликтөө, муктаж үй бүлөлөргө көмөктөшүү, бизнес боюнча ар түрдүү жардам берүү, аялдарды коомдук жана жетектөөчү иштерге тартуу болгон [132].

Чындыгында жогорудагы келтирилген мисалдар өкмөттүк эмес уюмдар демократиялык принциптерди алга жылдыруу жана аярлуу жарандардын укуктарын коргоо менен, өлкөнүн өнүгүшү үчүн олуттуу салым кошоорун айгинелейт.

АКШ акыркы мезгилдерде Орто Азия мамлекеттерине көп көңүл буруп келгени белгилүү. Баарына маалым болгондой, АКШ бул аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө эч кандай кызыкчылыгы жок жана башка максатты көздөшкөнүн белгилөөгө болот. Бул мамлекет Орто Азия чөлкөмүн Россия үчүн көйгөй жараткан булак катары жана Кытай мамлекетине басым жасоого плацдарм катары карашканы байкалат. АКШ бул максатын ишке ашырууда бейөкмөт уюмдарды пайдаланууга басым жасашканы байкалат.

Кыргызстандын көз карандысыз жылдарында өкмөттүк эмес уюмдар өлкөдө кандайдыр бир жабык түрүндөгү бизнес-клуб болуп калышканын көрүүгө болот. Алар аркылуу өткөн каржы булактарын ири ишканалардын кирешелери менен салыштырууга болот. Жыл сайын сот системасын жакшыртууга, массалык маалымат каражаттарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын эркиндигине, өнүгүүсүнө акча каражаттары бөлүнгөнүн көрсөткөн маалыматтар бар.

ЕККУ, демократияны өнүктүрүү Улуттук фонду, «Сорос-Кыргызстан» Фонду», Кыргызстандагы «Фридом Хаус» өкүлчүлүгү, Кыргызстандагы Швейцария элчилиги, «Жарандык коомду өнүктүрүү ассоциациясы» (АРГО), голландиялык «Хивос Фонду», Кыргызстандагы Улуу Британия элчилиги, «Орто Азиядагы Евразия Фонду», немецтик «Ачык коом институту» жана USAID жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдарды каржылоочу эл аралык уюмдар менен

дагы эл аралык уюмдар Кыргызстанда өз иштерин жүргүзгөн [190]. USAID 2019-жылы өз ишмердүүлүгүн колдоо үчүн Конгресстен 16,8 миллиард АКШ долларын суранган, бул 2018-жылдагыга караганда 1,3 миллиард АКШ долларына көп болгон. Мындай каржылоонун өсүшү, РФсы менен Кытай Элдик Республикасы көпчүлүк аймактарда, анын ичинде Орто Азия өлкөлөрүнө да таасиринин жогорулашына байланыштуу болгон.

Бир дагы бейөкмөт уюм донордук гранттар толугу менен эмнеге багытталганын ачык айтышпай, жашыргандыгы ачык байкалат. Эгерде мындай долбоорлор белгиленген максаттарга жетүү үчүн иштесе, анда өлкө үчүн өтө пайдалуу болмок эле. Түшкөн каражаттар калктын аяр катмарынын көйгөйлөрүн жана социалдык маселелерди чечүүгө багытталбай, каражаттын көпчүлүгү провакациялык аракеттерди уюштурууга жумшалганы ачык көрүнгөн. Ошондуктан коомчулук, өкмөттүк эмес уюмдар кандай иштерди жүргүзүшөрүн жана аларды ким каржылай турганын ажырата билүүлөрү керек [190].

«Бир дүйнө Кыргызстан» уюму акыркы 3 жыл аралыгында эле 1 миллион 775 миң АКШ долларын сарптаган [208]. Эгер ар бир бейөкмөт уюму чет мамлекеттерден алышкан гранттарды Кыргызстандын кызыкчылыгы, социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн жумшаса, өлкөнүн өнүгүшүнө чоң салым болмок. Тилекке каршы бул уюмдар тескерисинче, мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч жаратышып, өлкөдөгү стабилдүүлүктү бузууга алып келген учурлары ачык байкалган.

Ошентип, өкмөттүк эмес уюмдар - бул акча өндүрүүнүн бир ыкмасы катары буйрутма кылган донорлорунун тапшырмаларын аткарышып, натыйжада чоң киреше алуу максатын көздөгөнүн изилдөөлөр көргөздү. Бара бара мындай бейөкмөт секторлорунун ишмердүүлүгү токтойт деген ой бар. Өз учурунда Кыргызстандын бийлиги өлкөнүн стабилдүүлүгүн жоготпош үчүн батышчыл өкмөттүк эмес уюмдарга кыйла натыйжалуу каршы туруу керек.

**Жыйынтыктап айтканда**

- Бийликтеги коррупциянын деңгээли аялдардын парламенттеги өкүлчүлүгүнөн көз каранды. Кыргызстанда 30% квота болгондугуна карабастан, улуттук

деңгээлде мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгү азайган. 2020-жылы бул көрсөткүч 19,3% төмөндөгөн;

- Жарандык коомунун негизин түзгөн өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүн аялдар түзүшкөн. Алардын ишмердүүлүгү демократиялык принциптерди алга жылдыруу жана аярлуу жарандардын укуктарын коргоо менен, өлкөнүн өнүгүшүнө олуттуу салым кошуу;

- Кыргызстан эгемендүүлүк жылдары трансулуттук банктардан чоң суммадагы ири карыздарды алган. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аркасында трансулуттук корпорациялар турары белгилүү. Алар ар тараптуу таасир этүү максатында биологиялык технологиялар колдонулган гибриддик согуштун негизинде экономикалык, маалыматтык, каржылык, биоинженердик жактан өлкөнү көз каранды кылып, дүйнөлүк либералдык ааламдашуу тенденциясын жайылтуу менен алектенген;

- Эл аралык уюмдар өкмөттүк эмес уюмдар секторунун калыптанышында негизги ролду ойногон. Өкмөттүк эмес уюмдар 90%-100% чейин эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган. Ал уюмдар өлкөдөгү кризистен пайдаланышып, өздөрүнүн филиалдарын, түрдүү өкмөттүк эмес уюмдарды каржылоодо олуттуу сумманы сарпташкан;

- Демократиялаштыруу доорунда ар кандай феминисттик маанайдагы агымдар жаралып, жалаң гана тең укуктуулук жана акыйкаттуулук үчүн ишмердүүлүк жүргүзүшпөстөн, ошондой эле өлкөнүн стабилдүүлүгүнө доо келтирүүчү кыймылдарга өтүп кетүү ыктымалын туудурган. Жумушсуз калган айрым аялдар радикалдык агымдарга бат өтүп кетүү коркунучу жогорку деңгээлде экендигин тажрыйба көргөздү. Кыргыз аялдарынын салттуу кулк мүнөзүнө жат келген өзгөчө адепсиз, тартипсиз жүрүш турушу, тарбиясы тайкы аялдар тобунун жаралышы кыргыз элинин генофондуна кедергисин тийгизээрин мезгил тастыктады.

## 4.2. Аялдар социалдык-маданий процесстердин өзгөрүү шартында

Эгемендүү Кыргызстандагы билим берүү коомдун келечектүү жана туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылган стратегиялык институт катары каралат. Билим адамдардын турмушун күн сайын өзгөртүп турат. Туруктуу келечекти куруу үчүн ар бир адам билим алууга укуктуу. Ушуга байланыштуу билим берүү түзүмдөрүн чыңдоо жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын билимин стимулдаштыруу үчүн чечимдер белгилүү бир деңгээлде кабыл алынып келүүдө.

Аялдардын тең укуктуулукка жетүүсүнүн негизги жолдорунун бири болуп негизги окуу жана жазуу көндүмдөрүн өздөштүрүүдөн баштап, жогорку билимге чейинки ар кандай деңгээлдеги билимди үзгүлтүксүз өркүндөтүү саналат. Билим коомдогу баарлашуунун көптөгөн түрлөрү үчүн абдан маанилүү, ансыз аялдардын көп нерселерге жетишүүсү мүмкүн эместигин тарых эчак эле тастыктаганы белгилүү.

Акыркы 50 жылда дүйнө жүзү боюнча жаштардын сабаттуулугу жогорулады. Ошол эле учурда, аялдар арасындагы сабаттуулуктун эркектерге салыштырмалуу төмөн экендиги аныкталган. 2018-жылкы маалыматтарга караганда, сабатсыздардын 59% жаш аялдар түзгөн [172]. ЮНЕСКОнун маалыматы боюнча, дүйнөдө 758 миллион адам окуй жана жаза албаган. Аялдар жалпы сабатсыз чоңдордун үчтөн экисинен ашыгын түзгөн [172], [223]. Ал эми 263 миллион бала мектепке барбай, алардын көпчүлүгү кыздар деп эсептелген [223]. ЮНЕСКОнун Статистика институтунун маалыматы боюнча, 16 миллион кыздар эч качан мектеп босогосун аттаган эмес [221].

2016-жылдын статистикалык маалыматтары боюнча, Кыргызстандагы бойго жеткен сабатсыз калктын саны 20,3 миң адамды түзгөн [218], ал эми сабатсыз аялдардын саны 2010-жылдагы статистикага ылайык, 20 миңден ашуун адамды түзгөн [78]

4.3-таблица - Сабатсыз эркек жана аялдардын жаш курактары боюнча бөлүнүшү (2010-ж)

| | Калктын жалпы саны | | |
|---|---|---|---|
| | Бардыгы | эркектер | аялдар |
| КР боюнча | 29592 | 9513 | 20079 |
| Жаш курактары боюнча | | | |
| 10-29 | 2760 | 1638 | 1122 |
| 20-29 | 1614 | 1489 | 1067 |
| 30-39 | 1321 | 818 | 796 |
| 40-49 | 1163 | 621 | 700 |
| 50-59 | 1178 | 402 | 766 |
| 60 жана андан улуу | 20178 | 4545 | 15633 |

Таблицадагы көрсөткүчтөр боюнча, сабатсыздык деңгээли 60 жана андан улуу жаш курагындагы аялдардын арасында жогору экендиги көрсөтүлгөн. Ал эми 60 жашка чейинки категорияда 10-29 жана 20-29 жашка чейинкилер ичиндеги эркектер арасында сабатсыздыктын санынын көптүгү байкалган.

Салыштыруу катары совет дооруна сарасеп салсак, анда 1928-жылдан 1938-жылга чейин 10 жыл ичинде ар бир жаранга эл агартууга кеткен чыгымдар РСФСР боюнча 11 эсе, Украина ССР боюнча 14,5 эсе, Кыргыз ССР боюнча 26 эсе көбөйгөн [104.126]. 1928-жылы Кыргызстандагы аялдардын билим алуусуна атайын 187547 рубль бөлүнгөн. Натыйжада, 1928/1929 окуу жылдарында 4683 аял сабатсыздыкты жоюу мектептеринде өз сабатсыздыктарын жоюшкан [104.124]. Ушундан улам, өлкө үчүн эл агартууга ири суммадагы каражаттар бөлүнгөнүн айтууга болот. 1938-жылы Кыргызстанда 1735 мектеп болгон, бул 1924-жылдагы көрсөткүчкө карганда 17 эсе көп болгон. Республика боюнча окуучулардын саны 38 эсе көбөйгөн, ал эми СССР боюнча 3,1 эсе жогорулаган. 1926/27 окуу жылында окуучулардын арасындагы кыздар СССР боюнча 39,6%, Кыргызстан боюнча 29% түзүшкөн, ал эми 1938/39 окуу жылында 47,5% жана 43,6% жогорулаган. Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз ССРинин эл агартуусунун өнүгүү темпи жалпы СССР боюнча өнүгүүдөн 12 эсе тез болгон [104.137].

1939-жылы республика боюнча маданияттын негизги көрсөткүчү катары саналган калктын сабаттуулугу 70% көтөрүлгөнү белгиленген. Элдин сабаттулугунун жалпы деңгээли СССРдин элинин сабаттулугунун орточо деңгээлине жеткен. 1941-жылы Кыргызстанда негизинен чоңдордун арасындагы сабатсыздыкты толук жоюу социалисттик түзүлүштүн чоң жеңиши болуп саналган [104.136-137]. Сабатсыздыкты жоюу менен катар эле маданият да жогорулай баштаган. 1926-жылы сабаттуулук 7,4% түзсө, 1939-жылы республика боюнча сабаттуулук 63% жогорулаган. 1940/41 окуу жылында өлкөдө 147547 кыздар окушуп, алардын ичинде 68753 кыргыздар болушкан. Ал эми ЖОЖдордо жана маданий агартуу мектептеринде 1473 кыздар билим алышкан [104.137]. Натыйжада, өтө кыска мөөнөттүн ичинде өлкө боюнча кылымдардан бери келе жаткан сабатсыздык жоюлуп, жалпыга билим алуу милдети киргизилип, мектептердин, техникумдардын, ЖОЖдун тармактары өскөн.

Биз карап жаткан 30 жылда мектеп окуучулары арасында окуу программаларын өздөштүрүү деңгээли түшүп кеткен. Мисалы, 2001-жылы окуучулардын 59,1% гана окуу программаларын өздөштүргөнүн далилдей алышкан. [54.37]. Демек баштапкы мектептердеги окуучулардын окуу программаларын өздөштүрүү деңгээлдери акыркы мезгилдерде төмөндөп кеткендигин айтууга болот. Эгемендүүлүк жылдары билим берүүгө бюджеттик каражаттардын жетишсиз бөлүнүшү билим берүү процессин жакшырта албаганы көрүндү. Бул өз кезегинде жакыр үй бүлөлөрдүн балдары үчүн келечекте аттаандаштыкка туруштук бере ала турган билим алууга бөгөт болоору аныкталган. Жеке билим берүү мекемелери пайда болуп, акы төлөп окуткан ата энелердин балдары үчүн билим берүүнүн мыкты сапаттагы кызматтарын көрсөтүшүп, ал эми жакыр үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн мамлекеттик мектептерден билим алуу сунушталып, кош билим берүү структурасы жүзөгө ашырылды.

Кыргызстандагы билим берүү тармагындагы кырдаалды жакшыртуу максатында 2001-жылдан 2010-жылга чейин «Миң жылдыктын өнүгүү стратегиялык максаттарын» түзгөн бир катар долбоордук документтер жана

программалар кабыл алынган. 2015-жылга чейин билим берүүнүн бардык баскычтарында аялдар менен эркектердин тең укуктуулугун жоюу пландаштырылган. Алардын катарында CDF, NPRS, «Аракет» Улуттук программасы, «Жаңы муун - новое поколение», «Жеткинчек - Билим алууга жеткиликтүүлүк», «Кенже балдарды өнүктүрүү», «Айылдык мектеп», «Баарына билим берүү боюнча иш-аракеттер планы» [89.21]. Бирок бир катар иш-чаралар өткөрүлүп жаткандыгына карабастан, биз изилдеген мезгилде көптөгөн постсоветтик мамлекеттердегидей эле, Кыргызстандагы билим берүү тармагындагы көптөгөн көйгөйлөр чечилбеген бойдон калган.

2012-2020-жылдарга өлкөнүн багыттарына жана өнүгүү максаттарына негизделген билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы (андан ары – СРО2020) кабыл алынып, «Миң жылдыкты өнүктүрүү» жана «Бардыгына билим берүү» глобалдык программаларынын максаттарына жетүүгө багытталган [238].

Баарына белгилүү болгондой, постсоветтик мезгилде мыйзамдуу түрдө кепилденген акысыз билим берүү, социалдык стратификация процессинин тереңдешине байланыштуу, билим берүү кызматтарынын коммерциялашуусунун натыйжасында жана билимдин баалуулугунун түшүшү менен катар эле, билим алуу коомдун бардык катмарлары үчүн жеткиликтүү эмес экендигин айгинеледи. Бюджеттик финансылоонун чектелиши мектепке чейинки мекемелердин массалык түрдө кыскарышына алып келип, билим берүүнүн бул сектору башкаларга салыштырмалуу эң көп жоготууларга учурады. Негизги себептеринин бири болуп, аларда жаш балдарды камсыздоонун наркынын өсүшү, ошондой эле көпчүлүк бала бакчаларынын иш-чараларынын башка профилге өтүшү жана менчиктештирилиши саналат. Натыйжада, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин саны кескин түрдө 70% кыскарган. Эгерде 1992-жылы бала бакчалардын саны 1380 болсо, 2000-жылы ал 420 төмөндөгөн. 1992-1999-жылдар аралыгында бала бакчаларга барган балдардын саны дээрлик үч эсеге азайган. 1999-жылы 45 миң бала бакчага барган, бул 1 жаштан 6 жашка чейинки балдардын 21,4% түзгөн [71.52]. Мектепке чейинки мекемелерге, мектептерге барбаган 17 жашка чейинки балдардын категориясы пайда болуп,

алардын саны көбөйгөн. Республиканын алыскы айыл аймактарында бул жагынан өзгөчө оор кырдаал түзүлүп, балдардын окуудан чыгып калуу феномени пайда болгон. Өлкөдө мектепке барбай калган балдардын саны жылдан жылга өскөн. Мисалы, 2002/2003-окуу жылында статистика боюнча, мектептерде 527 кыз жана 1190 эркек балдар окубай калган болсо, 2010/2011-окуу жылында 7-15 жашка чейинки окубаган кыздардын саны 4433, ал эми эркек балдардын саны 4873 чейин көбөйгөн.

4.4-таблица - 2010/2011-окуу жылында 7-15 жашка чейинки окубагандардын саны

| Бардыгы | | Анын ичинен | |
|---|---|---|---|
| | | Мектептерде окугандар | Бардык типтеги билим берүү мекемелеринде окубагандар |
| КР боюнча | 958716 | 929700 | 29016 |
| шаарларда | 271200 | 261894 | 9306 |
| айылдарда | 687516 | 667806 | 19710 |
| эркек балдар | 137248 | 132375 | 4873 |
| кыздар | 133952 | 129519 | 4433 |

Таблицадан Кыргызстанда кыздарга салыштырмалуу эркек балдар арасында билим берүү мекемелеринде окубагандардын санынын жогорураак болушу көрүнгөн. Ал эми шаар тургундарына салыштырмалуу, айыл жергесинде окубагандардын саны бир топ көп экендиги аныкталган.

Каралып жаткан мезгилде Кыргызстан боюнча 2 миңден ашуун мектептер иштеген, аларда 1,1 миллиондон ашык окуучулар билим алышкан. Кесиптик жана жогорку окуу жайларында 220 миңден ашуун студенттер окушкан. Билим берүү министрлигинин маалыматы боюнча, 2009-жылы Кыргызстанда 7 жаштан 15 жашка чейинки 29 миң бала мектепке барган эмес. ЮНЕСКОнун статистика Институтутун 2012-жылкы маалыматы боюнча, 2009-жылы 66 миңден ашык бала мектепке барган эмес [183]. 2012-жылдын август айында жүргүзүлгөн салттуу каттоонун жүрүшүндө 12 миң бала мектепке барууга мүмкүнчүлүгү жок

болуп чыккан. Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча, 2009-жылы 29 миңге жакын мектеп жашындагы балдар мектепке барышкан эмес. Бирок ЮНЕСКОнун Статистика институту 66 миңден ашуун балдар мектепке барбай тургандыгын тастыктайт [78]. Статистикалык маалыматтар көрсөткөн окубай калган балдардын санынын көбөйүшү улуттун деградациясына алып келиши ыктымал экендигин артта калган мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөтүп келүүдө.

1990-жылдардан бери эл аралык коомчулук тарабынан балдардын абалына кооптонуу жараткан маселелерге, тактап айтканда, балдардын эмгегин колдонуу боюнча тынчсыздануу кескин түрдө жогорулаган. Бул тенденция кыргыз коомчулугуна да жетти. Социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, жашы жете элек туруп, иштеген балдардын баары негизинен мектептерге барган эмес. Өлкөдө балдар эмгегинин өсүп бара жаткан тенденциясы коомчулукту тынчсыздандырат, ал кыргыз элинин бара-бара жоголушуна алып келе турган чоң социалдык көйгөйгө айланышы мүмкүн [127.93].

Эгемендик жылдары Кыргызстандын көптөгөн шаарларында мектепке барбаган кароосуз калган балдардын санынын көбөйүшү кооптуу көрүнүшкө айланган. Ата эненин калкалоосунан жана камкордугунан ажыраган, курсагын тойгузуу максатында көчөдө жүргөн балдардын санынын өсүшү кооптуу көрүнүш. Ар кандай басылмаларда жана эл аралык уюмдардын изилдөөлөрүндө коомдо курч кооптонууну жаратып, тентип жүргөн балдардын саны тууралу үрөй учурарлык маалыматтар жарыяланган. Чынында Кыргызстанда кароосуз калган балдардын саны боюнча азыркы учур боюнча так маалыматты кездештирген жокпуз. Изилдөөлөр боюнча, 2007-жылы 5-17 жаштагы балдардын жалпы санынын ичинен 570186 (38,9%) иштесе, 2014-жылы алардын саны 580565 (39,0%) түзгөн [230]. Бул көйгөйгө так мүнөздөмө берүү кыйын, себеби, балдар эмгегинин эбегейсиз бөлүгү, өзгөчө анын өтө начар формалары же жашыруун цехтерде, сойкуналарда жана башка жерлерде, же болбосо жеке менчик үйлөрдө, же алыскы жеке чарбаларда, шахталарда жана ишканаларда көбүрөөк кездешкен.

ЭЭУнун эсеби боюнча, дүйнөдө 5 жаштан 14 жашка чейинки 215 миллион бала эмгектенет. Алардын жарымынан көбү балдар эмгегинин эң начар түрлөрүнө тартылган [106]. Эмгек рыногуна эрте кирүүсү балдарды жалаң өздөрүн гана эмес, ошондой эле үй-бүлөлөрүн жана бүтүндөй жамаатты да жакырчылыктан чыгууга жардам бере турган өтө зарыл билим жана көндүмдөрдү алуудан алыстатат. Балдар эмгегинин эң начар формаларына тартылган балдар физикалык, психологиялык же моралдык зомбулукка дуушар болушу ыктымал, бул келечекте алардын өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизет.

Билимдин жетишсиздиги же төмөн деңгээли, жакырчылык, ошондой эле коомдун социалдык-маданий структурасы жана салттары балдар эмгегин колдонуунун себептери болуп саналат. Балдардын эмгегин пайдалануу экономикалык эффективдүүлүк менен байланышпайт. Болгону балдарды башкаруу чоңдорго караганда оңой, себеби азыраак квалификациялуу, өз укуктарын азыраак билишет, кыйынчылыктар жаралса, чоңдорго караганда балдарды курмандыкка чалуу жеңил.

Балдар эмгегинин мотивациясын билүү үчүн биз Бишкек шаарынын базарларында иштеген балдардын арасында пилоттук социологиялык сурамжылоо жүргүзгөнбүз. Интервью борбор калаанын «Ош», «Мадина», «Дордой» аттуу ар түрдүү базарларында өткөрүлгөн. 50 жакын иштеген балдар сурамжыланган, орточо жашы 10-11 жашта, алардын эң кичүүсү 6 жашта, эң улуусу 15 жашта. Балдардын өздөрү үй-бүлөдөгү чыныгы абалды айтууну каалабагандыктан, экинчи жагынан, тынымсыз жумуштун негизинен улам интервьюлар кыска мөөнөттүк болгон. Жалпы жолунан, башкалардын жүктөрүн араба менен ташып, акча тапкан балдар арасында сурамжылоо жүргүзүлдү [127.94]. Тагыраак болуш үчүн сурамжылоо, анын натыйжалары жөнүндө маалымдай кетели. Сурамжылоодо төмөндөгүдөй суроолор берилген:

- Күнүгө тамак ашка канча акча сарпталат?

Сурамжылоонун натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар алынган: балдар күнүнө бир жолу тамактанышат же болбосо акчаны тамактанууга такыр коротушпайт. Тамак ашка кеткен акчанын суммасы 7 сомдон 50 сомго чейин

жетет. Орто эсеп менен иштеген балдар түштөнгөнгө 10-15 сом жумшашат. Негизинен алар тапкан акчаларына нан, май, кант жана башка зарыл азык түлүктөрдү үй бүлөсүнө алуу үчүн өздөрүнөн үнөмдөшөт.

- Күнүгө канча акча табасың?

Күнүгө 50 сомдон 300-350 сомго чейин табышат. Кээде 10 сом гана тапкан күндөр да боло турганын өкүнүчтүү белгилешкен.

- Ата энең эмне менен алек болушат?

Сурамжыланган балдардын көпчүлүгү толук эмес үй-бүлөлөрдө жашай турганы маалым болгон. Бул балдардын ата-энелери ажырашып кетишкен, же бирөөсү гана болгон. Ошондой эле ата- энелеринин бирөөсү сөзсүз түрдө базарда иштей тургандыгы тууралу маалымдашкан. Алар товарды үстүнө акча кошуп сатып, же балдары сыяктуу эле жүк ташып акча табышкан. Сурамжыланган балдардын бирөөсүнүн гана ата-энесинин эч кимиси иштеген эмес.

- Иштеп тапкан акчаңды кандайча бөлүштүрөсүң?

Иштеген балдар базарда иштеп тапкан акчаларын азык түлүк сатып алыш үчүн энелерине беришкен. Керек болгон убакта үй-бүлө мүчөлөрүнө кийим кече сатып алуу үчүн акча топтошкон. Сурамжыланган балдардын бирөөсү айылда жашаган оорукчан энесинин дары-дармеги үчүн берип жибере турганын айткан.

- Канча бир туугансың?

Сурамжыланган балдардын экөөсү гана бир карындашы жана иниси бар экендигин билдирген. Калгандары баары көп балалуу, 4 же 5 балалуу үй-бүлөдө жашай тургандарын айтышкан.

- Үй-бүлөңө кантип жардам бересиң?

Иштеген балдар үй бүлө мүчөлөрүнүн жашоосу үчүн эң керектүү нерселерди камсыз кылаарын айтышкан. Алар азык түлүк, дары дармек, кийим кече, башка бөбөктөрүнүн мектептеги окуусу үчүн акча төлөшөт. Ал эми бир баланын ата энеси ичкиликке берилгенине байланыштуу, тапкан акчасын күч менен алып коерун айткан.

- Күнүгө канча сааттан иштейсиң?

Бир гана жалгыз 6 жашар бала күнүгө 8 сааттан, башкача айтканда саат 10дон кечки 18 чейин иштейт. Калган балдар таңкы 6 баштап, базар жабылганга чейин эмгектенишет. Себеби, дал ушул убактата алардын жүк ташуу боюнча кызматтары керек болот. Сурамжыланган балдардан алардын иш орундарында суткасында 15-17 сааттан болоору белгиленген. Нормадан эки эсе көп жана айосуз жумуш күнү өсүп келе жаткан баланын жаш организмине терс таасирин тийгизээри да аныкталган.

- Мектепте окуйсуңбу?

Сурамжыланган балдардын бирөөсү да мектепке барбай тургандарын билдиришкен. Алардын арасынан бирөөсү жада калса биринчи классты гана аяктаган. Иштеген балдардын бардыгы тең мектепке окуганга ынтызар экендигин айтышкан. Башка балдардай эле, алар дагы мектепти аяктап, жакшы билим алгылары келишет. Бирок тилекке каршы, үй-бүлөдөгү каржылык көйгөйлөрдүн айынан, мектепке бара алышпайт. Ата энелери мектепке керектүү буюмдарды, китептерди, ошондой эле окууга кеткен каражаттарды төлөй алышпайт. Мектепке барбай калгандын эң негизги себеби үй-бүлөнүн багуучусу катары иштешкен.

- Келечекке кандай пландарың бар? – деген суроого жоопторду талдаганда, сурамжыланган балдардын бардыгы эле бакубат, эч нерседен кем болбой жашоону каалагандыгы аныкталган. Балдардын көпчүлүгү келечекте өздөрүн бизнесмен болсок деп кыялданышат. Ал эми 6 жашар бөбөк келечекте депутат болсом деген тилегин айткан. Иштеген балдар бир туугандарынын баары билимдүү болуп чоңоюшса экен деп самашат. Сурамжыланган балдардын арасындагы бирөөсү ата-энеси арак ичкенди коюшса деп тиленет. Арасынан бирөөсү гана бул суроого жооп бергенден баш тарткан.

Албетте, коомдогу социалдык-экономикалык көйгөйлөр чечилмейин, балдардын эмгеги колдонула берет. Азыркы убакта өлкөдөгү билим берүү системасы аярлуу балдардын социалдык интеграция болуусуна шарт түзө албайт жана көпчүлүк учурда жумушсуздук менен социалдык маргиналдаштырууга алып келген. Билим берүүдө реинтеграцияны жеңилдетүү үчүн мындай балдар

өзгөчө колдоого жана жетектөөгө муктаж, себеби алардын билим алууда үй-бүлөлүк тажрыйбасы жетишсиз болгон. Билим берүү системасы бул балдардын муктаждыктарын канааттандыра алган эмес. Анткени кечки мектептерде билим берүү акысыз жүргүзүлбөйт. Жалпы билим берүү уюмдарында формалдуу эмес окуу топторун ачууга бюджеттик каражат жетишсиз болгон. Анын үстүнө, мындай топторду жана класстарды түзүү үчүн керектүү нормативдик документтер, мектепке барууга мүмкүнчүлүгү чектелген же такыр барбаган балдар менен иштөө үчүн билим берүү программалары жана окуу методикалык куралдары иштелген эмес. Ошону менен бирге эле мугалимдердин да бул жагынан жеткиликтүү даярдыгы болбогон.

Баарына маалым болгондой, Кыргызстандагы мектепке барбай калган балдар оор экономикалык шарттарда жашашып, бала чагынан өзүн жана үй-бүлөсүн багуу үчүн акча табууга мажбур болушкан. Мектепке барбай калган балдардын көпчүлүгү жумуш табуунун аргасынан, узак мөөнөткө көчүп жүрүшкөн же сезондук иштер менен алек болушкан мигранттардын балдары экендигин аныктаган.

Эл аралык серепчилер 2020-жылы 2019-жылга караганда өлкөдөгү жакырчылыктын саны 5-6%, ал тургай 17,5% чейин өскөнүн жазышкан [251]. Кыргызстандагы Дүйнөлүк банктын жетекчиси Хасан Наквинин билдирүүсү

боюнча 6,5 миллион кыргызстандыктардын 2,2 миллиондон ашыгы жакырчылыкка дуушар болгон. Эгерде коронавирус пандемиясына чейин жакырчылык калктын 20% түзсө, 2021-жылы пандемия шартында абал кыйындап, жакырчылыкта жашагандардын саны 31% көбөйгөн. Дүйнөлүк банктын аналитиктери Кыргызстанда ортоңку катмардын жоктугуна байланыштуу, өлкөнүн 60% калкы аярлуу категорияга кирген [163]. Ал эми УСКнин маалыматы боюнча, КРда 2019-жылы жакырчылык 20,1% түзсө, ал эми 2020-жылы анын деңгээли 25,3% көтөрүлгөнүн, жакырчылыктын шаарларда да, айыл жерлеринде да өскөндүгү аныкталган [167].

Борбор шаарга жакын жайгашкан, туш келди тандалган конушта жүргүзүлгөн сурамжылоодо ар кайсы респонденттердин (медициналык

кызматкерлердин, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин, айыл аксакалдарынын, мектеп мугалимдеринин, айылда жашаган улгайган адамдардын) оюу боюнча балдардын 20% мектепте окушпайт [52.58]. Балдардын мектепке барбай калгандыгынын негизги себептеринин бири болуп, көпчүлүк учурда үй бүлөнүн окууга кеткен каражаттарды материалдык жактан камсыздай албагандыгы эсептелет. Балдар жогорку окуу жайлардын товардык мүнөзү жөнүндө, билим берүү тармагындагы коррупциялык механизмдердин үстөмдүгү тууралу, жана андан аркы жумушка орношуу боюнча көп сөз кылышкан.

Республикада түзүлгөн жагдайды талдоо менен катар, мектепте окубаган балдардын ичинен көпчүлүгү эркек балдар экендиги, «базарда иштөөчү» кесиптерге ээ болушуп, айыл чарбасында оор жумушка жалданып иштешээри таризделген. Мындай көрүнүш келечекте айылда жашаган эркек балдардын маданий-билим берүү деңгээлинин жалпы төмөндөөсүн шарттаган. Билим берүү тармагындагы мындай терс көрүнүш Монголиядагыдай гендердик көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн. Мисалы, монгол изилдөөчүлөрү өз өлкөсүндө эркек балдар орто мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн орто эсеп менен 20% гана түзөрүн, ал эми ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрүнүн 70%-80% жалаң кыздар экендигин белгилешкен [71.346]. Демек, биздин өкмөт дагы гендердик көйгөйлөрдү чечүү үчүн зарыл чараларды өз убагында көрүшү керек.

Кыргызстанда кыздардын билимге тартылуу көрсөткүчүнүн жакшырганына карабастан, Кыргызстанда Таджикстандагыдай кыздарды 9-класстан кийин эле окутпай коюу тенденциясы тынчсыздандырууну жаратат [219]. Бул тенденция патриархалдык баалуулуктарга ылайык «кыздар адегенде тил алчаак кыз, андан соң баш ийген аял» болуу салты менен түшүндүрүлгөн.

Гендердик дисбаланс биздин өлкөдө жогорку билим берүү чөйрөсүндө да байкалат. Эгерде 2003-жылы республиканын жогорку окуу жайларына кабыл алынган кыздардын саны 107480, ал эми эркектер 91644 болсо, ал эми 2008/2009-окуу жылында университеттерде 135370 кыз жана 107658 улан окушкан. 2008-жылы өлкөнүн жогорку окуу жайларын 33540 студент аяктаган, анын 19985 кыздар, 13555 эркек балдар [89]. Кыздардын жогорку жана сапаттуу билим

алууга умтулуусу, албетте жакшы көрүнүш, бирок ошол эле учурда эркек балдардын пайызынын төмөндөшү ойлондурбай койбойт.

4.5-таблица - 2008/2009-окуу жылындагы студенттердин адистиктер боюнча бөлүнүшү

| | салыштырма салмагы, % боюнча | |
|---|---|---|
| | аялдар | эркектер |
| бардыгы | 55,7 | 44,3 |
| гуманитардык илимдер | 65,3 | 44,7 |
| билим берүү | 84,9 | 15,1 |
| искусство | 59,8 | 40,2 |
| айыл чарба илимдери | 24,6 | 75,4 |
| журналистика жана информатика | 75,6 | 24,4 |
| бизнес жана башкаруу | 59,2 | 40,8 |
| укук | 33,0 | 67,0 |
| компьтердик иш | 42,1 | 57,9 |
| инженердик иш | 34,4 | 65,6 |
| өндүрүш жана кайра иштетүү тармактары | 35,2 | 64,8 |
| архитектура жана курулуш | 24,0 | 76,0 |
| ветеринария | 24,3 | 75,7 |
| саламаттыкты сактоо | 49,1 | 50,1 |
| тейлөө чөйрөсү | 66,6 | 34,4 |
| транспорт | 6,8 | 93,2 |
| коопсуздук кызматы | 26,1 | 73,9 |

Таблицадан көрүнгөндөй кыздар арасында кесип тандоодо айыл чарба, инженердик иш, архитектура жана курулуш, ветеринария, танспорт адистиктери популярдуу эмес экендиги байкалган.

Жогорку билим берүүнүн деңгээлинде кесип тандоодо гендердик сегрегация сакталган. 2020-жылы гуманитардык жана билим берүү

тармактарында (86,6%), саламаттыкты сактоо жана коомдук илимдерде (74,8%) аялдар көпчүлүктү түзгөн. Эркектер инженердик жана технологиялык адистиктерди көбүрөөк тандашкан. Мисалы, транспорт менен байланышкан адистиктердин студенттеринин 91% эркектер түзүшкөн [219].

Жогорку билим берүүнүн деңгээлиндеги кесип тандоодо гендердик сегрегация боюнча совет доорундагы көрсөткүчтөрдү салыштыра турган болсок, анда өлкө боюнча квалификациялуу мугалим кадрларга карата муктаждык жогору болгон. Себеби, мугалимдер окуу иштеринен тышкары пропагандист жана агитатордук милдеттерди да аткарышкан. Жыл сайын эл агартуу чөйрөсүндөгү аялдардын саны өсүп отурган. Мисалы, 1953-жылы аялдар 55,6% түзүшсө, 1955-жылы 59% чейин өскөн. 1958/59 окуу жылы 10884 аял мугалим болгон [104.157]. Ал эми ар бир төрт врачтын үчөө аялдар болушкан. Республика боюнча врачтардын жана орто медициналык кызматкерлердин 83% аялдар түзүшкөн [104.164]. Мисалы, согуш мезгилинде республиканын көпчүлүк аялдары орто медициналык билим алышкан. 1941-1945-жылдар аралыгында 690 орто билимдүү медициналык кызматкерлер билим алып чыгышкан. 7087 аял согуш жылдары саламаттыкты сактоо органдарында эмгектенишкен [104.146]. Демек, кесип тандоодогу гендердик сегрегация боюнча мугалимдик жана врачтык кесиптерде аялдардын санынын басымдуулугу совет доорунда да, эгемендик жылдарында да окшош көрсөткүчтөрдү көрсөтүүдө.

Совет доорундагы өнөр жайдын машина куруу жана металл иштетүү тармагынын гендердик сегрегациясын талдасак, бул тармакта 40% аялдар эмгектенишкен. Себеби экономиканы өнүктүрүү үчүн биринчи кезекте өнөр жай тармагын алдыга жылдыруу керек болгон. Өлкөнүн өнөр жай, транспорт жана курулуш тармактарында жумушчу аялдардын саны 1933-жылы 21% түзсө, 1960-жылы 41% салыштырмалуу көбөйгөн. Полиграфия өнөр жайында 60%, курулуш материалдар өнөр жайында 30,6%, машина куруу жана металл иштетүүдө 28,7%, отун өнөр жайында 20% жакынын аялдар түзүшкөн [104.59]. 1947-жылы 190 инженер жана 400 техник аял болушса, 1957-жылы 915 аял-инженер жана 1951-жылы аял-техник болушкан [104.55] Ал эми 1970-жылы аялдар арасында 3700

инженер жана 9600 техник болгон [104.68]. Жыйынтыктап карасак, совет мезгилиндеги жана эгемендик жылдарындагы транспорт, инженердик жана технологиялык адистиктер боюнча гендердик сегрегациянын чоң айырмачылыктарын байкоого болот.

Аялдардын адистикти тандоосуна таасир эткен факторлордун бири – бул коомдо эмгекти «эркектики» жана «аялдыкы» деп бөлүү принциби басымдуулук кылат. Мисалы, 2000-2001-окуу жылынын башында мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептердеги мугалимдердин саны 71352 адамды түзсө, анын 75,6% аялдар, ЖОЖдордун окутуучуларынын ичинен 36,9% аялдар түзгөн [71.51]. 2009-жылы жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча иштеген аялдардын саны 924,3 миң деп эсептелип, же жалпы жумуш менен камсыз болгон калктын 41,7% түзгөн. Тейлөө чөйрөсүндө, айрыкча саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүү (79,6%), билим берүү (76,6%), мейманканалар жана ресторандар (68,7%), каржы кызматтарында (51,1%), коммуналдык, социалдык жана жеке кызматтарды көрсөтүү (58,2%) тармактарында иштеген аялдардын саны жогору болгон. Өндүрүш өнөр жайында аялдардын иш менен камсыз болуусу 46,9% түзсө, текстиль жана тигүү өндүрүшүндөгү эмгекчилердин 87% аялдар түзгөн. Аялдар көп иштеген тармактар болуп, маалымат, иш кагаздарын жүргүзүү, эсеп жана тейлөө менен алектенген кызматтар (64,4%), жогорку (64,1%) жана орто (67,2%) квалификациялуу адистиктер, тейлөө чөйрөсү, турак жай-коммуналдык чарбасы жана соода (60%) саналган [52.62]. Бардык деңгээлдеги жетекчилердин арасында аялдар 30,7% гана түзүшкөн. Жетекчи аялдардын көпчүлүгү билим берүү, саламаттыкты сактоо, байланыш жана каржы иштери менен алектенишкен [52.63].

Тилекке каршы, биз изилдеген жылдары бул кесиптеги аялдар эмгеги үчүн жетиштүү канааттандырарлык айлык акы алышкан эмес. Мисалы, 2017-жылы Кыргызстанда аялдардын айлык акысынын эркектерге карата катышы 75,2% гана түзсө, Таджикстанда аялдардын эмгек акысынын 59,9%, Түркмөнстанда эркектер менен аялдар ортосундагы ажырым «Пекин+25» улуттук баяндамада орто эсеп менен 10-13% түзгөнү белгиленген [219].

Жогорку билим берүү жаатындагы аялдардын жетишкендиктери менен катар терс жагы да байкалган. Өлкөдө аялдардын арасында сабатсыздык бар экендиги анык. Сабатсыз аялдардын негизги бөлүгү айыл жеринде жашап, алардын арасында улуу муундагы сабатсыз аялдар эң көп болгон. Кыргызстандагы аялдардын сабатсыз деңгээли эркектерге караганда 2,2 эсе жогору экендиги аныкталган. Мисалы, 2009-жылы 9513 эркек жана 20079 аял сабатсыз болгон [52.64]. Адатта, бул аялдар билимдүү аялдарга караганда аз айлык акы төлөнүүчү жумуштарда иштешкен. Алар жаш кезинде эле турмуш курушуп, үй-бүлөнү пландаштыра алышпайт жана балдарын дени сак чоңойтууга же мектепке окутууга чанда гана жетишишкен.

COVID-19 пандемиясынын убагында, мектептер толук же жартылай жабылып, 635 миллиондон ашык окуучулардын билим алуусу үзгүлтүккө учурап, өзгөчө төмөнкү жана орточо кирешелүү өлкөлөрдөгү 10 жашка чейинки балдардын 70% жөнөкөй аңгемелерди окуп жана түшүнө алышпайт деген жыйынтык чыгарылган [253].

Изилдөөлөр өлкөдөгү социалдык-экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр, биринчи кезекте медицина илиминин жана саламаттык сактоо тармагынын жетишкендиктерине байланыштуу экендигин көрсөткөн. Бирок бул тармакта мүмкүнчүлүктөр толук пайдаланылган эмес. Адамдардын өмүрүн кыйган оорулардын жылдан жылга көбөйүшү медицинанын алсыздыгын көргөзгөн. Калктын арасында дем алуу, кан айлануу системасынан жабыр тарткандардын саны көбөйгөн [85.200].

Жаш балдардын өлүмү боюнча Кыргызстан СССРде, ал тургай дүйнөдө алдыңкы орундарда турган. СССР боюнча алганда, ар бир жаңы төрөлгөн 1000 баланын 25 гана бир жашка жетпей чарчап калган болсо, бул көрсөткүч 1980-жылы Кыргызстанда 48,4, 1985-жылы 47,2 түзгөн. Ал эми республиканын ичиндеги айылдык советтер боюнча алганда аман төрөлгөн 1000 баланын 15- 150 чейинкиси бир жашка жетпей чарчап калган [85.204].

2015-жылы кабыл алынган «Жарандардын репродуктивдүү укуктары жана аларды ишке ашыруунун кепилдиктери жөнүндө» Мыйзамдын негизинде

акыркы жылдары аялдарга жеткиликтүү медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу боюнча бир катар чаралар көрүлгөн. Аларга медициналык кызматтарды кеңейтүү, ошондой эле жыныстык жана репродуктивдүү, психикалык ден соолук, эненин ден соолугу жана ВИЧ инфекциясы сыяктуу чөйрөлөрдө аялдар менен кыздарга атайын медициналык кызматтарды көрсөтүү кирет. Мектептерде жана жамааттарда ар тараптуу жыныстык билим берүүнү күчөтүү да маанилүү. Энеликти коргоо артыкчылыктуу маселе бойдон калууда, себеби кош бойлуу аялдар, ошондой эле төрөт учурунда жана жаңы төрөгөн энелер жыл сайын каза болуп жатышат. Энелердин өлүмүнүн деңгээли айыл жеринде шаарга караганда жогору (айыл жеринде 100 000 тирүү төрөлгөнгө 36,7, шаарларда 31,9) [219].

Жыл сайын кош бойлуу жана төрөт мезгилинде 500 миңден ашык аял каза болот, ошондой эле көптөгөн травмалар кош бойлуулукка байланыштуу болот. Миллион ымыркайлар алгачкы 24 саат ичинде чарчап калышат. Энелердин өлүмүнүн 99% өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө туура келет [34.2]. КМШ мамлекеттеринин ичинен Кыргызстан энелердин өлүмү боюнча биринчи орунда турат. 2019-жылы кош бойлуу мезгилинде оорудан, төрөттөн жана төрөттөн кийинки мезгилде 43 аял каза болгон, 100 миң төрөлгөн балага 25 өлгөн аял туура келген. Жалпысынан, 55,8% энелердин өлүмү айыл жергесинде катталган. КМШнын Статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2018-жылы 100 миң төрөлгөн балага Россияда 9 жана Азербайжанда 12 өлгөн аял катталып, төмөнкү көрсөткүчтөр белгиленген [42.125].

Гендердик дискриминация аялдардын экономикалык потенциалын, үй-бүлөдө чечим кабыл алуудагы мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, ВИЧ инфекциясын жуктуруу коркунучун арттырат. БУУнун маалыматына ылайык, дүйнө жүзү боюнча ар жума сайын 15-24 жашка чейинки 6000 жаш аялдар ВИЧ инфекциясын жуктурушат. Бул күнүгө 860 учурду түзөт. СПИД 15 жаштан 44 жашка чейинки аялдардын өлүмүнүн негизги себеби бойдон калууда. Себеби БУУнун жаңы маалыматы боюнча, ар бир саат сайын 50 жаш аялдар ВИЧ инфекциясын жуктурушат. Зомбулукка дуушар болгон аялдар арасында ВИЧ

инфекциясын жуктуруп алуу 50% жогору [223]. ДСУнун жана БУУнун СПИД (ЮНЭЙДС) боюнча биргелешкен программасынын пикири боюнча, Кыргызстан бул оору менен ооругандардын санынын көптүгү боюнча дүйнөдөгү жети өлкөнүн бири болуп саналат. 2005-жылы 826 бейтап катталса, 2016-жылы 6 миң 730 учур белгиленип, 10 жыл ичинде 8 эсе өскөн, алардын ичинде инъекциялык баңги затын колдонуучулар 3 миң 223 [206]. 2015-жылга карата өлкө боюнча ВИЧ инфекциясы менен катталган пациенттердин саны 10,8 болсо, 2019-жылы 13,2 чейин өскөндүгү көрүнгөн [66].

Биз изилдеп жаткан жылдары онкологиялык оорулар менен ооругандардын саны кескин өскөнү байкалды. Онкологиялык оорулардын кеңири тараган түрү болуп сүт безинин рагы саналат. 2020-жылы дүйнө жүзү боюнча 2,2 миллион оорунун бул түрүнөн жабыркагандардын саны катталган. Серепчилердин пикири боюнча, ар бир 12 -аял өмүрүнүн аягына чейин сүт безинин рагы менен оорушат. Демек, онкология аялдардын өлүмүнүн негизги себеби болуп эсептелет. 2020-жылы дүйнөдө болжол менен 685 миң аял онкологиянын бул түрүнөн көз жумушкан [223]. Кыргызстан боюнча 2015-жылы 557, ал эми 2019-жылы 625 биринчи жолу сүт безинин онкологиясы аныкталган учур катталып, бул илдеттин саны жогорулаганы байкалган [66].

Аялдардын арасындагы кеңири тараган онкологиялык оорулар боюнча экинчи орунда жатын моюнчасынын рагы эсептелет. Ал ДСУнун Европа аймагындагы аялдардын эң кеңири тараган рактарынын бири. Бул илдеттин себеби болуп адамдын папилома вирусу (АПВ) саналат. АПВга каршы вакцина алуу коргонуунун эң эффективдүү жолу болуп эсептелет. АПВны алдын алуу үчүн 9 жаштан 14 жашка чейинки кыздарды эмдөө сунушталат. 2018-жылы 69 миң бул оорунун илдети катталып, анын 30 миң учуру өлүм менен аяктаган [223]. Кыргызстан боюнча 2015-жылы 22,9 жатын жана жатын моюнчасынын рагы катталса, 2019-жылы 17,2 учурга бир аз азайганы билинген [66].

Азыркы мезгилде жакырчылыктан, мурдагы социалдык коргоо системасынын бузулушунан ж.б. себептерден улам калктын ден соолугу

начарлап, майыптардын саны өсүүдө, кургак учуктарга, жыныстык ооруларга, аракечтик жана баңгичиликке чалдыккандардын саны көбөйүүдө.

Айыл жергесинде ФАПтардын көбүнүн жоюлушуна, финансылык, медициналык жабдуулардын жетишсиздигине жана төрөттө жардам берүүчү мекемелердин акы төлөнүүчү кызматка өткөнүнө байланыштуу кош бойлуу аялдарды тейлөө начарлаган. 1994-жылы «Балдарды сактайлы!» Англиялык гуманитардык уюму Кыргызстанда жүргүзгөн социологиялык изилдөөлөрүндө кош бойлуу жакыр аялдар дээрлик өз үйлөрүндө көз жарышаары, эреже катары аларга ошол айылдагы киндик энелер көмөк көрсөтүшөт деп белгилеген [114.48].

Адамдын абалына ар дайым жана реалдуу таасир этүүчү тышкы факторлордун негизгилеринин бири болуп санитардык-гигиеналык жана адамдын физиологиялык талабына жооп берген тамак-аш болуп эсептелери белгилүү. Туура тамактануу адамдын ден соолугуна, өмүрүнүн узактыгына жана иш жөндөмдүүлүгүнө таасир этүүчү физиологиялык зарылчылыктардын эң негизгиси. Организм тамак-аш аркылуу тиричилик аракетине зарыл болгон белокторду, майларды, углеводдорду, биологиялык активдүү заттарды-витаминдерди жана минерал туздарды алат [37.357]. Өзгөчө кош бойлуу аялдардын тамактануу проблемасы социалдык-экономикалык кыйынчылык учурунда өтө актуалдуу болуп эсептелет. Энелердин тамак-аш рационун жакшыртуу алардын ден соолугунун чың болушунун шарты болуп саналат. Жетишерлик, сапаттуу тамактанбагандык организмде зарыл заттардын тартыштыгына алып келет. Тамак-аштагы белоктун, витаминдердин, минералдык элементтердин, микроэлементтердин деффицити балдардын өлүмүн көбөйткөн. ЮНИСЕФ Кыргызстанда 1996-жылы 5 жашка чейинки бөбөктөрдүн ар бир миңинин 50, Түркменстанда - миңине 78, Тажикстанда – 76, Өзбекстанда – 60, Казахстанда – 47 чарчап калган деп белгилеген [119.32]. Ал эми 1990-жылы ар миң ымыркайга карата 93 бала чарчаган болсо, 2017-жылкы изилдөөлөрүндө болсо 39 төмөндөгөнүн аныктаган [94.19].

Жетиштүү жана сапаттуу тамактануу рационалдуу тамактануу деп аталаары белгилүү. Рационалдуу тамактануу энергия балансын бир суткада

тамак-аштын калориялуулугунун жашоо процессиндеги энергиянын сарпталышына дал келүүсүн сактоо дегендик. Организм оптималдуу жашап өнүгүшү үчүн адамдын тамактануусунда негизги азык заттардын курамы боюнча тең салмактуулукту сактоо чоң мааниге ээ. Негизги азык заттарга белок, май, углевод жана витаминдер, минералдык заттар, микроэлементтер кирет да, алардын зарыл катышы тамактанууга, ден соолукка тиешеси бар ДСУ жана башка уюмдар аркылуу аныкталат.

Калктын тамактануусу 1990-жылы орто эсеп менен медициналык нормага жакындаса, калориялуулугу медициналык талаптардан ашып турса, ал эми 1992-жылдан баштап ал минималдык деңгээлге түшүп, өзгөчө 1993-жылдан көпчүлүк калк үчүн ал деңгээлден да төмөндөгөн, демек аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн көпчүлүгү чала тоют күн өткөрүшөт [129].

Биз изилдеген мезгилдин соңку жылдары элдин реалдуу кирешесинин төмөндөшү менен калктын тамак заттарды керектөөсүнүн структурасы да өзгөргөн. 1990-жылга караганда эт жана эт азыктарын 19%, сүт жана сүт азыктарын 28%, жашылча-жемишти 39% аз пайдаланылган. Суткалык рациондун энергиялык баалуулугу 2370,5 килокалорий ордуна 2069 килокалорийди түзгөн. Бул өтө опурталдуу чек болуп саналат. Тамак заттарынын составында баланс жокко эсе: анын 85% өсүмдүк азыктары, баарынан мурда нан, акшак жана картошка түзөт, эт азыктары 57%, сүт азыктары, жумуртка, жашылча 42%, жемиш 53% аз пайдаланылган [114.34].

КРнын УСК АКШнын Түндүк Каролина Илим-изилдөө институтуту менен бирдикте жүргүзгөн иликтөөдө да бардык деңгээлдеги жакыр үй-бүлөлөр өзүнүн азык-түлүк бюджетинин басымдуу бөлүгүн б.а. кедей эмес үй-бүлөлөр – 38,2%, ал эми кедей үй-бүлөлөр – 50,3% нанга сарптаганы аныкталган [119. 38]. Экинчи орунда эт турган. Үй-бүлөнүн абалы оңолгон сайын, нанды азыраак, калган тамактарды көбүрөөк пайдалана баштаганы байкалган.

**Жыйынтыктап айтканда**

- Өткөөл мезгилдеги рынок экономикасы коом алдында институционалдык милдеттерин аткара албаган билим берүү мекемелеринин жоопкерчиликсиз

мамилесине алып келип, анын жемиши катары окуу программаларын өздөштүрө албаган жаштар пайда болгон;

- Жакыр үй-бүлөлөрдөн чыккан, айрыкча алыскы айыл жергесинде минималдуу билимдин деңгээлине ээ болбогон балдардын социалдык тобу түзүлдү. Алардын санынын жылдан жылга өсүшү улуттун деградациясына алып келиши мүмкүн;

- Кесип тандоодо кыздардын билимге тартылуу көрсөткүчтөрүнүн жакшырганына карабастан, 9-класстан кийин окууну таштоо тенденциясы уланууда. Кыргыз коомунда эмгекти бөлүштүрүүнүн калыптанган принциптери менен «эркектик» жана «аялдык» деп тарбиялоо стереотиптери кесип тандоодо терең тамыр жайган. Атаандаштыкка жөндөмдүү билимдүү кадрларды тарбиялоодо келечекте экономиканы жаңы технологиялык тартипке негиздөө зарылчылыгы ачык көрүндү;

- Жакырчылыктын тамыр жайышы өлкөдөгү билим берүү, саламаттыкты сактоо жана маданияттын деңгээлдерине терс таасирин тийгизген. Азык-түлүк бюджетинин тартыштыгына байланыштуу, калктын тамактануу рациону, өзгөчө жакыр үй-бүлөлөрдүн азык түлүккө кетирген каражаттары жогорулаган.

### 4.3. Аялдардын салттуу жашоо-турмушундагы радикалдуу өзгөрүүлөр

Эгемендүүлүк жылдарынды Кыргызстанда аялдардын салттуу жашоо-турмушунда бир катар радикалдуу өзгөрүүлөр болгондугун изилдөөлөр көрсөттү. Бул биринчи кезекте негативдүү көрүнүштөрдөн ачык байкалат. Алсак, республикадагы зомбулуктун көбөйүшү тууралу, жабыркаган аялдардын кризистик борборлорго кайрылуусу далил болот. Биз изилдеген мезгилде жыл сайын кризистик борборлорго 16 жаштан 25 жашка чейинки кыз-келиндер зомбулук болгон учурда жардам сурап кайрылышкан. Борборго студенттер, кызматчылар, жумушсуз жана кожейке аялдар да кайрылышып, 50% үй-бүлөдөгү зомбулуктун ар түрдүү формаларына дуушар болгонун билдиришкен [89.33]. Өткөөл мезгил аялдарга карата зомбулуктун деңгээлине таасир этүүчү факторлордун пайда болушу менен мүнөздөлөт. Үй-бүлөдөгү зомбулук алда канча оор кылмыш болуп саналат. Жыл сайын Кыргызстанда 480 аял күйөөсүнүн же туугандарынын колунан набыт болот, же ур-токмоктун натыйжасында катуу

жаракат алышат [83.78]. Жакырчылыктын, жумушсуздуктун өсүшү, социалдык теңсиздик жана социалдык чыңалуу коомдогу зомбулуктун өсүшүнө, аялдарга карата зордук-зомбулуктун көбөйүшүнө алып келген. Көпчүлүк постсоветтик өлкөлөрдө «жабык эшиктер артындагы» зомбулук күчөп, аялдардын укуктары кагаз жүзүндө гана убада кылынып, коомго угулуу мүмкүнчүлүгү жокко эсе болгондугу менен шартталган.

Зордук-зомбулук көйгөйү жалаң гана цивилизациялуу эмес, үчүнчү дүйнөнүн өлкөлөрүндө да, деги эле жалпы дүйнө жүзү боюнча актуалдуу. Статистика боюнча зомбулуктун 95% аялдарга карата жасалган. Россияда орто эсеп менен 14 миң аял зомбулуктун негизинде өлтүрүлгөн болсо, Ооган согушунда 10 жыл ичинде 17 миң адам курман болгон. 1988-жылы укук коргоо органдарына 4 миллион арыз түшкөн. Биздин республика боюнча мындай статистика жок. Бирок шаардык клиникалык тез жардам ооруканасынын Республикалык соттук экспертиза бюросунун филиалынан тиешелүү маалыматтарды алууга болот. Ай сайын зомбулукка кабылган 40-50 аял Бишкектеги ооруканаларга жаткырылат. 20-25 чейин аялдар амбулатордук жардам алуу үчүн реанимацияга кайрылышып, алардын 40% күйөөсү же өнөктөшү тарабынан сабалган болушат. Ал эми жылына болгону 170 учур гана соттук-медициналык экспертиза бюросунда тастыкталат [123].

КРнын ИИМ гендердик бөлүштүрүлгөн расмий маалыматтарды талдаганда, жыл сайын адамга каршы жасалган кылмыштардын жалпы санынын 25-26% аялдарга каршы кылмыш экендиги шартталган. 2003-жылдан 2009-жылдын башына чейин аялдарга каршы кылмыштуулуктун саны 3631- 4500 чейин өскөн [52.51].

<u>4.6-таблица</u> - 2003- 2009-жылдардагы аялдарга каршы кылмыштуулуктун саны

| Жылдар | 2003 | 2005 | 2007 | 2008 |
|---|---|---|---|---|
| Аялдарга каршы жасалган кылмыштардын саны | 3631 | 4135 | 3455 | 4500 |

Таблицадан аялдарга карата жасалган кылмыштардын санынын жылдан жылга көбөйгөнүн көрүүгө болот. Жыныстык мүнөздөгү зордуктоодон жабыр чеккендердин 50%-80% чейинкилери 16-17 жаштагы секелек кыздар. Жыл сайын республиканын ИИМнин дежурдук бөлүмүнө 8000 ашык үй-бүлөлүк чатактары боюнча иштер катталган [89.33].

Бүгүнкү күндө эң өкүнүчтүүсү, аялдарга карата зордук-зомбулук адам өзүн коопсуз сезе турган жерде, көбүнчө өз үйүндө болот. COVID-19 пандемиясы аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээлинин өсүшүнө алып келди. «Көмүскө пандемияны изилдөө: COVID-19 учурунда аялдарга карата зомбулук» WomenCount аттуу отчетто үй-бүлөлүк зомбулуктун көбөйгөнү, аялдар өз үйүндө коопсуз сезбей тургандыгы, төрт аялдын бирөөсү үйдө өзүн коопсуз сезишпегенин айтышкан [223]. Кыргызстанда 10 аялдын бири пандемия башталгандан бери зомбулук фактылары көбөйдү деп эсептеген. Медициналык-демографиялык изилдөөлөргө ылайык, 15 жаштан 49 жашка чейинки никеге турган аялдардын 25% жубайы же өнөктөшү тарабынан жыныстык зомбулукка кабылган [223]. Кыргызстан WPS Index аялдар үчүн коопсуздук индекси боюнча 170 мамлекеттин ичинен 97-орунду ээледи [176]. Бул Орто Азия боюнча эң төмөнкү көрсөткүч. Кыргызстандан жаман абал Афганистанда, Сирияда, Йеменде, Пакистанда жана Иракта белгиленген.

КРнин ИИМнин билдирүүсүндө, 2021-жылы 8 миңге жакын үй-бүлөлүк зомбулук катталып, өткөн жылга салыштырмалуу 30% көбөйгөндүгү белгиленген [176]. Мисалы, 2018-жылы милиция тарабынан 7 миңден ашуун үй-бүлөлүк зомбулук катталып, алардын 5 миңге жакыны айып пул, коомдук жумуш же эскертүү алышкан [214]. Административдик иштердин 80% ашыгы «үй-бүлөлүк зомбулук» жана «майда бейбаштык» беренелери боюнча болуп, катаал жазасы – мамлекеттин пайдасына 1500 сомдон 2000 сомго чейин айып же 8 – 30 саатка чейин коомдук жумуштарга тартуу болгон. Өзгөчө учурларда, майда бейбаштык үчүн алар беш суткага камакка алынышы мүмкүн [214].

Кыргызстанда үй-бүлөлүк зомбулук боюнча катталган учурлардын саны өсүүдө. Чындыгында катталбаган иштердин саны абдан көп, анткени

жабырлануучулардын баары эле милицияга кайрыла беришпейт. Жабыр тартып, жардамга муктаж болгондордун 60% күйөөсү, туугандары тарабынан үй-бүлөлүк зомбулукка кабылгандар, 10% жумушчу орунда, ЖОЖнын ичинде, 30% бизнес өнөктөшү тарабынан зордуктоого туш болгондор [84.76]. 2018-жылы Бишкекке жакын жаңы конуштарда изилдөөлөр жүргүзүлүп, зомбулукка кабылган 172 аялдын үчөө гана милицияга кайрылса, Бишкекте 79 аялдын ичинен бирөө да кайрылган эмес. Айрым аялдар милицияга кайрылбаганынын себебин укук коргоо кызматкерленине ишенбөөчүлүк менен байланыштырышкан. Зомбулукка күнөөлүүлөрдүн 96 аялдарын урган эркектер. Беш учурдун төртүндө зомбулук мас абалында жасалган [214].

4.7-таблица - 2009-2018-жылдары үй-бүлөдөгү зомбулук [61]

| Жылдар | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Үй-бүлөлүк зомбулук фактылары катталган | 2116 | 1801 | 2272 | 2580 | 2542 | 3126 | 3524 | 7053 | 7333 | 7178 |

Таблицадан 2009-жылдан 2018-жылга чейинки аралыкта өлкөдө үй-бүлөлүк зомбулук үч жарым эсе өскөндүгүн байкоого болот. Демек, аялдардын коопсуздугу жылдан жылга оордой берген.

Өткөөл мезгилди башынан өткөрүп жаткан, коомдогу жалпы чыңалуу жана зомбулуктун өсүү шартындагы региондордо аялдардын үйдө, жумуш орунда жана коомдук жайлардагы коопсуздугу олуттуу начарлаган. БАдагы БУУ аялдар бөлүмүнүн маалыматы боюнча, күн сайын 137 аял үй-бүлө мүчөсүнүн колунан набыт болушкан. Көпчүлүк учурларда кылмышкердин жүзү аларга тааныш экендиги белгиленген [223]. Дүйнөлүк статистика боюнча, ар бир үчүнчү аял өмүрүнүн аягына чейин физикалык же жыныстык жактан зомбулукка туш болушат. Күн сайын дүйнө жүзүндө зомбулуктан улам 137 аял каза болот жана жабыркагандардын 40% гана кандайдыр бир жардамга кайрылышат [202].

Дүйнөлүк банктын баамында, өнөр жайы өнүккөн алдыңкы мамлекеттерде 15-44 жашка чейинки аялдарды зордуктоо жана үй-бүлөдөгү зомбулук көрсөтүүнүн негизинде өлүм көрсөткүчү 19% түзгөн [216]. Дүйнөнүн айрым аймактарында аялдарга жасалган зомбулуктун деңгээли бийик болгондуктан, 60 миллион аял «дайынсыз жоголгондордун» тизмесине киргизилип, өткөөл мезгилди өтүп жаткан БА мамлекеттер менен чектеш жаткан аймактарда, анын ичинде Индия, Афганистан, Иран, Кытай жана Пакистан өлкөлөрүндө байкалган [216].

Зомбулук болуп турган үй-бүлөдө чоңойгон балдардын жүрүм-турумунда жана психикалык эмоционалдык өнүгүүсүндө бир катар бузулуулар болушу мүмкүн. Мисалы, бала чагында жыныстык зомбулук көрсөтүү кийин кош бойлуу учурунда кыйынчылыктарды жаратышы ыктымал, ал эми өспүрүм жана жаш кезиндеги зордук өзүнө кол салуу, өнөкөт депресссияга, бойго жеткенде наркотик заттарын колдонуу коркунучун жогорулатканы байкалган.

1996-жылы БУУнун аймактар аралык илимий изилдөө институту тарабынан дүйнөнүн 34 мамлекетинде кылмыштуулук жана адилеттүүлүк боюнча (ЮНИКРИ) Борбордук жана Чыгыш Европа, ошондой эле КМШ өлкөлөрүндө жумуш ордунда зомбулуктан жабыркагандар тууралу маалымат алуу үчүн ири масштабдуу изилдөө жүргүзгөн [216].

4.8-таблица - Иштеген аялдарга карата зомбулуктун жана жыныстык асылуунун таралышы 1996-жыл (1 миң аялга туура келет) Булак: Cnappell and Di Martino (1998)

| Мамлекеттер | Зомбулук | Жыныстык асылуу |
|---|---|---|
| Чех республикасы | 8 | 23 |
| Венгрия | 0 | 5 |
| Польша | 13 | 19 |
| Македония | 5 | 15 |
| Югославия | 24 | 58 |
| Албания | 4 | 8 |
| Румыния | 41 | 108 |

| | | |
|---|---|---|
| Латвия | 8 | 15 |
| Россия | 5 | 9 |
| Грузия | 9 | 21 |
| Кыргызстан | 34 | 53 |

Таблицада мисал келтирилген мамлекеттер арасында Кыргызстан аялдарга карата көрсөтүлгөн зомбулук жана жыныстык асылуунун деңгээли боюнча алдыңкы позицияларда экендиги берилген.

2021-жылдын 4 ай ичинде эле 200 үй-бүлөлүк маселелер боюнча жана жашы жете электерге карата жасалган кылмыш иши козголуп, КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 175 беренеси боюнча (үйлөнүү максатында ала качуу) 82 учур катталган. Ал эми 2020-жылы бул берене боюнча 56 учур катталып, 18 жашка чыга элек адам менен никеге туруу максатында уурдоо беренеси боюнча 9 факты катталган. КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренеси адамды никеге турууга мажбурлоо боюнча 6 иш катталган [168].

Эгемендик жылдары республикада аялдарга карата зомбулукту актоо жана орнотуу ирээтинде кээ бир салттарды колдонуу күч алган. Мисалы, Кыргызстанда «кыз ала качуу» көбөйгөн. ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча, Кыргызстанда 24 жашка чейинки аялдардын 13,8% мажбурлап турмушка чыгышкан. Бирок БУУ мажбурлап никеге тургандардын саны мындан да жогору болушун тааныйт [192]. Себеби көпчүлүк ала качуунун курмандыктары үй-бүлөсүнүн аброюн түшүрүү коркунучунан улам укук коргоо органдарына кайрылышкан эмес. 1994-1996-жылдары укук коргоо органдары тарабынан 64 «кыз ала качуу» катталган. Серепчилердин эсеби боюнча этникалык кыргыздын ар бешинчиси ала качуунун натыйжасында никеге турган [216].

Изилдөөлөрдүн негизинде төмөнкү тенденциялар байкалган: 80% үй-бүлөлөр ала качуулардын натыйжасында курулган; 46% аялдар өз ыктыярсыз никеге турушкан; ала качылган аялдардын жаш рактары 16 жаштан 25 жашка чейинкилер болгон [89.53]. Акыркы мезгилдерде республикада, өзгөчө айыл жергесинде кыз ала качуу учурлары көбөйгөнү байкалууда. Кыргызстанда 1999-

жылдан 2004-жылга чейинки жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөрдүн негизинде, ала качылган кыздардын көпчүлүк бөлүгү орто билимге гана ээ болгондор болушкан [89.52]. Интернет булактардагы эл аралык уюмдардын маалыматтары боюнча, республика боюнча жылына 14-16 миң кыз ала качуу фактысы аныкталган. Аялдарга жардам борборунун маалыматы боюнча, бир жыл ичинде 12 миң кызды күч колдонуу менен ала качышып, алардын 2 миңге жакыны зордукталган. Маалыматтар боюнча, жылына 10 миңден 25 миңге жакын кыз ала качылат [128.195]. Ала качылган кыздардын жарымы болочок күйөөсү менен мурда тааныштыгы болбогону такталган. Мындай учурда үй-бүлөлүк чыр-чатактар үчүн жагымсыз шарттар түзүлөрү анык экендиги турмушта көп көрүнгөн. Кыргызстанда дискриминациялык мүнөзгө ээ болгон зордоп кыз ала качуу салты, аялдарга каршы үй-бүлөлүк зомбулуктун өзгөчө формасы катары эсептелет. Ала качуу негативдүү салтка айланып, жашоонун көндүмүнө айланганы өкүнүчтүү көрүнүш экендиги талашсыз. Албетте, бул коомдун деградация болушунан кабар берет.

Көчмөн кыргыз турмушунда отурукташкан элдерден айырмаланып, баалулуктар ченинде материалдуудан руханий нерсе жогору бааланганы белгилүү. Рух дүйнөсүнө тартылуу аркылуу көчмөн кыргыз жан дүйнөсүнө алгачкы, маданий-онтологиялык жароокерлик, эрдик, чындылдык, берилгендик, берешендик, меймандостук, толеранттуулук, өзүңө жана башкаларга сый-урмат мамиле кылуу сыяктуу позитивдүү жана туура мазмун алган. Ошондуктан, кыргыз элинин улуу руханий дүйнөсү аркылуу ааламдашуу мезгилинде башка улуттардын жана маданияттардын өкүлдөрүн тарта алмак.

Салттуу кыргыз маданиятында, башка маданияттардан айырмаланып, материалдуу дүйнө (алтын, күмүш) эмес, кыз баалуулук болуп саналган. Себеби ал аркылуу тукум, эл уланган жана улуна бермекчи. Ошондуктан, кызды руханий тазалыкта өстүрүшүп, бардык ыпластыктан коргошкон. Мындан улам, кызды кемсинтүү же мазактоо туурасында өздөрү элестете алышкан эмес. Тилекке каршы, ааламдашуу доорунда кыргыз кызы «руханий баалулуктан» материалдык нерсеге айланды. Айрым адамдардын ой жүгүртүү стереотиби боюнча, кыздын

жана ата энесинин макулдугу жок эле ала качып, үйлөнүүгө болот. Албетте, мындай ала качуу кыргыз маданиятында эч качан болгон эмес.

Ала качуу никеге туруунун формасы катары мурунку заманда өтө сейрек кездешкен. С.М.Абрамзондун эмгегинде Тянь-Шанда маектештеринин айтымында, кудалаган кызга берчү калымга каражат жетишсиз болсо, башында бир аз төлөп, андан соң кыз менен макулдашып, аны ала качканы тууралу жазылган [15.245]. Андан соң атасы кыздын атасына барып, уулу үчүн кечирим сураш керек болгон. Мындай салт «алдына түшүү» деп эсептелинген. Сүйлөшүүлөрдөн кийин күйөө баланын ата энесине кыздын энеси жөнөп, кыздын себин ала барган [15.245].

Белгилей кетчү нерсе, ала качуу өтө сейрек кездешкенинин себеби, мунун негизинде конфликт жаралса, анда ага эки тараптын тең туугандарынын жана уруулаштарынын көпчүлүгү тартылып, уруулар арасында кагылышуу жаралып, кээ бир учурда ал оор кесепеттерге алып келген [15.245]. Эгерде эркек башка бирөөгө кудалашылган колуктуну ала качса, анда «доо»- (малды тогуздап үчтү) төлөгөн, бирок баары бир ала качып алган кызды кайтарып берген. Кудаланган колуктунун ата-энеси карапайым, ала качкан адам манап болсо, көпчүлүк учурда колуктуну кайтарып берген эмес жана калым да төлөбөй койгон [68.470].

Тыянагыбыз далилдүү болушу үчүн, тарыхый маалыматтарга кайрылалы. Салттуу кыргыз коомунда үй-бүлө мамилелеринин бардык нормалары кадимки адат-укуктун көзөмөлүндө болгон. Мисалы, 1905-жылы 18-сентябрында бийлердин кезексиз жыйынында төмөнкүлөр кабыл алынган:

- турмушка чыккан аялды ала качуусу үчүн күнөөкөр жабыркоочуга 30 баш бодо мал (төөдөн баштап) төлөйт. Андан тышкары, аялдын күйөөсүнө аялга кеткен калымдын өлчөмүн төлөп бериши керек;
- кудаланган колуктуну ала качкан айыпталуучу 30 баш бодо мал (төөдөн баштап) төлөйт жана мыйзамдуу күйөө балага колуктусу үчүн төлөгөн калымдын өлчөмүн төлөп бериши керек;

- эгерде күйөө бала колуктусун ала качып, өзүнүн турмуш шартына байланыштуу өз убагында калым төлөй албаса, анда сот алдында кайын атасы менен сүйлөшүп, чечишип алышы керек;
- «жакшы» кыргыздын кудаланбаган кызын ала качуусу үчүн айыпкер 50 баш бодо мал (төөдөн баштап), ал эми кедей (бечара) адамдын кызы үчүн 9 баш бодо мал төлөйт [32.166].

Жогоруда келтирилген маалыматтар салттуу кыргыз коомунда кыз ала качуу мыйзамсыз экендигин далилдейт. А.Джумагуловдун эмгегинде күйөө баланын туугандары таасирдүү адамдардан болуп жана аны колдоп турушса, же колуктусунун ата-энеси каршы чыгып, жуучу түшкөндөр ийгиликтүү сүйлөшө алышпаган кезде гана, кызды ала качууга барган [38.142-143]. Албетте, ала качуу кыздын макулдугу менен болгон. Ата энесинин макулдугусуз ала качылган кызды болочок күйөөнүн таасирдүү тууганынын үйүнө жайгаштырышкан. Мындай окуялар эки тараптын элдешүүсү менен аяктаган. Бул учурларда калым кыйла чоң суммада төлөнгөн [15.245].

Негизи салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө колуктуну ата-эне жана жакын туугандары кызды жалаң гана сырткы келбетине, ата-энесинин материалдык абалына карап тандашкан эмес. Албетте, бул көрсөткүчтөр да мааниге ээ болгон. Бирок эң негизгиси кыз кайсы уруктан, «жети атасы» кимдер болгон, татыктуу адамдарданбы деп сураштырылган. Эгерде «жети атасы» татыктуу болсо, ата эне жана туугандары кудалашууну оң жактуу чечишкен [116.13-18].

Салттуу кыргыз коомунда «жети ата» институтунун болушун, адамдын калыптанышында биологиялык детерминанттын ролу, тарбияланган социомаданий чөйрө чагылдырылган макал-лакаптар далил боло алат: «Адам түбүн тартат», «Жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат» [32.134].

Көчмөн кыргыздар «жети ата» ишеними жана байыркы салт санаа, үрп адаттарга таазим кылуу менен, жалгыз тарбия өзүнөн өзү эч нерсени билдирбесин жакшы түшүнүшкөн. Бул тууралу эл акылмандары айтышкан: «Эшекке канчалык кам көрсөң да, ал эч качан жылкы болбойт». Жылкы арасында

тандоо жүргүзүү менен күлүк чыгарса болот. Демек, көчмөн кыргыздар колукту тандоого өтө олуттуу мамиле жасашкан.

Кыргыздын каада-салты боюнча, күйөө бала колуктусун ата-энесинин колунан алган. Мындай көрүнүш ар бир кыргыз үчүн чоң, маанилүү окуя болгон. Кыздын ата энеси макулдугун бергенден кийин гана, аны алып кетүүгө болгон. Эгерде ата энеси макулдук бербесе, анда кызды алууга мүмкүн эмес болгон. Себеби жалаң гана кызды, анын үй-бүлөсүн, анын уругун гана уят кылбастан, өзүн да адатты бузуп, уят кылмак [116.13-18]. Руханий баалуулукту булгоо (кыз) менен, ал өз бетин жоготуп, руханий баалуулукту булгаган адам жигит гана эмес, уругу, тукуму жок макулук деп эсептелинген. Уят болбойлу деп, мындай макулуктан жакындары жана туугандары баш тартууга аргасыз болушкан. Бирок баары бир кылган иши үчүн жоопкерчиликтен жана кун төлөөдөн бошотулган эмес [116.13-18].

2007-жылы жүргүзүлгөн изилдөөлөр боюнча, совет дооруна чейинки кыргыз никелеринин басымдуу көпчүлүгү ата-энелердин макулдашуусу менен түзүлгөн. С.Абрамзон, С.Кожоналиев, А.Смирнов, Д.Семенов, Б.Солтоноев сыяктуу окуумуштулардын пикири боюнча, нике жаштардын макулдугу, ошондой эле макулдугусуз эле түзүлүшү мүмкүн болгон [205]. Совет дооруна чейинки убакта ата-энелер балдардын төрөлө элек, секелек мезгилинде же 20 жаш курактан өткөндө деле кудалашышкан.

Тарыхый маалыматтарда кыз ала качуу совет дооруна чейин бүткүл Орто Азия республикаларында болгон. Бирок, этнографиялык адабияттарда кызды макулдугусуз ала качуу илгертен эле аялга карата зордук-зомбулук катары каралып, анын үй-бүлөсүнө жана жалпы салт-санаага шек келтирүү катары кабыл алынган [205]. Эгерде эрте мезгилди карай турган болсок, анда кыргыздар менен түркмөндөрдүн салтындагы айрым окшоштуктарды байкоого болот, бул балким маданият жана климаттык шарттардын окшоштугуна байланыштуу болушу ыктымал. 1897-жылдагы түркмөн адатынын жазууларында, кыздын макулдугу менен гана ала качып үйлөнүүгө укук берилет деп жазылган. А.Ломакин илимий эмгегинде, «ата-энеси же туугандары макулдугун бербеген

күндө дагы, күйөө бала бойго жеткен кызды анын макулдугу менен ала качып, никеге туруусу мыйзамдуу» деп белгилеген [70].

Өзбекстандын түндүк талааларында жайгашкан каракалпак элинде ала качуу совет дооруна чейинки мезгилде болгон. Себеби жакыр үй-бүлөдөн чыккан эркектерге келин үчүн чоң калым төлөбөөгө мүмкүнчүлүк берген. Аброюн сактап калуу үчүн айрым учурларда кыз же кыздын ата-энеси макулдугун беришкен. Совет доорунда ала качууну түп тамырынан бери жок кылууга аракет кылынган. Бирок 1991-жылы Өзбекстан эгемендүүлүк алгандан бери кайра жанданган. 2004-жылы айрым бейөкмөт эмес уюмдар Каракалпакстанда ар бир бешинчи аял ала качылып, ар бир жыйырманчысы болочок күйөөсү менен турмушка чыкканга чейин жолугушпаганын белгилешкен [205].

Х.М.Хашаевдин Кавказда ала качуу тууралу жүргүзгөн изилдөөлөрүн белгилей кетсе болот. Ал XVII-XIX кылымдарда көптөгөн аймактардын (анын ичинде Андалак аймагынын, Келаб айылдарынын, Каратин, Гумбетовски, Үнкрат-Чамалальский провинцияларынын, ошондой эле Тарков жана Мехтули хандыктарынын) мыйзамдары боюнча кыздарды ала качуу (макулдугу менен же макулдугу жок) кылмышына катышкан аялдарга жана эркектерге, аларга көмөктөш болгондорго айып пулдар менен жазалар колдоноору тууралу жазган. Айыптар мал же акча менен төлөнүшү мүмкүн, же жамааттан кууп чыгуу менен жазаланган. Ал эми ала качуу кыздын макулдугусуз болсо, анда жазанын түрү жогору болгон [205]. 1954-жылы Ш.Инал-Ипа дагы Кавказ боюнча изилдөө жүргүзүп, абхазиялыктардын кыз ала качуусун баяндаган. Бул жерде дагы ала качуу салттуу түрдө кабыл алынган нике формаларынан четтөө деп белгилеген. Ала качуунун кесепетинен көптөгөн жаштар өлтүрүлүп, мыкаачылык менен өч алуу салтынын жаралышына түрткү берген [48].

Демек, ала качуу акыркы убакта көп кездешкени менен, совет дооруна чейин көпчүлүк этникалык топтордо кадимки көрүнүш жана көндүм болгон эмес деп белгилөөгө болот. Ал эми коомдун трансформациялануу учурунда кыз ала качуу көрүнүшү күч алууда. Совет доорунда, большевиктердин бийлик структараларына орношуп алышкан теги жок адамдар кыргыздын маданий

салттарын одоно бузушуп, кыздарды атасынын макулдугу жок эле ала качуу башталган. Салтты бузгандыгы үчүн жоопко тартуу жана адилеттүүлүктү калыбына келтирүүгө аракет кылышкан кыздын туугандарын совет бийлигинин душмандары деп түрмөлөргө жана лагерлерге кетиришкен [116.13-18].

Баарына маалым болгондой, ала качуунун негизги себеби кыздын макулдугун бербеши, ошондой эле калым төлөбөй, каражат үнөмдөө болуп саналат. Калымдын баасы кыздын жашаган жерине, үй-бүлөсүнүн статусуна, тышкы келбетине жана анын алган билимине байланыштуу аныкталган. Эгер калымдын суммасы анча ийгиликтүү эмес жигит үчүн өтө оор болсо, ал жакын достору менен болочоктогу колуктуну ала качып алуусу оңойго турган. Алгач жигиттин туугандары анын артыкчылыктарын айтып башташат. Бул учурда кыз макулдугун бербесе, анда коркутуп үркүтүүгө өтүшөт. Эгер каргыштар жардам бербесе, айрым учурларда күйөөдөн баш тартпасын үчүн зордукталган да учурлар болгон. Ал тургай мындай окуялардын жарымында, болочок колукту болочок күйөөсү менен таанышкан тыгы болбогон.

Аялдарга каршы зомбулук тууралу профессор В.Клайнбах жана жергиликтүү социологдор тарабынан 1999, 2001 жана 2004-жылдары негизинен түштүк региондордо жана республиканын бир түндүк районунда өткөрүлгөн социологиялык изилдөө далил болот. 2004-жылдагы изилдөө 374 ала качылган кыздардын окуяларына негизделген [89.52]. Бул көйгөй тууралу изилдөөлөр 2003-2005, 2006, андан соң 2008, 2009, 2012, 2014-жылдары, жыйынтыктоочусу болуп 2015-жылы жүргүзүлгөн [205].

Ала качып никеге мажбурлоо – бул оор кылмыш болуп саналып, каршы доо арыздын негизинде токтотууга болбойт, бирок иш жүзүндө башкача болууда. Мисалы, 2019-жылы адам уурдоо боюнча 233 иштин 6% гана, ал эми 2020-жылы 210 иштин 5% гана сотко өткөн [169]. 2016-жылдан 2020-жылга чейинки 43 ачык сот чечимдери менен таанышкандан кийин, болгону 9 гана адам жасаган кылмышы үчүн жарым жылдан беш жылга чейин эркинен ажыратылып, чыныгы жазасын алган [169]. Изилденген маалыматтарга ылайык,

жабырлануучулар көбүнчө көрсөтмөлөрүн өзгөртүшөт, кылмышкерге «дооматым жок» деген билдирүү менен иштер токтотулган.

Аялдардын укугунун бузулушунун негизги факторлорунун бири болуп жакырчылык жана төмөнкү социалдык статус эсептелет. Өзүнө ишенбөөчүлүк, өзүн төмөн баалоочулук, укук коргоо органдарына кайрылуудан коркуу дагы бир маанилүү фактор болуп калган. Негизги тыянактар болуп, көпчүлүктүн ала качууну байыркы салт деп кабыл алуусуна карабастан, аны XX кылымда пайда болгон десек болот. Ала качуу кыргыз кыз-келиндеринин үчтөн бир бөлүгүнө таасир эткен. Бул көрүнүш КРнын мыйзамына, ислам дининин, эл аралык укук мыйзамдарына жана өлкө кошулган конвенцияларга каршы келет. Кыргыздардын маданиятында аялдарга кордук көрсөтүүнүн бир түрү. Негизи эркек сөзсүз түрдө колуктусун ала качыш керек деген маданий же диний шарттар жок.

КРнын Кылмыш кодекси боюнча, кыз ала качуу эки беренеси боюнча: 154 (17 жашка чыга элек адамды никеге турууга мажбурлоо) жана 155 (аялды никеге турууга мажбурлоо же никеге турууга тоскоолдук кылуу) беренелери боюнча жазага тартылат жана эсептик көрсөткүч боюнча (1 эсептик көрсөткүч 100 сомго барабар, б.а. жыйынтыгында 10 миңден 20 миң сомго чейин) жүздөн эки жүзгө чейинки өлчөмүндө айып салуу же үч жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат [128.196]. КРнын Кылмыш кодексинин 155 беренеси боюнча 2002-жылы 15 иш, 2012-жылдын 1-жарым жылдыгында 76 иш катталган. Алардын 1 гана сотко чейин жетип, 2012-жылдын 20-сентябрында айыпталуучу 6 жылга катуу режимдеги колонияга соттолгон [35.14 ]. Мындай негативдүү иш аракеттер үчүн кылмыш мыйзамы боюнча жазага тартыларына карабастан, ала качуунун күнөөкөрлөрү жазасыз калышып, ал тургай коом тарабынан да айыпталбай калган.

БУУнун маалыматтарында, Борбордук жана Түштүк Азия чөлкөмүндө жашы жете элек өспүрүмдөр арасында никелердин эң жогорку пайызы белгиленген. 20 жаштан 24 жашка чейинки аялдардын 16% 15 жашка чейин никеге турушкан. Ал эми 20 жаштан 24 жашка чейинки аялдардан 43% 18 жашка чейин турмуш курушкан [223]. Кыргызстан боюнча жашы жете элек жарандар

менен никеге туруу жалпы никеге тургандардын ичинен 13% түзөт. Жыл сайын 7-9 миңдей жаш кыздар турмушка чыгышат. Шаарларга салыштырмалуу, айыл жерлеринде бул көрүнүш 2,5 эсе көп кездешет. УСКнин маалыматы боюнча, 2011-жылдан бери эрте никеге туруу, эрте төрөт жана бойдон алдыруу боюнча статистика өзгөргөн эмес [231]. Экономикалык же социалдык себептерден улам Кыргызстанда эрте турмуш кургандардын саны жогору бойдон калууда. Статистика боюнча, өлкөдөгү кыздардын 12% жакыны 18 жашка чейин турмушка чыккан [222].

Эрте турмушка чыгуу аялзатынын жашоосуна жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө, анын ичинде билим алуусуна абдан таасирин тийгизет. Эреже катары, көбү окуусун аяктоого мүмкүнчүлүгү жок болуп, алардын жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү өтө төмөн жана жубайларына көз каранды болууга аргасыз болушат. Ошондуктан, бул кыздардын мектепти толук аяктоосу абдан маанилүү. Парадоксалдуу болсо дагы, эрте турмуш курган жаш кыздарга тигүүчүлүк, ашпозчулук жана компьютердик сабаттуулук курстарын окутуу зарыл.

Кыргызстанда эрте турмуш куруу сейрек болсо да кездешет. Гендер маселелери боюнча эксперт Римма Султанова изилдөөлөрдүн негизинде, 14 жаштан 17 жашка чейинки кыздардын турмушка чыккандыгын билдирген [194]. Мыйзамдуу каттоодон өтпөгөн, диний ырым-жырымдар боюнча никеге турган учурлар аз эмес. Бул тууралу Римма Султанова изилдөөлөрүндө байкап, калктын көпчүлүк бөлүгү нике кыюуну үй-бүлөнүн жаралуу далили катары түшүнүшөт деп жазган [194]. Эрте нике дээрлик катталбайт, ошондуктан ажырашкан учурда жаш энелер материалдык колдоосуз калышат. Көпчүлүгү үй-бүлөлүк зомбулукка дуушар болушуп, социалдык жактан да, укуктук жактан да корголушпайт.

Жашы жете электердин никеге туруу көйгөйү бир гана Кыргызстанда эмес, бул бүткүл дүйнөлүк трагедия. Кыздын эрте турмушка чыгуусу кулчулуктун синоними катары бааланат. БУУнун калк Фонду 2015-жылы жашы 18 чыга элек 3,5 миллион бала, алардын ичинен көпчүлүгү кыздар турмушка чыккандыгын

билдирген. Ал эми 4,4 миллиону 15 жашка чейин үйлөнүшкөндөр болушкан. Демек, күн сайын 37 миң жашы жете элек балдар никеге турушат [232]. Дүйнө элдеринин көпчүлүгүнүн салтына ылайык кызды мажбурлап турмушка берүү болбойт. Тыюу салууга карабастан, дүйнө жүзү боюнча күнүнө 33 миң жашы жете элек кыздарга нике кыйылат. Болжол менен 2020-жылга карата 650 миллион кыздар жашы жете элек убакта турмушка чыгышкан. 2030-жылга карата БА чөлкөмүндө 150 миллион 18 жашка чейинки кыздар турмушка чыгат деп божомолдонот [223]. БУУнун билдирүүлөрүндө, дүйнө жүзү боюнча болжол менен 15 миллион өспүрүм кыздар кайсы бир мезгилде зордук-зомбулукка дуушар болушкан. ЕБде аялдардын 45%-55% 15 жаштан бери ыдыкка кабылышкан [223]. Дүйнө жүзү боюнча 2018-жылы бардык кыздардын үчтөн бир бөлүгү, 170 миллионго жакыны мектепке барган эмес. Жыл сайын 15 миллион кыз 18 жашка чыга электе, ар бир 2 секундада бир кыз турмушка чыккан. Эрте же мажбурлап никеге туруу көйгөйү дүйнөдөгү бардык кыздардын төрттөн бир бөлүгүн түзгөн [194].

Светтик жана демократиялык КРда жашы жете электерге никеге турууга тыюу салуу 2016-жылдын аягында, эгемендүүлүккө ээ болгондон 25 жыл өткөндөн кийин гана киргизилген [232]. Кыргызстанда 2014-жылда жүргүзүлгөн индикаторлуу кластердик сурамжылоо боюнча 20 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын болжол менен 12,7% жашы жете элек куракта турмушка чыгышып, көбүнчө айыл жергесинде кездешкен. 18 жашка чейин турмушка чыккан кыздар өмүр бою физикалык, жыныстык жана психологиялык зомбулукка дуушар болушат [194]. УСКнин, ЮНИСЕФтин маалыматы боюнча, республика боюнча 6 миң кыз 15 жашка чейин, ал эми 160 миңден ашыгы 18 жашка чейин турмушка чыккан [232]. Улуу Британиянын элчилигинин жана UNDP жардамы менен, билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде турмушка чыккан жашы жете элек кыздар мектептен билим алуусун токтотуп, көпчүлүк учурда окуусун кайра улантышпайт [232]. Изилдөөлөр мындай көрүнүш Кыргызстанга да мүнөздүү экенин көрсөттү.

ДСУнун маалыматы боюнча, жыл сайын 16 миллион кыз 15-19 жашында эне болуп, 2 миллиону 15 жашка чейин көз жарат. Кирешеси төмөн жана орточо болгон өлкөлөрдө 15-19 жаштагы кыздардын өлүмүнүн негизги себептери болуп кош бойлуулук жана төрөттүн кыйынчылыктары эсептелет. Өспүрүм энелердин арасында ымыркайлардын өлүмү 20-19 жаштагы энелерден төрөлгөн балдарга караганда 50% жогору [159]. Постсоветтик мейкиндикте Кыргызстан 15-19 жаштагы аялдардын арасында төрөттүн саны боюнча лидерлердин катарында саналат [232]. Бул өлкөбүздө жашы жете электердин никеге туруу көйгөйү курч экенин көрсөтүп турат.

4.9-таблица - КМШ өлкөлөрүнүн статистикалык комитеттеринин 2014-жылга карата маалыматтары:

| Мамлекеттер | 15-19 жаштагы төрөгөндөрдүн саны (1000 аялга карата) |
|---|---|
| Азербайджан | 53 |
| Кыргызстан | 43 |
| Казахстан | 35 |
| Украина | 27 |
| Молдова | 27 |
| Россия | 26 |
| Армения | 23 |
| Беларусь | 21 |

Таблицадагы маалыматтар 15-19 жаштагы аялдардын арасындагы төрөттүн саны боюнча Кыргызстан алдыңкы орундарда тургандыгын, жашы жете электер арасында никеге туруу маселесинин курчтугун көрсөтөт.

Эрте эне болуу – бул кыздын кийинки социалдашуусуна олуттуу таасир эткен социалдык көрүнүш экендиги белгилүү. Кыргызстанда дин тарабынан жашы жете электерге нике кыйуу, кыз ала качуу, өспүрүмдөргө жыныстык активдүүлүктүн эрте башталышы жана эрте жетилиши, балдарга карата жыныстык кылмыштардын себеби экендиги аныкталган.

Тарыхта XIX кылымда кыргыздардын нике жана үй-бүлө мамилелери адат

жана шарият нормалары менен жөнгө салынганы белгилүү [239]. Нике жана үй-бүлө мамилелеринин эрежелери негизинен элдик соттор-бийлердин кезексиз курултайларында жүрүм-турум эрежелеринин топтому түрүндө талкууланып, кабыл алынып турган. Бойго жетүү адат боюнча белгилүү бир жаш куракта белгиленген. Айрым булактардан никеге туруу, мүлктү башкаруу үчүн кыздарга жана балдарга 15 жаш белгиленгенин билебиз [43.272]. Бирок Кыргызстандын ар кайсы аймактарында кыздарды 13-15 жашында, ал эми уул балдарды 16-18 жаш курагында [38.33], акылы зиректер 13 жашында деле жетилет деп эсептешкен [36.43]. Бешиктеги жаш балдарга куда түшүү кеңири жайылган. Бул учурда ата-энелер ортосунда «бешик куда» болуу салты жол берген.

Совет мезгилиндеги адамдардын дин тутумуна карабастан, нике мамлекеттик мекемелерде гана катталган. Диний жөрөлгө боюнча түзүлгөн нике эч кандай юридикалык жактан күчкө ээ болгон эмес. Никеге туруу үчүн жашы жетилип жана болочок жубайлардын өз ара макулдугу жетиштүү болгон. Совет доорунда «сүйүшүп никеге туруу» түшүнүгү пайда болгону белгилүү [159]. Нике курагына чейин никесиз эне болуу партиялык жана комсомолдук чогулуштарда каралып, адеп-ахлахсыз аталып коом тарабынан катуу айыпталган.

Изилдөөлөр боюнча, биз караган мезгилдин акыркы жылдары эрте турмуш кургандардын саны көбөйгөн. Жашы жете электерге карата зордуктоолордун саны боюнча 2001-жылы (100 миң калкка карата) максималдуу көрсөткүчтөр Чүй облусунда (3,3), Бишкекте (3,0), Нарында (1,9), Ысык-Көлдө (1,8) жана Жалал-Абадда (0,9) катталган [159]. Бул көрүнүш өзгөчө Ош жана Жалал-Абад облустарында 2010-жылдагы июнь окуясынан кийин өзгөчө өскөндүгү байкалган [46]. Балдардын жана аялдардын абалы боюнча 2006-жылкы мониторинг маалыматтары боюнча, айыл жергесинде 18 жашка чейин турмушка чыккан аялдар 14,4%, шаарларда 9,7% түзгөн [95]. Жашы жете элек балдардын никеге туруусунун эң жогорку көрсөткүчтөрү Чүй (18,2%), Талас (17,7%), Ысык-Көл менен Ош (13,4%) аймактарында белгиленген. Ал эми Бишкекте жашы жете электердин никеге туруусу 7,7% түзгөн [76.131].

4.10-таблица - Аймактар боюнча 18 жашка чейин турмушка чыккан аялдардын

үлүшү

| Аймактар | 18 жашка чейин турмушка чыккан аялдардын үлүшү |
|---|---|
| Бишкек | 7,7 |
| Жалал-Абад | 9,5 |
| Нарын | 9,7 |
| Баткен | 11,5 |
| Ош | 13,4 |
| Ысык-Көл | 14,7 |
| Талас | 17,7 |
| Чүй | 18,2 |

Эрте турмушка чыккандардын арасында жакыр үй-бүлөлөрдө жашаган аялдар көпчүлүктү түзүшөт б.а. 16,5%, ал эми бай үй-бүлөлөрдөн чыккандар 9,1% түзүшкөн. Белгилей кетчү нерсе, айыл жерлеринде 15-19 жаш курагында никеге тургандар 10,1%, ал эми шаарларда 4,1% түзгөн [76.131].

2012-жылы БУУнун калкты жайгаштыруу Фонду тарабынан жүргүзүлгөн ыкчам изилдөөсүнө ылайык, Кыргызстанда эрте никеге туруу көйгөйү жакшы изилдене элек маселе экени аныкталган [47]. Негизги себептеринин бири болуп, бул көйгөйдүн латенттүү түрдө жабык эшиктер артында болушу жана бул маселе боюнча статистиканын жетишсиздиги болгон. Республика боюнча эрте никеге туруунун себептерин жана кесепеттерин аныктоочу атайын кеңири масштабдуу улуттук деңгээлде изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес [93].

Биз изилдеген жылдары мусулман дин кызматкерлери биринчи жана экинчи аял катары нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу ырымдарын жүргүзүшүп, үй-бүлө жана кылмыш мыйзамдары бузулган учурлар кездешкени аныкталган. Ислам динине катуу ишенген үй бүлөлөр никени мыйзамдуу түрдө мамлекеттик органдан каттатышкан эмес. Оштогу гендердик ресурстар борборунун жүргүзгөн сурамжылоосуна ылайык, жашы жете электердин арасында никеге тургандардын 77% расмий мамлекеттик каттодон өткөн эмес [159].

Жашы жете электердин арасындагы нике бардык жамааттарда кездешкени менен, өзбек, дунган жана азербайжан сыяктуу этносторго көбүрөөк мүнөздүү болгон [46]. Никеге чейинки төрөттүн эң жогорку көрсөткүчү (15-17 жаш) 2011-жылы азербайжан (республикалык көрсөткүчтөн 4,9 эсе жогору) жана дунган (республикалык көрсөткүчтөн 3,4 эсе жогору) улутундагы кыздар арасында аныкталган. Ошондой эле, республикалык мааниде өзбек (8,4 промиле) жана орус (7 промиле) улутундагы 15-17 жаштагы кыздардын арасында төрөт деңгээли жогору болгон. Ал эми кыргыз (6,3 промиле), түрк (5 промиле), таджик (1,9 промиле) улутундагы ушул эле жаш курактагы кыздардын арасында төрөт деңгээлинин коэффициенти республикалык деңгээлден төмөн турган [159].

Жашы жете элек балдардын арасындагы нике кызды ала качып кеткен учурга же ата энесинин макулдугу менен үйлөнгөндүгүнө карабастан, дээрлик бардык изилденген учурларда зордук-зомбулук менен коштолгон. Негизинен, жашы жете кыздардын эрте эне болуу феномени, социалдык жактан начар, толук эмес үй-бүлөлөрдө өскөн, же жакын туугандары баары алкоголь ичимдиктерин көп колдонгон, ата энеси же энеси өнөктөштөрүн бат-бат алмаштырган, же алардын баш аламан жыныстык катнаштарга барган учурларда кездешет.

2012-жылы калкты жайгаштыруу Фондунун докладында төмөнкүлөр жазылган: «Кош бойлуу болгон өспүрүм кыздар көпчүлүк учурда окуусун таштоого мажбур болушуп, билим алуу укугунан ажырашат. Кокусунан кош бойлуу болуу алардын ден соолугуна коркунуч туудурат жана иштеп, акча табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат» [159].

Изилдөөлөрдүн негизинде жашы жете элек кыздарды зордуктоонун натыйжасында төрөгөндөрдүн жана бойдон алдыруулардын саны боюнча эч кандай расмий маалыматтардын жоктугу аныкталган. Демек, бир да мамлекеттик орган бул боюнча статистиканы жүргүзбөйт. Бул маселе боюнча маалыматтарды кризистик борборлордон, дарыгерлерден жана массалык маалымат каражаттарынан гана алууга болот [159]. Маалыматтардын негиздүүлүгү төмөн болгондуктан, бул учурда маселенин масштабын баалоо мүмкүн эмес. Тилекке каршы, биз караган жылдары жашы жете элек кыздарга карата жыныстык

кылмыштардын динамикасы туруктуу өсүү тенденцияга ээ. Демек, өспүрүмдөрдү зордуктоолордун негизинде, алардын арасында кош бойлуулук жана төрөттүн саны да өсүп жатат деп болжолдоого болот.

Изилдөөлөрдүн негизинде, секелек кыздардын өгөй аталары тарабынан зордукталып, кош бойлуу болушу өзгөчө жашыруун латенттүү мүнөздө экендиги белгиленген. Бул учурда керексиз ызы чуудан чочулаган апалары, өгөй атадан кош бойлуу болгон кыздарынын боюнан алдыруулары да кездешкен [159].

КРсы «Баланын укуктары жөнүндө» [2] жана «Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө» [3] конвенцияларды ратификациялаган. Ошондой эле, «Никеге турууга макулдук, нике курагы жана никени каттоо жөнүндө» [4] конвенцияга кошулган. КРнын Конституциясында (36-берене) жана КРнын Үй-бүлө кодексинде (13-берене) никеге туруу курагына жеткен эркектер жана аялдар баш кошууга жана үй-бүлө курууга укугу бар деп белгиленген; никеге тургандардын өз эрки жана өз ара макулдугусуз эч кандай нике курууга болбойт. Үй-бүлө кодексине ылайык, бирөөсү башка адам менен никеси катталган болсо, ал никеге туруп жаткан адамдардын ортосунда никеге турууга жол берилбейт. КРнын Кылмыш-жаза кодексинде эки жана көп аял алуу үчүн жоопкерчилик каралган [5]. КРнын Үй-бүлө кодексинин 14 – беренесинде никенин жашы 18 жаштан баштап белгиленет. Азыркы учурда КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 154-беренесинин биринчи бөлүгүндө 17 жашка чыга элек адам менен иш жүзүндө нике мамилесине мажбурлоо үчүн жоопкерчиликке тартылып, жүздөн беш жүзгө чейинки эсептик көрсөткүч, же 2 жылга чейин түзөтүү жумуштары, же 5 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган. Берененин экинчи бөлүгү боюнча, 17 жашка чыга элек адамды иш жүзүндө нике мамилелери үчүн уурдагандыгы үчүн 5 жылдан 10 жылга чейин эркинен ажыратуу түрүндө катаал жаза каралган [6].

Аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулуктун актуалдуулугу, анын узак мезгил бою чечилбей келгенинен кабар берет. Тилекке каршы азыркы учурда бир да мамлекетте аялдар жана кыздар зордук-зомбулуктан биротоло куткарылган жок. Өзгөчө COVID-19 пандемиясы бул көйгөйдү андан да күчөттү,

аялдарга жана кыздарга карата зордук-зомбулуктун деңгээли карантин мезгилинде бир нече эсе жогорулады. Коомдун тез арада моралдык деградацияланышы, адамдардын бири-бирине жексур мамилеси, моралдык баалулуктардын жок болушу, коомдук мамилелердин криминалдашуусу реформалардын коркунучтуу жыйынтыгы болуп калды. Коомдун экономикалык жактан кыйроосу үй жайсыз калгандардын, жумушсуздардын, аракечтердин жана баңги зат колдонуучулардын зор армиясынын пайда болушуна алып келди. Бул кыйынчылыктар аялдарды айланып өткөн жок. Реформалар жүргүзүлгөн жылдарда аялдардын арасында аракечтиктин тез өсүшү, кылмыштуу топторго аралашкан аялдардын санынын көбөйүшү байкалган. Көптөгөн аялдар кулчулукка саткан кылмышкерлердин курмандыгына айланышкан.

**Жыйынтыктар:**

- Ааламдашуу доорунда кыргыз кызы «руханий баалулуктан» материалдык нерсеге айланды. Эгемендик жылдарында Кыргызстандагы кризистик борборлор жана массалык маалымат каражаттары аялдарга карата зомбулуктун жылдан жылга көбөйүшү тууралу маалымдайт;
- Соңку мезгилде өсүү тенденциясына ээ болгон кыз ала качуу жашоонун көндүмүнө айланууда. Кыз ала качуу кылмышы мыйзам боюнча жазага тартылаарына карабастан, күнөөкөрлөр жазасыз калууда;
- Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн никеге туруусу, эрте төрөт деңгээли жогору бойдон калууда. Мыйзамдуу каттодон өтпөгөн диний ырым-жырымдар боюнча никеге турган учурлар кезигип, нике популярдуулугу өсүүдө;
- Секелек кыздар айрым учурда өгөй аталары тарабынан зордукталып, кош бойлуу болушу өзгөчө латенттүү мүнөздөгү жексур көрүнүш. Жашы жете элек кыздарды зордуктоонун натыйжасында төрөлгөндөрдүн жана бойдон алдыруулардын саны боюнча расмий маалыматтарды жарыялап, мындай көрүнүшкө бөгөт коюу мамлекеттик органдардын жана коомчулуктун кечиктирилгис милдети деп эсептейбиз.

# КОРУТУНДУ

Эгемендик жылдары Кыргызстандын коомдук турмушунда аялдардын орду жана ролу бир кыйла өзгөрүүгө дуушар болгон. Коомдун өткөөл абалы жараткан көптөгөн социалдык-экономикалык көйгөйлөр аялдарга да өзгөчө таасирин тийгизген. Кыргызстан эгемендүүлүк жылдары трансулуттук банктардан чоң суммадагы ири карыздарды алган. Трансулуттук корпорациялардын, банктардын Кыргызстандын алгачкы эгемендүү жылдарында жүргүзүлгөн өнөр жайын, айыл чарбасын менчиктештирүүчү ПЕСАК жана АПЕАК программалары аркылуу каржылоонун негизинде, экономиканын трансформациялануу жана менчиктештирүү процесстеринде аялдардын абалы өзгөрүлгөн. Массалык менчиктештирүүнүн натыйжасы катары «жаңы социалдык статусту» жакшы өздөштүргөн «номенклатуралык менчик ээси» деп эсептелинген жаңы аялдар тобу пайда болгон. Республикадагы рыноктук экономикалык мамилелердин өнүгүшүнө ылайык, аялдар жаңы социалдык статустарды өздөштүрүп, алардын арасында эмансипация процесси жүргөн. Аялдар арасында ишкер жана менчик ээлери катмарлары пайда болгон. Жаңы рыноктук түзүлүштү тез өздөштүргөн (жогорку билимдүү жана квалификациялуу) жигердүү иш жүргүзгөн «ишкер аялдардын» жаңы катмары түзүлгөн. Ишканаларды, кооперативдерди жана соода уюмдарын башкарууга жөндөмдүү, активдүү аялдардын жаңы катмары, рынок экономикасынын жаңы кесиби болгон «челнокчу» аялдардын топтору пайда болуп, арзан баадагы товарларды ташып келе баштаган. Өткөөл мезгилде «челнок аялдар» өлкөнүн экономикасын сактап калууга зор салымын кошуп, жергиликтүү калкты товар менен камсыздап, жумушчу орундарын камсыздашкан.

Өнөр жайдын кризиси жана рынок экономикасы тигүү тармагы менен цехтерди жараткан. Тигүү тармагы аялдарды жумушчу орун менен камсыз кылып, тигүүчүлүк каражат табуунун булагына айланган. Эгемендик жылдары «жигердүү ишкер», «менчик ээлери», «тигүүчүлөр же цех ээлери» аттуу аялдардын топтору пайда болгон. Албетте пандемия ишкердүүлүккө чоң залакасын тийгизип, карантиндик чектөөлөр ишкердүүлүктү басаңдаткан.

Натыйжада, аялдар көп иштеген ишканалар (текстиль, мейманкана жана коомдук тамактануу жайлары) аябагандай жабыркаган.

Массалык жумушсуздуктун жана жакырчылыктын өсүшүнөн, социалдык камсыздоонун начардыгынан, өзгөчө айыл жериндеги аялдардын көпчүлүгү материалдык жыргалчылык жана жеке муктаждыктарын канааттандыруу үчүн шаарларга жана чет өлкөлөргө миграцияга кетүүгө аргасыз болушкан. Мигрант аялдардын акча которуулары үй-бүлөнү камсыздоо булагына айланган. Жакырчылыктын айынан аялдар өз укуктары бузулган эмгек жана жашоо шарттарын кабыл алууга аргасыз болушкан. Көпчүлүк учурда эмгек мигранттары адам сатуу коркунучуна кабылышкан. Адам сатууга дуушар болгондордун 70% аялдар жана кыздар түзүп, 96% жыныстык эксплуатациянын курмандыктары болушкан. Адам сатуу кылмышы жазасыз кала берген. Кыргызстан аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода өлкөлөрдүн катарына кирген. Себеби, жыл сайын 15 миң жаран адам сатуунун курмандыгы болуп, 24 миң адам кулчулуктун шартында жашаган.

Бийликтеги коррупциянын деңгээли аялдардын парламенттеги өкүлчүлүгүнөн көз каранды экени белгилүү. Кыргызстанда 30% квота болгондугуна карабастан, улуттук деңгээлде мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгү азайган. 2020-жылы бул көрсөткүч 19,3% төмөндөгөн. Кыргызстанда рынок экономикасынын шартында жумушсуздук күч алганына байланыштуу, айрым жарандар радикалдык агымдарга бат өтүп кетүү коркунучу жогорку деңгээлде болгон. Жакырчылыктын деңгээлинин жогорулашы маргинал топторду жаратып, өлкөнүн саясий, социалдык, экономикалык абалына терс таасирин тийгизген.

Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмдардын көпчүлүгүн аялдар түзүшкөн. Алардын түзүлүшүнө ири каржы холдингдерди, күч структураларды, атайын кызматтарды, массалык маалымат каражаттарды, саясий партияларды көзөмөлдөгөн трансулуттук корпорациялар эл аралык жана донордук уюмдар аркылуу көмөкчү болушкан. Өкмөттүк эмес уюмдар жана массалык маалымат каражаттары республиканын бардык региондоруна келечекте таасир этүү

максатында өздөрүнүн филиалдарын ачышкан. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн аркасында трансулуттук корпорациялар турган. Эл аралык уюмдар өкмөттүк эмес уюмдар секторунун калыптанышында негизги ролду ойноп, алар тарабынан 90%–100% чейин каржыланган. Албетте, өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүктөрү ар түрдүү. Айрым өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан көптөгөн аярлуу жарандарга юридикалык бекер жардам көрсөтүлгөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана мамлекеттик структуралар үчүн тренингдер өткөрүлүп, аналитиканы иштеп чыгышкан.

Эгемендик жылдарда рынок экономикасы өлкөнүн экономикалык, социалдык жана билим берүү тармактарындагы актуалдуу көйгөйлөргө жана коом алдында институционалдык милдеттерин аткара албаган билим берүү мекемелеринин жоопкерчиликсиз мамилесине алып келип, анын жемиши катары өткөөл мезгилде өлкөдө сабатсыз жаштар пайда болгон. Кесип тандоодо кыздардын билимге тартылуу көрсөткүчтөрүнүн жакшырганына карабастан, 9-класстан кийин окууну таштоо тенденциясы болгон. Жакыр үй-бүлөлөрдөн чыккан минималдуу билимдин деңгээлине ээ болбогон балдардын мектепке барбай калуу феномени пайда болуп, алардын саны жылдан жылга өскөн. Жогорку билим берүү деңгээлинде кесип тандоодо гендердик сегрегация сакталган. Саламаттыкты сактоодо жана коомдук илимдерде аялдар көпчүлүктү түзгөн. Табигый илимдер, инженердик техникалык адистиктер, курулуш, аскер иштери, транспорттук адистиктер, балык чарбалары эркектердин артыкчылыгы катары калган.

Республикада үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жылдан жылга өсүп, жабык эшиктер артындагы мүнөздө калган. Ошол эле мезгилде кыз ала качуу көбөйүп, жашоонун көндүмүнө айланган. Кыз ала качуу кылмышы мыйзам боюнча жазага тартылаарына карабастан, күнөөкөрлөр жазасыз калган. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн никеге туруусу, эрте төрөт деңгээли жогору болгон. Мыйзамдуу каттодон өтпөгөн диний ырым-жырымдар боюнча никеге турган учурлар кезиккен. Нике кыюу үй бүлөнүн жаралышынын далили катары кабыл алынып, нике популярдуулугу өскөн. Өзгөчө жашыруун латенттүү мүнөздөгү секелек

кыздардын зордукталышы көбөйгөн. Коомдун моралдык деградациялышы аялдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээлин жогорулатып, нике курагына жете элек жаш кыздарга нике кыюу, жашы жете элек кыздардын эрте эне болуу феноменин пайда кылган.

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча аялдардын коомдогу ордун жана ролун көтөрүү үчүн төмөндөгүдөй сунуштарды аныктоону туура көрдүк:

- жигердүү иш жүргүзгөн «ишкер аялдардын» жаңы катмарын колдоо иретинде жеңилдетилген шартта насыяларды кеңейтүү зарыл. Бизнеске санарип технологияга өтүүдө, айрыкча интернет соодага өтүүдө, жетекчилерди жана ишкерлерди окутуу программаларын уюштурууга, ваучердик программалар жана субсидиялар менен санариптик долбоорлорду каржылоого, чакан фирмалар санарипти көбүрөөк колдонууга мүмкүнчүлүк алуу үчүн ири санариптик кызмат көрсөтүүчүлөр менен байланышууга өкмөт тарабынан жардам көрсөтүү, расмий мыйзамдын талабына ылайык иштей турган, б.а. де-юре менен де-факто иштеп жаткан мыйзамдардын ортосундагы ажырымды жоюу, коррупцияга каршы күрөштү күчөтүү керек;
- тигүү тармагынын продукциясын экспорттоону жогорулатуу менен, санариптештирүүнү, насыянын кошумча кепилдиктерин жана субсидияларды, экспорттук ваучерлерди, жаңы салыктык жеңилдиктерди жана өнөр жай ишканалары үчүн төлөө ийкемдүүлүгүн түзүү, электрондук соода, электрондук декларациялар, бардык уруксаты бар регуляторлорду каттоо үчүн бирдиктүү терезе, продукциянын сапатын көзөмөлдөөчү автоматтык система, накталай эмес акча жүгүртүү менен технологиялык түзүлүштүн башка жетишкендиктери өздөштүрүлүп жана мамлекеттик жөнгө салуунун эффективдүүлүгүн кескин түрдө жогорулатуу мезгилдин талабы болуп турат;
- коомдук тамактануу, мейманкана тармагы, транспорт жана туризм чөйрөсүнө каржылык жардам программалары аркылуу кошумча колдоо, жаңы технологиялык негизде түзүлгөн транспортту, телекоммуникацияны, энергетикалык жана турак жай-коммуналдык инфраструктураны модернизациялоо маселесин чечүү зарыл;

- региондорго көңүл бөлүү абзел: жумушчу орундарды түзүү, ортоңку тапты күчтөндүрүү, туризм, жеңил өнөр жай, кол өнөрчүлүк сыяктуу келечектүү багыттарды, аялдарды тартууга мүмкүндүк берүүчү чыгармачыл тармактарды өнүктүрүүгө көңүл буруу учурдун талабы.

Төмөндөгү сунуштардын аткарылышы да аялдардын коомдогу ордун жана ролун жогорулатмак:

- мигрант аялдардын акча которууларын туура инвестициялоо үчүн шарттарды камсыздоо;
- аялдарды кулчулукка сатуучу трансулуттук соода жүргүзүүчү өлкөлөрдүн катарындагы Кыргызстанда, кылмыштуулуктун бул түрүн компетенттүү органдар тарабынан катуу көзөмөлгө алуу;
- улуттук деңгээлде мамлекеттик органдарда аялдардын өкүлчүлүгүнө 30% квотаны иш жүзүнө ашыруу;
- өлкөнүн стабилдүүлүгүнө доо келтирүүчү кыймылдарды түзгөн, кыргыз аялдарынын салттуу кулк мүнөзүнө жат келген өзгөчө адепсиз, тартипсиз аялдар тобунун жаралышына бөгөт коюу максатында катуу көзөмөлгө алуу;
- жаңы технологиялык түзүлүштүн негизин түзгөн саламаттыкты сактоо жана билим берүүгө мамлекеттик чыгымдарды бир жарым эсеге, ал эми илимий-изилдөө жана тажрыйбалык конструктивдик иштерине көбөйтүү зарыл. Өзгөчө, молекулярдык биология, гендик инженерия жана клеткалык технология, нанотехнологиялык жабдууларды, санариптик, лазердик жана аддитивдик технологияларды, гелиоэнергетика, нанопорошоктор жана жаңы материалдарды жасоо тармагындагы илимий иштеп чыгууларды каржылоону бир топ көбөйтүү;
- социалдык тармакта, өзгөчө билим берүү тармагында реформалоо жолу менен жакыр үй-бүлөдөн чыккан мектепке барбай калган балдарга өзгөчө көңүл буруу, 9-класстан кийин окубай калган кыздар үчүн кесипчилик курстарын уюштуруу;
- аялдарга болгон ар түрдүү зомбулуктун түрлөрүнө, үй-бүлөлүк зомбулукка, кыз ала качуу, балдардын укуктарын одоно бузган басмырлоочу, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн никеге туруусуна бөгөт коюу чараларын киргизүү;

- жашы жете элек секелек кыздарды зордуктоого бөгөт коюу, мамлекеттик органдар жана коомчулук тарабынан кескин түрдө айыптоо жазаларын күчөтүү.

Кыргызстандын биз изилдеген эгемендик жылдарында пайда болгон маселелерди чечүү аялдардын коомдогу орду менен ролун бир кыйла көтөрөт деген ишеним бар.

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ**

**ААП** – азык-түлүк жана айыл чарба программасы

**АКШ** – Америка Кошмо Штаттары

**АПВ** – адам папилома вирусу

**АӨБ** – Азия өнүгүү банкы

**БА** – Борбордук Азия

**БАЭ** – Бириккен Араб Эмираттыгы

**БУУ** – Бириккен Улуттар Уюму

**БУУнун НКБ** – БУУнун наркотиктер жана кылмыштуулук боюнча бөлүмү

**ГЭС** – гидро электро станциялары

**ДСУ** – дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму

**ЖАК** – жабык акционердик компания

**ЖК** – Жогорку Кеңеш

**ЖОЖ** – жогорку окуу жайлары

**ЕАЭБ** – Евразиялык экономикалык биримдиги

**ЕБ** – Европа Биримдиги

**ЕККУ** – Европа коопсуздук жана кызматташтык уюму

**ИДП** – ички дүң продукция

**ИИМ** – ички иштер министрлиги

**КДК** – Кыргызстан демократиялык кыймылы

**КМШ** – көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги

**КР** – Кыргыз Республикасы

**КПЗ** – убактылуу кармалуучу изолятор

**КЭУ** – коммерциялык эмес уюм

**ММК** – мамлекеттик миграция комитети

**МТС** – машина-тракторлор станциясы

**ОПЕК** – мунай экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму

**УКМК** – улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети

**УСИИ** – Улуттук Стратегиялык Изилдөө Институту

**УСК** – Улуттук Статистика Комитети

**ПРООН** – Бириккен Улуттар Уюмунун өнүгүү программасы

**РСФСР** – Россия Советтик Фкдеративдик Социалисттик Республикасы

**РФ** – Россия Федерациясы

**СПЕКА** – Орто Азия өлкөлөрүнүн экономикалары үчүн атайын программа

**СССР** – Советтик Социалисттик Республикалар Союзу

**ФАП** – фельдшердик-акушердик пункттар

**ФРС** – федералдык резервдер системасы

**ФГР** – Федералдык Германия Республикасы

**ЭВФ** – эл аралык валюта фонду

**ЭКӨУ** – Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү боюнча Уюм

**ЭМУ** – эл аралык миграция уюму

**ЭЭУ** – эл аралык эмгек уюму

**ЮНЕСКО** – Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жпнп маданият боюнча программасы

**ЮНИСЕФ** – БУУнун Балдар фонду

**SWIFT** – эл аралык маалыматтарды берүү жана төлөмдөрдү жүргүзүү банктар аралык системасы

**SWAP** – соода финансылык алмашуу алмашуу операциясы

**G20өлкөлөрү** – Австралия, Аргентина, Бразилия, Великобритания,Ерпейский Союз, Индия, Индонезия, Италия, Канада, Китай, Мексика, Россия, Саудовская Аравия, США, Турция, Франция, Республика Корея, ЮАР, Япония

**USAID** – АКШнын Эл аралык Өнүгүү Агентствосу

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ЖАНА ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫН ТИЗМЕСИ

### I. Официалдуу документтер

1. Кыргызская Республика. Закон КР «О предупреждении и борьбе с торговле людьми» [Текст]: Отчет по итогам мониторинга и оценки реализации- Бишкек, 2019.-18с.

2. Кыргызская Республика. Жогорку Кенеш Кыргызской Республики. Постановление Жогорку Кенеш Кыргызской Республики от 12 января «О ратификации Конвенции о правах ребенка» [Текст] // Ведомости Жогорку Кенеша КР. – Бишкек, 1994.- № 1402.-С.?

3. Кыргызская Республика. Жогорку Кенеш Кыргызской Республики. Постановление Жогорку Кенеш Кыргызской Республики от 25 января «О присоединения КР к Конвенции о ликвидации всех форм дискриминации в отношении женщин [Текст]//Ведомости Жогорку Кенеша КР.–Бишкек, 1996.- № 3201.-С.? СНП Жогорку Кнеша КР от 6 марта 1996 года № 257-1 от 18 декабря 1979 года. –Бишкек?

4. Кыргызская Республика. Жогорку Кенеш. Постановление Жогорку Кенеш Кыргызской Республики от 25 января «О присоединения КР к Конвенции о согласии на вступление в брак, брачном возрасте и регистрации брака [Текст]// Ведомости Жогорку Кенеша КР.–Бишкек,1996.-№ 3221.- С. ? и СНП Жогорку Кенеша КР от 6 марта 1996 г. №260-1.-Бишкек?

5. **Двоеженство или многоженство** [Текст] //Кыргызская Республика. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 28 октября 2021г. Ст.176.- Бишкек, 2021.- №127.- С. 122. ; КР. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 3 апреля 2023 года. СТ.176.-Бишкек, 2023.- №78.- С.

6. **Похищение лица с целью вступления в брак** [Текст] //Кыргызская Республика. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 28 октября 2021г. Ст.172.- Бишкек, 2021.-№127.-С.122., КР. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 3 апреля 2023 года.СТ.172.- Бишкек, 2023.-№78.- С.

**Принуждение к вступлению в фактические брачные отношения** [Текст] //Кыргызская Республика. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 28 октября 2021г. Ст.173.- Бишкек, 2021.-№127.-С.122., КР. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 3 апреля 2023 года.СТ.173.- Бишкек, 2023.-№78.-С.

**Принуждение лица к вступлению в брак** [Текст] //Кыргызская Республика. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 28 октября 2021г. Ст.174.- Бишкек, 2021.- №127.- С. 122. ; КР. Уголовный Кодекс Кыргызской Республики от 3 апреля 2023 года. СТ.174.-Бишкек, 2023.- №78.- С.

**II. Архивдик документтер**

7.Указы Президента КР за 2008 год Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы Указ Президента Кыргызской Республики О дополнительных мерах социальной поддержки уязвимых слоев населения в условиях резкого повышения цен на продовольствие г.Бишкек Дом Правительства 04 июня 2008 года УП №151.100 с. ЦГА КР. Ф. 1682.Оп.3.Д. 1387.Л.30 Дело №01-2 том №1

8. Постановления Верховного Совета Республики Кыргызстан, относящиеся к деятельности Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы Указ Президента Республики Кыргызстан о неотложных мерах по разгосударствлению и приватизации государственного имущества в Республике Кыргызстан. г.Бишкек Дом Правительства 7 августа 1991 №УП-252 141 с. ЦГА КР. Ф. 1682.Оп.3.Д.720.Л.47-63 Дело №01-2 указы Президента РК.

9. Постановления Правительства КР с №105 от 27 марта 1992 года по №110 от 30 марта 1992 года Правительство Республики Кыргызстан О неотложных мерах по стабилизации экономики сельского хозяйства в 1992 году 353 с. ЦГА КР. Ф. 350.Оп. 14.Д.7479.Л.54-56 Дело №25-3, том 15.

10. Постановления Правительства КР Токтом постановления от 25 августа 1992 года №421 О мерах по демонополизации экономики и поддержке предпринимательства в Республике Кыргызстан 279 с. ЦГА КР. Ф. 350.Оп. 14.Д.7507.Л.41-43 Дело №25-3, том 43.

11. Правительства КР Токтом постановления от 10 июля 1992 года №319 О деятельности представительных органов предпринимателей Кыргызстана 385 с. ЦГА КР. Ф. 350.Оп. 14.Д.7500.Л.229-230 Дело №25-3, том 36.

**III. Китептер. Илимий монографиялар**

12. Абдымаликов, К. Экономика Кыргызстана (на переходном этапе) [Текст] /К.Абдымаликов. -Бишкек: [б.и.], 2007.-60 с.

13.Абдымаликов, К. Экономика Кыргызстана (на переходном этапе) [Текст] /К.Абдымаликов.- Бишкек: [б.и.], 2010.-287с.

14. Абдырахманов, Т. А. Кыргызская Республика в период демократического транзита: власть и общество [Текст] /Т.А.Абдырахманов. –Бишкек: [б.и.],2009.-215 с.

15. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко культурные связи [Текст]/ С.М. Абрамзон.– Фрунзе: [б.и.], 1990. -480 с.

